КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

Ч. АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ
ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

*«Окурмандын китеп текчеси» сериясы*

32-том

# ТҮМӨНБАЙ БАЙЗАКОВ
# МУСА ЖАНГАЗИЕВ

Академик Абдылдажан Акматалиевдин
жалпы редакциясы астында

Түзгөндөр: *Жылдыз Тургунбаева,*
*Улук Жапаракунов*

БИШКЕК
«ТУРАР» – 2018

УДК
ББК

Кыргыз Республикасында 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы (2014-ж. 2-июнь, № 119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун (2015-ж. 6-апрель, № 151-б.) негизинде жарык көрдү.

Басмага Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынды.

Редколлегия:

Акматалиев А.А.
Байгазиев С.О.
Жайнакова А.Ж.
Маразыков Т.
Мусаев С.Ж.
Садыков Т.
Токтоналиев К.Т.
Эркебаев А.Э.

«Окурмандын китеп текчеси» сериясы: 32-том. **Түмөнбай Байзаков, Муса Жангазиев.**/ Түз. *Ж. Тургунбаева, У.Жапаракунов.* – Б.: «Турар», 2018. – 578 б.

ISBN

Бул китепке Т.Байзаков менен М.Жаңгазиевдин тандалган ырлары кирди. Айрым сөздөр биринчи басылышындагыдай өзгөртүлбөй берилди. Мисалы: «ДОТ», «Махxаббат» ж.б.

Зарылдыгына жараша айрым саптар сындырылган жана ажыратылган жок.

Китеп жалпы окурмандарга арналат.

**УДК**
**ББК**

ISBN

© КР УИА, 2018
© «Турар», 2018

## ТҮМӨНБАЙ БАЙЗАКОВ

***(1923–1992)***

Акын жана котормочу Түмөнбай Байзаков 1923-жылы 23-сентябрда Сузак районундагы Барпы айылында туулган.

1941-жылы каардуу согуш башталганда Т.Байзаков да согушка жөнөтүүнү өтүнөт. 1942-жылдын башында Советтик Армиянын катарына чакырылып, десанттык бөлүктөрдө аскердик милдетин аткарат. Ленинград багытындагы салгылашууларга катышып, 1943-жылы катуу жарадар болуп, өз айылына кайтып келет да мугалимдик ишин улантат.

1955-жылдан көркөм адабият менен байланыш кызматтарында иштейт. «Ала-Тоо» журналынын жооптуу катчысы, Кыргызстан Жазуучулар союзунун башкармасынын адабий консультанты болуп, бир нече жыл Жазуучулар союзунда башталгыч партиялык уюмга катчы болуп шайланат.

1960-жылы Москвада СССР Жазуучулар союзунун секретариатынын улут адабияттары боюнча консультанты болуп 1963-жылга чейин иштейт.

1964–1968-жж. Кыргыз ССР Министрлер Советинин басма сөз боюнча мамлекеттик комитетинин бөлүм башчысы, 1968–1979-жж. «Кыргызстан» басмасында редакторлук кызматта иштейт.

Т.Байзаковдун «Тилегим» деген ыры 1946-жылы Жалал-Абад облусунун «Большевиктик жол» гезитине

биринчи жолу басылып чыккан. Ошондон баштап, ырлары, поэмалары, котормолору, очерктери, макалалары басма сөздө үзгүлтүксүз жарык көргөн.

1958-жылдан СССР Жазуучулар союзунун жана СССР Журналисттер союзунун мүчөсү.

Жоокердик иши жана адабиятта сиңирген эмгеги үчүн Т.Байзаков Улуу Ата Мекендик согуштун I даражадагы ордени, бир нече медалдар жана Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президимунун Ардак грамотасы менен сыйланган.

Басма сөздүн отличниги. Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер.

Акындын биринчи жыйнагы 1968-жылы «Паризат» деген ат менен жарык көрөт. Ушундан тартып Т.Байзаков акындык басыгын ылдамдатып, биринчи жыйнакка удаа «Биз жакта» (1969), «Кар бетине жаздым кат» (1970), «Мезгил чыйыры» (1972), «Самай-берем» (1973), «Оттуу курак» (1975) деген жыйнактарын жарыкка чыгарган.

Жогорудагы фактылык маалыматтардан көрүнүп калгандай, Т.Байзаков акын катары кечигип таанылып, адабий процесске кечигип кошулган менен андагы акындык шыктын алгачкы учкундары, белгилери мурда эле болгон. Б.а. ал капысынан эле орто жашка келгенде акын болуп чыга келген жок. Андагы акындык шык, акындык табият турмуштук жагдай-шартка ылайык кечигибирээк ачылды. Акын өзү бир ырында:

«...Ал согушка Мекен үчүн, эл үчүн,
Кеткен элем кыз сүйө элек кезимде...
Окоп менен октун даамын таткамын,
Анын баары унутулбайт эсимде,–

деп жазгандай, он сегиз жаш курагында согушка аттанганын жазган.

Түмөнбай Байзаковдун акындык шыгынын бышып жетилишине, калыптанышына эки поэтикалык мектеп өзгөчө таасир кылган. Биринчи поэтикалык мектеп –

бул Барпынын чыгармачылыгы. Поэзиянын күйөрманы Т.Байзаков өзүнүн атактуу жердеши, залкар ырчы Б.Алыкуловдун поэтикалык мурасын жыйнап, иреттеп, жарыялоо, элге жеткирүү ишине көп күч жумшап, Барпынын чыгармачылыгын изилдөө ишине олуттуу салым кийирген. Ал ушул иштерди аткарып жатып, сөзсүз, өзү үчүн поэтикалык сабак алды, тажрыйба топтоду.

Экинчи поэтикалык мектеп – бул котормочулук. Т.Байзаков өзүнүн төл чыгармаларынын алгачкы жыйнагынан мурун М. Жалилдин, М. Рыльскийдин, Х.Алимжандын ыр, поэмаларын которуп басмадан чыгарган (1956, 1962, 1966, 1968-жылдары), алгач котормо ишинде калем курчутуп, ыр жазуунун кырлары менен сырларын өздөштүргөн.

Т.Байзаков кыркынчы жылдардан алтымышынчы жылдарга чейин талантын таптоо жолунда болду.Өзү талантына таазим кылган Барпы акындын поэтикалык мурастарын жыйнады, изилдеди, сабак алды; котормо ишинде калем курчутуп, ыр жазуунун кырлары менен сырларын өздөштүрдү; «ыр жазуу бир башка, ал эми поэзия дүйнөсүн ачуу бир башка маселе» экендигин ачык туюнуп, өзүн курулай камчылап, китеп чыгарууга ашыкпады.

Т.Байзаковдун «Паризат» поэмасы окурмандар тарабынан жылуу кабыл алынган. Акындын бул чыгармага кандай жоопттуулук менен мамиле кылгандыгын поэманын акырына коюлган «1958–1968» деген датадан эле баамдасак болот. «Паризат» поэмасынын сюжети элдик ырдын негизинде курулган. «Мүнүшкөргө кошулуп / Куш саласың, Паризат/. Муктаж болгон жүрөккө,/ Туз саласың, Паризат» деген сыяктуу элдик ырдын саптары поэмада пайдаланылат.

Т.Байзаковдун «Паризат» поэмасынан башка дагы «Ленинди атам сүйлөдү» (1970), «Патрондогу каттар» (1971) жана «Доско кат» аттуу поэмалары бар.

Бул поэмалар идеялык-көркөмдүгү жагынан «Паризаттын» деңгээлине көтөрүлө албай калган. «Патрондогу каттарда» солдаттын сүйгөнүнө жөнөтүлбөй, огу атылган патрондордо сакталып кала берген каттары аркылуу согуштун кайгы-касиреттүү, кесепеттүү экени чагылдырат.

Т.Байзаковдун согуш темасына жакындыгынын табигый себеби бар. Акын «он сегиз жашты от ичинде сынап», согуштун азап тозогун өз көзү менен көрүп кайткан. Ошондуктан жүрөккө, денеге өзүнүн өчпөс тагын калтырган ал алаамат окуя жөнүндө акын айтпай да, жазбай да кое албайт эле.

**СОГУШ ЭМНЕ?**

Аты өчсүнчү ошонун!
Отсуз койду канча үйлөрдүн очогун.
Согуш деген сөздү укпасын урпактар.
Согуштун мен көрүп келгем тозогун.

**(«Согуш эмне?»)**

Акындын «Денемде жатат коргошун», «Жата берсин», «Согуш эмне?», «Он сегиз жаш», «Нөшөрдө», «Жол карайт эне» аттуу ырларын согуш темасында дурус жазылган ырлардын катарына кошууга болот.

## КЫРГЫЗ ЖЕРИ

Ала-Тоо ак калпагын кийген кезде,
Аскасы көк асманга тийген кезде –
Мен дагы жолго чыгам таңды тосо,
Кучактайм ой-кырларын нурга кошо.

Улуусуң, кыргыз жери, нурдан бүткөн,
Сулуусуң, кыргыз жери, ырдан бүткөн.

Ысын-Көл – жердин көзү, кырлар – кашы,
Адырлар – көкүрөгү, токой – чачы.
Дайралар – кан тамыры, чоку – тажы,
Седеби, топчулары – ар бир ташы...

Кең түздүү, гүл денелүү– кыргыз жери,
Күн жүздүү, берекелүү – кыргыз жери.

Жылдыздар көк бетинен өчкөн кезде,
Жарын нур жер жамалын өпкөн кезде;
Көл чалкып, тоолор койнун ачкан кезде,
Дил жаркып, таң күлкүсүн чачкан кезде –

Көркүңө көрк кошулат, кыргыз жери!
Сезилет ата мээри, эне мээри.

## «ОТТУУ КУРАК» ЖЫЙНАГЫНАН (1975-ЖЫЛ)

### ЭНЕ

Бүт адамды эне тууган, калайык,
Бакыт тилеп уулу менен кызына.
Бирок айрым безерилер чунайып
Уу чылашат  ак  сүтүнө, тузуна.

Эң биринчи эне сүтүн эмгенбиз,
Эң биринчи эне жытын билгенбиз.
Эң биринчи эне жүзүн көргөнбүз,
Эркелетсе – эрин ачып күлгөнбүз.

Ымыркайды эне мээри жылытат,
Ызгаарларга калканч кылып жүрөгүн.
Бирок айрым кемчонтойлор унутат
Эне баркын, эне эмгегин, тилегин.

Бул дүйнөгө келген кезде жаңыдан
Эң биринчи эне сөзүн укканбыз.
Бул турмушка жоомарт эне багынан
Эң биринчи канат сермеп учканбыз.

Баарыбызды жөлөп каз-каз тургузуп,
Эне үйрөткөн жашоо деген серени.
Бирок айрым терс аяктар ырк бузуп,
Ыйлатышат, сыздатышат энени.

Эне тууган баарыбызды, калың эл,
Энчибизге берип өмүр жыргалын.
Эне – тынчтык, эне – бакыт, эне – мөл!
Тартууласам – татыр бекен ырларым?..

## БАЛА

Төрөлгөндө оозуна май салат да,
Чөргөп коёт жылуулап ымыркайды.
Торолгондо талпынтып колго алат да:
«Бийик бол!» деп көрсөтөт көктөгү айды.

Өсөт бөбөк күн санап канат күүлөп,
Өрдөш өмүр багынан даам татып.
Жөпжөнөкөй сөздөрдү бузуп сүйлөп,
Жарпын жазат уккандын бала бакыт.

Эне деми балага болуп жөлөк,
Ача берет өмүрдүн эшиктерин.
Эне мээри жолуна жарык төгөт:
«Умтул алга, сапардан кечикпегин...»

## УМТУЛУУ

Умтулуу бар суулардын агымында,
Умтулуу бар булуттун көчүүсүндө.
Умтулуу бар нурлардын Жарыгында,
Умтулуу бар бактардын өсүүсүндө.

Умтулуу бар көктөмдүн гүлдөрүндө,
Умтулуу бар эмгекке аттанууда.
Умтулуу бар куштардын үндөрүндө,
Умтулуу бар ар ишти аткарууда.

Бешик боосун чечүүдө – умтулуу бар,
Биринчи сөз сүйлөөдө – умтулуу бар.
Балакатка жетүүдө – умтулуу бар,
Биринчи ирет бийлөөдө – умтулуу бар.

Тирүүлүктүн шаңында – умтулуу бар,
Төрөлүүдө – өмүрдүн башталышы.
Турмуш-жашоо багында – умтулуу бар,
Умтулуунун токтобойт ат чабышы.

## АЛА-ТОО

Ала-Тоо, ак чокуңдан кагылайын,
Арзысам – гүлүң болуп тагылайын.
Карыңды көз отуна эритейин,
Күүгүмдө шамың болуп жагылайын.

Ала-Тоо, бийигиңе сыйынайын,
Алоолуу илебиңе жылынайын.
Кутмандуу кучагыңдан айрылганча,
Кырчындай кылыч тийген кыйылайын.

Ала-Тоо, айдыңыңа чөмүлөйүн,
Асказа арча болуп өрүлөйүн.
Чаалыксаң – жүгүңдү арт, көтөрөйүн,
Чаңкасаң – жамгыр болуп төгүлөйүн.

Ала-Тоо, мактанууга көркүм сенсиң,
Ала-Тоо, түгөнбөгөн кенчим сенсиң.
Бардыгын үйрөткөнсүң бала кезден,
Бир сөздүү,бир мүнөздүү эрким сенсиң.

## ЖЕРГЕСИНДЕ АКЫНДЫН

Көк менен тоо жабышкандай,
Күн менен үн жарышкандай,
Гүл менен дил табышкандай –
Кереметтүү Токтогулдун жергеси.

Тоолуктарды толкундаткан,
Торгойлорго ыр ырдаткан,
Томсоргонго шаттык чачкан –
Токтогулдун токсон кайрык кербези.

Бүгүн мында бурулуш бар,
Бүткүл жерде курулуш бар,
Бүт кайрадан туулуш бар,
Билгиң келсе турмуштагы сыр чынын.

Жаа тартышып нурлар менен,
Жалын агып сымдар менен,
Жарышууда ырлар менен
Жаңы өмүрдүү жергесинде ырчынын.

Тамчыларын чачып айга,
Ташты өмгөктөп кайра-кайра
Тоо жаңыртып Нарын дайра
Шары менен, шаңы менен күү чертет.

Бирде жаркып канат керип,
Бирде чарпып тоону челип,
Бирде чалкып октос берип...
Улуулугун, сулуулугун эскертет.

Тумшугуна туман түнөп,
Туу чокусу булут жиреп
Турган тоолор көктү тиреп
Кучагына кыйла сырды батырат.

Курулушта күйгөн шамдар,
Күн элчиси – аппак таңдар,
Кубанычтуу күлкү-шаңдар
Жаңы өмүргө, жаңы эмгекке чакырат.

Сары кумду чайнап аккан,
Сансыз ташты айдап аккан,
Сапырылып кайнап аккан
Өктөм Нарын бөгөлүптүр калтырап.

Тулку бою нурга толгон,
Тунук ою ырга толгон,
Туш-тарабы бейиш болгон
Жаңы тоолор төрөлүптүр жаркырап.

Көк менен зоо кагышкандай,
Күү менен үн жарышкандай,
Гүл менен дил табышкандай –
Көрчү кандай Токтогулдун жергеси!

Жаштар сүйгөн шаңга кошо,
Жарык күйгөн шамга кошо,
Жаңы аткан таңга кошо
Жаңырууда Токтогулдун кербези!

## КУБАНЫЧКА БАЙЫДЫМ

Салам!
Салам!
Туулуп-өскөн айылым,
Сени көрүп кубанычка байыдым.
Жашылданып кеткен тура беш жылда
Жантак басып чаңдап жатчу жайыгың.

Суу жок эле.
Суу да жетип барыптыр.
Суусап жаткан жерди каптап агыптыр.
Алакандай күүгүм койбой арага
Аткан таңдай Ильич шамын жагыптыр.

Араладым аянттарды пахта өскөн,
Алоолонуп аптап чачат күн көктөн.
Элге кантип таазим кылбай коёсуң
Эмгек менен ушул жерди гүлдөткөн

Ар ким сүйөт, мен да сүйөм жаңыны,
Ак жолуңа тийип турат жарыгы.
Бирок мага өтө жылуу сезилет
Бул жердеги коломтонун жалыны.

Жалынына атам колун кактаган,
Жарыгына апам ийне саптаган.
Казан толо ырыскыны тартуулап,
Кышта бизди ызгарлардан сактаган...

Көксөп келдим, туулуп-өскөн айылым,
Көрөр замат кубанычка байыдым.
Каналыңды казышууга келбедим,
Кечире көр каралдыңдын айыбын?

## КӨГАРТ-САЙ

Тоолордун мөңгүсү ийип булагы ийип –
Толгонуп агып келет зоодон бийик.
Сапарын улай берет, кайра тартпай,
Жатса да көкүрөгү ташка тийип.

Серпилет сан жетпеген канаттардай,
Жаркылдайт күмүш менен жалаткандай.
Бир туруп бак бутагын сермеп өтөт
Оштонуп эрке селки бараткандай.

Бирде жай, бирде кайра кайнап агат.
Шарына сан-миң күбөк байлап агат.

Чак түштө бир ууртасаң – чаңкоо канат,
Чарчоону денеңдеги айдап агат.

Аралайт ак алтындын ыргактарын,
Уккамын косектерди ырдатканын.
Жан берет:
Жашыл бакка,
жыттуу гүлгө,
Жоготуп керимселдин кургак табын.
Ак жалдуу толкунуңа өмүр жүктөп,
Ага бер, кагылайын Көгарт-Сайым!

## БААР ДААМЫ

Быйылкы жаз – ажайып жаз гүл бурап,
Жер-энеден ийип чыкты миң булак.
Баар даамын таткыла деп нур төгүп,
Күлүңдөдү күндүн көзү жазга ынак.

Быйылкы жаз – ажайып жаз нурга бай,
Пахта эгилди катар учкан турнадай.
Бактар тегиз бал жыттанып гүлдөдү,
Кантип чыдайт канаттуулар ырдабай?!

Быйылкы жаз – ажайып жаз көктөмдүү,
Бардык жактан угулууда өктөм күү.
Бирде бийик, бирде пастап түрүлүп,
Тыным албай булут агат көчмөндүү.

Быйылкы жаз – ажайып жаз – ыр башы,
Ак эмгектин, ак ниеттин сырдашы.
Жаз жарышы өтүп кетет заматта,
Жарышка чык, жалкоолонуп турбачы!

Быйылкы жаз – ажайып жаз – жер сулуу,
Беттен өпкөн пейили кең жел сулуу.
Жан бүткөндү жаз маалы жандантып,
Тарта берет кучагына жыпжылуу.

Быйылкы жаз – ажайып жаз, бүт жаңы.
Безелгенсийт сулуулукка жер шары.
Баар даамын таттырды эле таң нуру,
Балалыкка кайткансыдыдым мен дагы.

## КҮЗ ДААМЫ

Күчөп күздүн күрөшү
Күн-түн эмгек кайнады,
Даркан күздүн даамы
Дасторкондо жайнады.
Толкундатты көргөндү
Токчулуктун майрамы.

Жерге түшүп топ этип
Жемиш бактан үзүлөт.
Жесең мында келгин деп,
Жүзүм шакта тизилет.
Шамал жүрсө сай бойлоп,
Шалы сууда жүгүнөт.

Жарык кылып талааны
Жерде жылдыз жыбырайт.
Жыкпачы деп шагымды
Желге пахта шыбырайт.
Мамык пахта жүктөгөн
Машиналар зымырайт.

Мелүүн күздө төрөлгөн
Менин ишим оң тура.
Таалай үчүн бул күздүн
Тартуулары мол тура.
Даам турат келгиле –
Дасторкондо толтура!

**БИЗДИН ААЛЫ**

Күндө окусаң ырлары күндө жаңы,
Күрдөөл күздөй мөмөлүү биздин Аалы..
Көңүлдөргө жолотпой көлөкөнү,
Кең пейилден атууда ырдын таңы.

Учкул куштай эргиген ыргактары
Укмуш ырлар жараткан биздин Аалы.
Улуу менен кичүүнүн сезимине
Уялаган ырынын учкундары.

Тоо кыркасын чарпыган толкундары
Токсон мукам ыры бар биздин Аалы.
Тунгуч ырын арнаган Октябрга
Тизилишип катарга сөз туулары.

Кошулгандай сезимге көктөм маалы,
Кутман ырдын ашыгы биздин Аалы.
Келечекке созулуп бутактары,
Келгиле деп чакырат ырдын багы.

Ыракатка бөлөгөн гүл бурагы
Ыр багынын багбаны – биздин Аалы.
Ырыскылуу замандын ыр залкарын
Ырастоодо Баатырдык Жылдыз дагы!

## ОТТУУ КУРАК

Оттуу курак – комсомолдук жылдарым,
Оттой жанып катарында тургамын.
Бир кол менен жоодон коргоп Мекенди,
Бир кол менен гиганттарды кургамын.

Оттуу курак – комсомолдук жылдарым,
Күүгө салдым күрөш, эмгек ырларын.
Муз Уюлдун түпкүрүнө жол ачтым
Маяк кылып Улуу Ленин нурларын.

Оттуу курак – комсомолдук жылдарым,
Канал казып, дайраларды бургамын.
Эмгек терин маңдайымдан шыпырып,
Көтөргөмүн жаңылыктын тууларын.

Оттуу курак – комсомолдук жылдарым,
Кармашуунун аштым татаал кырларын.
Кан жыттанган кара ниет фашисттен
Калтаарбастан, каардуу башын жулгамын.

Оттуу курак – комсомолдук жылдарым,
Данга айланттым эрме чөлдүн дыңдарын.
Адамдарга асыл кызмат кылсын деп,
Ай-ааламдын ачтым изсиз сырларын.

## КУМДА ДАЙРА ТОКТОДУ

**(Я.Пиркулиевден)**

Аргымактын оозун тартпай тоону ашып
Агат суулар тыным албай шаркырап.

Төр салкынын чөл табына алмашып,
Талаа-түздү каптай берет жаркырап.

Ал суулардан Жейхун дайра куралып,
Агып жатчу тоону, чөлдү как жарып;
Кара-Кумга канат жайды кубанып–
Көргөнсүңбү, уккансыңбы, карт тарых?

Жейхун дайра Мургаб менен кошулду,
Жаңы нукта кучакташып агууда.
Керимселдин келчү жолу тосулду,
Кумга дайра гүл мончогун тагууда.

Сапар улап, өмүрүндө келбеген
Суу куштары конуш кылды чөлдү эми.
Куу тикенден башка дагы өнбөгөн
Кара-Кумда пахта, бакча гүлдөдү.

Жаркыраган толкунунда каналдын
Жылдыз күлөт асман жерде жаткандай.
Жаратылыш жетигине адамдын –
Жейхун бүгүн Кара-Кумда аккандай.

## НАРЫН ШАМЫ

Бүлбүлдөгөн чырактын
Унут болду кереги,
Бакыт конуп элиме.
Кан тамырдай Нарындын
Жарыгы кетти таралып
Тоо көкүрөк жериме.

## ЖАЗ КЕЛГЕНДЕ – КАР КЕТЕТ

Жаз келгенде – кар кетет,
Жер жамалы жарк этет.

Жалбырак, чөптөр көгөрөт,
Жайнаган гүлдөр төрөлөт.

Булактарда муз калбайт,
Булуңдарда сыз калбайт.

Булуттар учат сүрүлүп,
Бир жак чети түрүлүп.
Түрмөгү көктө кагышат,
Тоолорго барып жабышат.

Чагылган урса камчылап,
Чыйрыгат жашы тамчылап.

Ак жамгыр болот шатырап.
Адырдын көркү ачылат.

Казала үнү көк жарат,
Карашат гүлдөр чач тарап.

Торгойдун үнү көк жарат,
Термелет гүлдөр чач тарап.

Кошулат үндөр үндөргө,
Кошулат гүлдөр гүлдөргө.

Күлүңдөйт нурлар ар кимге,
Күн менен өмүр, жан бирге.

...Жаз келгенде – кар кетет,
Жер жамалы жарк этет.

## СОГУШ

Тоо башынан күндүн нуру көрүндү,
Тегереги желеленип, кызарып.
Көк асмандан жерге шоола төгүлдү,
Көлөкөлөр мойнун созот узарып.

Окуу бүтүп, жыйынтыкты чыгарып,
Отурганбыз мугалимдер сүйлөшүп;
Онунчуну бүтүргөндөр кубанып,
Ойноп жаткан аянтчада дүрбөшүп...

Ошол кезде каалга шарт ачылды:
«Согуш!» деди карт мугалим энтигип.
Столдогу кагаздар бүт чачылды
Күтүлбөгөн ызгаар кирип, жел кирип.

Ысык күндө суук кабар тынчытпай
Чыйрыктырат. Жүрөктөрдө кайнайт кек.
Турсак дагы бардыгыбыз унчукпай,
Туш-тараптан угулгансыйт:
«Согуш!» деп...

*1941*

## ЛЕНИНГРАД

Жеңемин деп Ленин аттуу шаарды,
Жоготом деп Ленин деген наамды,
Желмогуздай оозун ачкан фашисттер
Жаадырууда окту, отту, каарды...
Тынчтык бербей түшсө бомба абадан,
Тамдар кулайт тамтык калбай калаадан.
Жоокер болуп курал алды колуна
Жоого каршы ок атууга жараган.

Окко аралаш иштеп жатат ишкана,
Опол тоодой большевиктик күч мына!
Күйгөн өрттү бир заматта өчүрүп,
Көнүп калды кайраты мол калк буга.

Жеңмек кайда Ленинград шаарды!
Жогото албайт Ленин деген наамды!
Эрдик менен жеңип бетбак душманды,
Эл кысылбай кенен татат даамды.

*1943*

## ДҮЙШӨНКУЛДАР

Кычыраган кыштын суук маалында,
Кан аккан кез Москванын жанында...
Коргоп турат жыйырма сегиз каарман
Карабастан окко, танкка, жалынга.

Тула боюн бронь менен тумчулап,
Танктар тынбай ок жаадырып умтулат,
Өжөрлөнөт, бирок алга жылалбайт,
Өтөөр жолун эрлер койгон кулпулап.

Жалтанышпай жаап жаткан октон да,
Жалтанышпай жанып жаткан оттон да,
Дүйшөнкулдар талкалоодо танктарды,
Душман өтөр кылдай да жол жок мында.

Бекем кармап гранатты колуна,
Бири чыгат келген танктын жолуна,
Каз таманы бир заматта чубалып,
Калат танктар кайрыла албай соңуна.

Отуз танкты өткөрбөстөн ойрондоп,
Өздөрү да курман болду эл коргоп.
Бул баатырдык кылымдарга сакталат,
Бүткүл жерге тынчтык, жеңиш туусу орноп.

*1944*

## ЧОЛПОНБАЙГА

Кас душмандан ар-намысты талаштың,
Каның менен атакага жол ачтың.
Башкаларга үлгү болду өрнөгүң,
Баатыр уулу жалын жүрөк Манастын.

Октор жаады. Ал октордон качпадьщ.
Окту беттеп окоптордон аттадың.
Жалын чачкан фашисттердин ДОТуна
Жалтанбастан жүрөгүңдү каптадың.

ДОТтун үнү кан буугандай басылды,
Жоокерлерге чабуул жолу ачылды!
Курман болсо кан майданда сага окшоп,
Эл унутпайт, жер унутпайт баатырды.

*1944*

## БААТЫР СЕПИЛ

Брест!
Брест!
Баатырдыктын мекени,
Сепилиңе таазим кылып келдим мен.
Денендеги согуш тагын кечээги
Бүгүн дагы жүрөк канап көрдүм мен.

Октор мүлжүп сопол болгон карагай
Каардуу күнгө каргыш айтып тургансыйт.
Урандылар – айыкпаган жарадай,
Согуш изин сезимдерге бургансыйт.

Брест!
Брест!
Баатырдыктын тиреги,
Жеңилбеген чептериңе карадым:
Каза болгон жоокерлердин тилеги
Ачып жатты эрдиктердин барагын.

Бир ууч жоокер сени коргоп окко учуп,
Өлбөстүктүн шам чырагын жагыптыр
Жүрөгүнө кызыл тууну бек кысып,
Жоо өткүсүз аска болуп калыптыр.

Брест!
Брест!
Баатырдыктын сереси!
Сенин даңкың жомоктолот түбөлүк.
Өткөн согуш, өчкөн согуш элеси
Өтүп жатты көз алдымдан түнөрүп...
Жаралуу бак балдак кылган бутагын
Азыр деле арыла элек Брестте,
Адамдарга жайып майып кучагын
Үндөп турат тынчтык үчүн күрөшкө.

## БИР БУТ МЕНЕН БАСАБЫ?

Түнү менен бурганактап
Талаа-түзгө жаады кар.
Каткырышат күрткү малтап
Короодогу жаш балдар.

Чана сүйрөп, уулумду алып
Чыктым сыртка мен дагы.
Карайт уулум назар салып
Калган изге кардагы.

Өткөн экен жалгыз адам
Өбөк кылып асаны.
Бир оокумда айтты балам:
Бир бут менен басабы?

Бат кайрылып карап ага:
– Басат,– дедим. Токтодум.
Угулгансып кетти мага
Улуганы октордун.

...Өксүү толгон арман менен
Өбөктөө бар балдакка,
Ошол согуш калган менен
Отуз жылдык арт жакта.

## СОГУШ ИЗИ

Согуш изи таанымал калкка бүтүн.
Сапырылат асманга кочкул түтүн.
Кара кийип талаалар бир заматта,
Калаа менен кыштактан калат күкүм.

Октор менен бомбадан жер жыртылат,
Ойдун-тоонун сөөлөтү чер кырчылат.
Темир тешкен калбырдай денелерден
Топуракка сорулат кан шыркырап.

Дүйүм эгин жалындап жанып калат,
Дарыялар кызарып агып калат.

Танкалардын таманы баткан сайын
Талаа-түздөр эшилип чаңып калат.

Ташкынынан согуштун кыйрайт баары,
Ташкынынан согуштун ыйлайт баары.
Тынчтык күндү тилеген өмүрлөргө
Түн түшүргөн согуштун сыйбайт каары.

Согуш изи өмүрдө, жерде, сууда,
Согуш изи көңүлдө, элде, туура;
Ар убакта санаамды санга бөлөт
Аралашып калгансып ызы-чууга.

Өткөн согуш изи бар менде дагы,
Өткөн согуш изи бар сенде дагы.
Өчүрөлү согуштун изин жерден,
Өрттөнбөсүн кайрадан пенде дагы.

## КҮНДҮ КҮБӨ ТАРТАМ

Оо, жарык Күн!
Туура түшүн:
Экөөбүз тең жашайбыз бир мезгилде.
Айырма ушул –
сен асманда,
мен жерде.
Чындыгында, бирге көрдүк апаатты
Тынчтыкты каптаткан селге,
Кыргынды чачкан элге…
Оо, жарык Күн!
Эсиңдеби согуш салган кара түн?
Ошол кезде от чагылып,
Ошол кезде ок жаңылып
Өчтү эле го кан буугандай далай үн.

Оо, жарык Күн!
Болду эле го жер күкүм...
Аралап учкан окту,
күйгөн отту
Сен жашындың катмарына булуттун,
Мен кан жутуп араң тапкам окопту.
Бирге эле го көп жоокерлер...
Аларды сен көрөсүңбү?
Же жокпу?..
Алар кайда?
Тынчтык үчүн өлүштү.
Каны менен, жаны менен
Жакындагып Жеңишти!
Тынчтык дешти,
Бирок алар көрүшкөн жок тынчтыкты.
Коргоп чекти,
Кууп кекти
Өлүштү алар кармап туруп мылтыкты!
Биз аларды билебиз да, жарык Күн!
Биз аларга күбөбүз да, тарых Күн!
Алар бизди өкүл кылып калтырган
Тирүүлүккө, тынчтык күнгө!
Ошондуктан элге мүлдө
Жеткирели алардын да үлүшүн –
Өлүп жатып тынчтык деген үмүтүн!

## ЖАТА БЕРСИН

Денемде коргошун ок дале жатат,
Дүйнөгө карай албай жүзүн катат.

Кутурган фашисттердин тилин алып,
Кадалган көөдөнүмө төштү жарып.
Аз гана жүрөгүмө жетпей калган,

Ажалдын ач тырмагы өтпөй калган.

Өтсө да отуз бир жыл андан бери,
Бүтсө да тырык болуп тийген жери.

Жатат ал чел жамынып акыректе,
Кетчүдөй мени менен акыретке…

Жакында ооруп калдым козголуп ок,
Жатамын жалын курчап – бүт денем от.

Врачтар кеңеш курду: «…баштайлы, – деп,
Бул окту тезден алып таштайлы!» – деп.

Жалындым врачтарга: «Бул окко мен…
Көп болду, көнүп калдым, койгула жөн.
Ок жаман татып калган кандын даамын,
Ок жаман татып калган жандын даамын!

Кайрадан жексурлардын тилин алып,
Кайрадан автоматка кирип барып.

Атылат кан кайда деп, жан кайда деп
Көп болду, көнүп калдым, койгула тек.

Каргыш ок кайра канга чыланбасын,
Кандуу жаш кара көздөн куланбасын;

Башканын кадалбасын жүрөгүнө,
Башканын кадалбасын тилегине;

Башканын бүтүн жерин кыйратпасын,
Балдарын, алган жарын ыйлатпасын.

Ок жаман көрүп калган адам канын,

Ок жаман көнүп калган жутуп баарын...

Бул октун көнүп калдым чырларына,
Былк этсе тепсетемин ырларыма.

Камалып жата берсин акыректе,
Кетейин алып аны акыретке!»

## ЫШКЫ АРЗУУЛАРЫ

### 1. ИЗДЕП БАРДЫМ

Сени издеп бардым чөлгө да,
Сени издеп бардым көлгө да.
Максаттын жарык шооласы–
Мен үчүн, жаным, төлгө да.
Таң менен кошо гүл тердим,
Таң менен кошо гүл бердим.
Тил катпай койдуң мостоюп –
Таасири тийди кимдердин?

Талпынат кушу тилектин,
Талпынат кушу жүрөктүн.
Таанышпы сага элеси
Тартылган көзгө сүрөттүн?

Издене берем көзүмдөн,
Издене берем сезимден.
Из калса болду дилиңде
Иликтеп жүргөн кезимден...

### 2. КҮЛҮП КОЙ

Күлүп кой – илеби órттөсүн,
Күн-түн алоосу өчпөсүн.
Күлүп кой – үмүткө уланып
Кутмандуу махаббат көктөсүн.

Күлүп кой – таң атсын жаркырап,
Кулпурсун көңүлдө гүлбурак.
Күлүп кой – угулсун абазың
Күү чертип жаткансып миң булак.

Күлүп кой – күлкүңдө жашайын,
Көкүрөк дарчасын ачайын.
Күлүп кой! Көлөкө түшүрбөй,
Күн нурун күлкүңө чачайын.

Күлүп кой! Күлкүдө ышкы бар.
Күлкүгө жаабасын кышкы кар.
Күлүп кой – чаңкоосун кандырсын,
Күлкүңө кумары ырчы бар.

## 3. ИШЕНГИН, ЖАНЫМ

Тилекте кенен, жүрөктө терең
Ар убак өзүң!
Ишенгин, жаным.
Таң нурун алып күнүгө келем
Тартылып сезим.
Ишенгин, жаным.
Таңымда менин, багымда менин
Турасың өзүң!
Ишенгин, жаным.
Толкундап дилим, дирилдеп эрин,
Тил таппайт сөзүң!
Ишенгин, жаным.

Жароокер, айтчы – тилексиз бир күн
Жашайбы адам?
Жашайт деш жалган.
Үзүлбөс үмүт урпактар үчүн
Үзүр да, жаным, бабадан калган.

Күн сайын көзгө элестеп жүзүң,
Кучакка кысам кубаныч гүлүн.
Жүрөктөн күздүн өчүрчү изин,
Жарк эте түшсүн эртеңки күнүм.

Жадымда сенсиң.
Жалында менмин.
Жолумду нурдант жылдыздай жаркып.
Сен дагы, жаным, утурлап келгин,
Сүйүүнүн таңын берейин калпып.
Жүрөктө турат, тилекте турат
Жакшылык үмүт жандырып шамын.
Ашыглык жибин коёлу улап –
Ачылсын гүлү өмүрдүн, жаным.

## 4. КҮТӨ БЕРЕМ

Жылдызсыңбы?
Нур кызсыңбы?
Карегиме кайсы күнү чагылдың?
Издеп жүрөм алоосунан жалындын.
Шооласыңбы?
Ноодасыңбы?
Умтуламын жаркыныңды сагынып.
Умсунамын элесиңе жалынып.

Үмүткө ороп сезимди,
Күтө берем өзүңдү

Күн чыккандан – күн батканча,
Түн сүрүлүп, таң атканча.

## ТҮНКҮ ЭЛЕС

Кимдир бирөө үн каткансыйт,
Сыртка чыктым көз тутуп.
Бүт айлана тим жаткансыйт
Жарашыгын түн жутуп.

Кырка тоолор типтик карап,
Көккө тирейт чокусун;
Тегерете жылдыз кадап
Безейт мөңгү топусун.
Анда-санда сүтак куштун
Үнү угулат алыстан.
Түндү жиреп жылт дейт учкун
Кыял менен жарышкан.

Жарганаттар калбай жаны
Учуп жүрөт тынбастан.
Булут ороп тик асканы
Чөгүп жатат жылбастан.

Түн койнуна жашырынган
Гүлдүн жыты буркурайт.
Чолпон чыкты бүткөк нурдан,
Көңүл андан сыр сурайт....

Күлүндөгөн таң Чолпонун
Күнүлөөдө Ай гана.
Тоолор болсо түн олпогун
Чечип жатты жай гана.

## ЖАШОО КУМАРЫ

Жер бетине келсем Күндү сагынып,
Жер бетине келсем нурду жамынып…
Жылдыздарды көк асмандан көчүрүп,
Жамандыкты жамалынан өчүрүп,
Жер жылмайды баар гүлүн тагынып.
Жаз кош колдоп тосуп алды өзүмдү,
Жылуулукка кошуп алды сезимди.

Үн угулду:
– Алоо болсун өмүрдө!
Гүл сунулду:
– Каалоо болсун көңүлдө!
Суроо бердим:
– Алоо деген эмне бул?
Жооп уктум:
– Улуулугу өмүрдүн.
Суроо бердим:
– Каалоо деген эмне бул?
Жооп уктум:
– Сулуулугу көңүлдүн.

Эркелетип эң биринчи таң атты.
Энчиме алдым күрөш деген жаракты.
Тирүүлүктүн сапарына аттандым
Тагып алып жашоо деген канатты.
Күндү көрдүм кирпиктерден баш багып,
Келечегим боло түштү жапжарык.

Өмүр бүрдүү, өмүр гүлдүү аңкыган,
Өмүр сырдуу, өмүр нурдуу жаркыган.
Кумарланып жыпарына, таңына,
Кутман күндүн кучагына тартылам.
Эмнегедир өмүр менен жүрсөм да,

Ээрчийт өлүм калбай менин артыман…

Өмүр мизин кайрап алып нурларга,
Өжөрлөнүп чыга берем кырларга.
Көз алдыман кенен дүйнө жаркырайт
Келечекти бөзөп гүлгө, ырларга.
Жакшылыкка жетелетип санаамды,
Жерге кошо чарк айланам ааламды.

Издер, издер…
Тирүүлүктүн жолу ушул.
Издер, издер…
Тирүүлүктүн соңу ушул.
Издер, издер…
Таразасы жашоонун.
Издер, издер…
Тогуз жолдун тоому ушул.
Издер менен чыксаң дагы серееге,
Из тереңин жылдар менен ченебе.
Билгиң келсе – издердин да изи бар,
Бул дүйнөдө–жашоо деген кемеде.
Өмүр изин кээде иңирге уткуруп,
Өчүп калат урагансып кемеге.
Өзгөлөргө жашоо соңун өткөрүп,
Өз койнуна тартып алат жер-эне…

Көп жашоону күтсө дагы жүрөгүм,
Көктөмдөрдө жүрсө дагы тилегим,
Көк түтүндөй көккө чыгып кетпестен,
Күн бүткөндө жер койнуна киремин.

Бирок, достор, силерге бул айтаарым,
Баар сайын тирүүлүккө кайтамын!
Биротоло жексен болуп калбаймын,
Бул дүйнөнүн куттуулугун танбаймын.

Кумарына жарык күндүн канбастан,
Курдаштарды кайгы отуна салбастан,
Жашоого мен кайрыламын нур болуп,
Жаштар үчүн жан сергиткен ыр болуп;
Ар бир таңда шоола болуп көрүнөм,
Ар бир жазда нөшөр болуп төгүлөм;
Ар бир түндө чакмак болуп чагылам,
Ар бир үйгө чырак болуп жагылам;
Ак ниеттин тилегине кошулам,
Арамзага аска болуп тосулам;
Чаңкаганды башат болуп кандырам,
Чын сүйүүнүн өчкөн отун жандырам;
Жаркыраган көңүлдөргө кубанам,
Жашап турган өмүрлөргө уланам!
Тануу жок да тирүүлүктүн кумарын…

## САПАР ЧЕКТИ КЫЯЛЫМ

Отурам көптөн бери карай көктү,
Ой менен омуроолоп түнкү чепти.
Кыдырып жылдыздардын аралыгын
Кыялым кылымдарга сапар чекти…
Асмандын кереметин көрсүн дейби–
Аалам да дөңгөлөгүн тегеретти.

Залкар тоо салабаттуу сүкүт тартат
Заңкайтып ороп алып элечекти.
Келтирем көз алдыма үмүттү ээрчип
Кең дүйнө кемесинен келечекти…
Талыкшып ой түйүнүн чече электе
Таң дагы акырындап нурун септи.

Жарыктан жашырынып бир заматта

Жылдыздар жымыңдашып батып кетти
Козголдум – короз үнү ойду бузуп –
Купуя калтырдым да айтаар кепти...

## МЕЗГИЛ – ДАЙРА

Мезгил – дайра.
Агымында – замандар,
Заман ээси – адамдар.
Мезгил – дайра.
Агымында – сүйүү бар,
Сүйүүсүндө – күйүү бар.
Мезгил – дайра.
Агымында – жарык бар,
Жарыгында – тарых бар.

## АКЫНГА

Ыргактары тоолор менен тирешкен
Ыр толкунун Пегас минип жиреткен
Абдрасул – поэзия зергери –
Ар бир сабын жүрөк канга ширеткен!
Аскаларын таңга кошо Күн өпкөн
«Алтын тоого» алтымыш жыл гүл эккен
Абдрасул – поэзия багбаны –
Ар бир ыры өнүп чыккан жүрөктөн!

## ЫРААЗЫ ЭЛЕМ

Окурмандар!
Аты-жөнүм сураба,
Оозго алар азырынча ишим жок.
Ордум менин бийикте эмес, улага,

Оргуштоого өзөк жалгаар күчүм жок.

Өтүнөрүм:
Окурмандар, кыйнаба...
Өтүүдө күн өйдө-ылдыйга карабай.
Өмүргө мен келген окшойм сый гана
өзөн суудай,
өсүмдүктөй, абадай...

Бирок мени илгери үмүт жетелейт
Бак ичине баар сайын гүлдөгөн.
Барчынды ээрчип көңүл кушу көкөлөйт
Беймаалды бөлүп дилден, дүйнөдөн.

Бакка кирип жалбыракка окшодум,
Бутактарга шуру сыяк тагылган.
Булут болуп барчын жолун тосподум –
Бийик тоого жетсин дедим сагынган.

Аба сыяк чарчаганга дем болуп,
Армандуунун өчкөн отун жандырсам;
Агын суудай арзыганга мөл болуп,
Аздыр-көптүр чаңкаганды кандырсам...
Ыраазы элем жашап жаткан өмүргө,
Ыкыласым кетпептир деп төгүнгө...

## ЖАШАГЫМ КЕЛЕТ ЫРЫМДА

Мактануу жок мунумда,
Максатым ушул, чынында:
Жашабай өмүр баянда,
Жашагым келет ырымда.

## КЫЯЛ ЧАБЫТТАРЫ

### 1

Карылык менен жашчылык
Кадимден жүрөт алмашып.
Жамандык менен жакшылык
Жанаша жүрөт жармашып.
Жакшы көрүү, жек көрүү
Жүрөктө жүрөт кармашып.

### 2

Кашаңдыктын жонуна камчы басып,
Канаты бар турмушка кошуламын.
Жүрөгүмдүн эшигин кенен ачып,
Жакшы адамдын баарына кошунамын.
Калайыктын багына жарык чачып,
Кара өзгөйдүн жолуна тосуламын.

### 3

Кыял менен көтөрүлөм бийиктеп
Көк тиреген аскалардын кырына.
Көрүнбөдү көңүлүмдөн бийик чеп,
Көшүлөмүн күндүн ысык нуруна.
Көмүскөдөн издеп, сурап, иликтеп,
Космос сыры кошулгансыйт ырыма.

### 4

Көбүк кар жаады себелеп,
Көчөнү, жолду тебелеп.
Жаңгакты чокуйт тоңкулдак
Жаткансып аны чегелеп.

Турамын дарча жанында
Түркүн ой мени желелеп…

**5**

Аткан таң – менин чырагым,
Аткан таң – менин ынагым.
Ар күнү тосуп жолунан,
Ак шооласын сыладым.
Ал дагы мага тартуулайт
Ачылган гүлдүн бурагын.

**6**

Кетким келди миң ирет,
Кечким келди миң ирет
Күйүп турган көзүңдөн,
Күлкү чачкан сөзүңдөн…
Кайра кирип түшүмө,
Кетпей койдуң сезимден.

**7**

Сүрүлүп күүгүм түндөгү,
Сүйүнүч келди күндөгү.
Жарашып таңдын нуруна
Жаштыктын багы гүлдөдү.
Ай түнөп менин чачыма,
Агартты түстү бүрдөгү…

**8**

Сансыз ойго кысылып,
Сезимдерден сызылып
Чыккан ушул ырымды

Миңдин бири колго алып.
Окуур бекен кызыгып?..
Окуур бекен кызыгып...

**9**

Жемиш гүлдөн төрөлөт,
Гүлдөр бүрдөн төрөлөт.
Бүрлөр болсо жаз сайын
Жылуу күндөн төрөлөт.

**10**

Түн бир убак. Бүт айлана караңгы.
Ай кечикти. Ай назданып бааланды.
Күлүңдөшөт көзөп күүгүм катмарын
Көп жылдыздар конуш кылган ааламды.

**11**

Жол боюна өстүрдүм чынар,
Өткөн-кеткен көрсүн деп күндө.
Саясы анын кандырсын кумар,
Чаалыгууну калтырбай мүлдө.

**12**

Гүлдүн мага кызыгы жок –
сен аны өстүрбөсөң.
Дилдин мага кызыгы жок –
назданып өптүрбөсөң.

**13**

Тилекти айта берем таңкы нурга,
Токтолбой өтүп жаткан айга, жылга...
Ыкылас тартылууда бир өзүңө
Ышкыны батыра албай төрт сап ырга.

**14**

Шүүдүрүм сансыз көзүн жалтыратып
Шыкаалайт кызгалдактын арасынан.
Шашылат шаркыратма көбүк чачып
Шаркырап аскалардын салаасынан.

**15**

Чанак калат жылдызданып –
Чубап алсаң буласын.
Чеңгел толуп, моокуң канып,
Бир кумардан чыгасың.

**16**

Жаз келди жашыл чөп жамынып,
Жаз келди кызыл гүл тагынып.
Ызгаардын ыштарын шыпырат –
Ысык да калган го сагынып...

**17**

Болбосун дүйнөдө жамандык,
Болбосун бороону согуштун.
Төрөлүп дени соо амандык,
Тынчтыктын ишине болушсун.

**18**

Талаада жалгыз баратсаң,
Торгой куш болуп сайрасам.
Тажысын күнгө тараткан
Тоо гүлү болуп жайнасаң.

**19**

Тынч албай сезим жалындап,
Толкунду жирейт кайрадан.
Күчтүүрөөк белем махаббат
Күкүктөп аккан дайрадан.

**20**

Көк тиреген мырза терек
Көл жээгинде боюн керет.
Күн ысыкта саялasaң,
Көп сырларды айтып берет.

**21**

Кырка тоонун катарлашкан кырлары
Кылымдардын өтүп кеткен жылдары.
Кыргыздарды эркиндикке ээ болгон
Кучактоодо келечектин нурлары.

**22**

Көк менен сызып баратты
Каркыра бузбай тизмегин.
Калдайтып мен да канатты,
Кыялдан сени издедим.

**23**

Баар келди кең ачылып кучагы.
Бакта аңкыды көп гүлдөрдүн жыпары.
Көрө коюп көктө айланган бүркүттү,
Көңүл чиркин үндөйт мени: «Учалы!»

**24**

Кычыроон кыш. Жаз турат жүрөгүмдө.
Кырлар, тоолор ыксырайт кар жамынып.
Көк кашка муз. Гүл жайнайт тилегимде.
Көктөм жолун кароодо тал сагынып.

**25**

Ыр сапарга чыккандыктан кечигип,
Ыр сырлары ачыла элек чечилип.
Жанымды үрөп өрүш тартып баратам,
Жатса дагы өмүр куму эшилип...

**26**

Бийигимсиң асмандай жылдыз көздүү,
Тереңимсиң мухиттей жаткан чалкып.
Асылымсың теңи жок назик сөздүү,
Аруулачы көңүлдү күндөй жаркып.

**27**

Ыр жазам деп ак кагазды каралайм,
Ыр табам деп гүлзарларды аралайм,
Ызы-чууга каршы коюп илхамды.

**28**

Тоо көтөрүп келгендей,
Тоо көкүрөк мергендей –
Тоолуктун көркүн сурасаң.

**29**

Ырыс көлү, илхам мөлү – калайык,
Ыр издеймин бир өзүңө ылайык.
Ыр кешигин, элим, менден аяба.

**30**

Баарга, бакка умтулуп,
Баратам, жаным, тумчугуп...
Боорукер болсоң – кол узат.

**31**

Менин жашым он сегизде эмес да,
Эч ким мени он сегизде дебес да...
Ырда калсын он сегиздин элеси.

**32**

Ызгаарда болуп арашан
Ышкылуу жанга жанашам,
Ырлардан жасап гүлдесте.

**33**

Нанда бар – улуулук дөөлөтү.
Таңда бар – сулуулук сөөлөтү.

**34**

Карылыктын өзүндө балалык бар,
Кара түстүн өңүндө тазалык бар.

**35**

Арамды ак деп айталбайм достор,
Анчарды бак деп кайтарбайм, достор.

**36**

Көралбас эмне десе – ошо десин,
Көңүлдүн көркүн ачат таза сезим.

**37**

Геолог окуйт кен тарыхын жердеги,
Археолог окуйт эл тарыхын жердеги.
**38**

Аарынын – ар ким билет – заары ачуу,
Аарынын – ар ким сүйөт – балы таттуу.

**39**

Айбыгуу бар, кайгыруу бар турмушта,
Айрылуу бар, кайрылуу бар турмушта.

**40**

Гүлүн сыйлап тикенин кыйбайбыз,
Күрүчүн аяп күрмөгүн жулбайбыз.

**41**

Булбулдар менен үндөшөт кыяк,
Бүт дилдер менен сүйлөшөт кыяк.

**42**

Жаштык таңын сүйбөгөн аз, сүйгөн көп,
Жалынына күйбөгөн аз, күйгөн көп.

**43**

Илебине көргөн түштүн тартылып,
Изденемин жанымда сен барсынып...

**44**

Көкүрөктүн өрттөрү
Көлгө салсам өчпөдү.

**45**
Дүйүм бакка мөмөсү бар, түсү бар,
Түн жамынып таш ыргытат ичи тар.

**46**

Боюн көрүп тон бычкан жакшы,
Коюн көрүп сом бычкан жакшы.

**47**

Жылуусу болбойт жыландын,
Жыргалы болбойт ыландын.

**48**

Ырымды окугула эстелик деп,
Ылгаса өйдөсүнөн ылдыйы көп.

**49**

Мокочонун майдасынан сактан,
Макоонун пайдасынан сактан.

**50**

Оозу менен чалгы чапкандар бар.
Ою менен дүнүйө тапкандар бар.

**51**

Сөз заары – жылан чаккандай,
Союл менен башка чапкандай.

**52**

Көрсүн деп жараткан эки көздү,
Кеп кылба күлү өчкөн эски сөздү.

**53**

Ачкан сайын кары тарых беттерин –
Аралайбыз замандардын чектерин.

**54**

Эскирген жип ыдырайт,
Такасыз ат кыбырайт.

**55**

Жүрөктөгү оттон алып,
Чырагыңды койчу жагып.

**56**

Жоопсуз сөздүн чечени көп,
Жоюлган дин дин эшени көп.

**57**

Жылдар мага жүгүн артат,
Жаштык сапар эңиш тартат...

**58**

Комуз менен комузчу бирге өлөт,
Кошуп туруп экөөн бирге көмөт.

**59**

– Сырдаш издейм жоголгондо түндөргө,
Курдаш издейм оролгондо гүлдөргө.

**60**

Тандыр билекти күйдүрөт,
Тагдыр жүрөктү күйдүрөт.

**61**

Тынчтыктын перзенти – өмүр.
Согуштун перзенти – өлүм.

**62**

Ийкемдүү сөз ийне саптайт,
Илдеттүү сөз элге батпайт.

**63**

Ыр саптары – кан тамыры жүрөктүн
Ыргактары – таң жарыгы тилектин.

## ЖАШООБУЗДА ЖАҢЫ КӨП

**(Доско кат)**

Сен кызматчы стол минип алыста,
А мен болсом калем миндим жарышка.
Жол узарып, агарса да чачыбыз,
Айта турган, уга турган ыр кыска.
Келатабыз чыйыр менен өйдө-ылдый
Бирде сергек, бирде кермек турмушта.

Турмуш жолу – дайра болуп агылуу,
Турмуш жолу – мезгил менен жаңыруу.
Турмуш жолу – араздашуу, жаңылуу,
Турмуш жолу – бирин-бири сагынуу.
Турмуш жолу – ажырашуу, таарынуу,
Турмуш жолу – өчпөс маяк жагылуу.

Эсиңдедир балалык чак – кырчын чак,
Жарышчу элек минип алып кулунчак.
«Жоо» келет деп арасына чарбактын
Чеп курчубуз тегерете чөп курчап.
Чалгынчылар кабар берсе келди деп,
Чеп ичинен чыгаар элек бүт чуркап.
Бирге окудук мектепте да – эсимде.

Клуб ичин жаңыртчубуз кечинде.
Ар кимибиз ар кайсыны айтчубуз.
Талаш-тартыш...
Кезек бербей эч кимге.
Кекээрлешип, кекенишип калчубуз,
Келише албай, жетише албай чечимге.

Биз жаңы эле бүткөн кезде мектепти–
Кара түтүн каптап көктү өрт кетти.
Жергебизди басып кирди фашисттер,
Жөнөп кеттик алабыз деп өч-кекти.
Көптү көрдүк, көп жолдоштон айрылдык,
Төрт жылдан соң жеңиш таңы жарк этти!

Мен да болдум жаралуу,
Сен да болдуң жаралуу.
Кайтып келсек катар медаль тагынып,
Канча энелер, канча жарлар каралуу...
Кыйраганды кайра кура баштадык
Күрмө кийип, көйнөк кийип жамалуу.

Эсиңдедир оор кездер ченемсиз?
Азыр дагы ойго түшсө кереңбиз.
Тирек болуп бирибизге-бирибиз,
Тиштем нанды бөлүштүрүп жегенбиз.
Өлбөй тирүү элге кайтсак туз буйруп,
Өмүр бою достошолу дегенбиз.

Андан бери көп жыл өттү арадан,
Агарыптыр менин чачым карасам...
Аздыр-көптүр элдин жүгүн артынып,
Убакыттын агымында баратам.
Ыраазы элем элим үчүн күүгүмдөн
Таңдын жолун талашууга жарасам.
Эске түшөт эчакты өткөн балалык,

Эске түшөт жарык таңдай агарып!
Кээ бир кезде кыйналамын уктабай,
Көп ойлордун курчоосуна камалып.
Бала чактан биз тандаган достукка
Билинбестен тосулабы аралык?..

Жашайбыз биз залкар иштүү заманда,
Жашоо шарты бүт түзүлгөн адамга.
Замананын шаңын улап, калышпай,
Сен да, досум, ага кошо кадамда.
Арабызга аралашып кетпесин
Арам ойлуу отоо чөптөй арамза.

Кээде, досум, солгун тартып арабыз,
Кекээр сөздүн жетегинде калабыз.
Арзыбаган ызгаарга дил калтырап,
Адамдыктын өйдө-ылдыйын табабыз...
Көкүтмөнүн көлчүгүнөн уу алып,
Күнөөсү жок көңүлдөрдү чагабыз.

Октон коркпой,
оттон коркпой жүргөнбүз.
Октон коркпой,
оттон коркпой күлгөнбүз.
Октон коркпой,
оттон коркпой майданда,
Чын достукту,
жолдоштукту сүйгөнбүз.

Ажал чачкан кара ниет согуштун
Алоосуна аянбастан киргенбиз.
Канча жолу душман колун жапырдык,
Кан жуткуруп, күлүн көккө сапырдык.
Катаал кезде кара жанды аябай,
Кармаштык биз калк сыйына татырлык.

Кантип азыр сейректеди катташуу?
Кайда кеткен майдандагы баатырдык?

...Сен кызматчы стол минип алыста,
А мен болсом калем миндим жарышка.
Эмнегедир солгундоодо аралык...
Барбы акыбыз достук жолун чанышка?
Балалык чак жүрөктөгү өчпөйт го,
Баар кетип, болсок дагы абышка.

Мен да болдум балалуу,
Сен да болдуң балалуу.
Кыял менен кыя жолдон өтсөк да,
Кылган кызмат, аткарган иш саналуу.
Көп айыңды көмүскөгө таштайлы,
Көңүлдөрдө гүлүн ачсын агаруу.

Жолубуздун күңүртүнөн агы көп.
Жолубуздун күүгүмүнөн таңы көп!
Жолтоо болгон тоскоолдорду алып сал,
Жашообузда ынтымак көп, жаңы көп!
Жазгы күндөй мээрим төгүп балалык,
Жакын болсун, жарык болсун аралык.

## «ТАНДАЛМАЛАР» ЖЫЙНАГЫНАН (1983-ЖЫЛ)

### ЖАШОО ШАРЫ

Кургум келет имарат жүрөгүмдөн,
Кургум келет имарат тилегимден.
Каалгасын жасайм дем ниетимден,
Терезесин коёмун карегимден.

Топурагын жуурамын жүрөк канга,
Кирпичтерин кургатам алаканга.
Киргиле дейм бүткөндө адамдарды,
Чайкап туруп пейилин алаканга.

### МЕЗГИЛ УЧАТ

Мезгил учат – мен да учуп баратам,
Өмүрүмдүн өрдөшүнөн карасам.
Чарк айланган татаал ойдун койнуна
Киремин да – жылчык таппай адашам.

Бара жатсам булуттарды бөктөрүп,
Бир жак чети кеткенсиди өрттөнүп.
Ошол өрттүн арасынан жыл санайм,
Ар бир жазын көз алдымдан өткөрүп...

Жаз жамгыры сабайт мени дыбырап,
Кулагыма тамчы сүйлөйт шыбырап.
Көлчүктөгөн жердин бетин карасам –
Көбүкчөлөр чатыр тигет жыбырап.

Күүгүм түшүп,
Чыккан кезде Жетиген,
Күз шамалы сылап өттү бетимен.
Кыш кабары мурутума муз байлап,
Күмүшко оройт чачтарымды четинен.

Мезгил учат – мен да учуп баратам,
Бир кайрылып сапарымды карасам.
Чыйыры көп,
Кыйыры көп өмүрдүн
Эки тизгин,
Бир чылбырын талашам.

## ЖОЛДОР

Жолдор... Жолдор –
Тирүүлүктүн издери.
Күндө жаңы чакырымдар созулат.
Үмүт менен, күйүт менен биздеги
Бирде төрдөн, бирде чөлдөн кошулат.

Бирде сыйлайт, бирде кактайт чогуна.
Турмуш сыноо, турмуш калыс элегич.
Таалайыма, өмүрүмө, жолума
Көзүм – дүрбү, аяктарым – ченегич.

Таң жарыгы биринчи изден башталып,
Тирүүлүктө тамыр сайып өнгөмүн.
Эртең менен жел бешиктен баш багып
Күндүн нурун, басар жолум көргөмүн.

Жолдор мени улам алга сүрөдү
Артта, калды балалык чак, улан чак.

Жарык чачып сулуу кыздын жүрөгү –
Кумарландым алоолорду кучактап.

Бирде тарып, бирде кеңип издерим
Мегилдерге сапарымды уладым.
Чыйыры жок чытырманды издедим
Жагып алып эки көздүн чырагын.

Өмүр жолум согушка да такалды,
Чыйырыма душман канып төктүм мен.
Мына тытып жулугумду, такамды,
Окту басып, отту басып өттүм мен.

Жолдор... Жолдор –
Тирүүлүктүн кулачы,
Жаза берет күндө жаңы барагын.
Жолдор... Жолдор –
Тирүүлүктүн мурасы
Кеткендердин улап турган кадамын.

Менин изим кайсы чекке токтосо –
Ошол жердей изин баштайт балдарым.
Урпактарым ырларымды жоктосо –
Ошол менин өлбөй тирүү калганым.

## ТООЛОР – ЭНЕМ

Тоолор – энем.
Бешигим – жашыл төрлөр.
Бешик жабуум – гүлдөгөн кең өрөөндөр.
Мен ыйласам терметет толкунуна
Тоо койнунда чалкыган айдыр көлдөр.

Тоолор – энем.
Эмгемин сүт булагын.
Таң гүлүнө эмчектеш балалыгым.
Тоолор чепейт жарыктын нуру аркылуу
Турмуш менен өмүрдүн аралыгын.

Тоолор – энем.
Сыйынган кутманым да.
Тоолор – өбөк бийикке чыкканымда.
Түшөт эске эки энем – эгиз күндөй
Тоо! деп айткан сөздү мен укканымда.

## МЕНИН ЭЛИМ – ЗАЛКАР ДАРАК

Менин элим – залкар дарак,
Мен даракка жалбырак.
Жашап жаткан жаным анда,
Жарык чачкан таңым анда.

Кокус андан кол үзүп,
Каска уурдатсам сезимди...
Жалбырактай жел үзүп
Жарга ыргытат өзүмдү.

Менин элим – залкар дарак,
Мен даракка жалбырак.
Жаным анда,
Каным анда,
Таңым анда.
Турат дарак ар убак:
Өмүрүмө нур улап,
Көңүлүмө ыр улап!

## ДАРКАН ЖЕРИМ

Амансыңбы, пахталуу даркан жерим!
Ата-бабам агызган маңдай терин.
Араласам арылат сагынычым,
Арзып келем ар жылы асыл мээриң.

Катар-катар тизилет гозо сабы,
Кучагына имерет күндүн табы.
Кымбатыңды сеземин кадам сайын,
Косектеги пахтадай дилдин агы.

Кешиктешмин өзүңө төрөлгөнү,
Кетпейт эстен чөлүңдүн көгөргөнү.
Канча көрсөм – ошончо сүйкүмдүүсүң,
Калп айталбайм, күн күбө төбөмдөгү.

Саптарыңды сагынткан араладым,
Саламдашып жаткансыйт шаналарың.
Сан бутактар салаама чырмалышып,
Сыр жашырбай айткансыйт мага баарын.

Көргөн адам көркүңдү – жазат черин,
Күтүп турат күз айы – пахта терим.
Куттуу күндө сагынып мээримиңди
Кучагыңа тартылам, даркан жерим.

## ТАРТАМ ДЕСЕҢ СҮРӨТҮН АЛА-ТООНУН

Тартам десең сүрөтүн Ала-Тоонун,
Тартам десең сүрөтүн аска-зоонун,

Боёгуңдун түстөрү аздык кылат,
Тоо боёгун элиңдин алгын сурап.

Ага кошкун жалынын өмүрүңдүн,
Сүйүүңдүн, дилиңдин, көңүлүңдүн;
Каныңды кош кыпкызыл жүрөктөгү,
Табыңды кош таң сүйгөн күнөстөгү;

Тилегиңдин ачылган гүлүн кошкун,
Токтогулдун миң кайрык күүн кошкун;

Айдың көлдөй Манастын шаңын кошкун,
Ата-журттун азаттык таңын кошкун;
Ысык-Көлдүн чалкыган мөлүн кошкун,
Ырысы чоң элиңдин демин кошкун;

Сени эмизген апаңдын сүтүн кошкун,
Сени өстүргөн атаңдын күчүн кошкун.

Дал ошондо сүрөтүн Ала-Тоонун,
Дал ошондо сүрөтүн аска-зоонун –
Окшоштуруп өзүнө тарта аласың!
Тоо мойнуна колуңду арта аласың.

## ЫСЫК-КӨЛ

### 1. КЕЧИНДЕ

Кеч киргенде күңүрт тартып түсү мөл
Кум жастанып тынчый түшөт Ысык-Көл:
Ак толкундар жээктерге чарпылбай,
Ак көбүктөр толкундарга артылбай,
Асман көгү көл койнуна тартылбай.

Түн карегин кипигине калкалап,
Тынчый түшкөн көлдү көрүп таң калат:

Күн ордуна Ай чырагы жагылып,
Көөдөнүнө толгон жылдыз тагынып,
Көл уктаптыр көк жууркаи жамынып.

Көлөкөсүн көлгө уурдаткан сур булут
Көктө калкыйт өз көөдөнүн тоого уруп:
Тынчсыз шамал туш тараптан күңгүрөйт,
Тоо дайрасы капчыгайда дүңгүрөйт,
Тоолор аны тоотпостоп үргүлөйт.

Кеч киргенде күңүрт тартып түсү мөл
Көөшүй түшөт, тыичый түшөт Ысык-Көл:
Толкун уктайт бирин бири сүрөбөй,
Тынчын алып кылаа кумун күрөбөй,
Түйшүк тартып ташты ташка бүлөбөй...

## 2. ЭРТЕҢ МЕНЕН

Ак чокулар моюндары созулуп
Алда кайдан таңды көрөт озунуп:
Тийген нурга булуттарды аралап
Тигил тоолор күмүш чачын таранат,
Таранат да, көл күзгүгө каранат.

Күн көрүнөт өоп тоонун таштарып.
Тоо таранып жаткан кезде чачтарын,
Алп уйкудан Ысык-Көл да ойгонот,
Ак жал толкун жата бербей ордолоп,
Арыстандай көл бетинде комдонот.

Көл шимирип Күндүн ууз нурларын,
Күүгө салат көңүлгө ынак ырларын:
Эртең менен ал беремин алсызга,

Эртең менен кан беремин кансызга.
Эртең менен жан беремин жансызга!

## АРСТАНБАП КӨКТӨМҮ

Көктөм келди Арстанбапка,
Көктөм келди ар бир бакка.
Күн нуруна төшүн кактайт
Көкжалама бийик аска.

Бул аскадан шаркыратма
Боюн таштайт таштан ташка.
Буйлаланып тынчып калат
Буйгоо жайга жеткен чакта.

Баар келди Арстанбапка,
Баар келди дүйүм бакка.
Бакыт ырын күүгө салды
Булбул колуп шактан шакка.

Алма гүлдөйт – аары конот,
Алча гүлдөйт – аары сорот.
Арча бүрдөйт – аңкыйт жыты,
Ар бир өрөөн бейиш болот.

Карлыгачтар канат керип,
Калайыкка салам берип
Каршы-терши уча берет –
Кубанасың муну көрүп.

Көктөм келди Арстанбапка,
Килем жаап жерге, бакка.
Кең дүйнөнүн сулуулугун
Көрөм десен, – кел бул жакка!

## КҮЙДҮ ЭЛЕ КҮН ОЧОГУ

Күйдү эле алоо чачып Күн очогу –
Канады жер эненин согончогу:
Түр төрөлдү, бүр төрөлдү, гүл төрөлдү.
Кар кетти. Күңгөй-тескей тоборсуду.
Кургады карагайдын толорсугу:
Жер көгөрдү,
бел көгөрдү,
чер көгөрдү.
Жаз келди. Күн илебин багыштады.
Башталды жаңылыктын жарыштары:
Нурга көздөй,
сырга көздөй,
ырга көздөй.
Жаз маалы – жанга таңдын баш багышы.
Жаз маалы – жашчылыктын ат чабышы:
Өрдү сезбей,
чөлдү сезбей,
желди сезбей.
Күйдү эле күлүң этип Күн очогу –
Таңшыды ырчы торгой ободогу:
Күндү мактап,
үндү мактап,
дилди мактап.
Булактар черткиледи борчук ташты.
Бурактар булбул менен кучакташты.
Таң да аппак,
шаң да аппак,
жан да аппак.

## КӨРӨСҮҢӨР АР ДАЙЫМ

Көрөсүңөр, досторум, ар күн сайын:
Куруучунун курганын чоң үйлөрдү.
Кийип алып чаң баскан боз күрмөнү;
Жарык нурга ширетип пейилиңди,
Жаңы кылат эскини, бул дүйнөнү.
Куруучуга мындайда болушкула,
Курулуштун кирпичин коюшкула –
Ушул болот эмгекти дил сүйгөнү.

Көрөсүңөр, досторум, жаз, күз, дайым:
Жерди дыйкан бапестеп сыйлаганын,
Жамандыкка, кырсыкка кыйбаганын;
Ысык күндө өз жанын кыйнаганын,
Ысырапсыз түшүмүн жыйнаганын.
Мындай кезде дыйканга болушкула,
Менменсинбей орогун орушкула –
Ошол болот эмгекти сыйлаганың.

## ТОО ТАҢЫ

Бетине окшоп баланын
Кызарып асман таң атат.
Өзгөрөт жыты абанын
Өпкөндөнурлар жамалын.

Кучактап ташын асканын
Күн баштайт жарык сапарын.
Нурларга тарап чачтарын
Көтөрөтгүлдөр баштарын.

Көрүнбөй көзгө карааны
Казала сайрайт ободо.
Ойготуп тыптынч талааны,
Ойкуштайт таңдын шамалы.

Чыйрыккан күлүк ойдолоп
Чылбырды жулкат казыктан.
Тынч жаткан чөпкө корголоп
Шүүдүрүм агат шорголоп.

Аарылар учат ызылдап,
Адырдын гүлү күтүүдө.
Оозуна тиштеп пызылдак,
Чуркашат балдар тызылдап.

Күн нурун булут жашырат,
Бирине-бири кошулуп.
Обу жок шамал шашылат,
Ой-тоонун чөбүн жапырат.

Байланган бакка тагдыры
Жалбырак тынбай дирилдейт.
Термелип көктүн калбыры,
Төбөңдөн куят жамгыры.

Заматта өткүн басылат,
Түнөргөн булут арылып.
Күн нуру кайра чачырап,
Кабагы гүлдүн ачылат...

Таңшыган таңда булбулду
Тамшанып угат калайык.
Таңга окшоп чачкан ак нурду,
Тапсам дейм мсн да жакшы ырды.

## ТАБАЛБАЙСЫҢ МЫНДАЙДЫ

Жаз маалында көктө ойносо чагылган –
Жалын каптайт булуттардын түрмөгүн.
Талаа-түздөн көктөм себин жамынган
Тергиң келет нөшөр жууган гүлдөрүн.

Аксым шамал булуттарды шыпырат,
Асман бетин жылдыздарга белендеп.
Бактар бакка, чөптөр чөпкө шыбырап,
Бата берет сыр койнуна тереңдеп.

Ай шооласы издейт оттуу жүрөктү
Арасынан түндүн, гүлдүн, баардын.
Булагынан канып ичсең мүрөктү –
Баасы жок да жаз жараткан даамдын.

...Жаз маалы – жаш баладай ак ниет,
Жамалында бардык сыры турбайбы:
Бирде бүркөө, бирде кайра күн тиет!
Башка айлардан табалбайсын, мындайды.

## КЫЗЫЛ ЖЕЛЕК

Алоолоп желбиреген Кызыл желек –
Атабыз Улуу Ленин берген белек!
Эл ичин бузгандарга каар төгүп,
Эмгекти сүйгөндөргө тынчтык себет.
Жаркырап келечекке маяк болуп,
Жеңиштен жеңиштерге алып келет.

Алоолоп желбиреген кызыл желек –
Атабыз Улуу Ленин берген белек!

Асмандан тийип турган жарык  Күндөй
Ааламга акыйкаттын нурун төгөт.
Ар дайым адилеттин436 сересиндей
Алсызга кубат берет шаңга бөлөп.

Алоолоп желбиреген кызыл желек –
Атабыз Улуу Ленин берген белек!
Элимди коммунизм жолу менен
Ээрчитип алга карай бара берет.
Бүт жерде эркиндиктин таңы атып,
Бүт жерде Ленинизм туусу жеңет.

## БИР ЭНЕ ТАПКАНДАЙ

Тагдырын тар заман тепсеген,
Таалайга умтулуп жетпеген.
Түпкүрдө түш көргөн эл элек
Теңдикти, жарыкты эңсеген.

Жатканда жазалбай канатты,
Жарк этип Октябрь таңы атты!
Жүз жылдап туюкта түнөткөн
Жабырдуу туманды таратты.

Кутмандуу улуу орус калкына
Кошулуп, таанылдык жалпыга!
Кун нуру курчаптыр изимди –
Кайрылып карасам артыма.

Бүткүл эл бир кылка – ак таңдай,
Бүткүл эл – бир дайра аккандай
Бирдиктүү, ынтымак, бактылуу –
Бардыгын бир эне тапкандай.

## КУБАНАМ

Мен кубанам күлгөн кезде наристе
Эриндери Кызыл гүлдөй ачылып.
Мен кубанам тийген кезде тескейге
Күндүн нуру күмүшкө окшоп чачылып.

Мен кубанам жаз жаркырап келгенде
Гүлгө бөлөп, түргө бөлөп жер бетин.
Мен кубанам күрдөөл күздү көргөндө
Тартуулаган токчулуктун берметин.

Мен кубанам чалкыганда Ысык-Көл
Кучактатып Ала-Тоого кылаасын.
Мен кубанам гүлдөгөндө суусуз чөл
Арбын берип ак алтындын буласын.

Мен кубанам Ленинизм таңына
Жарык кылган жашоомду, күнүмдү.
Мен кубанам Ленинизм шаңына
Бийик кылган, эркин кылган үнүмдү.

## КАРЫЗДАРМЫН ТУРМУШКА

Карыздармын турмушка:
Ар бир куттуу күн үчүн,
Ар бир жыттуу гүл үчүн.
Адилет ойго чайкалган
Ак ниеттүү дил үчүн.

Карыздармын турмушка:
Мүрөк үчүн жан берген,
Жүрөк үчүн кан берген.

Тирүүлүктүн зийнаты
Тилек үчүн таң берген.

Карыздармын турмушка:
Тарых үчүн сыр чечкен,
Жарык үчүн нур төккөн.
Иши үчүн адамдын
Мезгил менен үндөшкөн.

Карыздармын турмушка:
Ата Мекен жер үчүн,
Ак тилектүү эл үчүн.
Келечекке жол ачкан
Компартия, сен үчүн.

## ЫРЛАРЫМА

Ырларым, менин ырларым –
Ырыска шерик балларым.
Ысык-Көл чалкып турганда
Ыргагын калпып алгамын.

Ырларым, менин ырларым –
Ышкыга ынак жылдарым.
Жаныма катпай сага айттым
Жашыруун жүрөк сырларын.

Ырларым, менин ырларым –
Ырдаткан сезим кылдарын.
Жамалыңа ширеттим
Жапжарык таңдын нурларын.

Ырларым, менин ырларым –
Ыйым менен жыргалым.

Жоболоңдуу ызгаардын
Жолото көрбө чырларын.

Ырларым, менин ырларым –
Ышкындай жаштык кырдаалым.
Өчсөм да өзүм өчөйүн,
Өчпөсүн гүлдүү ыр баарым.

## БАШ БАКТЫ АК ТАҢ

Тура калып парданы ачсам –
Терезейден баш бакты ак таң.
Беттен сылап жыпар жел жүрдү
Берекелүү Ала-Тоо жактан.

Туудай болуп туптунук жалын,
Таң жаратты таттуулук шаңын.
Ак тилекти ак нурга чайкап,
Араладым сулуулук багын.

Даркан жарык төшөлдү жерге –
Дасторкондой таалайлуу элге.
Заман жүгү тартылды өргө,
Залкар эмгек чөмүлүп терге.

Тынчтык багын бет алып адам
Таңга кошо шилтеди кадам.
Көмүскөгө сүрүлүп күүгүм,
Күн нуруна балкыды аалам.

Тура калып эшикти ачсам –
Төрүмө өттү таранып ак таң.
Кереметтүү мына ушул чакты
Көрбөс элем ойгонбой жатсам...

## БАРА ЖАТАМ

Бара жатам нан жыттанган талаага:
Бардык жандын маңдай терин көрүүгө.
Бардык дандын өскөн жерин көрүүгө.

Бара жатам байлыгы мол калаага:
Билейин деп курулуштун деңгелин,
Баалайын деп жумушчунун эмгегин.

Бара жатам гүл көкүрөк төрлөргө:
Булактардын башталышын көрүүгө,
Бабалардын от жагышын көрүүгө.

Бара жатам чалкып жаткан көлдөргө
Берет го деп ден соолуктун мүрөгүн,
Биротоло айыктырып жүрөгүм.

Бара жатам жайлоолорго, жайытка,
Багайын деп бийик жерге жылкыны,
Бүтө электир кой-эчкинин кыркымы...

Бара жатам ок мүлжүгөп майыпка:
Балдак жасап карматамын колуна,
Бак тигемин баса турган жолуна.

Бара жатам кышты таштап, көктөмгө:
Бардык жерге гүл үрөнүн себүүгө,
Бакыт гүлүн адамдарга берүүгө.

## БҮРКҮТ ЧИЛДЕДЕ ЖУМУРТКАЛАЙТ

Кыш түшүп, экинчи айы башталарда,
Бүркүттөр уя салат аскаларга.
Чилдеде, чыкыроондо жумурткалайт,
Карабай көпкөк музга, аймак карга.

Аяздын ызгаарына сыналышып,
Жатат дейт жумурткалар кыналышып.
Жолотпой жолбундарды уясына
Бүркүттөр көктө айланат үн алышып.

Койсо да уясына чырпык төшөп,
(Чынында, жылуу болбойт мындай төшөк)
Табынан жумуртканын кар, муз эрип,
Аларды тегерете көк чөп өсөт.

Жанданат жаз келгенде жан-жаныбар,
Баш багат чээнинен кумурскалар,
Күн нуру, көктөм жыты таасир берип,
Чегилет чилдедеги жумурткалар.

Бүркүттөр балдарына өмүр тилеп,
Шаңшытат уясында биринчи ирет.
Канаттар кадимкидей жетилгенде
Учурат көкөлө деп көктү жиреп.

## ЧАКЫРАТ АПТАП

Кар жатат өрдү каптап, төрдү каптап,
Кар жатат черди каптап, көлдү каптап.
Тамчылар тып-тып тамат муз чоргодон,
Тоолорду жаткан менен мөңгү каптап.

Кар жатат зоону каптап, жонду каптап.
Кербендей мезгил өтөт жалду таптап.
Күрткүлөр жаткан менен тескейлерде,
Күңгөйгө күлүмсүрөп конду аптап.

Кар жатат кырды каптап, түздү каптап.
Из түшөт из үстүнө изди таптап.
Чаңкайган көктөн төгүп жылуулукту
Чакырат жазды көздөй бизди аптап.

Табыйгат жагалданып жамгыр бүркүп,
Талаанын тозоң карын жатты сүртүп.
Баардын чалгынчысы – байчечекей
Баш бакты көңдөйлөнгөн карды түртүп.

## ЖАЗ КАБАРЫ

Жатса да ар жерде кар жыртык тондой,
Калган кез арыктардын суусу тоңбой.
Баяндайт байчечекей жер жарганын,
Күңгөйдөн канат күүлөп ырчы торгой.

Жатса да ар жерде кар жыртык тондой,
Калган кез булакка муз капкак болбой.
Үймөккө бир топ сава конуп алып
Үн салат жаздын назик күүсүн толгой.

Жатса да ар жерде кар жыртык тондой,
Жармашат жаз кабары жанын койбой.
Конушун гүлгө уурдагын кыш ыйласа,
Күн нуру көзүн сүртөт зордой-зордой…

## ЖАЗ

Көзүн сүртүп муз баскан
Кар алдынан жаз турат.
Талаа ачылып бир баштан,
Таасирдүү болот күнчубак.

Тоң топчусун чыгарып,
Тонун таштайт жер бети.
Жашыл көйнөк кыналып
Жарк дей түшөт келбети.

Бүт арылып тоңголок,
Булакка, кушка үн кирет;
Тоо уйкудан ойгонот
Талыкшыбай үргүлөп.

Гүлдөрдү гүлдөр чакырат,
Гүлдөргө гүлдөр шашылат.
Күлкүсүн коштоп жаштардын
Күн тиет нуру чачырап.

Эмгекке эмгек уланат,
Эсирген кышты кубалап.
Эртелеп келсе сулуу жаз
Эл-журттун баары кубанат.

Бетиңден сылайт желаргы
Бозоюн селки сүйгөндөй.
Жеңүү кыйын муз, карды
Жаздын ырын үйрөнбөй.

**ТОО СУУСУ**

Төксө булут көз жашын
Тоо суулары чамынат.
Күмүшкө боёп тоо башын,
Талаалар килем жамынат.

Кылычын шилтейт чагылган
Илеби булут аралап.
Нөшөрдүн суусун сагынган
Көк шибер чачын таранат.

Таштарга таштар урулат,
Жаңырат ээн капчыгай!
Көбүк жал суулар жулунат
Байгеге азыр чапчудай.

Аккан суу бийик аскадан
Жылдыз такты калаага.
Таш эмес, аппак пахтадап
Тоо жаратты талаага.

Пахта тоо менен Ала-Тоо
Бирине бири жарашат.
Бийик дешип кайсы тоо?
Таңданып баары карашат.

Төксө булут көз жашын
Тоо суулары чамынат.
Талаалар кийип көк-жашыл,
Калаага шамдар жагылат.

## ДАН КӨБӨЙӨТ ЖАМГЫРДАН

Жерге булут чуудага окшоп төшөлдү,
Жамгыр жаады ойду-кырды ургулап.
Катуу шамал улам күчөп көшөрдү,
Күлдүрөктөр кулактарды тундурат.

Чагылгандар булуттарга от чачты,
Чымчык аттуу далдоолорго бекинди.
Өрүп алып тамчылардан миң камчы
Өкүм жамгыр сабай берет бетиңди.

Бүжүрөттү шамал гүлдү жапырып,
Булкуп өтөт бурулуштан тамырды.
Коктулардан кыян акты шашылып,
Көлчүк суулар көбүрткөнсүйт самынды.

Босогодон баш багышып жабыла
Балдар күтөт күн желесин көктөгү.
Бул жамгырдан дан көбөйөт дагы да,
Булут бекер берметтерин төкпөдү.

## МАКСАТЫМ

Ыр деген бийик экен кол жетпеген,
Ыр деген терең экен ой жетпеген.
Калемден шаты жасап, кагаз төшөп,
Кыялга асыламын бой жетпеген.

Түшүмдө түркүн-түркүн ыр жаратам,
Тоолордун томсортпостон сырын ачам...
Арчага аргымакты байлап коюп,
Аскада алптар менен бирге басам.

Азыр мен ырга муктаж Түмөнбаймын,
Шооласын сагынамын көктөгү Айдын.
Мезгилдин мизин басып, максатты ээрчип,
Сапардан калбайын ден канат жайдым.

...Ыр деген бийик экен кол жетпеген,
Ыр деген терең экен ой жетпеген.
Мезгилдин мизин басып, парданы ачып,
Максатка асыламын бой жетпеген...

*1945*

## КӨЛ ТОЛКУДУ

Көл толкуду.
Ыргакка ыргак учкашты.
Көмөт шары жээктеги сур ташты.
Ылгайм-ылгайм толкундардын сабынан
Ырларыма ылайыктуу уйкашты.

Көл толкуду.
Кумдан ташты иргеди.
Көбүкчөлөр күнгө көзүн ирмеди.
Толкун болсо аскаларга асылат
Тоолор менен каны-жаны биргеби?

Көл толкуду.
Сапырылып кайнады.
Кырка ташка көкүрөгүн кайрады.
Көп жондорго ак куу коно калгансыйт
Көрүп турсаң кол жараткан сайманы.

Көл толкуду.
Келаткансыйт кула аттуу.

Кең соорудан эки жакка кулап суу.
Жарга урулуп жараланган учуру
Жүрөктү эзет «Сынган бугу» сыяктуу.

Көл толкуду.
Сапар чекти кербендей.
Көмүскөдөн күн шыкаалайт мергендей.
Күү угулду алп сөөмөйү Ыбрайдын
Комуз кылын элпек, назик тергендей.

Көл толкуду.
Көк дөбөлөр аккансыйт.
Күн күркүрөп замбирегин аткансыйт.
Көл-шал түшүп, колун жаңсап Саякбай
Көтөрүлүп «Манасты» айтып жаткансыйт.

Көл толкуду.
Толкунунан сыр көрдүм.
Көңүлүмө жарык чачкан нур көрдүм.
Тереңинен, чалкуусунан, мөлүнөн
Таалай таңы ыргак болгон ыр көрдүм.

## БИЗ ЖАКТА

Мына пахта, мына эгин, кызылча,
Мына чарбак, мына сонун гүл бакча.
Окуйм десең эшиги мектептин,
Мындай  жыргал кайда десең – биз жакта

Мына байлык: көмүр, темир бир канча,
Мына тоолор койну толгон сымапка.
Иштейм десең эшиги ачык эмгектин,
Мындай бакыт кайда десең – биз жакта!

Мына бул тоо башы тийген асманга,
Ала тоо эмес, жыйнап койгон ак пахта.
Эмгек менен тоо жараткан ушундай,
Ак алтындын баатырлары биз жакта.

Мына чарба төрт түлүгү бир кылка,
Аны өстүрөт Алай, Ак-Сай, Көл, Сыртта.
Миң жаңылык тоо койнунда, кыштакта,
Жаңылыктын жарашыгы биз жакта.

Күңүртү жок күндүн нуру биз жакта,
Күүсү мукам элдин ыры биз жакта.
Издегенге таалай таңы биз жакта,
Иштегенге эмгек шаңы биз жакта!

*1947*

## АТА КОНУШКА

Тоо арасы. Таш жакалуу көк өрөөн –
Тааныш өрөөн – ата-бабам конушу.
Ойдон кетпейт, түшүмдө да көп көрөм,
Өмүр берген, илхам берген жер ушу.

Жазда бардым.
Эски үйлөрдүн бири жок.
Жаңы конуш, жаңы көчө, жаңы бак.
Балалыгым эске түштү түшкө окшоп,
Басып жүрсөм кыштак ичин аралап.

...Тигил жерде турар эле биздин там,
Терезеси кагаз менен жабылып.
Күндө үч убак таманынан чыгып чаң,
Келер эле бир эжебиз чамынып.

Чай ичкен соң ачылчу эле кабагы,
Чыр-чатактын чаңы бир аз арылып.
Кетээр эле эжекебиз жанагы
Кайра үйүнө баарыбызга жалынып...

Өрөөн бойлоп сокмок кыя жол жатчу,
Өңчөй балдар ойго түшүп барчубуз.
Бүлдүркөндү айта көрбө эң таттуу,
Бирден терип такыяга салчубуз.

Калың камыш шуудураса шамалга,
Коркуп кетип качар элек жабыла...
Эчен жолу тикен кирип таманга,
Эчен жолу күйдүк күндүн табына.

Нураа деген кыр жатчу эле көк тиреп,
Нураа бизден сыр катчу эле ар убак.
Чокуларын бөлөөр элек энчилеп,
Чоңдор бизге кайтартканда козу-улак.

Кеч киргенде шайтан чырак жагылып,
Түтүн чыкчу терезеден, морудан...
Андан бери өттү жылдар агылып,
Азыр ага кыял менен жолугам.

Таазим кылам тоолоруна, гүлүнө
Ар жыл сайын айылыма барганда.
Акылыма, кыялыма, дилиме –
Ата конуш жыты сиңип калган да,

## КЕЛИП ТУРЧУ СУУ АЛЫП

Тоолордогу мөңгүлөрдөн суу алып,
Келе жатат жоомарт булут чубалып.

Какшып турган көлгө төксүн мүрөгүн,
Чарчап турган жерге төксүн мүрөгүн,
Чаңкап турган чөлгө төксүн мүрөгүн.
Жоомарт булут келе жатат суу алып.

Аскадагы ак карлардан суу алып
Булут көчү келе жатат чубалып.
Жел шаштырып ылдамыраак басчылайт,
Жанын койбой чагылганы камчылайт,
Булут жашы жер бетине тамчылайт.
Келе жатат түрмөгүнөн суу агып.

Деңиздердин тереңинен буу алып
Кербен булут келе жатат чубалып.
Бактар күтөт жалбырагы соолуган,
Чөптөр күтөт керимселден ооруган,
Кырлар күтөт ным жок жону жооруган.
Көктө булут келе жатат суу алып.

Жоомарт булут келе жатат суу алып,
Жолун тосом тилектерден туу алып.
Жамгыр төктү – жабыр тарткан жер канды
Жамгыр эмес, жашоо үчүн нур тамды.
Жүрөгүмө жалгыз тамчы ыр тамды.
Жазып жатам ошону мен кубаньш.
Жоомарт булут келе берсин суу алып.

## МАЙ АЙЫ

Мындай кооз дүйнө болбос, чынында,
Күндүн, гүлдүн көтөрүлөт маанайы.
Өңсүз жерди таба албайсың ырымга,
Махаббаттын сүрөтүбү Май айы?

Гүлдөр күлөт жалбырактан баш багып,
Торгой таңшыйт чекит болуп асманга.
Кыздар болсо кырк түрдөнүп каш кагып,
Далай көздүн жоосун алат басканда.

Ак булуттар гигант пахта үймөктөй
Тоо үстүндо тоо жаратат жаңыдан.
Куштар ырдайт, кужулдашып сүйлөшпөй,
Күлкү  толгон кутмап айдын багынан.

Дилдер дилге, ойлор ойго ынактай
Ширетилет Май айынын деминен.
Махаббат да ийип кеткен булактай,
Тартпайт өзүн жаш куректын селинен.

Мындай сүйкүм аалам болбос, чынында!
Күтүп турат өз кезегин жай айы.
Аябагап гүлүн, дилин, нурун да
Махаббатын өзү белем Май айы!

## ДАЙРА ЖӨНҮНДӨ

Мүмкүн, дайра тереңдигин сактамак,
Кереги жок жаратылса өмүргө.
Кылаасына кычырата таш калып,
Кете бермек, ага бермек төгүнгө.

Керек экен – өмүр берип чөлдөргө,
Жандандырат өсүмдүктү соолуган.
Тоо саламын алып барып көлдөргө,
Саратанда айыктырат оорудан.

Керек экен – ичсе чаңкоо кандырат,
Как төбөдө аптап кайнап турганда.

Керек экен – кучу чырак жандырат,
Кем калышнай Күндөн түшкөн нурдан да.

Керек экен – эл, жер көрөт пайданы!
Тайыздабай арта берсин тереңи.
Кээ бирөөлөр акааратттайт дайраны
Тийбегенсип жашоосуна кереги?..

Дайым керек дайра суусу жер үчүн,
Дайым керек дайра суусу эл үчүн!

## ЭНЕ ТИЛ

Эне тилди эчен акын ырдады,
Эргип көккө ырларынын ыргагы.

Эне тилди мен да алардын соңунан,
Ырга коштум келишинче колуман.

Эне тилди энем мага үйрөткөн,
Эне тилде энем мени сүйлөткөн.

Эне тилде өз атымды билгемин,
Эне тили сырын ачты дүйнөнүн.

Эне тилим башка тилди үйрөттү,
Эне тилсиз дилим аны сүймөкпү?

Эне тилсиз – өзгө тилдин куту жок,
Эне тилсиз – өзгө тилдин жыты жок.

Эне тилсиз таанып белем жеримди?
Эне тилсиз таанып белем элимди?

Эне тилсиз укмак белем «Манасты»?
Эне тилсиз укмак белем санатты?

Эне деген улуу  болот Күндөн да!
Эне сүтү эне тилге сиңген да!

## ЖАГААР БЕКЕН?

Учкум келет турналардан калбастан,
Уч-кыйырсыз кең асмандын жолунда.
Тоолор көрсүн чокуларын кар баскан,
Туңгуюкка көтөрүлүү сонун да.

Учкум келет каркырага кошулуп,
Улам карап күндүн жарык нурларын.
Айткым келет башкалардан озунуп
Ааламдагы укмуштардын сырларын.

Акыл элес, кыял учуп баратат
Асман-Жердин аралыгын кыдырып.
Ар кайсыга салып көрсөм сарасап
Айланууда өмүр деген чыгырык.

Учкул кыял үндөн, октон, жарыктан,
Уйкуңду алат узун түнгө карабай.
Көз жеткисиз чексиздиктен талыксам,
Кайра асылат оюнкараак баладай.

Антеннасы сезимдердин эсепсиз
Айтып турат аалам сырын дирилдеп.
Келет ойлор кезек менен, кезексиз...
Кирпик какпайм кетпесин деп бириндеп.

Акын эмес, кыял учуп баратат,
Айланууда мезгил деген чыгырык.
Жагаар бекен урпактарга ушул сап?..
Жазып жатам кирпигимден сыдырып.

## ЖҮЗҮН ЖУУДУ ЖАЛБЫРАК

Күн чыкканча үшүп турган калтырап,
Күмүш нурга жүзүн жууду жалбырак.
Күбүлүүдө жер бетине шуудурум
Көз жашка окшоп жалбырактан тамчылап.

Күндү күтүп күчтөн тайган алсырап,
Күмүш нурга жүзүн жууду жалбырак.
Көйрөңдөнүп көкөлөтөн көпөлөк
Келип конду жалбыракка ал сурап.

Күн чыгышын тилеп жаткан жалдырап,
Күмүш нурга жүзүн жууду жалбырак.
Көрө коюп көпөлөктүн жоругун
Күлүп койду алтын көкүл гүл бурак.

Күндү мактап, күндү даңктап жатты ырдап
Күмүш нурга жүзүн жууган жалбырак.
Күдөр үзбөс эки ашыктын сырларын
Көрүп туруп акын дагы тапты ыргак.

## ПАХТАЧЫ КЫЗ СЫР ЧЕЧЕТ

Ак пахтанын гүлүнө окшоп
Атлас көйнөк жарашат.
Аппак жүзү жүрөк козгоп
Айдын нурун талашат.

Айды саптап кармагандай
Кетмен колдо жарк этет.
Ак алтындан көзүн албай
Пахтачы кыз сыр чечет:

«Ырысысың, алтын пахта,
Өмүрүм – сен, күнүм – сен.
Эне төрөп сага орогон,
Сен алпештеп, өстүм мен.

Кетменимди жолдош кылып
Таң атпастан келемин.
Жөөгүңө сууну буруп,
Отоо чөбүң теремин.

Эмгектенем күндөп-айлап,
Сүйүнтөсүң шаңга байлап.
Көркү чыгат бүт талаанын
Ачылганда гүлүң жайнап.

Терем сени этек-этек,
Толкун-толкуп кыялым.
Ак алтындын тоосу бул деп,
Арыстанбаптай жыямын».

*1947*

## ТОЛКУН

Көк иримдин кайноосунда
Көбүк чачып кырданат.
Күчтүү добуул айдоосунда
Күңгүрөнөт, сурданат.

Тоону беттейт атырылып,
Шары аскага чарпыла.

Көбүктөрү сапырылып,
Кайра тартат артына.
Арыстандай жалын силкип,
Тура калат күрүлдөп.
Өмгөк менен ташты түртүп,
Сынып кетет бириндеп.

Сыныктары көбүк болуп,
Кумга тигет чатырын.
Бир заматта калат соолуп
Из жашырып акырын.

Толкун келет изин жоктоп,
Келбей калуу – өлүмү.
Өжөрлөнөт, калбайт токтоп,
Толкуп туруу – өмүрү.

## АЙЫЛ ЧЕТИНДЕ

Тоого буруп жылоосун жолдун,
Таң атканда айылда болдум.

Коктулардан сыйрылды түндөр,
Короолордон угулду үндөр.
Асманга нур желесин тартты,
Айлана бүт жанданып жатты.

Тескей жактан жүрдү эле шамал,
Таазим кылды тармал чач бадал.

Көк чөптөрдөн шүүдүрүм кулап.
Казал ырдап, күү чертти булак.

Кырмызы нур кырларда балкыйт,
Кызыл канат булуттар калкыйт.
Мал өрдөдү төрлөрдү көздөй,
Мен телмирем ызгаарды сезбей.

Карай бердим, канээтим тойбойт,
Карегимде күн нуру ойнойт.

**БУЛУТ**

Бала кезде булуттарды жандуу деп,
Учаар элем улуулардан укмуш кеп.
Көчсө булут бирин-бири жетектеп,
Таңданчу элем кереметин эсептеп...

Булут тартчу жай бүткөндүн сүрөтүн:
Бирде бөксө, бирде аска тоо болуп;
Бирде сызып, бирде бузуп иретин,
Бирде удургуп, бирде кайра соо болуп

Бирде чубап кербен тарткан төө болуп,
Бирде үрпөйчүү жомоктогу дөө болуп;
Бирде каалгып жүрбөй калса жоо болуп,
Бирде туруп нурду тосчуу коо болуп.

Бирде көктү чагылганы аткылап,
Бирде ыйлактайт, бирде кайра каткырат;
Бирде азоодой ойду-кырды чапчылап,
Бирде алыска сызаар эле чапкылап...

Тартылганда көккө булут желеси,
Тизилгенде көккө булут кемеси –
Эске түшөт ошондогу элеси:
Тоосу, дөөсү, чагылганы, белеси...

## БАДАЛДЫН ЖООБУ

Жол боюнда турат бадал,
Жалбырагын ыргап шамал.
Борпоӊ чаӊдын жабышкаагы-ай,
Бозоруӊку жашыл жамал.

Токтой калып суроо бердим:
«Жол боюна не деп келдиӊ?
Түк билбеген чаӊдын жытын
Перзенти элеӊ токой-чердин.

Койнуӊду чаӊ жай кылыптыр,
Көк бутагын кайрылыптыр...
Көргөн жанды кумарлапткан
Көркүӊ сенден айрылыптыр».

Анда бадал мага карап,
Аптап менен чачын тарап,
Мындай деди: «Адамдардын
Керегине турам жарап.

Сүйүүмдү ороп гүлгө,
Соолук болом илдеттүүгө.
Саратанда эс алгалдар
Салкынымды салат күүгө.

Сая болом күн чыкканда,
Аба болом чаӊ жутканга;
Желаргыга ыр ырдагып,
Жакшы болом сыр укканга.

Калайыкка жолдон өткөн
Каалайм ак жол, каалайм көктөм.

Бир обу жок билбестиктен
Бутагымды кайрып кеткен.

Бейбаштар аз, жакшылар көп!
Жан ажарын аччулар көп.
Эмки жолу өткөнүңдө
Бак көрөсүң турган гүлдөп».

## КОНОК БОЛДУМ

Барып калсам колхозума күзүндө,
Дасторкону толо нанга, жүзүмгө.
Дыйкан абам тосуп алды кубанып,
Токчулуктун нуру ойноду жүзүндө.

Шылкыйса да ок жаңылган ныптасы
Абам менин ак эмгектин устасы.
Эрте туруп короосупа өстүргөн
Алмаларын, анделегин жыттачы!

Мөмөлөрдү айта көрбө бактагы:
Мөлтүрөөдө Кызыл, сары, аппагы.
Мелмилдеген уч-кыйырсыз талаада
Машиналар терип жүрөт пахтаны.

Эрге туруп эл-журт менен көрүштүм,
Этек байлап мен да пахта териштим.
Эмгектенет карысы да, жашы да,
Эзси ошолор колхоздогу жеңиштин.

Конок болдум – кубанычка марыдым,
Көзүм көрдү күзгү эмгектин жарыгын!
Ак пейилдүү, жоомарт колдуу абамдай
Ажарланат эки бети барынын.

...Колхозума барып калсам күзүңдү
Карк кылышты сыйга, нанга, жүзүмгө.
Көргөнүмдөн көрбөгөнүм көп экен,
Көзүм тойду көп байлыкка, жүзүмгө.

## МӨНДҮР

Көктүн бетин кара булут каптады,
Катаалдыктын көзү жерге үңүлүп
Күн күркүрөп, чартылдады чакмагы,
Калчылдады калың эгин жүгүнүп.

Төктү мөндүр – жердин бетин сабады,
Ташкын жүрдү жандуу жапдан түңүлдү.
Тыбыратса жалбыракты шамалы,
Топ-топ этип мөмө бактан күбүлдү.

Жулду мөндүр чөптүн жашыл чачтарын,
Желаргыга ар бир таңда тараткан.
Жулду мөндүр гүлдүн назик баштарын,
Жетип келип желдетке окшоп кара атчан.

Сезимге кылт келди мөндүр жааганда,
Согуш кези ок төгүлгөн абадан.
Солдаттардай ок жаңылган майданда
Сулап жатат эгин мөндүр сабаган...

Жаралуусун табып болуп дарылап
Жүрөт адам арасында эгиндин.
Жолбун мөндүр кетип жатып арылап
Жаалданып бир сөз айтты: «Жеңилдим!»

## ДЫЙКАН МЕНЕН АКЫН

Дыйкан менен жакын көрөм өзүмдү,
Ал нан табат, мен ыр табам эмгектен.
Айтаарым бул:
Алтын дебейм жезимди,
Адам эмгек – экөөбүздү тердеткен.

Дыйкан сүйөт жылуулукту, күн нурун,
Нөшөрлөгөн жаздын-жайдын жамгырын.
Мен сүйөмүн сулуулукту, гүл сырын,
Узун таштап каламымдын чылбырын

Ырларымды кагаздарга көчүрсөм,
Элестетем бороздордун саптарын.
Аны кайра кыйма-чийме өчүрсөм
Жазганыма мала басып жатканым.

Дайра бөйлөйм дыйкан атын сугарган,
Дарылыкка мүрөк издеп шарынан.
Түшүмүм – ыр, жыйнаганым – чыгармам,
Тат, окурман, акындын да нанынан.

## НАН СУНДУ

Баратсам шашылып кырманга,
Бур этти нан жыты жыпжылуу.
Сүт саап аз-аздан кырманга,
Тандырга кол сунат бир сулуу.

Албырып жамалы жалындай,
Нан сунду ысыгы өчө элек.
Көз оту жыпжылуу нанындай,
Күлүндөйт кыялды жетелеп.

«Алыңыз уялбай!» деди да,
Тандырга баш бакты ийилип.
Нанындай даамдуу кеби да,
Каштары капкара чийилип.

Табындай нан жапкан тандырдын,
Илеби аралайт сезимди.
Отуна оролом тагдырдын,
Ой менен жылоолоп сөзүмдү.

Карайм да нан жапкан колуна,
Карайм да нур чачкан жүзүнө–
Камалам кыялдын торуна,
Кайрылып түшө албай изиме.

...Баратсам шашылып кырманга,
Бур этти нан жыты жыпжылуу.
Көзүмдү бурсам да шырманга,
Көңүлдү эледи бир сулуу.

## ЧӨП ЧАБЫК

Жай мезгили. Кызыган кез чөп чабык.
Күн аябай төгүп турат аптабын.
Чөп жыгылат бирин-бири жазданып,
Катар тизип чабындыны саптарын.

Шыр-шыр этөт кайраттуунун чалгысы,
Шыпыргансып асман–жердин арасын.
Шашып карайт арт жагына чалгычы,
Териштирип чабындынын чаласын.

Көзгө кирет ачуу терлер куюлуп.
Кийим дагы сыгып алма суу болот.

Аба дымык, кеткенсийсиң думугуп,
Адырларды койгон белем бууга ороп.

Пычан төшөп чөп алачык ичине
Дем алышат чалгынчылар чак түштө.
Чаалыгуулар таркаганда кичине,
Чарчоо билбей чыгат баары кайра ишке.

Ушул чөптөн сүт, эжигей, айраның,
Ушул чөптөн май, эт толот үйүңө;
Ушул чөптүн сыгып алып каймагын
Дасторконду кең жаябыз күнүгө.

## НАН – ЫРЫСКЫ

Нан – ырыскы. Ыйык тутат эл аны.
Ак эмгектен, маңдай терден табылат.
Алтын данга тойсо дыйкан кырманы –
Аппак нандар арбын-арбын жабылат.
Нан тапкан кол сулуу да,
Нан тапкан кол улуу да!

Нан көп болсо – күлүп турат токчулук,
Күн жыттанат, гүл жыттанат чартарап.
Нан жок болсо – сайран курат жокчулук,
Канча адамзат карып болот жер карап.
Дан өстүргөн жер сулуу,
Дан өстүргөн эл улуу!

Нан – ырыскы. Тирүүлүктүн азыгы.
Кырылуудан далай жанды сактаган.
Айткылачы, анын барбы жазыгы?
Наадандар бар нанды жерге таштаган.
Нан – өмүрдүн сөөлөтү,

Нан – өмүрдүн дөөлөтү.
Нан – ырыскы. Нандан улуу эмне бар?
Дан эмес да– бардык эле өскөн чөп.
Ачка калып, тиштем нанга болуп зар:
«Нан!» деп ыйлап көз нурлары өчкөн көп...
Адамга – нан ырыскы,
Ардактайлы ырысты!

## ТЕГИМ ҮЧҮН КУБАНАМ

Мен өзүмдүн тегим үчүн кубанам –
Дыйкан экен пахта өстүргөн, нан тапкан.
Мен өзүмдүн тегим үчүн кубанам –
Камкор экен кой кайтарган, мал баккан.

Мен өзүмдүн тегим үчүн кубанам –
Бут өмүрүн жакшылыкка арнаган.
Мен өзүмдүн тегим үчүн кубанам
Октябрда кызыд тууну кармаган.

Мен өзүмдүн тегим үчүн кубанам
Талкалаган басмачыны, кулакты.
Мен өзүмдүн тегим үчүн кубанам
Жакындаткан көз жетпеген ыраакты.

Мен өзүмдүн тегим үчүн кубанам
Эмгек менен күндө жаңы жараткан.
Мен өзүмдүн тегим үчүн кубанам
Коммунизм сересине бараткан.

Мен өзүмдүн тегим үчүн кубанам
Улууланып бара жатат заманы.
Мен өзүмдүн тегим үчүн кубанам
Болгондуктан Кыргызстан адамы.

## АТА МЭЭРИ

Таңга маал. Ата кайтты түнкү иштен.
Үй ичине каалгадан баш бакты.
Тыптынч баары. Колун албай илгичтен,
Карап койду бир кайрылып тоо жакты.

Кирди акырын. Үйдүн жапты эшигин
Таттуу уйкунун таттуулугун бузбастан.
Көрө коюп тентегинин бешигин,
Туруп калды бир орунда жылбастан.

Бала уйкусун бузбайын деп, чебердеп
Чечти өтүгүн, улагага таштады.
Карады да эки жагын элеңдеп,
Төрдү көздөй жылып баса баштады.

Бала уйкуда, ата акырын эңилди.
Жарык болуп кеткенсиди караңгы.
Ата мээри перзентине төгүлдү –
Безегендей бүт кубаныч ааламды.

Түшүнгөидөй атасынын тилегин,
Чукуранды – бала жыты бурады.
Толкун каптап турса дагы жүрөгүн,
Ата шашпай маңдайынан сылады.

Бала уйкусун бузбайын деп, чебердеп
Жоолук менен жаап койду бешикти.
Таттуу ойго бата берди тереңдеп,
Уйку келбейт. Уйку бүгүн кечикти!

## УУЛУМА

Жүрөгүмдө сакталган сыр элең сен,
Жарык берген үмүткө нур элең сен;
Жатсам-турсам шыгыма медер болуп,
Жазыла элек ойдогу ыр элең сен.

Жаз башында жарк этип төрөлдүң сен,
Жарык дүйнө койнуна болөндүң сен.
Жүрөгүмө нур төгүп кубанычың –
Жазгы бактай бүр байлап көгөрдүм мен.

Күлчү, уулум, атаңа күлкүң кайрат,
Көңүлүмө таратсын гүлдөр жайнап.
Кубат алып күлкүңөн өмүрүмө
Көкөлөйүн асманга канат байлап.

## КӨЛ ЭТЮДУ

Толкунга бир аз чайпалып,
Талпынат куудай жел кайык.
Телмирип карайт көк асман
Тумансыз төшүн кең жайып.

Желаргы менен ырдашып,
Жээктер менен сырдашып,
Жаркылдайт толкун канаты
Жамалын көлдүн күнгө ачып.

Бийиктен чачып жалынды
Бат эле нурлар чагылды.
Буулуккан шамал шуулдап
Баратат сүрөп агымды.

Толкунду толкун камчылап,
Түрмөккө түрмөк жанчылат.
Тынымсыз чапчыйт асканы
Таштарда өчү барчылап.

Айнектей быт-чыт сынбастан,
Атылат толкун тынбастан.
Алкымын көлгө өптүрүп,
Ала-Тоо уктайт жылбастан.

Толкунга бир аз чайпалып,
Толкунга бир аз чайканып,
Толгонуп карайт ак куулар
Тоо жакты мойну кайкайып.

## ТОО МЕНЕН КӨЛ

Кабагына катып мөңгү
Көккө Ала-Тоо керилет;
Көргөн сайын Ысык-Көлдү
Көөшүй түшөт мемиреп;
Көөдөнүнө кысып төрдү,
Кадам шилтейт берилеп...

Тескейине гүлдөр өнүп.
Тоо жүрөгү чымырайт;
Тунук көлдөн өзүн көрүп,
Тоо дайрасы зымырайт;
Толкундарга салам берип,
Тоо сөздөрүн шыбырайт.

Сөзүн бүтпөй көлгө сиңет
Сапырылган ак көбүк.
Салаа, салаа кумду шилеп,

Салмактуусун чөгөрүп...
Сагынчын нурларга илет,
Сан толкунду өңөрүп.

Тыным албайт көл да мүлдө,
Тоо ашыгын сагынып.
Тосо берет жолун күндө
Толкун мончок тагынып.
Чырак сурайт айсыз түндө
Чагылганга жалынып.

## КӨРҮНӨТ ДАЙЫМ ЖАШ БОЛУП

Көзгө окшоп турат Ысык-Көл,
Керме тоо ага каш болуп.
Көк асман сыяк түсү мол,
Көрүнөт дайым жаш болуп.

Жанына барсаң шыбырап,
Жалооруп карайт көзүңдү.
Көбүктөр көчүп жыбырал,
Көп ойго салат сезимди.

Ак толкун төшөп Ысык-Көл,
Алп колун артат мойнуңа.
Ичиркентет муздак жел,
Имерип алат койнуна.

Алдейлейт сени толкуну
Ак куудай жайып канатын.
Алыска жетип шоокуму
Айткансыйт сырдуу санатын.

...Көзгө окшоп турат Ысык-Көл,
Кырка тоо ага каш болуп.

Көк ирим – күзгү, түсү мөл
Көрүнөт дайым жаш болуп.

## СУУГА ТААЗИМ

Жай мезгили. Булутсуз көктүн бети.
Тоого тийин тургансыйт бир жак чети.

Тоо суулары шашылат капчыгайга,
Кошулганда бардыгы – болот дайра.

Кылаасында турамын тиктеп шарын
Кыялыма кошомун ыргактарын.

Тоо дайрасы атымды сураган жок,
Тоо желиндей чачымды сылаган жок.

Көбүктөнүп күрпүлдөп агып жатты,
Көңүлүмө күбөгүн тагып жатты.

Аскаларды бул дайра жарып келет,
Арча жытын аруулап алып келет.

Мөңгүлөрдүн мөлүнөн эрип келет,
Мээр чөптүн дарысын терип келет.

Ушул дары, ушул жыт, ушул мүрөк –
Ушул суудa ар дайым бирге жүрөт.

Ошондуктан тилеймин:
– Соолуба! – деп,–
Ооруюн мен, бирок сен ооруба! – деп.

## ЧЕКСИЗДИК

Уйкусуз түн койнуна кирип алып,
Убакыт тээктерин илип алып,
Кыялдын жалбырагын сыдырдым мен.
Асмандын аралыгын тилип алып,
Акылдын аргымагын минип алып,
Ааламдын чексиздигин кыдырдым мен.

Арт жакта Ай да калды, Күн да калды,
Ар түркүн аңкып турган гүл да калды,
Аралап кирип кеттим жым-жырт түндү.
Чолпонду чырак сыяк алып колго
Жеткенде уч-кыйырсыз «Кербен жолго»
Кулагым укпай калды Жердеги үндү...

Чексиздик чекитине сызык чийдим,
Чексиздик мийзамдарыи бузуп ийдим.
Баштады кыял, чындык табышмагы.
Жер менен Галактика ортосунда,
Жүрөктүн, жүргөн кандын толтосунда
Тартылды чексиздиктин жарыштары.

## УНИВЕРСИТЕТ

Университет! Университет!
Көп жыл мурда каалгаңды жапкамын.
Кайра кирип, кайра дептер ачпадым.
Бирок дайым жүрөгүмдө турасың –
Ким унутсун студенттик жаш чагын!
...Бирде сенин бийигиңе умтулуп,
Бирде сенин шарың менен аккамын.
Бирде «эки» алып, бирде «бешти» жастанып,

Таттууну да, ачууну да таткамын…
Андан бери көп жыл өттү арадан.
Арманым бул:
Бүткөн иш аз, арттамын.
Бирок менин үмүтүм чоң эртеңден,
Иштээр иштин көбүн жаңы баштадым.

Университет! Университет!
Отчет берем.
Калпы бардыр – тактагын.
Жакшыларын жарыялап,
Жамандарын катпагын.
Кээде мөлтүр, кээде шөмтүр ыр жазам –
Ушул болду сенден кийин тапканым.
Сының болсо, чырың болсо – ачыгын айт,
Эсепке албай; Мурут агын, чач карын…

## ТАҢ АГАРДЫ

Таң агарды ак куу канат жайгансып.
Жердин жүзүн,
жердин түсүн
күмүш менен чайгансып.
Таң агарды.
Өөп жатты кырларды.
Жаркылдашып, чаркка тартып,
бүлөйт тоого нурларды.
Таң агарды.
Тоолор сүрдүү бел чечпей.
Чексиз талаа –
Дөңдөр ага
көкүрөктө эмчектей.
Таңдын нуру, кирди менин үйүмө,
кирди сенин үйүңө.

Кошулду ыры
махаббаттын гүлүнө,
миң-сан куштун үнүнө.

## АК КАГАЗЫМ ДАСТОРКОН

Ак кагаз – ачып койгон дасторконум,
Арзыса, аруу сөздөр, бол коногум.

Кааласаң – калем минип аралагын,
Кагаздын жолдорунун араларын...

Кагазым– уч-кыйырсыз талааларым,
Кагазым – тулку жылдыз калааларым.

Уланат бир четине космос жолу,
Учсаң да ушул жолдун болбос соңу.

Сээп кет ар сабына алтын эгин,
Сезейин даамынан жердин демин.

Жер жаңы, жашоо жаңы – баары жаңы.
Жолуңду курчап турат таалай багы.

Ак кагаз – ачып койгон дасторконум,
Аруу сөз, акын күтөт – бол коногум.

## ТООДОГУ БИР ЭЛЕС

Таң агарды түн пардасы сыйрылып,
Тоолор дагы алп уйкудан ойгонду.
Козу-улактар муздак желге чыйрыгып,
Корголошот коктудагы коргонду.

Эки кулун сүйлөшкөнсүп жай гана
Бири-бири кашылашат мойнунан.
Бир заматта жарк дей түштү айлана–
Тоо учурду көккө күндү койнунан.

Жерге, суугa, нурга, ырга жан кирди!
Боз үйлөрдөн коюу түтүн булады.
Борс-борс этип короолордо ит үрдү,
Ийип кетти тоонун тунук булагы.

## ЖАЙЛООДОГУ БИР ЭЛЕС

Жай келди. Көчтүк жайлоого.
Кучагын ачты жашыл төр.
Булкунат күлүк байлоодо
Айткансып: «Мени коё бер!»

Ойготот мелүүн күн нуру
Ойдогу чакан айылды.
Тагынып кыздар гүл шуру
Туурашат шыңга кайыңды.

Маңкайып басат жаш келин
Машина менен уй саап.
Максатың билип бир сенин,
Мактасам деймин ыр таап.

Жайдак тай минип чапкылап
Чаң салып жүрөт жаш балдар.
Кымыздуу үйдө каткырат
Кызымтал болгон карт чалдар.

Жаш чабан ырдайт «Мөлмөлдү»,
Калаалык кызды сагынып.

Ырдашып жүрүп көнгөнбү –
Ыргагын улайт жаңырык.

...Жай келди. Көчтүк жайлоого
Жол берди бизге миң белес.
Дасторкон төрлөр жайноодо,
Жазганым – андан бир алыс.

## БУЛАК СУУСУ

Булак суусу оюн салса кулундай
Ташты чайкайт тамчылары чачырап.
Ар бир шары булбул куштун ырындай
Илхам берип тоо койнуна чакырат.
Кээде абазы тынчый түшүп угулбай,
Ынтызардын сагынычын ашырат.
Куса болуп барса көзгө урунбай
Гүл алкактуу көлгө изин жашырат.
Аскалардан атын чыккан булак суу
Арсак ташка боюн таштайт чочулап.
Ай нуруна чагылышса сымап суу
Ак лентадай ар коктуда созулат.
Тоо койнунан чыккан кезде ынак суу
Булут калат ак чуудасын бош улап.
Өз үйүрүн танкап кулун сыяктуу
Чуркап барып чоң Нарынга кошулат.

## КӨТӨРӨЙҮН МАЙЫШПАЙ

Таңга кошо төрөлүп,
Көрдүм күндүн нурларын.
Алгансыды өңөрүп
Ала-Тоонун кырларын.

Төргө кошо туулуп,
Ачтым өмүр эшигин
Тунук нурга жуунун,
Таттым толук кешигин.

Таңга кошо жол тарттым
Эл сабынан калышпай.
Оор жүктү мага артсын –
Көтөрөйүн майышпай.

## КҮЗ ЭТЮДУ

Күз келди күлүп үйүмө,
Көрүштүм колун бек кысып анын.
Толтура берди күнүгө
Төрүмө менин токчулук данын.

Күрдөөлдүү күзгө баа жетпейт:
Көп ишке жоомарт, жемишке жоомарт.
Керемет сырын баары эстейт,
Келбейт ал сага бергенин доолайт.

Күз келди – көңүл арашан,
Көп жүрдүк бакта жаштыкты ырдап.
Күзгүгө келип карасам,
Кетиптир чачты агартып сырдап...

## ИЗ КАЛСЫН

Серепчилеп сапарымды карасам,
Сарамжалдуу сары мурут күз турат.
Сүйүү толкуйт... Бирок өмүр таразам
Салт ушул деп салкын гана түс бурат.

Жазылыптыр да бир өмүр барагы:
Жай мезгили жашоодон кетти деп.
Кырчын чактан алыстатып араны,
Конушуңа күрдөөлдүү күз жетти деп.

Келгин куштар ысык жакка кетүүдө,
Кеталбайм мен тууган жерден алыска.
Кыш кабары көч арканын чечүүдө,
Көңүл жазын кошсом дагы жарышка.

Кар жүктөгөн кыш мезгили – карылык
Коломтонун жылуусуна умтулган.
Көз алдыма көктөм келет жаңырып,
Күлүк минип карды чанчып булкунган.

Үмүтүмө махаббаттуу гүл тагам,
Үйгө кирбей кыш гана эмес, күз калсын.
Тилекти ээрчип жазды көздөй жол салам,
Тизилишип кар бетинде из калсын.

## КАР ТҮШӨТ

Ак кар түшөт парашюттай калдайып,
Ызгаар тили жалайт менин жүзүмдү.
Жүрүү кайда жайдагыдай жагжайып,
Улам басат улам түшкөн изимди.

Бараткансыйт көчө дагы тар болуп,
Бараткансыйт үйлөр дагы пас тартып.
Кар күрткүсү тирелүүдө жар болуп,
Күн жылуусун алгансыды кыскартып.

Бардык жерде өкүм сүрөт кар гана,
Бардык  жерде кар тозоңуп сапырат.

Ак олокчон аскар тоолор жай гана
Аязды улам конок бол деп чакырат.

Терезеден тынбай ызгаар ышкырып,
Кирүү үчүн жылуу үйгө чамынат.
Бактардагы жалбыракты бүт жулуп,
Бутактарга муз сыргалар тагылат.

Ак кар түшөт парашюттай калдайып,
Ызгаар шамал тызылдатат жүзүмдү.
Жүрбөсөм да жайдагыдай жагжайып,
Кар бетине кынай бердим изимди.

## ЖАКШЫЛЫКТЫН ЖЫЛЫ БОЛ

Кош, эски жыл, өмүрлөрго гүл таккан,
Кош, эски жыл, көңүлдөргө от жаккан.
Жаштыгымды күзгө алмашып кетипсиң,
Жаңы жылдын дарчасынан баш баксам.
Кош, эски жыл, жакшылыктын жарчысы,
Кош, эски жыл, жашчылыктын камчысы.
Кош, эски жыл, бир өзүңдөн башталган
Жаңы жылдын, жаңы өмүрдүн тамчысы.

Кел, жаңы жыл, күттүк сени сагынып,
Кел, жаңы жыл, тынчтык гүлүн тагынып.
Кел, жаңы жыл, арбын болсун жаңылык,
Кел, жаңы жыл, кетсин дүйнө жаңырып!
Кел, жаңы жыл, молчулуктун жылы бол,
Кел, жаңы жыл, жашчылыктын ыры бол.
Кел, жаңы жыл, кербенибиз мезгилдин,
Келечектин сереси бол, нуру бол.

## ЖЕР ДЕМИ

Кайсы жакта, кайсы жерде жүрсөм да,
Сезип турам жылуу демин жергемин.
Кыйналсам да, кайгырсам да, күлсөм да –
Туулган жерге тагдырымды бергемин.

Кыш мезгили. Сурадым мен бактардан:
– Тоңдуңарбы бороон-чапкын ызгаарда?
– Тоңмок белек тон кийсек да ак кардан,
Табы күчтүү мээримдүү жер барда.

Кыш кычырайт. Сурадым мен булактан:
– Жашырыптыр көзүңдү муз терезе,
Үнүң чыкпайт жазда, жайда шар аккан?
– Тоңгонум жок – ийип турат жер-эне!

Сурадым мен канаттуулар конгондо:
– Тоңдуңарбы учуп жүрүп көкөлөп?
– Жер демине жылынабыз тоңгондо
– Өскөнбүз да жер алдейлеп, жер бөлөп.

Согушта мен жүргөн кезде ок жаан,
Кайратыма кайрат кошкон жер деми.
Эс алганда ара-чоро бир саат
Эркелетчү төшүн ачып жер мени.

Бороондо да, ызгаарда да – ар убак,
Болсо дагы кара чачым ак бубак
– Жылындырат эне болуп кучактап
Жердин деми! Ошол демде күч-кубат.

## КЫШТАГЫ БИР ЭЛЕС

Кыш түштү. Уюлгуйт бурганак.
Кар менен кара жер жабылды.
Дарактын чачтарын жулмалап
Туш-туштан ызгаар жел чамынды.

Кыш түштү. Уюлгуйт бурганак.
Жылаңач кайыңдар ыргалат,
Кар тынбайт, кар сырдайт, кар ырдайт.
Термелип чырпыктар көз ымдайт.

Каптады жер бетин тоңголок.
Көк дагы көшөрүп сурданат,
Көл тоңгон толкубай ойдолоп.
Кыш түштү. Уюлгуйт бурганак.

Жер топтун муз менен чегелейт.
Жаш балдар тебишип жылгаяк
Жаалдуу кышыңды кенебейт.
Кыш түштү. Уюлгуйт бурганак.

Учурат чөптөрдүн үймөгүн.
Бир жигит саатка көз кадап,
Короондо күтүүдө сүйгөнүн.
Кыш түштү. Уюлгуйт бурганак.

Ак карга бүт талаа көмүлдү.
Ызгаарлар ышкырып чыр салат
Жеңалбай ышкылуу көңүлдү,
Жеңалбай бактылуу өмүрдү!

## КАР СЕБЕЛЕЙТ

Кар себелейт.
Кырды, түздү тебелейт.
Кырчоолорго катып калат каш болуп.

Кыпындары жылчыктарды чегелейт,
Булак ыйлайт карегине жаш толуп.
Кар лапылдайт,
Жааганынан басылбайт –
Казан толуп байы жаткан сүткө окшоп.
Сур булуттан күндүн көзү ачылбайт,
Суулар төңүп музга айланат боржоктоп.

Кар тынбады.
Айлананы сырдады.
Аскаларга аппак олпок кийгизди.
Терезегс сүрөт тартып ызгаары
Теңдеши жок уз экенин билгизди.

Кар күчөдү –
Калыңдады төшөгү.
Балдар ойнойт үйлөп коюп колдорун.
Көркү сонун көк адырлар кечээги
Чөгүн жатат ак чом басып жондорун.

Кар себелейт.
Камдуу аны кенебейт.
«Калап жакса – кар да күйөт», чынында.
Кээ бирөөлөр кышты карган, жемелейт
Кар төрт жасап бир келсе да жылында...

## ӨТҮНҮҮ

Тоо чымчыгы, келиптирсиң калаага,
Түнөй албай кар ызгыган талаага.
Үйүмө кир, коногум бол кыш бою,
Үшүптүрсүң үтүрөйүп, садага.

Жаз келгенче кыштап чыккын биз менен,
Жылуу-жумшак уя жасап беремин.
Кектем келет сен да, мен да издеген,
Көкүлүнө тагып алып белегин.

Ага чейин өкүм сүрөт бурганак,
Ай-талаага кар тозоңун сапырып;
Карагайдын тармал чачын жулмалап,
Кычыраган кыш ураанын чакырып.

Ар бир күнү жем чачамын үч убак,
Ар бир күнү суу беремин жаңылап.
Турба мында, тоо чымчыгы, чочулап,
Тилегениң биздин үйдөн табылат.

Керек болсо – тоо чөбүнүн даны бар,
Күздө жыйгам, кем-кетиктин баары бар.
Кетирендеп жей бересиң, жаныбар,
Көөнүңдү ачат – тоо гүлүнүн даамы бар.

Тоо чымчыгы, келген биздин калаага,
Түнөй албай бурганактуу талаага,
Жатыркабай үйүмө кир, өтүнөм,
Жазга чейин коногум бол, садага.

## КЫЯЛ ЭТЮДУ

Булутсуз турчу беле кыш асманы,
Бороондойт өкүмүнө бак жүгүнүп.
Тилегин тептек аяз муздатканбы,
Телмирет терезеге кыз үңүлүп…

Изи бар көздөрүндө сагынуунун,
Ирмесе кирпигинен жаш кылгырат.
Эшигин табалбастан жаңылуунун
Эринип улам тиштейт, жыйрылат каш.

Борошо кыз сезимин каптаганбы?
Бозорот эмнеликтен наары беттин?
Ашыгы арзыганын айтпаганбы –
Ачкычы табылбастан айтар кептин?..

Булутсуз турчу беле кыш асманы,
Бороондун буйругуна бак жүгүнөт.
Түгөнбөй тизмектелип ой дастаны,
Телмирип терезеге кыз үңүлөт…

## КЫШ КЕЛСЕ ДА

Кыш келсе да ызгаар чачып,
Көңүлүмдө жаз турат.
Көпөлөктөр кетти качып,
Кел бери дейт гүлбурак.
Карды шилеп эшик ачып
Көктөм мага кол сунат.

Кыш келсе да кар жамынып,
Карегимде жаз күлөт.
Кырчын кезим гүл тагынып

Кыял менен бир жүрөт.
Келечегим бүт жаңырып,
Каккансыды миң жүрөк.

Кыш келсе да муз жастанып,
Көз алдымда баарым.
Кабыл албайт дил от жагып,
Катаал кыштын заарын.
Көк булуттан күн баш багып
Көзөйт аяз каарын.

Кыш келсе да бороон минип,
Камын көрүп чилденин:
Кайрат менен карды тилин,
Кызыл гүлгө биргемин.
Кыял менен бакка кирип
Күтөм булбул үндөрүн...

## КЫШ ЭТЮДУ

Кар жаады аппак мамыктай.
Калаа да, тоо да оронду тонго.
Булактын суусу агып жай
Булдурайт тили арандан-зорго.

Жылаңач бактар дирилдейт
Жалаган сайын ызгаардын тили.
Тоолордун жиги билинбейт,
Тургансып катар пилдердин тили.

Асманда бийик айланат
Ак кептер тынбай канатын сермеп.
Адырдын бетин саймалап
Ак карды жирейт лыжачы тердеп.

## КӨКТӨМ ЖЫШААНАСЫ

Келерде көктөм маалы ак кар эрип,
Тамчылар мөлт-мөлт агат көз жашка окшоп.
Күн дагы көк асмандан салам берип,
Жаткансыйт жаратылыш күүсүн коштоп.

Шылдырап агып жаткан булак суусу
Жыртууда муз парданы бырын-чырын.
Турса да кар чүмкөнүп тоонун туусу,
Чымчыктар жар салууда көктөм ырын.

Бактардын бүчүрлөрү үрпкө окшогон
Бат эле жалбыракка айланат да.
Бикбийик чокуларга мойнун созгон
Булуттар жоолук болуп байланат да.

Кептерлер кеңешүүдө кобурашып
Чатырдын кыркасына конуп алып.
Күңгөйлөр тоборсууда улам шашып,
Эриген кардын суусун соруп алып.

Күн нуру, эртең менен парданы ачсам,
Күлүңдөп терезeмден шыкаалады.
Жылуулук барыбызды ыксыраткан
Көктөмдүн кабарчысы, жышаанасы.

## ЖАЗ ЭТЮДУ

Булуттар көктө калкыган
Бир кезде тоону каптады.
Жаңырык чыгып, артынан
Жарк эте түштү чакмагы.
Чуудадай булут чулгады

Чокуну, кырды жашырып.
Күймөнүп кепке турбады,
Кеч тартты түзгө шашылып.

Берметтей жамгыр төгүлдү,
Береке бүтүп эгинге.
Мүрөккө талаа чөмүлдү
Мукурап туран кезинде.

Жамгырдын тилеп өмүрүн
Жамалын жууду гүл дагы.
Жыйды эле булут өңүрүн,
Жылмайды көктөн күн дагы.

## ТОО КЕЧИ

Күн батты. Жылдыз жайнады.
Күрпүлдөйт суулар сайдагы.
Күүгүмдү жарып угулат
Күчүктүн үнү кайдагы.

Бийик тоолор сырттагы
Бирине бири ыктады.
Булуттар аны жазданып
Былк этпей тыптынч уктады.

Ай калкыйт жерге нур төгүп,
Аз гана чети бүктөлүп.
Асманга жетип тургансыйт
Адырга тоолор жүктөлүп.

Жамынат нурду арча да,
Жамынат нурду аска да.
Жыпарын гүлдүн аябайт,
Жайлоонун кечи башка да!

## КӨЛДӨ

Көзүмдү ачтым. Таң шооласын чачыптыр.
Уйкумду уурдап түн тымызын качыптыр.

Түндү ээрчип туман дагы көчүптүр.
Көк асмандын көп чырагы өчүптүр.

Шашып турдум. Күн күлкүсү угулду.
Чалкып жаткан көлдун түсү кубулду.

Түсүн сүйүп, көл кылаасын бойлодум,
Толкунуна таш ыргытып ойнодум.

Кылаага ашык тамчылары чачырап
Кумга түшкөн издеримди жашырат.

Күмүш көбүк көл бетинде жыбырап
Кеңеш айтат толкундарга шыбырап.

Шыбырынан угуп алып сырларын,
Толкунунан жулуп алып ыргагын

Көлдүн өзүн көңүл эргип ырдадым,
Калем кылып күндүн өткүр нурларын.

## ЖАМГЫРДАГЫ СҮРӨТ

Көктө булут удургуду
Кокус жылкы үрккөндөй.
Көзүн катты күндүн нуру
Күңүрт боёк сүрткөндөй.

Бийик тоолор бир заматта
Булут калкан тагынды.
Чагылгандар аска ташка
Чачып жатты жалынды.

Жалынга ороп бермет төктү
Жаткан төргө үргүлөп.
Канаттуулар житип кетти
Карс-курс этсе күлдүрөк.

Өжөр шамал гүлдү чөптү
Өйдө-төмөн калчады;
Өмгөк менен жөөлөп өттү
Өрдөштөгү арчаны...

Катуу нөшөр тып басылды
Карап турсам чыйрыгып.
Күндүн көзү кайра ачылды
Калың булут сыйрылып.

Жер көгөрүп жамгыр менен,
Жаз күлүндөйт – карасам.
Жентек сунду жаңы ыр менен,
Жашыл чачып тарасам.

## ЖАДЫМА ТҮШТҮ

Жадыма түштү жаш чагым,
Жадырап көктөм келгенде.
Жалама зоосун асканын
Жалтанбай эчен баскамын.
Тергемин тоонун гүлдөрүн,
Таң менен кошо ойгонуп.

Торгойлор безеп үндөрүн,
Толкунду жиреп жүргөмүн.

Булактан мүрөк жуткамын
Булуттар менен талашып.
Баардын жыттап жыттарын,
Баардын ырын уккамын.

Өзөндүн суусун кечкемин
Өйүздүк кыздар чакырса.
Өтүгүм шашып чечкемин
Өңүтүн издеп кечкенин.

...Жадыма түштү жаш чагым,
Жаңырып көктөм келгенде.
Жылдыздуу жаштык асманын
Жалдырап тиктей баштадым...

## ТҮНКҮ БИР ОЙ

Күүгүмгө батты чар тарап,
Күүлөнүп учту жарганат.
Карандыз оту жалындайт
Казандын боорун жалмалап.

Коктуда суулар көбүрүп
Жаткансыйт тоодон төгүлүп.
Кыпындар учат жылдызга
Жылт этип оттон бөлүнүп.

Короодо балдар ышкырат,
Коктуда жылкы бышкырат.
Боорсок беттүү бир жигит.
Бой көтөрүп тыңсынат.

Ыксырайм – отто жылуу бар,
Ышкымды уурдайт сулуулар.
Учканымды көрүп жылдыздын
Умсунуп коёт улуулар...

Очоктон албай көзүмдү,
Ойлойнуп ойноо кезимди.
Отура бердим тунжурап,
Отторго байлап сезимди.

## ӨЖӨРЛҮКТҮН ЖЕҢГЕНИ

Оору, мени атектебе,
Багынтам деп эркимди.
Сөөгүнө жетет дебе
Сомдоп карман керкинди.

Оору, мага көп асылба,
Эмгек деген дарым бар.
Чайнап ием дарт ташын да,
Элим барда – багым бар.

Көбү түшөт нур наалышка
Сыркоо жүгөн салганда.
Келбе, жаштык, кол кабышка,
Чакырбаймын жардамга.

Эгер келсен жазда келбе,
Жаңы жылда жолобо.
Иштеп жатсам батыл терге,
Күтүп тургун короодо.

Арызданбайм кыйналдым деп.
Асыл максат барында.

Эритемин, кайратым бек,
Тоонун тонгон карын да.

Оорудан мен өйдө турсам –
Өжөрлүктүн жеңгени.
Өмүр жолун ырдан курсам –
Өнөрүмдүн кербени.

## ТӨРТ ЖҮРӨК

Жесирге жесил үйлөндү,
Кайрадан төшөк жаңырып...
Бирине бири үйрөндү –
Ынтымак изи табылып.

Бир жастыкта эки баш
Бирине бири кыналган.
Чыпылдап агат неге жаш
Чыгалбай ойлор тумандан?

Жалгыздан жашоо бүтсө да,
Жабыгат дилдер өрт болуп.
Эки баш турмуш күтсө да,
Өмүрлөр агат төрт болуп.

Жүрөккө жүрөк тийсе да,
Жүлүндө өткөн күн жатат.
Жаңыны жан деп сүйсө да,
Жубайдан калган гүл жатат.

Сүйлөшөт жылуу сөздөрдү,
Сыр чечпей ичте муз жатат.
Баш кошсо дагы өздөрү,
Баштагы тагдыр сыздатат.

Сыйлатса дагы бир бирин,
Сыртынан сүттөй агарып;
Сүйүүнү соруп көк ирим,
Созулат ички аралык.

Жакындашса кош тилек,
Жабышкансыйт төрт тилек.
Кошулушса кош жүрөк,
Кага баштайт төрт жүрөк.

...Жесирге жесил үйлөндү,
Жууркан, төшөк жаңырды.
Жастыкка экөө үйрөндү,
Бирок...
Жубайын дилдер сагынды...

## ЖҮРӨКТҮ ЭМНЕ ООРУТАТ?

Жүрөк ооруп врачтарга кайрылдым,
Тектеришти: «Сактангын!» ден айтышты.
Ойго баттым, улутундум, кайгырдым.
Сезип турам ысык-суук, жай-кышты...

Бирок жүрөк тыным албай ирмемге
Иштетүүдө эсеби жок тамырды.
Мындай түйшүк болбогондур бир менде,
Тартат көбү буга окшогон жабырды...

Кантип жүрөк, кантип жүрөк сезбесин
Теңсиздикти өкүм сүргөн дүйнөдө!
Кан соргучтар күнөсү жок пендесин
Атып жатса, каман жатса түрмөгө.

Жер шарынын көп жеринде жокчулук
Жутуп жатат карыларды, балдарды.
Эзүүчүлөр элеп алган токчулук
Элге жетпей, маркытууда байларды.

Мунун баары зыркыратып сезимди.
Оорутат да эт жүрөктү жаралам.
Мунун баары эки кылып эсиңди.
Кан аркылуу бүт денеңе таралат...

Толкундатат, кубандырат жүрөктү –
Жер кишиси көктө журсө айланып!
Акыл күчү чынга айлантып тилекти
Жетим жатса жылдыздарга, тан калам.

Жүрөктү ышкы оту менен күйдүрөт,
Тынчтык бербей ссзимдерди ойготуп.
Кээде сени жайдак атка миндирет,
Көз жаш менем кайты колун бойлотуп

Кантии  жүрөк оорубасын мындайда
Түшүп жатса кубанууга, кыйноого.
Буга болбой, чарчоо билбей кылдай да
Көкүрөкто күнү-түнү туйлоодо.

Келет экен бут дүйнөнүн агымы
Жүрөк деген станцияга топтолуп.
Күйө берсин күчтүү жүрөк жалыны
Калганчакты кан сапары токтолуп!

## КӨКТӨМ ЖЫТЫ

Көктөм жагат барына –
Кызга, уланга, карыга.

Кыш түшкөндө сагынам
Көктөм жыты дары да.

Күз турса да жашымда,
Кыш турса да жашымда.
Көктөм жыты кетпеген
Көңүл чиркин асыл да!

Көктөм көркү – гүл бурак,
Көктөм көркү – мөл булак.
Кучагына бой таштап,
Куттуктаймын ыр курап.

Көктөм жагат барына,
Күтөм мен да зарыга.
Көңүл карып эритет
Көктөм жыты дары да!

## ЧЫЙЫР САЛЫП КЕЛЕМИН

Калем менен чыйыр салып келемин
Ак кагаздын из түшө элек бетине.
Кече элекмин ойдун али тереңин,
Чыга элекмин бир барактын четине.

Бирде салкын, бирде алтын ой келет
Бирде кышка, бирде жазга жетелеп.
Тагдыр кээде таалайлууга бой ченеп
Өтүп кетет өрүшүмдөн чекелеп.

Көшөрөмүн каршылыкты тоотпой,
Күү угулат күдөрүмө жооптой.
Кагазымды калканч кылып соттой,
Кайра баштайм көңүлүмдү жоотпой.

Көк бетине ыр жазамын бир тизим
Басып туруп чагылгандын курч мизин.
Булуттардын арасынан чоң үзүм
Жулуп алып жууп кирем жер жүзүн.

Жердин жүзү ачып койгон дептерим,
Таза болсун, аруу болсун барагы.
Күдөр үзбөй сөз үрөнү сепкеним,
Өссө экен деп ырдын да бир дарагы.

**КАЙРА КЕЛЕМ ЫР ӨСТҮРҮП**

Он эки жыл билгенимди бүт үрөп,
Иштедим мен бул басманын жумушун.
Менин деле терс аяктык жагым көп,
Бирок, мында эсепке алды дурусун.
Жаштыгымдын соңун бердим басмага.
Жалынымдын чогун бердим басмага.

Кыйла автордун кушбак болсо көңүлү,
Кээ биринин булут басты асманын.
Жерден алын желге бүркту жөнүмдү
Жаратпастан таштаган соң жазганын.
Көздөрүмдүн курчун бердим басмага.
Сөздөрүмдүн мурчун бердим басмага.

Көп убакта көңүл ачып күлүштүм,
Коллективге ширелишип кошулуп.
Кээде-кээде кежирленип сүрүштүм,
Келише албай кептин жолу тосулуп.
Өмүрүмдүн өрүн бердим басмага,
Өрүшүмдүн төрүн бердим басмага.

Бүгүн, достор, сүйлөдүңөр: «Эс ал!» деп,
Бир сөзүм бар, ага көңүл бургула:

Калсам дагы кашаң тартып бечелдеп.
Кадимкидей азилдешип тургула.
Далай белди артта дагы өмүрү:
Дайым жапжаш акындардын көңүлү.

## ЭЛ ТИЛЕГИ ОРУНДАЙТ

«Жер жүзүнө кара түндү каптайм» деп,
«Эл башына ажал отун таштайм» деп,
«Эркин алып, эки көзүн жаштайм» деп,
«Европага жаңы тартип баштайм» деп,
Согуш ачты фашисттер,
Согуш ачты фашисттер.
Бирок жоого багынуучу бизде жок,
Башын катып жалынуучу бизде жок.
Биздин жооп: Чабуулга – чабуул, отко – от!
Биздин жооп: Өлүмгө – өлүм, окко – ок!
Кыйрап жатат фашисттер.
Кыйрап жатат фашисттер.
«Кыйратам!» деп канкор фашист дорулдайт,
Кайраттуу эл кас душмандан корунбайт.
Эл ырысы эсиргенге сорулбайт,
Эл тилеги жер бетинде орундайт.
Жеңип жатат биздин эл!
Жеңип жатат биздин эл!

*1942*

## ЖООКЕР ЫРЫ

Күн сайын кирем жалынга,
Кош гранат жанымда.
«Курдашым кандай алда?» деп,
Кур бекер ойго малынба.

Чекчейтип кандуу көздөрүн,
Чагылгап... дешип өздөрүн
Чек бузуп кирген фашисттер
Чукууда азыр өз көрүп.

Автомат азыр сүйгөнүм,
Ажалдын ичи жүргөнүм.
Акактай тунук антыңдан
Адашып калып жүрбөгүн.

Жол бербей фашист айбанта
Жүрөмүп күн-түн майданда.
Жоопту сен да бере жүр
Жолуңа, оюда торун жайганга.

*1942*

**КАТ**

Бир жаш жигит бара жатып согушка,
(Сүйүү деген арубакта тунук да)
Кызыл вагон эшигинен кол булгап
Айткан эле: – Мени, жаным, унутпа.

Үч айдан соң кат жазыптыр мындай деп:
(Жазылбаптыр жүрөк эмес артык кеп)
«Ок аралап, от аралап жүрсөм да,
Көз алдымда сен турасың элестеп.

Чын махаббат бузулбаса сендеги,
Бир сен деп согот жүрөк мендеги.
Жеңиш менен барып калам бир күнү,
Кармабаса кокус ажал чеңгели.

## ЖЕР МЭЭРИМИ

Кучактап жерди жыгылды солдат,
Толгонот араң жараатын карман.
Төгүлөт октор, көрүнөт оттор,
Адамды тооруйт шум ажал арбап.
Кыйрады терек, ыйлады каның
Өмүрдү кескен согушту каргап.

Мээримдүү бул жер солдатты катты,
Ажалдын жолун бөгөдү, жапты.
Бороондуу күндө кучагын жайын
Боорукер эне бооруна тартты.
Эмчегин жердин эки кол менен
Жаралуу солдат издешип жатты.

## КЕЗЕДИМ АЙГА КОЛУМДУ

Командир мени чакырып:
«Чалгынга барып кел» – деди.
«Жарайт!» – дедим бутту шак уруп,
Көрсөттү четки бөлмөнү.

Тапшырма алдым, жөнөдүм,
Ааламды көздөй түн каптайт.
Каалабайм түндөн бөлөгүн,
Түн чалгында сыр сактайт.

Бир кезде булут сүрүлүп,
Чыга калды Ай жаркып
Жер бетин тиктейт үңүлүп
Көк деңизде жай калкып.

Демейде дилим сүйгөн Ай,
Көрүндү азыр душмандай.
Баш каттым жардын түбүнө
Табылбай айда эч кандай.

Кезедим Айга колумду:
«Тоспогун менин жолумду.
Көрсөткүң барбы душманга
Жашырган түнгө боюмду?»

Кайрадан булут чогулду,
Кайрадан булут коюлду.
Ай дагы жүзүн жашырды
Түшүндү белем оюмду.

*1943*

## БИЗ ТУРГАН ЖЕРДИ АТКЫЛА

Байланышчы тыңшай калды
Морзеге эми тил кирди.
Калканч кылган четки тамды
Үч чалгынчы билдирди:

«Жылчык койбой чыгуу үчүн
Душман бизди ороодо.
Тоскоолдорду бузуп бүтүн
Танктар толду короого.

Алло!.. Алоо.. кечикпестен
Координатты тапкыла.
Ок жаадырып замбиректен
Биз турган жерди аткыла!»

Байланышчы токтой калды.
Чалгынчылар билдирди.
Ошол замат мээлеп тамды
Замбирекке тил кирди.

*1943*

## ЖАМГЫР

Күз айы. Жамгыр. Кечки убак.
Чогулдук окоп четине.
Суналын жатат жаш солдат,
Жабылып шинель бетине.
Куюлат жамгыр тынбастап,
Күрөктөп мүрзө казабыз.
Айрылып калдык курдаштан,
Үйүнө не ден жазабыз?

Жалбырак төшөп денесин
Жашырдык кайың түбүнө,
Сактаар деп анын элесин
Шактары жерге жүгүнө.

Кайыңга жаздык өз атын,
Туулган, өлгөн датасын...
Токтотпойт жамгыр көз жашын,
Билеби адам капасын?

*1943*

## КЕЛИНДИН ЫРЫ

Сагынамын – жетпеймин.
Санаалаш ойдон кетпенсиң,
Сазайып таштай катырып
Сен анда
Сан душманды беттейсиң.

Көргүм келет – жетпеймин,
Көңүлдөш ойдон кетпейсиң.
Көтөрүп туусун элиңдин
Күрөштө
Көп душманды беттейсиң.

Эстетет сенин кумарың,
Элеттик жигит ынагым.
Эл коргоп кеттиң алыска,
Эскерип
Эсендик жайың сурадым.
Кат менен үнсүз сүйлөдүм,
Кайраттан тайба сүйгөнүм.
Касташкан душман жеңилип,
Кайрадан
Кызыгын көрсөк дүйнөнүн.

Жиберем салам, сүйгөнүм,
Жар күтөт – кайгы үйбөгүн.
Жеңиш менен сен келип,
Жан биргем,
Жыргалын көрсөк дүйнөнүн.

*1944*

## ЧОЛПОНБАЙГА

Кас душмандан ар-намысты талаштың,
Каның менен атакага жол ачтың.
Башкаларга үлгү болду өрнөгүң,
Баатыр уулу жалын жүрөк Манастын
Октор жаады. Ал октордон качпадың.
Окту беттеп окоптордон аттадың.
Жалын чачкан фашисттердин ДОТуна

Жалтанбастан жүрөгүңдү каптадың.
ДОТтун үнү кан буугандай басылды,
Жоокерлерге чабуул жолу ачылды!
Курман болсо кан майданда сага окшоп,
Эл унутпайт, жер унутпайт баатырды.

*1944*

## ЖЕҢИШ

Жеңиш! Жеңиш!
Жер дүңгүрөп чыгат үн.
Жеңиш Жеңиш!
Төрт жыл бою күткөн күн.
Акыйкаттын туусу шаңга бөлөнүп,
Фашизмдин ичер суусу бүткөн күн.
Жеңиш! Жеңиш!
Эл кубанды ыйлаган.
Жер кубанды шаарлары кыйраган.
Жеңиш туусун тиккен кезде Берлинге,
Күн да көктөп мээрим төгүп сыйлаган.

Жеңиш! Жеңиш!
Мылтык үнү тынган жок.
Бирок үйлөр октон урап сынган жок.
Танктар дагы бир ордунан жылган жок,
Күндөгүдөй күйгөн өрт жок, курман жок.

Мылтык үнү – салюту эле жоокердин.
Мылтык үнү – салюту эле жеңгендин.
Мылтык үнү – тынчтык күнгө чакырган
Көптөн берки тилеги эле элдердин.
Жеңиш! Жеңиш!
Соңку чеги майдандын.

Жеңиш! Жеңиш!
Башталышы майрамдын.
Жеңиш күнү мылтык менен коштошуп,
Төрт жыл күткөн калемимди кайра алдым.

## ДЕНЕМДЕ ЖАТАТ КОРГОШУН

Мезгил жууйт сели менен
Кандуу согуш издерин.
Бирок согуш
Коштошсо да көбү менен,
Коштошо элек мени менен.

Таптым тынчтык конушту.
Эл да, жер да тынчыды.
Бирок, достор,
Түш көрсөм мен: Ок учту –
Эске салып согушту!
Кетпейт окшойт эстен деги...
Көңүлүмдө өлгөндөр.
Тегизделип жаткан жери –
Тек жер болуп калды эми.
Көп жыл өттү андан бери...

Жатышса да жерде-сызда,
Жүрөктөрдөн гүл өнөт.
Улан үзүп сунат кызга,
Учуп ышкы жылдызга.
Ушул өзү – тирүүлүк да!
Багынбастан өлүмгө,
Өтүп жаткан өмүргө!

...Мезгил жууйт сели менен
Кандуу согуш издерин.
Бирок согуш

Коштошсо да көбү менен,
Коштошо элек мени менен.
Денемде жатат коргошун,
Дилимде өлгөп жолдошум.

## СОГУШ ЭМНЕ?

Согуш эмне?
Тынчтык күндөн айрылуу.
Жерди, элди каптап кирет кайгыруу.
Жолугушат өмүр, өлүм бетме-бет,
Жеңиши жок болбойт артка кайрылуу.

Согуш эмне?
Шаарлардын кыйрашы,
Кары-жаштын кан аралаш көз жашы.
Кутман кездин, өмүрлөрдүн – душманы,
Кыргындардын, өлүмдөрдүн – сырдашы.
Согуш эмне?
Жер жамалын өрт алуу,
Апааттардын чеңгелине кармалуу.
Мындай кезде башты жерге салдырбай.
Мымдай кезде алга умтултат ардануу.

Согуш эмне
Таалай-бакты сел каптоо.
Кан тамандуу өтүк менен жер таптоо.
Мындай кезде жанды аябай кармашып,
Мындай кезде ыйык милдет – эл сактоо.

Согуш эмне?
Аты өчсүнчү ошонун!
Отсуз койду канча үйлөрдүн очогун.
Согуш деген сөздү укпасын урпактар,
Согуштун мен көрүп келгем тозогун.

**СОКМОК ЖОЛ**

Бала кезде сокмок жолдо баскамын –
Булак менен кошун турчу айылды.
Айта көрбө арсак-терсек таштардын,
Эчен ирет тилдиргемин пайымды.
Ал жол менен мал да басчу, эл басчу.
Балдар болсо чуркашчу эле топурап.
Жамгыр жааса кыян акчу, сел акчу,
Жуурулуучу камыр болун топурак.

Ошол жолдо жолуктургам бир кызды,
Суу көтөрүп келатылгыр булактан.
Чаңкай түштө тапкансыдым жылдызды,
Ал-жай сурап сөз баштадым ыраактан.
Суудан жуттум учкай кармап чакасын,
Оозум сууга, көзүм кызга умтулат.
Топчусу жок чыт көйнөктүн жакасын
Жаппаса дейм колу менен кымтылап...
Кирпигине кирпигимден байланып,
Кош айтышып кеталбастан турамын.

Көз жашка окшоп карегинде айланып,
Кайра-кайра суу берчи деп сурадым.
Суу ордуна сүйүү жуттум бир кашык,
Ал сүйүүнүн алоосуна жанамын.
Жүргүм келди өмүр бою суу ташып
Көрүү үчүн күндө кыздын жамалын.
Тагдыр – дайра. Чартарапка агызат.
Көп узабай техникумга жөнөдүм.
Кадимкидей каттай албайм – жол узак,
Кыял менен кыз жамалын өбөмүн.
Окуу бүтпөй согуш өртү каптады,
Чакырылдым жоокерлердин сабына.

Ок тыткылап канча кандар аккады...
Ошол кызды ойлоп жүрдүм сагына.
Согуш бүттү. Катар медаль тагынып
Кайра келсем – жалгыз сокмок жол турат.
Кыз кыялы карегиме чагылып,
Көңүлүмө көп ойлорду толтурат.

...Бала кезде калгандыктан дил сүйүп,
Булак үнүн бүгүн дагы угамын.
Улгайсам да убакытка баш ийип,
Унуталбайм ошол кыздын кумарын.

## ЭЛЕСИНЕ СЫЙЫНАМ

Согуш – сыноо. Эрдигиңди текшерет.
Ар ким эле окко тосоойт көөдөнүн.
Өлүм дагы эрте келет, кеч келет,
Ылгабастан аттууларын, жөөлөрүн...
Чолнонбайдай ДОТтун оозун кучактап,
Бир солдаттын ок тосконун көргөмүн.

Бетти жууп көздүн жашы буурчактап.
Бейит казып азаматты көмгөмүн.
Элүү ашып болгон кезде мойсопут,
Эске түштү ошол солдат арбагы.
Ойлоп көрсөм азыр акыл токтотуп,
Ушундайлар баатырлардын албаны.

Азыр деле ошол жерде турат ДОТ,
Кашатында кабак чытыйт таш солдат.
Бейитинде күнү-түнү күйөт от,
Кайтарууда кароол болуп жаш солдат.
Коргоп турат тынчтык күндүн дубалын,
Калган жигит калкын коргоп кыйылып.

Башымды ийип таазим кылып турамын
Таш денелүү элесине сыйынып.

## ОН СЕГИЗ ЖАШ

Ар ким эңсейт он сегиз жаш курагын,
Ар ким эстейт он сегиз жаш убагын.
Кыздар болсо кутман таңдын нурундай
Кыялына кошот гүлдүн бурагын.
Урматтайбы учурунда уландар
Ууз өмүр, аруу өмүр булагын?..
А мен болсом кыздан, гүлдөн мурдараак
Он сегизди
от ичинде, ок ичинде
сынадым.
Карттар көксөйт он сегиз жаш курагын,
Жаштар тепсейт он сегиз жаш убагын...
Азгырылбай аз жыргалдын гүлүнө,
Ар ким тапсын арзыганын, ынагын.
Өмүр өтсө опосу жок, изи жок –
Өчүргөнүң он сегиздин чырагын...
А мен болсом курал алып колума
Он сегизди
эл четинде,
жоо бетинде сынадым.

## ЫРЫМ – КОЙГОН ГҮЛҮМ

Кан майданда бирге болдук
Кышта карга орондук.
Бирге туруп,
Бирге жаттык.
Ажал октон жанды коргоп
Бирге окопко баш каттык.

Учкан октор уйгу-туйгу
Эчендердин жанын кыйды.
Бирге бастык, Бирге кайттык.
Ок жаңылса унутпоону
Бирге антташып, бирге айттык.

## ЭСТЕЛИК СҮЙЛӨЙТ

Бизден улуу жашыңар, урпактарым,
Бакыт менен толтурган кучактарын.
Ташка айланып турабыз жапжаш бойдон,
Укпагыла душмандын ушактарын.
Сайраткыла тынчтыктын чымчыктарын,
Сагынабыз сайрандуу үн чыкканын.
Дайым угуп жаталы картайбастан
Мүрзөлөрдө чым баскан жылчыктарын.
Мейли, урпактар, болгула бизден кары,
Узак жашка жык толсун жердин шары.
Жашыңарга кошулсун жапжаш бойдон
Өлгөндөрдүн өмүрү согуш тагы.
Таппайсыңар далайдын жаткан көрүн,
Топуракка жашырган кырчын өңүн.
Ташка айланын турсак да жапжаш бойдон
Тынчтык күнгө эстелик – биздин өлүм.

## НӨШӨРДӨ

Жылбай турам бир түн бакка жөлөнүп,
Нөшөр тынбай көктөн бермет чачкансыйт.
Ой артынан ойлор кайра төрөлүп
Өмүрүмдүн барактарын ачкансыйт.

Канаттуулар чагылгандан чочуган
Кайкып учуп алда кайда өтүүдө.

Чырак жасап чагылгандын отунан
Менин оюм өткөндөргө көчүүдө…

Катмарынан мезгил менен өмүрдүн,
Катмарынан жашоо менен өлүмдүн,
Катмарынан кыял мечен көңүлдүн –
Кырчып жаштык кылыч карман көрүндүң.

Ооба, ооба, кылыч кармап турасың.
Согуш өртү… Асман менен жер күйөт.
Бул апаатка адам кантип чыдасын..
Аалам күйөт, деңиз күйөт, жер күйөт.

Кандуу согуш канча жерди таптады,
Кандуу согуш канча элди таптады.
Ал согушка мекен үчүн, эл үчүн
Кеткен элем кыз сүйө элек кезимде.

Ооба, ооба, кыз сүйө элек кезимде
Окоп менен октун даамын таткамын.
Анын баары унутулбайт, эсимде.
Төрт жыл бою согуш жолун баскамын.

Жылдар күбө – нөшөр төктү көп ирет.
Жаздар жайга, жайлар күзгө өтүүдө.
Жер жаңырды. Турмуш өстү көк тиреп. …
Жаштыкты эңсеп менин оюм көчүүдө.

Нөшөр тынбайт. Тура бердим шөмтүрөп.
Бир кыз ырдайт улам сыры чечилип…
Айнектеги тамчыга окшон мөлтүрөп
Келгенин көр бул дүйнөгө кечигип?!.

## ЖОЛ КАРАЙТ ЭНЕ

Согуш – апаат.
Канча кандар сорулду.
Согуш – апаат.
Канча жандар орулду.
Канча токой чычалага айланып,
Канча калаа болуп калды корумду.

Буурул түндө кандуу согуш башталды,
Бейкутчулук бут алдына тапталды.
Бул согушка башкаларга кошулуп
Бир эненин беш баласы аттанды.

Согуш өртү күйүп жатты өчпөстөн,
Согушту эрлер белден курун чечпестен.
«Кара кагаз» келди улуу уулунан,
Кеткенине алты ай толук өтпөстөн.

Эзсе дагы өлүм каары көңүлүн,
Эне тилейт калгаидардын өмүрүн.
Уулдардын үзүрүнөн алыстап,
Улам нуру өчүп жатты өңүнүн.

«Кара кагаз» келип жатты барына,
Карабастан жетим, жесир, карыга...
Кете электе кайгы эненин башынан
Келди «кабар» бир уулунан дагы да.

Октор окко, оттор отко уланды,
Орой берди эл башына туманды.
Кайтмак беле каармандар майдандан
Кыйратнастан фашист деген жыланды.

Кармашты алар – аябады жанын да,
Кармашты алар – аябады канын да.
Кайтышпады тирүүлөрдүн сабында,
Калышты алар Улуу Жеңиш багында!

Согуш бүттү. Көп жоокерлер кайтышты.
Согушканын жомок кылып айтышты.
Жоомарт эне беш уулду төрөгөн
Жаадырууда желдеттерге каргышты.

Карай берин катарлашкан сүрөттү,
Кайран эне көздүн нурун түгөттү.
Кыял менен издей берет балдарын
Калчылдагып карып калган жүрөктү.

Ойлойт анан: «Али согуш бүтө элек,
Ошол бүтсө уулдарым бүт келет!
Үйүм толот. Ак чачымдан өбүшөт!..»
Үзүлбөгөн үмүт ага күч берет.

Күтөт эне – күтүүсүнөн жадабайт.
Көз жогуна үмүт чиркин карабайт.
Көкүрөктө жүрөк согуп турганда –
Күдөр үзбөйт. Сагынуусу тарабайт.

Күтөт эне – жоону калкым жеңет деп,
Күтөт эне – гүлжигиттер келет деп.
Күтөт эне: Ак сүт эмген балдарым
Күн нурунан көз койдуруп берет деп.

## БЕЛГИСИЗ СОЛДАТ МҮРЗӨСҮ

Таш калканга жазылыптыр мындай деп:
«Мында жатат беш жүз солдат денеси»..
Мындай жазуу, бир бул эмес, дагы көп.
Кара кийген ар биринин энеси.

Качан туулган, качан өлгөн – баары бар.
Жылдыз турат күн нуруна жаркыган.
Бири бойдур, бир тобунун жары бар,
Кээ биринин жоктоору жок артынан...

Кучакташып жер-эненин көөдөнүн
Кетишкен да сапарларга келгисиз.
Көрсөк дагы мүрзөгө гүл өнгөнүн,
Жатат көбү аты-жөнү белгисиз.

Москвага белгисиздер атынан
Келтирилген бир жоокердин денеси.
Көрүнгөнсүйт таш калкандын катынан
Кырчын бойдон өлгөн эрдин элесн.

Бул мүрзөнү күнү-түнү кайтарат,
Бул мүрзөдө күнү-түнү от күйөт.
Бул мүрзөгө үзүлбөстон калк барат,
Бул мүрзөгө кучак-кучак гүл үйөт.

## САЛАСПИЛС

Онтоп турат кара таш
Жүз миң жанды эскерип.
Төгүп турат кандуу жаш
Жүз миң жанга эстелик.
Тартылган зым торлору

Таш дубалдын ичине.
Капкараңгы орлору,
Жылчыгы жок кичине.

Алып барган өлүмгө
Таштуу такыр жол турат.
Үндөп бизди өмүргө
Эстеликтер кол сунат.

Баш көтөрүп таш солдат
Таянат жер-энеге.
Бирин-бири бек кармап
Үчөө карайт серегe.

Коргойт эне баласын
Колтугуна калкалап.
Жоокер кармайт жарасын,
Кектүү көзү канталап.

Катар өскөн арчада
Жүз миң туткун каны бар.
Тынчтык тилеп барчага,
Жүз миң добуш жаңырар.
Тирүү калган жоокермин,
Ажалдардан тескелип.
Башымды ием силердин
Баарыңарды эскерип.

Атыңардан, курмандар,
Адамдарга кайрылам:
– Сак болгула, туугандар,
Согуш салчу кайгыдан!

## АДАМ ҮЧҮН

Дем алууга аба болсун,
Дайым күлкү жаңырсын.
Даркан үйгө бала толсун,
Дартка даба табылсын.

Күңүрт болбой, жарык болсун
Көрө турган таалайы.
Күйүт конбой, бакыт консун,
Көккө жетсин маанайы.

Каалашынча нөшөр төксүн,
Какшып турган чагында.
Карегинен Күн нуру өпсүн,
Кутман заман таңында.

Коломтодо оту өчпөсүнсүн,
Конок болуп токчулук.
Каргашанын огу өтпөсүн,
Каран калсын жокчулук.

Актоо керек чоң милдетин
Ата-журттун – конуштун.
Аты чыгып ак эмгектин,
Аты өчсүнчү согуштун.

## БЕТ АЛДЫМДАН ЖОЛУКТУҢ

Колдо таяк. Неберемди жетелеп
Бара жатсам – бет алдымдаи жолуктуң.
Көңүл учат кадимкидей көкөлөп,
Мен сыяктуу сен да ак чач болулсуң.
Эске түштү балалык кез бирге өскөн:

Эрке элең го болбос кепке таарынган.
Калптан-чындан кара көздөн жаш төксөң.
Соорото албай канча жолу жалынгам.
Бизди көргөн ошондогу ай кайда?
Баскан жол да, коргоп күн да арбыды.
Андан бери бардыңбы сен Маркайга?
Жүрөгүңдө ал элестен калдыбы?
Окуймун деп сен жөнөрдө калаага,
Согуш чыгып мен аскерге алындым.
Майданда да сен деп батып санаага,
Ошол кезди, ошол бакты сагындым.
Тагдыр биздин жолубузду айрыды,
Өттү арадан отуз беш жыл зымырап.
Азыр деле жаштык күндүн кайрыгы
Баягыдай дилди ойготуп угулат.
Көрдүм сени калган кезде бутактан,
Гүлү элең го менин бала чагымдын.
Дале болсо өпкүм келет кучактап
Деми менен өзүң жаккан жалындын.

## ТЫНЧТЫК ДАНЫ СЕБИЛДИ

Жердин боорун канча октор кемирди,
Жердин боорун канча октор жемирди.
Жердин боору жараланып келатат
Жүрөгүнө жыйнап кандуу темирди.

Жердин боорун жараланткан темирди
Жогото албай канча заман чегинди.
Жакшылмкка жамандыкты тепсетип.
Жердин бети тартуулоодо эгинди.

Жердин бети тартуулоодо эгинди,
Жарак эмес, соко кылып темирди.

Жоготууга темирлерди кан тамган
Жер бетине өлбөс үрөн себилди.

Жер бетине өлбөс үрөн себилди.
Жараксызы арасынан терилди.
Жарык нурдун чаалыкпаган күлүгү
Жаңы өмүрдүн сапарына чегилди.

Жаңы өмүрдүн сапарына чегилди.
Жашартууга жабыркаган көңүлдү.
Жакшылыктын алоосуна каптатып,
Жер боорунан арылталы темирди!

Жер боорунан арылталы темирди,
Жер бетине өстүрөлү эгинди.
Жаратылыш жарык күнүн аябас,
Жер бетине тынчтык даны себилди.

## КАЛЕМГЕ

Бастык жолду өтө татаал. Чыдадык.
Баары болду: Ый, сый, жараат, Жеңиш күн!
Жол аягын тынчтык күнгө уладык
Нуру менен, ыры менен Жеңиштин.
Көп жыл болду сапардашмын өзүңө,
Кармап сени көрдүм дүйнө жаркынын.
Көтөртүп кой жердин шарын төшүмө –
Көтөрөмүн деми менен калкымын!

## ЖОЛУГУШУУ

Москвага иш менен келип калып,
Көргөзмөнү бет алдым. Дем алыш күн.
Киреримде эшиктен белет алып,
Кокусунан токтотту бир тааныш үн!

Элеңдедим. Бир аял колун сунду.
Эстей албайм: «Ким эле? Качан көргөм?»
Күлүмсүрөп көзүмө карай турду,
Көкүрөгү толтура медаль, орден.

«Эсте» – деди – биз жаткан госпиталды»...
«Оо, кокуй!» деп кучактап өпкүлөдүм.
Өткөндөрдү бир баштан ойго салды,
Көздөрүнөн көрчү элем көктүн өңүн...

...Кырк бешинчи жыл келип калган эле.
Каран коём чапталган терезеге.
Кир бутумду мултуйтун салган эле,
Баш ийбеске айла жок «эрежеге».

Бурганактайт кар учуп, шамал улуп,
Бактар болсо ыргалат оңго-солго.
Бүткөн боюн дакеге ороп туруп,
Жаткырышты бирөөнү коридорго.

Көкүрөгүн, кош бутун, сол жак колун
Снаряддардын чачкыны тыткан экен.
Талкалаган тартынбай душман тобун,
Кыздан чыккан кайраттуу сырттан экен.

Сыныктарын темирдин денедеги
Бирден терип врачтар алган экен.

Калыбына ыйласа келеби эби?
Көкүрөгү алмасыз калган экен...

Мына! Мына ошол кыз, ошол сезим
Маңдайымда турбайбы нурдай болуп.
Токтотууга күч жетпейт мезгил тезин,
Отуз бир жыл өтүптүр сырдай болуп.

Жерди каран колумдан албай колун:
«Көп убакыт арадан өттү...» деди.
«Сени көрүп сезгенде ышкы чогун,
Жок эмчегим зыркырап кетти!» деди.

...Жогол согуш! Көрсөтпө өлүм өртүн.
Өмүрлөрдүн канатын кайрыгансың.
Жогол согуш! Өчүрбө кыздар көркүн.
Энеликтен далайын айрыгансың.

## СҮЙҮҮ ТАБЫ

Басар жолдун жазынан күзү жакын,
Буурул тартып баратат кара чачым.
Беренесин өмүрдүн санай берем...

Дил багына кар жаап жатса дагы,
Дүйүм гүлдү ызгаары чакса дагы,
Дайым сүйүү алоосун карай берем.

Басар жолдун жазынан күзү жакын.
Баш ийбеген мыйзамга мен бир акын.
Баар гүлүн кышта да самай берем.

## ГҮЛДӨЙҮНЧҮ КӨКТӨМДӨЙ

Көрүп туруп өмүр жазы келбесин,
Кырчын кезди теңир кайра бербесин,
Кумарыңа куса болдум чени жок!
Кусалыктын теңи жалын, теңи чок.
Билип туруп күздүн кышка бarарын,
Бубактарын тармал чачка тагарын,
Бара берем баарыңды сагынып!
Бала сыяк үмүттөргө багынып...

Басар жолдо мөңгү да бар, кар да бар,
Басар жолдо өңгү да бар, жар да бар.
Бирок буга көнбөйт экен махаббат,
Баар көрбөй өнбөйт экен махаббат.

Чындыгы бар, негизи бар мунумун,
Чырпык эмес, чын сүйүүнүн кулумун.
Чыгарбастан каалгамда кыш турат,
Чыкыроондон куткарып ал, кыз бурак?

Жарык шоола жаагымдан өпкөндөй,
Жагалданын гүлдөйүнчү көктөмдөй.
Жалыныңа өрттөп ийчи күзүмдү!
Жаштар көрсүн жазга түшкөн изимди.

## ГҮЛДӨР БИЗГЕ КАРАШТЫ

Баратабыз көк шиберди аралап
Баар биздин жолубузду узартып.
Толгон гүлдөр жол четинде сагалап
Карап турат жоолуктарын кызартып.

Кызыл гүлдөй эриндериң ачылса –
Күн суктанып көктө токтой калгансыйт.
Кокусунан көзүң көзгө чагылса –
Көңүлүмө таалай уя салгансыйт.

Үзүп алын кызыл гүлдүн таажысын,
Төшүңдөгү бүчүлүккө кыстардың.
Унуткарып башка ойлордун барысын,
Умтулам да...унчуга албай мустармын...

Бир оокумда гүл тажыга эңилдим,
Жыттайын деп жыпар чачкан бурагын.
Эңилдим да – илебиңе жеңилдим!
Эрин тапты эңсеп жүргөн ынагын.

«Бул эмнең?» деп, алыстаттың өзүңдү,
Бирок мени жек көргөндөй кароо жок.
Мага баары таттуу болуп сезилди,
Күйүп жаттым ышкы отунда алоолоп.

Алга умтулдум сурайын деп кечирим.
Сен да умтулдуң! Бойлор бойго жарашты.
Жок дебедик жүрөктөрдүн чечимин,
Гүлдөр бизге күлүңдөшүп карашты.

## ЭКИ ЖҮРӨК УГУУДА

Жолугуштук турган чакта кар жаап,
Жолубузга төшөлүүдө ак мамык.
Өтүүдө ышкы дилден дилге жол таап,
Өчүп жатса издер изге тапталып.

Жашырасың караңгыга көзүңдү,
Жадыңдагы сырды даап айталбай.

Купуя ышкы курчабаса сезимди,
Карбаластап турмак белем кайталбай.

Улам узап, бара бердим кайрылып,
Убакыттын созулганы жагууда.
Кош деп айтсам – калгансыймын айрылып,
Кусалануу кыял менен агууда.
Аккан кыял тоскоолдорго токтолот,
Ар кимибиз жол издейбиз чыгууга.
Эчен суроо эркти курчап топтолот,
Эки жүрөк бирин бири угууда.

Кар тынбастан жаап жатты себелеп,
Катмарына жашынууда из дагы.
Капарга албай, карды кайра тебелеп,
Кыналышып тура бердик биз дагы.

## САГА СУНДУМ ГҮЛҮМДҮ

Кара кашты какпа, жаныn,
Кадыр билбес жансызга.
Жүрөккө отту жакпа, жаным,
Жалындамын ансыз да.

Кирпигиңди ирмебечи,
Көз отуңу көрөйүн.
Апкаарбачы, сүрдөбөчү,
Ажарыңдан өбөйүн.

Карегиңден кат окудум
Кетериңде бурулуп.
Уктай албай ыр токудум,
Улам үнүң угулуп.

Үмүт менен багыңдамын,
Үйүңдү ачып кире албайм.
Кыял менен жаныңдамын,
Кантээримди биле албайм.

Баарыңды бир көрдүм да,
Багыштадым дилимди.
Сүйүүмө өстүрдүм да,
Сага сундум гүлүмдү.

## ЫРЫМДЫ ЭЭРЧИП ЖОЛ ТАРТТЫМ

Күнүгө мен арнап сага ыр жазам,
Көңүлүмдө өзүң менен сырдашам.
Кагаз бети – жашап турган дүйнөбүз,
Кыял аттуу, үмүт аттуу үйдөбүз.

Түндү көзөп көрүнөсүң жаркырап,
Түтөм кантип сагынычка жан чыдап?
Жалгыз менин карегиме сыйбады
Жабыркоонун жүрөктү эзген ыйлары.

Сырга айланды – санааркатты бир башты,
Сүйүүң менен сүртүп койчу көз жатшты?
Ыр саптарын бойлоп сага учамын,
Ышкы отуна толуп кетет кучагым!

Өзүм десем... Үмүт учкан турбайбы,
Өзөгүмө бата түштү кур кайгы.
Кайгы тору туманына чырмады,
Караңгыда адашкансыйт ыр дагы.

Дал ошондо жаркыныңа жалындым,
Дартымды угуп шамдай болул жагылдың!

Бетимди өптү таптуу, тунук нурларың,
Баракчага тизилишти ырларым.
Ырымды ээрчип сени көздөй жол тарттым,
Ышкың менен аралыкты кыскарткын.

## КАРМАП КАЛДЫМ ЖАЛЫНДЫ

Гүл өстүрдүм,
Гүл өстүрдүм.
Гүл жөнүндө бүт сөзүм.
Гүл сөзүмдү ээлесе да,
Дилге кезек бербесе да,
Жүрөгүмдө бир өзүң.
Гүл ачылды,
Гүл ачылды.
Кызыл жоолук салынды.
Гүлүм сага, дилим сага!
Неге, жаным, гүл ордуна
Кармап калдым жалынды?

## КЫЗ ЖАНА ГҮЛ

Кыз күлсө гүлдү аралап
Кыналат бою жарашып.
Көркүнө көздөр кадалат
Көңүлдөн кезек талашып.

Кыз басты – гүлдөр ыргалды,
Кыялды бийлейт ыргагы.
Күткөнсүп ушул жыргалды
Кыз дагы толкун ырдады.

Кыялга сиңди жытты аңкып
Кыз менен гүлдүн элеси.
Каректен улам от калпып
Кадалат ышкы жебеси.

Кыз бурак менен гүл бурак
Кыналышып бир турат.
Кыз ышкына кунчубак
Коёр бекен дилди улап?

## АРЗЫП КҮТӨМ

Улам карап терезеңдин чырагын,
Узун түндө үмүт үзбөй турамын.
Улутунуп убакытты карайм да,
Уч-кыйырсыз ой дүкөнүн курамын.

Жалооруймун өчпөсө деп жарыгың,
Жылытууда үмүтүмдү жалының.
Жамгырда да, ызгаарда да, карда да
Жалбырагы күбүлбөсүн багыңын.

Арзып күтөм дили сезип чыгар деп,
Арзуумду алоосуна улар деп.
Ашыгыңа тартуулачы көз отун –
Ак сүйүүдөн жаратылган тумар деп.

## ИЗДЕЙМ СЕНИ

Издейм сени карегинен көзүмдүн
Издейм сени жүрөктөгү канымдан.
Издейм сени кучагынан сезимдин,
Издейм сени тилектеги багымдан.

Издейм сени тереңинен дилимдин,
Издейм сени махаббаттын шарынан.
Издейм сени арасынан гүлүмдүн,
Издейм сени ар бир күндүн таңынан.

Издейм сени ышкы толгон көңүлдөн,
Издейм сени айдын жарык нурунан.
Издейм сени жазды улаган өмүрдөн,
Издейм сени жазыла элек ырыман.

Издейм сени, издей берем күнү-түн,
Түшсөм дагы миң азаптын торуна.
Бир өзүңдө үзүлбөгөн үмүтүм,
Сен да издечи – төшөлөйүн жолуңа.

## ВРАЧ КЫЗДЫН ЖООЛУГУ

Өткөн кышта өтө катуу оорудум,
Оору менен алпурушту соолугум.
Соолугума бир врач кыз болушту
Кайра байлап сүттөй аппак жоолугун.

Бетбак ажал жумшап коюп ооруну,
Босогомдо күн-түн мени тооруду.
Бирок анын таш каптырды үмүтүн
Врач кыздын ушул аппак жоолугу.

Бүт азабын сыйрып таштап оорунун,
Баштагыдай баар тапты соолугум.
Бирок азыр унуталбай, сагынам
Врач кыздын ошол аппак жоолугун.

## СЕНИ КӨРДҮМ ТҮШҮМДӨ

Түшүмдө сени көрдүм – жаз экенсиң!
Табыңан кетип жатты карлар эрип.
Баарыңдын касиетин эми сездим –
Багыма булбул конду учуп келип.

Түшүмдө сени көрдүм – гүл экенсиң
Табийгат тартуулаган таалайыма.
Бакыттын ааламына сапар чектим,
Бир жылдыз пайда болду маңдайыма.
Түшүмдө сени көрдүм – таң экенсиң,
Тунук нур ачып кирди жүрөгүмдү.
Тагдырдыи таңын күткөн жан экенмин,
Тартуула жаздан бүткөн жүрөгүңдү.

## КАЛП ДЕЙ АЛБАЙМ

Сага чейин  сулууну сүйгөнүм чын,
Сагынычтын отуна күйгөнүм чын;
Кол сунганга колумду сунганым чын,
Карегинде кал болуп турганым чын.
Жашчылыктын шарабын татканым чын,
Жүрөктөргө жүрөктү катканым чын –
Калп дей албайм.
Ишенгин.
Бирок, жаным…
Сүйбөгөмүн бир сендей кыздын баарып!
Калп дей албайм.
Ишенгин.
Аткан таңым,
Сүйбөгөмүн бир сендей кыздын баарын!

## ТАТТУУ

**(Эл ырын туурап)**

Таттуудан таттуу –
Таңкы убак таттуу.
Кырмызы гүлдөй
Кызбурак таттуу.

Таттуудан таттуу –
Таң нуру таттуу.
Кубулжуп чыккан
Кыз ыры таттуу.
Таттуудан таттуу –
Таңкы бак таттуу.
Жалындап турган.
Жаштык чак таттуу.

Таттуудан таттуу –
Тилектеш таттуу.
Жаныңдан кетпес
Жүрөктөш таттуу.

Таттуудан таттуу –
Таң аткан таттуу.
Бакыттын балын
Бир таткан таттуу.

## ПАХТАЧЫ СЕЛКИГЕ

Атилес көйнөк кийгениң,
Ак алтын сенин сүйгөнүң.
Ашыкмын десем апкаарып,
Азилге буруп сүйлөдүң.

Кыялым койбой эркиме,
Кызыктым сендей селкиге.

Пахтанын гүлү бир өзүң,
Пахтадай эмес мүнөзүң.
Жылуу сөз күтүп ар күнү
Жаныңа барсам күлөсүң.
Кеталбай алыс айланам,
Күлкүңө жипсиз байланам.
Изиде изим улайын,
Ишиңе ишим улайын.
Жалдыратпай кабыл ал,
Жүрөктү сага сунайын!
Кош өмүр бирге гүлдөсүн,
Кош булбул болуп үндөсүн.

## СОҢ-КӨЛ ЫРГАГЫ

Чалкып турган убагы эле Соң-Көлдүн,
Чаңкай түштө эстен кеткис сыр көрдүм.
Тентек толкун жарга урулат шарпылдап,
Тамчылары ыргыйт көккө жаркылдап.
Кумда калган көбүкчөлөр жыбырап,
Көлгө умтулат жанын сабап тыбырап.
Бирде туруп канаттуулар жар салат,
Бөктөргөндөн балапанын калкалап.
Көл койнуна жан талашып шашылат,
Көзүн көлгө, өзүн колго жашырат.
Ошол кезде бир кыз келди элеңдеп,
Окулбаган ойго баттым тереңдеп...

Кол күзгүдөн аппак жүзүн карады.
Кара чачын салаа менен тарады.

Көп турбастан кубулжутуп ырдады,
Коштоп жатты көлдүн элпек ыргагы.
Эске түштү Ак-Мөөрдүн сырлары,
Эчаккы өткөн теңсиздиктин муңдары.
Эске түштү эсил Болот ырлары,
Эркиндикти жуткан заман жылдары.
Эске түштү Ак Мөөрдүн жамалы,
Эки жашты бөлгөн түндүн шамалы.
Эске түштү эсил Болот ыйлары,
Эски мыйзам тагдыр гүлүн кыйганы.
Эске түштү Ак Мөөрдүн көз жашы,
Эки жаштын үмүтүнүн кыйрашы.

Эске түштү эсил Болот сүйүүсү,
Эңсегени, жетпегени, күйүүсү…

Кыздын ыры улам бийик жаңырды,
Көл бетине ыргактары чагылды.
Жаңырыгы эски кезди өчүрүп,
Жаткансыды жаңы ааламга көчүрүп.
Жыя электе ыр багынткан эсимди,
Жанагы кыз жай-баракат чечинди.

Көлгө кирди көкүрөгүп карманып,
Көлдүн ичи боло түштү жапжарык!

Көп толкундар ооп жатты денесин,
Көргөнсүдүм Ак Мөөрдүн элесин.
Учкул ойлор улам тартат төлгөнү:
«Ушундайда толкун бол деп көлдөгү!..»

## БИР ӨЗҮҢ

Көктөмдөй көркүңдү сагынтып,
Көзүмө көзүңдү чагылтып,
Көп кыйнап сезимди жүрөсүң:
Бир өзүң,
бир өзүң,
бир өзүң.
Булактан жолуңду тоссом да,
Багымды батыра кошсом да,
Сыр чечпей, жылмайып күлөсүң:
Бир өзүң,
бир өзүң,
бир өзүң.
Бир туруп агарган таң болуп,
Бир туруп өчпөгөн шам болуп,
Күн сайын түшүмө киресиң:
Бир өзүң,
бир өзүң,
бир өзүң.
Жүрөккө купуя нур чачын,
Жүрсөң да билдирбей сыр катып,
Сүйүүмдү, күйүүмдү билесиң:
Бир өзүң,
бир өзүң,
бир өзүң.

## ТҮШ

Түндө мен түш көрдүм ажайып,
Толкунду аралайт жел кайык.
Кайрылып артыма карасам,
Калыптыр изимди нур чайып.

Таштарта дарактар асылып
Тургансыйт жээкти жашырып.
Булуттар чуудадай самсаалап
Баратат көк менен ташыпып.

Күн болсо бийикте жаркырайт,
Көбүктүү толкундар шаркырайт.
Күбөктөй тамчылар чачыран.
Кылаанын таштарын камчылайт.

Жалооруп караймын буларды,
Жазалбай жалындуу кумарды.
Булуңга кайыгым капталды,
Билбейт го табийгат убалды...

Кайыгым ак кууга айланды,
Кайгырам табалбай айламды...
Акыры иликтеп жөнөдүм
Ак куулар арзыган жайларды.
Толкундар толгонуп өрүлөт,
Толкундар ак куудай көрүнөт.
Көлдөгү күзгүгө карасам,
Көзүмдүн шооласы төгүлөт.

Куу болсо канатын чапкылап,
Койкоюп көңүлдүү каткырат.
«Тунжурду ак куулар» күтөт деп,
Толкунга жазылган кат турат.

Чын эле тунжур куш болупмун!
Чаңкайган асманга конупмун.
Айланып ааламдын көлүнөн
Арзыгап ак кууга жолуктум...

## АНЫКПЫ?

Карай берип сен өтүүчү багытты?
Кирпик катып, эки көзүм карыкты.
Күдөр үзбөй күнү-түнү күтөйүн,
Көңүлүңө таң атаары аныкпы

Көрүү үчүн сага түшкөн жарыкты,
Көктөм сайын махаббатым жарыкты.
Каалгасын жүрөгүңдүн черттирбей,
Кучак жагып кубантаарың аныкпы?
Кимдер билбейт сүйүү деген тарыхты
Кылымдарды, замандарды карытты...
Калпып берип махаббатын мүрөгүн,
Көңүл багын гүлдөтөрүң аныкпы?

## КҮТҮҮ

Түн бир убак.
Шамалга бак термелет,
Чырпыктары тереземе согулат...
Бирде чертет кыял күтүп аркелеп,
Бирде сүйлөйт түн жомогун кобурап.

Менин дагы кирпиктерим чырпыктай
Түндү тилип терезеге умтулат.
Ой артынан ээрчий берем унчукпай,
Ой эшигин жаба албайсың кулпулан.
Дарак күтөр термелтсин деп шамалды,
Дилим күтөт гүл кучактуу бир кызды.
Сезимдерге парда болгон караңгы
Седеп кылып тагыныштыр жылдызды...
Түн бир убак.
Шамалга бак жалынат.

Чырпыктары тереземе чабылат.
Тамекиден чектим кайра жаңылап,
Түпсүз ойлор алда кайда агылат...

Ышкы илеби козгоор бекен кыз гүлүн?
Ышкы алоосуп сезээр бекен кыз дилин?
Түн койнунан уккум келет кыз үнүн,
Тартууларым – таңкы сүйүү шиңгили.
Бир оокумда шамал үзгөн жалбырак
Тереземе боюн урду... Аядым.
Жүрөк дүк-дүк... Жалбырактай жалдырап
Жаагымды терезеге таядым...

## КӨБҮ КАЛДЫ ЫШКЫМДЫН

Термездин аптабына чыдасам да,
Бир кыздын алоосуна чыдабадым.
Көз менен дилди дилге кынасам да,
Бирок мен
маңдайынан,
саамайынан
сылабадым.
Жөнөөрдө гүл кучактап басып келди,
Оюмду өкүмүнө багындырып.
Илебин жүрөгүмө бура берди.
Көзүнө күндүн нурун,
дилдин нурун
чагылдырыи.
Дилиме бир из түштү өчпөй турган,
Болсо да учур кыска, сапар кыска,
Түшүнөр окугандар ушул ырдан:
Ышкымдын
көбү калды, мөлү калды ошол
Кызда.

## МЕЗГИЛДЕРДИН ЖЫЛЧЫГЫНАН БАШ БАГЫП

Мезгилдердии жылчыгынан баш багып
Көрүп калдым сенин  отту көзүңдү.
Кайра жутуп айта турган сөзүмдү.
Көптөн бери
Кыйнап жүрөм ышкы толгон сезимди.

Мезгилдердии жылчыгынан баш багып,
Көрдүм сени. Кирпигимден чырматтым.
Көздөн уурдап көңүлүмө сыр каттым.
Көп ойлонуп...
Күндөн күнгө ышкы дартын ырбаттым.

Мезгилдердин жылчыгынан баш багып:
Көрдүм сени. Нур кучактап турупсуң.
Көктөм жыттуу ыр кучактап турупсуң.
Көңүл эргийт...
Көрчү, өмүрдүн күз экенин унуттум!

Мезгилдердин жылчыгынан баш багып:
Көрүп калдым сенин оттуу көзүңдү.
Купуя ышкы курчап алып сезимди,
Көптөн бери
Катып жүрөм көңүлдөгү сөзүмдү!..

## ЖАМАЛЫҢДЫ БИР КӨРҮП

Кыш чилдеде жамалыңды бир көрүп,
Кете жазгам илебиңе өрттөнүп!..
Көңүлүмө көз отторуң уялап,
Көрүнгөнсүң тоо гүлүндөй көрктөнүп.
Жатсам-турсам көз алдымда элесиң

Жүрөгүмө кадап сүйүү чегесин.
Жалын менен, алоо менен ширетип,
Жайыптырсың дилге жаздын желесин.

Ушул азыр бала болсом талпынган,
Сүйөр белең наристе деп алкымдан?
Кыроо чалып кара тармал чачымды,
Түшүп турам наристелик баркымдан.
Кыялым көл… Күндө балык серпкенсийм,
Кырчын болуп көңүлүңдө бөрткөнсүйм.
Түшүмдө да, өңүмдө да, ар убак…
Бир өзүңө үмүт күүсүн черткенсийм.
Кыш чилдеде жамалыңды бир көрүп,
Кете жазгам көз алдыңда өрттөнүп!
Кирпигинден ийне жасап… дилиме
Коюптурсуң ышкы учугун өткөрүп.

## СЫЙДЫРЫП АЛ ДИЛИҢЕ

Мен да дайым башкалардай жаңылам,
Мүмкүн, кээде терс кайрыкка кабылам.
Болбос жерден чыккан жөнсүз сөздөрдү
Бөлүп ташта өмүрүңдүн таңынан.
Күлбөй койсоң – калгансыймын күнү жок,
Көктөмүмдүн көркүн ачкан гүлү жок;
Ободогу жылдыздарга телмирип.
Ой көлүнө чөгө берем түбү жок.
Күлүп койсоң – көңүл эргип көктөмүн,
Көз алдыма келет гүлдүү көктөмүм.
Булагыңа буурул чачты чайкайм да,
Боз уландай кечем жаштык өрттөрүн.
Сагынычым үмүттү ээрчип күнүгө
Сапар чегет сенин жыпар гүлүңө.
Саргайтпастан ыза эшигин черттирип,
Сүйүүмдү сыйдырып ал дилиңе.

## ТАҢ АГАРЫП КЕТКЕНИ

Унутпаймын мен муну өмүрүмдө,
Уюп калган ошол кеч көңүлүмдө...
Жай айы эле. Жолуктум кечке жуук
Бир гөзалга – көздөрү оттой күйөт.
Аппак бетин ай төккөн шоола жууп,
Алкымынан акырын шамал сүйөт.
Салам бердим жанына жакын барып
Бир кылчайып кайдигер карап койду.
Тартылуунун отуна мени салып,
Кирпигине байлады бүткүл ойду.
Көңүл учат, айланат канат кагып,
Көрбөгөнмүн буга окшоп тараз бойду.
Жылдызыбыз кошулуп жаткансыды,
Жалындарга жалындар жуурулушуп.
Жүрөктөр да бир-бирин тарткансыды,
Жатышалбай көөдөндө буулугушуп.
Көз алдыман өткөнсүйт кыздын сыры
Кербен тартып кыялай чуурулушуп.

Эки тагдыр дайрасы бир өмүргө
Эгиз сырдын шарынан куюп жатты.
Эми гана ширешкен жуп көңүлдө
Эки тилек биригип уюп жатты.
Эки үмүткө жай берген назик дилге
Эбегейсиз чоң аалам сыйып жатты.

Көкүлүнөн сыладым гүлдөр тагып,
Кыналыша отуруп гөзал кызга.
Кубанычтан көңүлүм канат кагып,
Көктө сызат жар салып ай, жылдызга...
Кап! Катыгүн... катыгүн...
Көрчү тагдыр өкүмүн...

Сөздөр сөзгө жеткенче,
Сөз түйүнүн чечкенче;
Дилдер дилге жеткенче,
Дил түйүнүн чечкенче
Таң агарып кеткени…
Таң агарып…
Көрбөгөнмүн түндү мен мындай кыска!

## ЖӨНӨТҮЛБӨГӨН КАТ

Алыссың азыр жаныман,
Ар күнү сени сагынам.
Айдыңың көрөм түшүмдө
Алчалуу сенин,
Алмалуу сенин багыңан.
Чаңгенттен чыкан айдайым,
Чалкыган көлү жайдайым.
Чиеленген көңүлдөн
Чийириң издейм,
Чийимиң издейм ар дайым.

Кылса да душман касчылык,
Кымбаттуу учур жашчылык.
Каптатчы жүрөк отуна
Кыш ызгаарын,
Кыш муздарын жаз кылып.

Тутанат отко жүрөгүм,
Түшүнчү, Анар, зирегим.
Түбөлүк болсун – кошуп кой
Тилегиме – тилегиң,
Түнөгүмө – түнөгүң.

## КӨРӨӨР ЭЛЕҢ

Ачпай туруп катылуу сырларымды,
Бир өзүңө арнадым ырларымды.
Медер тутам дилиме, ишенип кой,
Жарык чачкан үмүткө нурларыңды.
Үмүттү ээрчип жаныңа келе берем,
Үмүт гүлүн күлкүңдөн тере берем.
Көрбөй калсам сагынам, көргүм келет,
Көңүлүмдү уялап алгансыңбы?
Көкүлүңдү салаалап өргүм келет,
Көз отуңдан кайырмак салгансыңбы?
Үмүт өзү табышмак – табасыңбы?
Үмүтүмө ышкы отун жагасыңбы?
Канжар менен тең бөлсөң тилегимди:
Канжар менен тең бөлсөң жүрөгүмдү...
Көзүң менен, чынында, көрөөр элең
Кадимкидей кашкайган сүрөтүңдү!
Убарага уурдатпай көңүлүмдү,
Укукум келет чыныңды, төгүнүңдү?

## ҮМҮТ

Кеч киргенде жандырсам дейм шамыңды,
Кечиктирбей аткызсам дейм таңыңды.
Кара өзгөйгө карматпастан мөмөңдү.
Күнү-түнү кайтарсам дейм багыңды.
Тийсем деймин жүрөгүңө күн болуп,
Турсам деймин тилегиңе бүр болуп
Өкүнүчтүн изин койбой дилиңе
Өссөм деймип өмүрүңө гүл болуп.

Жолукканда сураса дейм сырымды,
Жүрөгүнө кынаса дейм ырымды.
Ызгаарлардан үмүтүмдү арылтып,
Ышкы отуна уласам дейм нуруңду.

Үмүт! Үмүт! Бирде ачуу, бирде бал,
Үмүт! Үмүт! Бирде таттуу, бирде кар.
Жалбырактай үзүлбөсүн бул үмүт,
Жарым кашык жакшылык кыл, ашык жар!

## МАРИЯ

***(Тамаша)***

Отурабыз жанаша
Оң-тескери караша.
Ортобузга күн сайын
От жагууда мамаша.
Көздүн жашы дарыя,
Көрөсүңбү, Мария?

Кээде сүйлөйм тамаша,
Кеп тизгинин талаша.
Күлүп калат жылмайып
Көптү көргөн папаша.
Билет окшойт карыя
Биздин сырды, Мария?

Барып алып күбөлүк,
Баш кошолу түбөлүк.
Бирге болуп кош жүрөк,
Бирге басып жүрөлүк.
Болсун элге жарыя
Биздин сүйүү, Мария!

## ИЙИП КЕТЕР

Сагынуулар калган кезде чогулуп,
Сырдашабыз, аз да болсо, жолугуп...
Буга күбө бак кирпиктүү айлана,
Буга күбө көктө сүзгөн ай гана.
Эмнегедир ачык айтпай сөзүңдү,
Эзүүдөсүң, кыйноодосуң сезимди.
Көп сөздөрдү айткың келип турса да,
Көкүрөктү сыр ташкыны урса да...
Жашырасың, сүйлөбөстөн чечилип,
Жаз кабары калып жатат кечигип.

Мүмкүн, ойдун чиеленген түйүнү,
Менден катып жаткан чыгаар сүйүүңү
Жаз келгенде гүлүн ачар сыр дагы,
Жалбырактай кыналышып ыргагы.

Күн шооласын төккөн кезде ынактай,
Купуя ышкы ийип кетер булактай.
Ошол кезде махаббаттын тумарын
Окутарсың таркаганча кумарым.

## АКЫН МЕНЕН БУЛАК

**Акын:**

– Айтчы, булак, эмне болду мынчалык,
Күндөгүдөй күлкү чачкан үнүң жок?
Кыргагыңа муз тоңуптур курчалып,
Көркүңдү ачыш жайнап турган гүлүң жок?

**Булак:**

– Бир кыз келди ызаа дилин кыйнаган...
Бир заматта кышка айланды жайкы аптап.
Көз жашына чыдай албай ыйлаган
Көөдөнүмдү калбадыбы муз каптап.

**Акын:**

– Айтчы, булак, бүгүн мынча ырдайсың,
Ашыглыкка мүрөк болуп актыңбы?
Айдан түшкөн, Күндөн түшкөн нурдайсың,
Арзууларга ышкы гүлүн тактыңбы?

**Булак:**

– Ал кыз келди. Жүзү гүлдөй жайнады,
Аяз качты, муздар сынды быркыран.
Бакка конуп, булбул тынбай сайрады,
Кубанычка дилин коштү кыз бурак.

**Экөө:**

Кыз кайгысы – ызгаары бар чилде экен,
Кыз бактысы – гүлзаары бар дилде экен.

## МЕН ТҮШҮМДҮ САГЫНДЫМ

Мен түшүмдү сагындым – кайтып берчи,
Же болбосо кайталан айтын берчи.
...Түшүмдө мен гүл көргөм жайнан турган
Көлдүн нурун жиби жок байлап турган.
Умтулдум мен ал гүлдү жыттайын деп,
Сабагына бой тиреп ыктайын деп.
Кармар кезде сабагын колум сунуп,
Ортобузга тосулду күзгү тунук.
Дилдин сөзүн уурдаттым оюмдагы,
Четке түрттүм күзгүнү жолумдагы.

Гүл жоголуп сулуу кыз пайда болду,
Таш күзгүдөн жылмайып күлүп койду.
Көрө коюп жалынды колундагы,
Көк шумкардай жалдырайм торундагы...
«Агай» деди. Кайрадан гүлгө айланды.
Не дешимди билалбайм – тил байланды.
Кызыл гүлдү кучактайт топ жалбырак,
Көкүлүнө байланам көз жалдырап.
Карай бердим ал гүлдү кайра-кайра,
Күнүлөйбү – көз артат көктөгү ай да?
Терезеден  баш багып үч-төрт жигит
Топурашып бөлмөгө келди кирип.
Бирөө жакын барды да куурай болду,
Кызыл гүлгө кыл келбес уудай болду.
Экинчиси чырмооктой ороп алды,
Үчүнчүсү колуна орок алды.
Гүл заматта от болуп жалын чачты,
Орок алган дарчадан чыга качты.
Куурай менен чырмоокту жалын чалды,
Гүл жанында үйүлүп күлү калды.
Жакын бардым гүлгө мен жаным түтпөй,
Гүл жамалык Ай сүйөт аппак сүттөй.
Гүл кайрадаи кыз болду чачын тарап,
Көңүлүмдөн байланып турдум карап.
Чын сырымды айталбай сөзүм менен,
Кыз жүрөгүн издедим сезим менен...
Ышкы сөзүн айталбай тилим менен,
Кыз жүрөгүн издедим дилим менен...
Таттуу уйкудан ойгондум – кыз жок, гүл жок,
Жүрөгүмдө калыптыр бир үзүм чок!
Ошол түшүм экинчн кайрылган жок.
Ошол түштөн үмүтүм айрылган жок.
...Мен түшүмдү сагындым – кайтып берчи,
Же болбосо кайталан айтып берчи!

## ТЕРЕЗЕМДИ КҮЛКҮ ЧЕРТТИ

Жайдын түнү. Отурамын ыр жазып.
Жылат ойлор, учат ойлор кырды ашып...
Күлкү угулду тсреземдин түбүнөн!
Ким болду экен?
Билгим колди сырды ачып.
Күүгүм тарап каректердин нурунан,
Күлкүнүн мен ыргагына урунам.
Бүлүк салган тынч кыялга күлкүгө
Берсемби дейм десте жасап ырыман.
Шыңк дейт күлкү!
Шашып калдым. Бүлүндүм
Шамды өчүрүп, терезeмден үңүлдүм.
Эки жүрөк бир тилекти уялайт –
Ээси болуп ырга өстүргөн гүлүмдүн.

Ырды гүлдөн бөлөөрүмдө жашырып,
Ышкы  нуру жарк дсй түштү чачылып. ...
Колтукташьш басып кетти эки жаш,
Кош терезе кала берди ачылып.

## УУЗ СҮЙҮҮ

Ууз сүйүү – эң биринчи аткан таң
Жүрөктөрдү, тилектерди ойготуп;
Толкундагып көңүлдөрдү тим жаткан
Түштөн кетпейт түнү-күнү ойлотуп...
Жагындырат, жалымдырат, ыйлатат.
Сен алдырбай сезимдерди туйлатат

Ууз сүйүү – күнөөсү жок тазалык.
Үмүттөрдү нурга чайкаи тургансыйт.

Күмон саноо көз жаш менен тазарып,
Аруулукту күндөн, гүлдөн кургансыйт.
Уйкуңду алат, тынчыңды алат, талпынтат
Ышкы көлү жээкке батпай шарпылдап.
Ууз сүйүү – илеби ысык желаргы,
Эркелетет сезим гүлүн, дил гүлүн.
Эритет да ортодогу карларды
Эки алоо тең тарткан кезде бир-бирин!
Отко салат, чокко салат, багынтат.
Ойдон кетпей кайра-кайра сагынтат.
Ууз сүйүү билбейт күүгүм дегенди,
Таң шооласын таңдандырат көркүнө.
Тоотпостон татаал, бийик, тереңди,
Таштайт боюн ашыглыктын өртүнө.
Дилдер гана бирин бири түшүнүп,
Арасына сыйбайт башка түшүнүк!

Ууз сүйүү – эң биринчи сыр ачуу –
Бойлор бойго, ойлор ойго, жанашып.
Ууз сүйүү – эң биринчи сынашуу –
Бирде таап, кээде кайра адашып...
Кандай тантуу биринчи ирет көрүшүү,
Кандай таттуу биринчи ирет өбүшүү!
...Ууз сүйүү көңүлдөрдүн төрүндө
Кетсе дагы өмүрлөргө кеч кирип...
Мейли көрүн, мейли экиичи көрүнбө,
Кала берет тагдырыңа тепчилип.
Унутулбай ууз сүйүү жалыны
Улгайсаң да кыйнай берет жаныңы.

## АЙТПАЙБЫ?

Ачалбай ышкы кулнун жүргөнүмдү
Айтпайбы Ала-Тоонун аскалары?

Астейдил бир өзүңдү сүйгөнүмдү
Айтпайбы аска-зоонун арчалары?

Арзыган бир өзүңдү мендей жанды
Айтпайбы Ысык-Көлдүн толкундары?
Алоолойт ашыглыктын жалындары,
Айтпайбы ар бир таңдып шоокумдары?

Ак пейил үмүтүмдү Айдан бийик
Айтпайбы эртең менен Күндүн нуру?
Арашан болгонумду күйүп-күйүп,
Айтпайбы Аалы жазган «Күүнүн сыры?»

Ак карды эриткенин тилегимдин
Айтпайбы ышкы башат каштай тунук?
Азапка түшкөндүгүн жүрөгүмдүн
Айтпайбы асмандагы көчкөн булут?

Акынды ашык болгон жазып ырлар
Айтпайбы жалын жаштык илептери?
Айтылбай калабы же кантап ызгаар
Асыл ой, купуя ышкы жүрөктөгү?..

## КҮТӨР БЕКЕН БАГЫНДА?

Күздү көрүп  жашоо деген секиден,
Махаббаттын көктөмүнө бекинем.
Күңгөйүмө күүгүм парда тартат да,
Мезгил уурдайт жаштыгымды четинен.

Кышка каршы ышкы адоолойт көңүлдө,
Жаз жаркынып  улап учкул өмүргө.
Кырчын чактын кызыгына жолугам
Жадыраган кең жайлоонун төрүндө.

Көңүл толкуйт, толкунду мен карадым,
Ак куу учту тартып көздүн танабын.
Кыялымда сүзүп барат бир сулуу
Аста шилтеп кайыкчанын калагын.

Максатъмдан калбайын деп тайгылып,
Сыр жашырат, сөз сүйлөбөйт айбыгып.
Өмүр көчү ашууну ашып калса да,
Сүйүүгө мен сапар чектим кайрылып.

Таң шооласы-таазим берген чагында
Жетип барсам – күтөр бекен багында?..
Тартуулайын таттуу сезим ойгонсун –
Дил гүлүнүн кызылын да, агын да.

## КЫШТЫ ТОСЧУ БИР АЗГА

Ушунчадан сага кумар артылып,
Умтуламын илебиңе тартылып.
Учкул кыял үмүтүмдү жетелейт
Улам сенин толкунуңа чарпылып.

Таттуу сезим тынчтык бербей ырдагып,
Таң атканча жүргөнсүймүн бир басып.
Турсаң дагы сезип жүрөк ыргагын,
Туюнтпайсың карегиңе сыр катып.

Ар кыл ойго бата берем отуруп,
Аралыкка мезгил тоосу тосулуп...
Ага болбой, жүрөгүңдү аралап
Аккым келет каның менен кошулуп.

Жердин шары өз огунда айланат,
Жүрөктөргө жүрөк жиби байланат.

Жыла берет мезгилди ээрчип өмүр да,
Жылдар менен жашоо изин саймалап.

Кырчын кезди, гүлгүн кезди кубалап,
Күн өтүүдө... Жыл сапары уланат.
Кыштын жолун тосчу, жапым, бир азга!
Корголоюн гүлзарыңды уялап.

## КАЙРА ЧӨГҮП БАРАТАМ

Умсундуруп учкундарын ссзимдин,
Эмнегедир, сөз катпадың унчугуп...
Кабылдым да карегине көзүңдүн –
Чөгүп кеттим тереңине тумчугуп.
Толкундары экчейт мени – шашылам,
Жан талашып кирпигиңе асылам.
Чабалактайм, анан кайра басылам,
Чыгарып кой аркан жасап чачыңан?
Өзүм билбейм – кантип келдим мөлүңө
Көрүнбөгөн жиптер менен байланып...

Туткун болдум карегиңдин көлүнө,
Канча мезгил жүрөм анда айлапып?
Телмиремин тереңинде күнү-түн,
Көрбөгөнмүн ушунчалык кыйноону.
Мустар кылба муңкангандын үмүтүн
Же унутуп калгансыңбы сыйлоону?
Куткардың сен каршы болбой сөзүмө.
Көз ирмемче өзүм калдым өзүмө.
Кандай куч бар – бүткүл сезим тартылып
Кайра чөгүп баратамын көзүңө!..

## ЖҮРӨК ОТУН АЯБА

Бүт оюмду бир өзүң
Бийлеп бирге жүрөсүң.
Күйсөм бирге күйөсүң,
Күлсөм бирге күлөсүң.

Ушунчалык сен дедим!
Уч-кыйырсыз селдемин.
Күдөрүмө суу сеппе,
Күйүп жүргөн пендемин.

Булагыма көз болчу,
Булбулума сөз болчу.
Таң нуруна кошулуп
Таалайыма кез болчу.

Таттуу ышкым, садага,
Тоңбос бекен саяда?..
Жалыныңа күйөйүн –
Жүрөк отун аяба.

## БИР КЫЗГА

Жылдар биздин ортобузга
Жылчык койбой тосулат.
Бир ошондон коркобуз да,
Сөз кайтпайбыз чочулап.

Чочулайбыз... Бирок көздөр
Бир бирине чагылат.
Купуя ойдо жаткан сөздөр
Кирпиктерге тагылат.

Тагылат да... нурга чайкайт
Сенин назик жүзүңдү.
Ышкы толгон ырга чайкайт
Менин өмүр күзүмдү.

Көрсөм дагы күздүн таңын,
Көктөм гүлүн сагынам.
Чырак кылып чачтын агын
Чыккым келбейт багыңан!
...Жылдар биздин ортобузга
Жылчык койбой тосулат.
Биз ошондон коркобуз да,
Сыр чечпейбиз чочулап.

## ТҮШҮМДӨ КУБАНДЫМ

Түндө мен түшүмдө кубандым:
Терметет күн нуру жыпжылуу.
Суурулуп ичинен тумандын
Сыйкырдай жылмайды бир сулуу.

Сөз айттым сулууга жанашып,
Сезимге өрт кетти заматта
Кошо ээрчийт көлөкөм талашып,
Кыналып жароокер тарапка.

Кызганып кучакка тартамын,
Көлөкө кучактайт кошулуп.
Колумду мойнуңа артамын
Калсын деп көлөкө тосулуп.

Ал дагы асылды мойнума,
Ак жузү жүзүмө бурулуп.

Бекиттим сулууну койнума,
Баратты сезимдер жуурулуп.

Көлөкө тепселип жатыптыр
Карасам изимди эңилип.
Көңүлгө жаз таңы атыптыр,
Көлөкө сүйүүгө жеңилип.

## ТИЛИН АЛАМ ОШОНУ

Бадыр билги, сүйгөнүм,
Карап койчу бурулуп?
Жолун тосчу, гүлдөрүм,
Аягына жыгылып.

Кайда барат мынча эрте,
Карабастан жан-жагын?
Же билбейби бул эрке
Жүрөгүмдүн жанганын?

Жалыны бар көзүндө –
Муздаганды жылытат.
Күйүп турса сезимде –
Кантип киши унутат?

Кайда шашат жалжалым
Карап койбой мен жакка?
Тарап кетер арманым
Тагдырыма гүл такса!

Керимсели тийбесин –
Желдин жолун тосомун.
Күл болгончо күй десин –
Тилин алам ошонун.

## БАРА ЖАТТЫ...

Бара жатты акырын жалын селки
Бир колуна жоолугун кармап алып.
Көңүлүмдү багынтты анын көркү,
Көз нурлары көзүмдү арбап алып.
Бара жатты гүлдөргө боюн кошуп,
Бир карашы кумарды тараткансыйт.
Санаам менен жалынам жолун тосуп,
Сууруп алып жүрөктү бараткансыйт.

Бара жатты – айлана нурга толду,
Бактар дагы кошулуп жылгансыды.
Арзуу менен дептерим ырга толду,
Ашык болуп ар бир жан тургансыды.

Бара жатты баарга татым болуп,
Билбептирмин мындайды акын болуп.
Ширин оюм учса да закым болуп,
Ширелүүдө эртеңим жакын болуп.

## ҮНДӨЧҮ

Түшүмдө да, өңүмдө да элесиң
Тарта берет махаббаттын желесин.
Учуп түшкөн жалбырактан көз албай,
Улам карайм убакыттын жебесин…

Бийик тоого бирге экөөбүз чыгалы,
Бизге калыс улар унун угалы.
Карегиңе карегимди ширетсем –
Канар бекен сагынычтын кумары?

Чалкып жаткан көл кылаасын бойлойлу,
Чын сүйүүнүн ырахатын ойлойлу.
Түрмөктөлүп бизди карай умтулган
Толкундарга таш ыргытын ойнойлу.

Куулар учат – биз да канат кагалы,
Күтүп турат көктө күндүн жамалы.
Кучагына кең ааламдын тартылып,
Көкүрөккө жылдыздарын тагалы!

Өтүп жатат мезгилди ээрчип дил көчү,
Өмүрүмө жаз тартуулап гүлдөчү.
Мүнүшкөрдүн шумкарындай учайын
Махаббаттын сересине үндөчү!

## ЖҮРӨГҮҢӨ КАТЫП КОЙ

Ар түркүн ой чырмап алат санаамды,
Айдыңымды пардалоодо караңгы.
Изи калып жүрөгүмдө, кайда өзү?
Иликтеймин ичти өрттөгөн адамды.
Ышкыны биз ыйык көрүп жүргөнбүз,
Ышкы коштоп ыйлаганбыз, күлгөнбүз.
Башты мыкчыйт басымы күч кайгы-зар,
Биздей болуп уу жутту экен кайсылар?
Көрүшкөнчө «Лайли-Мажнун» бир-бирин,
Кескен тура тагдырларды кайчылар.
Ышкынын биз атар таңын тосчу элек,
Ышкынын биз ыргактарын кошчу элек.
Оору чалды. Бирок анын эми жок,
Онтойт сезим, онтойт сүйүү чели жок.
Көкүрөктө сен деп каккан тынымсыз
Кечээки эле жүрөгүмдүн теңи жок.
Ышкыны ээрчип кол кармашып басчу элек

Ышкы отторун дилден-дилге чаччу элек.
Тагдыр кантип кынгач өттү жол буруп?
Түпсүз ойго бата берем олтуруп…
Таштадыңбы махаббаттын үстүнө
Топуракты кочушуңа толтуруп?
Жүрсүн десең өчпөй менин күйүүмдү,
Жүрөгүңө катып койгун сүйүүмдү.

## СЕН ӨСТҮРГӨН БАКТАМЫН

Сагынычым сабырымды кыйноодо
Сарсанаанын жүгүн артып күнүгө.
Жүрөк болсо тынымы жок туйлоодо
Жетүү үчүп өзү сүйгөн гүлүнө.

Сагынгандыр гүлү дагы багбанын,
Сапарынан кечикти деп мынчалык…
Жылдызга айтып ууз ышкы зарларын
Жүргөн чыгар түркүн ойго курчалын.

Менин санаам уча берет өзүңө,
Мынча ыраакта жүргөнүмө карабай.
Кыялымда көрүнсөң да көзүмө,
Кусадармын сенсиз кумар тарабай.

Мүмкүн, сен да түн күзөтүп чыгаарсың,
Махабаттын улам оту жалындап.
Ал жалындан менин үнүм угарсың,
Ар адамга парыз тура сагынмак.

Ишен, жаным, кыштан жазга баратам,
Илебине тартат ысык аптабың.
Сүйүүнүн мен көзү менен карасам:
Сен өстүргөн сан-миң гүлдүү бактамын.

## САГЫНЫЧТЫ АЙЛАНАМ

Жадыңдабы: Жаздын жаркын күндөрү?
Жашыл бактын жайнап турган гүлдөрү.
Чатырларга уя салгап чыркырап
Чымчыктардын тынымм жок үндөрү:
Эсиңдеби: Сезимдердин көктөмү?
Эсеби жок ак жаандын төккөнү?
Өзүбүзчө бөлүштүрүн алчу элек
Өркөчтөнгөн булуттарды көктөгү.

Унуттуңбу: Улуу тоого чыкканды.
Улар үнүн биринчи ирет унканды?
Азыр ойлон күйүн кетем күлү жок
Аралыктан далай жылдар учканды!

Ошол күндөр эске түшсө кайрадан,
Ошол гүлдөр эске түшсө жайнаган
Спутниктей учкул үмүт жетелеп
Сагынычтын орбитасын айланам!

## ЖАТСАМ ДАГЫ УУ ЖУТУП

Жароокерлер, көктөмсүңөр өмүргө,
Жолуңарга шиберге окшош төшөлдүм.
Сүйүүмдү чыгара албайм төгүнгө,
Силорсиңер – көркү менин көчөмдүн.

Бирде басып сүйүү курчун мизинен,
Бирде таттым күйүү мурчум турмуштун.
Көз жашьшды көрөсүңөр изимен,
Канча жолу колум жетпей жылмыштым.

Көрнөк тутуп көзгө күндүн аптабын,
Койдуңарбы жүрөк отун жашырып!..
Өрттөнсөм да өзүңөрдү мактадым
Өзүмдөн да, өзгөдөн да ашырып.

Ышкы багын сыйлагыла ар убак,
Ыйга дагы, сыйга дагы тең карап.
Мезгил жетсе мөмө бербей бак кулап,
Майданыңдан кете берет эл тарап.

Көз кароолор – котормодой сөзмө-сөз,
Кандай кылам – жүрөгүмө жетпеди.
Кошулбаса көктөмгө гүл, көзгө көз –
Көңүлдөгү көп жалындын өчкөнү.

Жароокерлер, жолуңарга төшөлүп,
Жалооруймун жүрөгүмдү туу тутуп.
Жашоо барда мактай берем көшөрүп,
Жатсам дагы ышкы ордуна уу жутуп!

## БУТА ОРДУНА КАРМАЙЫН

Кыялды ээрчип кирсем үмүт багына
Кирпигимден байлап алды элесиң.
Карегиме ышкы нуру чагыла,
Жүрөгүмө ийди күндүн желесин.

Ыраазымын жалыныңа күшүүгө,
Ашып келдим ашыктыктын белесин.
Ынтызармын жамалыңды сүйүүгө,
Айдаттырчы ырахаттын кемесин.

Жүрөгүмдү тартуу кылам, айдайым,
Толтосуна какчы сүйүү чегесин.

Жүрөгүмдү бута ордуна кармайын,
Тартып ийчи көздүн өткүр жебесин.

## ЭМНЕ БОЛДУ?

Эмне болду? Кайдан чыкты калтыс ой?
Суу сепкендей дүр дей түштү бүткөн бой.
Ууз дилге ушак сөздү сактабай,
Чып сүйүүнүн жалынына өрттөп кой!

Ырбатбачы имиш дартын, садага,
Ыкласымдын көлөкөсүн караба.
Ыксыз жерден дүрт дей түшкөн кеп үчүн
Ызаа өктөрүп жүрөгүмө кадаба.

Тозокко сал – кыйноосуна көнөйүн,
Мухитке ыргыт – тереңине чөгөйүп.
Көтөрүп кой кирпигиңди азыраак,
Көңүлүңө таң атканын көрөйүн.

Эмне болду? Кайдан чыкты калтыс ой?
От жуткандай күйүп кетти бүткөн бой.
Имиш каптап күүгүмдөнткөн сезимди
Ишеничтин мүрөгүнө чайкап кой!

## КАР БЕТИНЕ ЖАЗДЫМ КАТ

Кыял менен сылап кара чачыңды,
Кайра-кайра кайталаймын атыңды.
Кандай кылам? Карыш узап кеталбай,
Карга жаздым сага арнаган катымды...

Оттуу сөздү музду чегип кынадым,
Окуйт деген үмүт менен ынагым.

Ортобузга өзгө ышкысын жолотпой,
Ой жиптерин, дил жиптерин уладым.

Ар бир тамга кар бетинде гүлгө окшойт,
Ар бир сөзү карга түтнкөн түргө окшойт.
Аяздарга, ызгаарларга карябай,
Ар бир сабы илеби ысык күнгө окшойт.
Жол боюнан оолак өскөн карагай.
Жашыл чачын жатыгынан тарабай,
Жал-жал тиктеп окуйт меин катымды
Жигиттикке ооп калган баладай.

Кышка уурдаткан жайкы жашыл кийимин
Кайың дагы бузбай мыйзам чийимин,
Карга жазган катка алыстан көз таштайт
Карагайга жөлөп коюп ийинин...

Кыял менен сылап кара чачыңды.
Кайра-кайра кайталадым атыңды.
Кокус көрбөй Күнгө өчүртүп койбогун,
Кар бетине жазган ушул катымды?!

## ЖАЛЫН КҮБӨ

Сени мен сүйөм десем ишенбейесиң.
Сен үчүн күйөм десем ишенбейсиң.
«Орунсуз болбосун деп ооз ачсам...»
Оюңду күмөн менен кишендейсиң.

Сен барда бул дүйнөдө – мен да бармын,
Сенсиз мен аскаларда тоңгон кармын.
Тартуулайм сүйүү толгон жүрөгүмдү,
Тартынбай кучагыңа катып алгын.

Тең бөлүп жүрөгүмдү – изде өзүңдү,
Табасың тереңинен сүрөтүңдү.
Сан жылга, миң бейишке бергим келбейт
Сен менен бирге болгон мүнөтүмдү.

Айыппы, алооңо жандым десем?
Айыппы, каалооңо калдым десем?
Аяздуу ызгаарларга карабастан,
Айыппы, ышкы гүлүп алгын десем?

Сен үчүн күйгөнүм чын жалын күбө,
Сени мен сүйгөнүм чын – жаным күбө.
Күнөстүү көктөмүңө гүл өстүрүп,
Күз мекен араздашкан чагым күбө.

## ЧЫДААР БЕКЕН ЖҮРӨГҮҢ?

Айтпа, жаным, сүйүү сырын билем деп.
Шашпа, жаным, күйүү сырын билем деп,
Ашыглыктын алоосуна, шарына
Шапар тээп, шыдыр басып кирем деп.

Ырас, танбайм, ышкы жолун тантайсың,
Ышкы отуна ынтызарсың, мактайсың.
Бирок, жаным, булбул үнүн уксаң да,
Бул турмушта ачыла элек каттайсың.

Көңүлүңдөн орун таан күнчубак,
Көрүшөсүң күлкү менен ар убак.
Таттуулуктун өчпөс бекен чырагы
Түшсө кокус назик дилге таң кулап?..

Агарганча теңи кара чачыңын,
Ак тилегиң сакталабы, асылым?

Же болбосо булбул тартып өчөбү
Жар түбүндө күйгөн оттой акырын?

Сабыр болот, шашуу болот өмүрдө,
Адыр болот, ашуу болот өмүрдө.
Тоскоол болчу токсон тогуз тоо да бар
Таазим кылып баш ийбеген теңирге...
Таттуу сүйүү – тандап алган тилегим.
Татышалы таттуулуктун мүрөгүн.
Бирок өмүр бирде бийик, бирде ылдый...
Бардыгына чыдаар бекен жүрөгүң?

## КАРАЧЫ

Кеч кирди. Көктө мунарык.
Калган кез түндөр узарып.
Кызылы өчүп нурлардын,
Көчүүдө булут кубарып.
Көрүнбөйт жылдыз. Күн бүркөк.
Караймын көзүм тунарып...
Кар кыпын чачып асмандан
Каптоодо жерди кыламык.
Кара көз бир кыз каткырат
Капкадан башын чыгарып!
Карачы – үнү дилиме
Калгандай болду кыналып.

## ИЛЕБИҢДЕН НУР АЛЫП

Билесиңби, сүйгөнүм,
Бир сени деп күйгөнүм?
Чечпей ышкы түймөгүн,
Чокко таштап ийбегин?..

Жашайм сенин көзүңдө,
Карегиңе айланып.
Жашайм сенин сөзүңдө,
Илебиңе байланып.

Эриниңден ыр алып,
Үп кумарын кандырам.
Илебиңден нур алып,
Дил чырагын жандырам.

## СЫЙЫМ МЕНИН

Сыйым менин –
Жазга ырым.
Сыйың сенин –
Жүрөк сырың.

Сыйым менин –
Ырдын таңы,
Сыйың сенин –
Дилдин агы.

Сыйым менин –
Торгой үнү.
Сыйың сенин –
Тоонун гүлү.

## ЫШКЫ ОТТОРУН КИМ КӨРӨТ?

Кимдер сүйбөйт айлуу түндү,
Кимдер жазга умтулбайт.
Кимдер сүйбөйт Кызыл гүлдү,
Кимдер гүлгө көл сунбайт.

Ачылыптыр өмүр гүлүң
Адам оюн багыптып.
Угасыңбы көңүл үнүн,
Жүрө бербей сагынтып?

Гүл деп айтсам жаңылышам,
Гүл өмүрү кыска да.
Күндө өзүңдү дилге кысам
Кычыроондуу кышта да.
Баар келет сени ойлосом,
Музду жарып гүл өнөт.
Тилек менен дилди ойготом,
Ышкы отторун ким көрөт?

## ӨЧҮРБӨ

Өтүнөрүм: Ыза ызгаарын ырбатып,
Жакшылыкты жамандыкка көчүрбө.
Жатса дагы жаннат даамы суу татып,
Жадыңдагы ышкы алоосун өчүрбө.

Сакта, жаньм, сакта гүлуп ичине
Суйуу толгон таза, таттуу күндөрдү.
Эритип ыйык сезим күчүнө
Эки үмүткө нарда болгон түндөрдү.

Күнөөм бардыр, актана албайм, зеригим,
Каарыңа каптап мени, кечирбе.
Бирок, жаным, жалгыз гана тилегим:
Биз экөөбүз сүйгөн отту өчүрбө.

## ИЗДЕП БАРДЫМ

Сени издеп бардым чөлгө да,
Сени издеп бардым көлгө да.
Максаттын жарык шооласы –
Мен үчүн, жаным, төлгө да.

Таң менен кошо гүл тердим,
Таң менен кошо гүл бердим.
Тил катпай койдуң мостоюп –
Таасири тийди кимдердин?

Талпынат кушу тилектин,
Талпынат кушу жүрөктүн.
Таанышпы сага элеси
Тартылган көзгө сүрөттүн?

Издене берем көзүмдөн,
Издене берем сезимден.
Из калса болду дилиңде
Иликтеп жүргөн кезимден...

## КҮЛҮП КОЙ

Күн-түн алоосу өчпөсүн.
Күлүп кой – илеби өрттөсүн,
Күлүп кой үмүткө уланып
Кутмандуу махаббат көктөсүн.

Күлүп кой таң атсын жаркырап,
Кулпурсун көңүлдө гүлбурак.
Күлүп кой – угулсун абазың
Күү чертип жаткансып миң булак.

Күлүп кой – күлкүңдө жашайын,
Көкүрөк дарчасын ачайын.
Күлүп кой! Көлөкө түшүрбөй,
Күн нурун күлкүңо чачайын.

Күлүп кой! Күлкүдө ышкы бар.
Күлкүгө жаабасын кышкы кар.
Күлүп кой – чаңкоосун кандырсын,
Күлкүңө кумары ырчы бар.

## ИШЕНГИН, ЖАНЫМ

Тилекте кенен, жүрөктө терең
Ар убак өзүң!
Иштенгин, жаным.
Таң нурун алып күнүгө келем
Тартылыш сезим.
Ишегин, жаным.

Таңымда менин, багымда менин
Турасың өзүң!
Ишенгин, жаным.
Толкундап дилим. дирилдеп эрин,
Тил тапайт өзүн!
Ишенгин, жаным.

Жароокер, айтчы – тилексиз бир күн
Жашайбы адам?
Жашайт деш жалган.
Үзүлбөс үмүт урпактар үчүн
үзүр да, жаным, бабадан калган.

Күн сайын көзгө элестеп жүзүн,
Кучакка кысам кубаныч гүлүн.

Жүрөктөн күздүн өчүрчү изин,
Жарк эте түшсүн эртеңки күнүм.
Жадымда сенсиң.

Жалында менмин.
Жолумду нурдант жылдыздай жаркып.
Сен дагы, жаным, утурлап келгин,
Сүйүүнүн таңын берейин калпып.

Жүрөктө турат, тилекте турат
Жакшылык үмүт жандырып шамын.
Ашыглык жибин коёлу улап –
Ачылсын гүлү өмүрдүн, жаным.

## ЫР УКТУМ ТҮНДӨ

Түн бир убак. Калган эле эл уктап.
Терезимден ай шооласы баш бакты.
Орундуктун жөлөнчүнө жай ыктап,
Ойго батып карап турам бак жакты.

Бир оокумда ыр угулду жагымдуу,
Бейтааныш кыз тургансыды жанашып.
Авазына аваз кошот агын суу.
Анын ырын айдан, менден талашып.

Ыр чакырат түн койнунда зарыгып:
Ышкы алоосун өчүрбөстөн келгин деп;
Ыксыз жердей калгансыңбы таарынып?
Ызаалыктын ызгаарларын жеңгин деп.

Ким болду экен ушул ырды ырдаткан?
Кыз сезими алоолонуп күйүүдө.

Дилди кыйнап түн пардага сыр каткан,
Дабаа жок бейм – дуушар болсоң сүйүүгө.

Мукам аваз бир оокумда басылды,
Менимче, кыз ыйлады бейм шолоктоп...
Сын кылып мен да аккан жашымды,
Силерге аны жазып жатам жомоктон.

## АЛИ СҮЙҮҮМ ЖАПЖАҢЫ

Жай саратан табындай
Жалыныңа кабылдым.
Жадымдагы таңымдай
Жаркыныңды сагындым.

Нечен барып жаныңа,
Нечен кайттым сөз катпай.
Наалый берем аныма
Назик сезим жай таппай.

Ырыс тилеп гүлүңө,
Ызгаар жолун тосомун.
Ырлар жазып күнүгө,
Ышкыңа ышкы кошомун.

Мезгилдерге карабай,
Менин ышкым – гүл бурак.
Муңайтпачы баладай,
Муза тилин терс бурап?..

Ак кагазга тизилди
Ашыглыктын саптары.
Айтпа өмүр күзүмдү,
Али сүйүүм жапжаңы.

## БААР САЙЫН

Баар сайын көңүлүмдү сергитет:
Биз экөөбүз таткан сүйүү булагы.
Биз экөөбүз жаккан сүйүү чырагы.
Баар сайын көңүлүмдү эргитет:
Биз экөөбүз тапкан ышкы кумары,
Биз экөөбүз таккан ышкы тумары.

Баар сайын көңүлүмдү сергитет:
Биз экөөбүз жүрчү бактыга бүрлөрү,
Биз экөөбүз сүйчү бактын гүлдөрү.

Баар сайын көңүлүмдү эргитет:
Бизди бирге кошкой өмүр агымы.
Бизди бирге тоскон өмүр жарыгы.

Ошол кумар, ошол тумар биздеги –
Опол тоодой махаббатын издери.
Ошол бүрдүн, ошол гүлдүн бурагы –
Ошол кездин ойдон кеткис убагы.

## СЕЗЭЭР БЕКЕН

Булбул үнүн угуп үмүт багынан –
Узак калган жаздын гүлүн сагынам.
Лира десте жасап алып ышкымдан
Күтөм сени карегимдин таңынан.
Арманым жок азабыңды тартсам да,
Таалайыма гүл өстүрчү жаңыдан.

Шашып– шашып чыгат менин добушум,
Аяз чырмап баратат бейм конушун...
Райымдуулук каалгасын кең ачып,

Иликтечи күндүн кутман болушун.
Периштедей бир көрүнүп көзүмө –
Ашыглыктын баштап койдуң «согушун».

Жалооруймун элесиңе! Билесби?
Арзуумдун болор бекен тиреги?
Насип буйруп дилди баар даарыса –
Ышкы аптабын сезээр бекен жүрөгү?
Мээримине мээримимди ширетип,
Алоосуна тартар бекен тилеги?

Булак үнүн угуп сүйүү аскадан,
Улуу тоого арзымды айтып даттанам.
Лаззатына тартылам да булактын,
Кырчын чактын дарчасына баш багам:
Ашыглыктын гүлүн тигпп жолуна
Таңды тосуп бараткансыйт кош кадам.

## АЙ БОЛУП ЧЫК

Шашыламын күзгү өмүрдүн жолунда.
Шарапаттуу жаз, жай калып соңумда.
Жаштыгымдын шарын издейм мезгилден
Жаркыраган үмүт шамы колумда.

Арзыганым – кырчын кезим, ак таңым!
Алоолонткон махаббаттын аптабын.
Азыр мага баар гүлүн тартуула,
Аппак болсун буласындай пахтанын.

Раазымын жазды көрдүм күзүндө,
Раушан таң күлүп турат жүзүндө.
Не бир корктүү бакка кирсем ой менен
Нурдуу шоола көйкөлүүдө изимде.

Илебиңе жылынайын ызгаарда,
Ички дүйнөм толсун аруу нурларга.
Ынтызармын – үмүтүмө орун бер,
Ышкым калсын сени көргөн жылдарда.
Парманадай алооңо байлалам,
Пегас чөлдөп, дил мүрөгүн айланам.
Мээримиңе күн жарыгы төгүлсүн –
Мени карап күлүп койчу кайрадан.

Артылууда махаббатым күнүгө,
Асыл максат учкун чачат дилиме.
Аралыгын жакындагып үмүттүн
Аи болуп чык күүгүмүмө, түнүмө.

## СЕН ДҮЙНӨГӨ КЕЛГЕН КЕЗДЕ

Сен дүйнөгө келген кезде таңкы убак –
Салтанатка салтанаттуу шаңды улап
Көңүлдөрдү жаркыратып заматта
Күйгөн чыгар күлүңдөгөн шам чырак.

Сен дүйнөгө келген кезде таңкы убак
Сүйүнгөндүр Ысык-Көл да шаркырап.
Туу тоолордон түндү сыйрып Ай нуру
Турган чыгар терезеңде жаркырап.

Сен дүйнөгө келген кезде таңкы убак
Сырга болуп тагылгандыр махаббат.
Ышкы отторун бой тартканда берем деп,
Ырга толуп сагынгандыр махаббат.

Сен дүйнөгө келген кезде таңкы убак
Сапарыңа жолун кошкон бул курак.

Кадыр түндө кирип менин түшүмө
Кучагыма кыналгансың гүл бурап!

## ГҮЛ БОЛУП ЧЫКСЫН

Күңгөйгө аздап жан берип,
Көрүндү жаздын карааны.
Кучактап алым талааны,
Өткөрбөй тосот кар аны.
Кетсе экен бачым кар эрип.

Жамынып кыштын! олпогун,
Кулутту кийип телиектей.
Жатса да тоолор бел чечпей,
Ийиди булак эмчектей
Акырын түртүп тоң чоруп.
Кат турат кардын бетинде:
Жазылган экен бир нуска
Арналып сулуу бир кызга.
Окуптур түндө жылдыз да,
Калтырган белем кечинде?..

Чыкса экен бул кат гүл болуп
Жаркырап көктөм келгенде.
Окутуп сөзүн элдерге,
Өчүртпөй ызгаар желдерге,
Турса экен азыр дил көрүп.

## КАЙРЫЛГАНСЫЙТ ЖАШ ЧАГЫМ

Сени көрсөм, таң нурундай аппагым,
Сапарынап кайрылганеыйт жаш чагым…
Жайдын күнү бактуу булак боюнда
Жалынынан махаббаттын таткамын.

Мажрүм талдын самсаалаган шактарын
Мойнуда ороп шуру ордуна таккамын.
Таттуулуктун ташкышына багынып,
Так ошондо ышкы алоосун жаккамын.

Шуудураса желге ыргалып дарактар,
Шилтенгенсийт сан жетпеген канаттар.
Жүрөк ырын бизге кошо жаттаган
Жалбырктар – жазыла элек барактар.

Кызыктырган кош эриндин даамы.
Кызыл гүлдөй эки беттпн наары.
Көкүлүнө көркүн түйүп ошондо
Келди эле го махаббаттын баары.

...Сени көрсөм азыр дагы, ак таңым,
Сүйүү толуп кайрылгансып жаш чагым.
Тилегиме көктөм гүлүн өстүрүп,
Тартуулачы ошол жаштык аптабын!

## КӨҢҮЛДӨРДӨН ТАБАЛЫК

Жылдан жылга менин чачым агарып,
Жылдан жылга сенин жашың саналып...
Аруу көңүл арзуусуна жетнестен,
Алыс тартып бара жатат аралык.

Купуя ойдун кулпун ачпай жүрөбүз,
Туйсак дагы тилектердин жакынын.
Неге, жаным, үмүт жибин түрөбүз,
Дилди тартып ышкы отунан акырын?..

Карайм сени – таркайбы деп кумарым,
Карайм сени – өрттөсүн ден нурларың.

Сенин ышкың – жүрөктөгү тумарым,
Сени менен менин жазган ырларым.
Ырларымдан көрөм сени күнүгө.
Ырахаттын сересине үндөйсүң.
Жанды төшөп жазгы ачылган гүлүңө,
Жалынында жүргөнүмдү билбейсиң!..

...Жылдан жылга менин чачым агарып,
Жылдан жылга сенин жашың саналып
Кете электе... аруу тилек кечүүсүн
Көңүлдөрдөн, өмүрлөрдөн табалык.

## ШАЙЫ ДЕБЕ БӨЗҮҢДҮ

Бараткамбыз селки менен сейилге,
Бир-бирине кынаштырып кош колду.
Айла барбы ар кимдеги пейилге...
«Ат таап кел – минемин» деп оштонду.

Мен, чынында, жөө басууну тилегем
Бойлор бойго, дилдер дилге кыналып.
«Сени менен туташ болбойт ирегем»
Деди мага опсуз өнөр чыгарып.

Унчукпадым. Жоругуна чыдадым.
Өйдө-төмөн экчей берди сезимди.
Акырында сөз кулагын бурадым:
«Абайлагын! Шамы дебе бөзүңдү...

## СЕЗИМ КУРЧУ КЕТЕ ЭЛЕК

Кетсе да сынчы кезимдин,
Кетсе да ыркы сөзүмдүн,

Кетсе да курчу көзүмдүн...
Кете элек курчу сезимдин.
Жалбырак болуп багыңа,
Жел аргы болуп таңыңа,
Жазында келип жаныңа,
Жылынсам ышкы табыңа

Багынтты дилди илебиң.
Баардын гүлү – тилегим.
Билеби-жокпу, зирегим,
Баратат азып ирецим?

## ЖҮРӨГҮҢДӨН СУРАЧЫ

Бүт ышкынын жарыгын
Бир таарыныч бузабы?
Ынтымактын жалынын
Ыксыз ушак сызабы?

Сезимдеги жылуулук
Сөзгө келбей тоңобу?
Сүйүүдөгү сулуулук
Сур булуттай болобу?

Ширелишкен кош жүрөк
Шарт бөлүнүп кетеби?
Биригишкен кош тилек
Бир биринен кечеби?

Таттуулуктун ырларын
Таң нуруна улачы.
Жабыр тартуу сырларын
Жүрөгүңдөн сурачы.

## ЫРЫН ОКУП ЖҮРБӨГҮН

Унчукпадың. Кепке турдум мен дагы.
Алгансыңбы жүрөгүңө муз катып?
Ачуу тиет мындай кезде жел дагы
Сезимиңди, сайсөөгүңдү сыздагып.

Унчукпадың, үмүттөрдүн соңубу?
Кирпик менен жаап койдуң көзүңдү.
Көңүл жибип созсом эки колуму,
Бойду жыйрып, тартып алдың өзүңдү.

Унчукпадың. Тагдыр – менин таразам.
Кереги не жылуусу жок төрүңдүн.
Айыкпоочу оору жанды караган
Азыр мага табыпка окшоп көрүндүң.

Унчукпадың. Үздүң сезим гүлдөрүн.
Өлүм эмес, өмүргө мен жакынмын.
Эртең эле ырын окуп жүрбөгүн
Эл ичинде тирүү калган акындын.

## КАР БАСТЫ ДЕБЕСМИН

Күн ачык. Мен ачык эмесмин,
Күнөөлү сен гана дебесмин.
Карекке тартылып калганбы
Карааны үзүлбөйт элестин.

Кыялга кымбатың чагылат
Көрүшкөн кездерди жаңылап.
Кар каптап жатса да кадамын,
Кантсин дил – баарын сагынат.

Күтөмүн, көркөмүм үн катпайт,
Көңүлүм тынчыбайт, жай таппайт.
Көктөмдө кар жааган сыяктуу
Көтөртпөй башымды ой каптайт.

Алыста кан жутам ойлонуп,
Айылда жаткансыйт той болуп...
Ар күнү зарланам шар суруга,
Апкаарып түшүмдөн ойгонуп.

Кагазга жазарда сөз башын,
Калемден тамчылайт көз жашым.
Кантип дил унутат табышкан
Кутмандуу таңдагы сырдашын!

...Күн ачык. Мен ачык эмесмин.
Көктөмдү кар басты дебесмин.
Карекке тартылган сүрөттөй
Калууда. Өчүрбөйт аны эч ким.

## УУРДАЛГАН КЫЗГА КАТ

Бейубак күйгөн өрткө жандыңбы сен?
Башыңа бүркөө жоолук салдыңбы сен?
Аруу кез, ачык көңүл пардаланып,
Айрылып өз эркиңден калдыңбы сен?

Күлкүңдү көз жашыңа каттыңбы сен?
Күйүттүн кермек даамын таттыңбы сен?
Таалайдын таңын күтүп жүргөн чакта,
Тагдырдын кыянына актыңбы сен?

Ышкыңдын көчтү жазы бүрдөн турган,
Ышкыңдын өчтү назы үндөп турган.

Мисалы, бүтпөс бакыт сыяктанчу
Махаббат жүрөгүндө гүлдөп турган.

Кыянат кырсыгына көндүңбү сен?
Кайгыңды чачка кошо өрдүңбү сен?
Ой чырмап калган жандын жүрөгүндө
От күйот! Ошол отту көрдүңбү сен?

Шарт ачып каалганы чыкпадыңбы?
Шарият көшөгөсүн тытпадыңбы?
Баардын бардык гүлүн тартуулаган
Булбулдун муңканганын укнадыңбы?

Оргуштап аккан сезим тынчыдыбы?
Осолдор канатыңды кырчыдыбы?
Лаззатсыз өтчү күнгө макул болуу –
Лиранын сынып калган чырпыгы бу.

## ӨМҮР СҮРГҮН ЫРЫМДА

Сүйдү дебе – карай берсем жалдырап,
Себеби бар жалдыроонун сыр каткан.
Жүрөккө окшош турса дагы жалбырак,
Жүрөк эмес, эки ашыкты ырдаткан.

Жаз келгенде дайра ташат чамынып,
Жер жамалы жашылданат, көгөрөт,
Жыгачтардын бүчүрлөрү жарылып,
Жибек канат жадбырактар төрөлөт.

Күн күркүрөйт, чагылгандар чартылдайт.
Карагайлар чатырлантат канатын.
Көз алдында көк да, жер да жаркылдайт
Кел ошондо – ырдайм сүйүү санатын.

Сүйдү дебе – карай берсем жалооруп,
Себеби бар жалоорунун, чынында.
Жүрсөм мейли бир кубанып, миң оорун…
Өмүр сүргүн күндө жазган ырымда!

## АЛГАЧКЫ ДЕПТЕРДЕН

### 1. БИЛБЕЙСИҢ

Жаңсаймын колум келчи деп,
Жабыккан өңүм көрчү деп.

«Жабыккан мен деп ким?» дейсиң.
Жашчылык жайын билбейсиң.
Ымдаймыи көзүм келчи деп,
Ынтызар жаным көрчү деп.
«Ынтызар мага ким?» дейсиң.
Ышкынын сырын билбейсиң.

Ырдаймын үнүм укчу деп,
Ыргалбай үйдөн чыкчы ден.

«Ырдаган какшап ким?» дейсиң.
Ырымдып зарын билбейсиң.

*Март, 1941*

### 2. КАТ

Ышкыдар болуп гүлүңө,
Ыр жазам сага күнүгө.
Ачылсын десең кабагым –
Ай болуп чыкчы түнүмө.

«Гүлкайыр!» десем – «Чөп» дейсиң.
«Гүлшайыр» десем – «Өх...» дейсиң.
Көргөнү келсем таң менен:
«Көзүңдү артпай өт...» дейсиң.

Көз артпай турган сен белең.
Көкүттө калчу мен белем.
Көңүлгө батпай сагыныч,
Күн нуру менсн тең келем.

Күн нуру өбөт, мен калам.
Күн нуру өчөт, мен жанам.
Чаңкоосун дилдин басалбай,
Чангент-Сай менен бирге агам.

Ташкындап турса суу толуп...
Толкунда жүрсөң куу болун.
Тилекке улап тилекти
Таң нуру тийсе туу болуп –

Арманым менин арылмак,
Асыл бир максат табылмак.
Ааламга аруу нур төгүп
Ашыглык жолу жаңырмак.

*Май, 1941*

### 3. ӨЗҮМӨ ӨЗҮМ БАТПАДЫМ

Кыр-Жолго далай каттадым
Көрсөм ден сенин аптабың.
Өптүрдүң эле бетиңден –
Өзүмө өзүм батпадым.
Бетиме тийип аптабың –
Барпыпын ырын жаттадым.

Пирматтан таяк жесем да,
Перини сендей таппадым.

Сен болуп менин тапканым –
Сүйүүнүн отун таткамын.
Ырыма коштум сезер деп,
Ышкылуу жүрөк какканын.

*Май, 1941*

## КЫЯЛ ШАГЫ

Отурам көптөн бери карап көктү,
Ой менен омуроолоп түнкү чепти.
Кыдырып жылдыздардып аралыгын
Кыялым кылымдарга сапар чекти.
Кылым да дөңгөлөгүн тегеретти
Кастарлап кечээкини, келечекти.
Талыкшыйм сыр түйүнүн чече албастан,
Ташкынга талаштырып айтаар кепти…

## МЕНИН СЫРЫМ

Эч кимге мен кылганым жок жамандык,
Кайгырганды көрсөм – кошо кайгырам.
Адамдарга тилегеним – амандык.
Ар бир таңда ыр багына кайрылам.

Ким ыйласа – мен да кошо ыйладым,
Күлкүсүнө күлкүм менен кошулдум.
Жакшылыкты жаным менен сыйладым,
Жамандыкка каным менен тосулдум.

Ким кубанса – төбөм көккө жеткенсийт,
Жылдыз десте жасайм ага тартууга.

Ким боздосо – жер жарылып кеткенсийт.
Кыйналамын сөз табалбай айтууга.

Кубанычтар болсун дайым канатчан,
Күйүп турсун көз оттору нурданып.
Адамдарды ызгаарларда бараткан
Жылытайын жүрөккө ороп ыр жагып.

Мен эч кимге кылганым жок жамандык,
Кубантанды көрсөм – кошо кубанам.
Адамдарга тилегеним амандык,
Амандыкка аткан таңдай уланам.

**ГҮЛ**

Гүл көрдүм жарып чыккан жалпак ташты,
Калдайып калкалаган жер жамалын.
Күн дагы гүлгө эңилип саламдашты,
Карайм да – кайратына таң каламын.

Таажысы жалынга окшойт ушул гүлдүн,
Таш курчан турса дагы айланасын.
Көрбөгөм гүлдү мындай назик гүлгүн!
Колуңду узатуудан тайманасың.

Назик гул таш жыртыгын кылган конуш,
Назданып булбул куштун карайт жолун.
Бейжайлар келып калып мында кокус,
Бул гүлгө сунбаса экен жуксуз колун...

Жанымды салып туруп алаканга
Жалынсам – айтканыма көнөр бекен?
Какшыган таш үстүнөн жүрөк канга
Көчүрсөм – тамыр сайып өнөр бекен?

## БИЛСЕ БОЛДУ СЫРЫМДЫ

Эч ким мени билбейт али акын деп,
Мүмкүн, азыр орундуудур бул жагдай:
Кыйкырык жок, кызгануу жок, жактоо жок,
Көздү көрүп кокөлөтүп мактоо жок...
Кала берсе, арбын эмес айтар кеп.
Мүмкүн, азыр орундуудур бул жагдай.

Акындыктын машакаты көп экен,
Калбырынан өтпөйт бардык жазганым.
Ошондуктан, ой жиптерин чырмашам,
Өзүм менен өзүм күндө чырдашам...
Ылгап көрсөм көбү отоо чөп экен –
Калбырыман өтпөйт бардык жазганым.

Үмүт тоосу чакырууда өрүнө.
Жаза берем. Унутулуп калбасмын.
Кыял менен ыр дүйнөсүн башкарам
Кол сала элек, жол сала элек башка жан.
Гүл өстүрөм чөккөн көңүл чөлүнө.
Жаза берем. Унутулуп калбасмын.

Ыр дүйнөсү – үмүт багым, турагым,
Ансыз кантип өмүр сүрдүм демекмин,
Мени көрбөй, окугандар ырымды
Билсе болду азбы-көппү сырымды...
Өчүрбөстөн эки көздүн чырагын,
Күндүр-түндүр дептериме ыр эктим.

## КЕЧМЕЛИК

***(Аалыны туурап)***

Жаштык – дайра, ага сүйүү кечмелик.
Жолугабыз эрте келип, кеч келип.
Кечкен дагы, кечпеген да кеп кылат
Кечмеликтин кереметин эскерип...

Кечмеликтин кереметин эскерип
Коюлуптур, коюлууда эстелик.
Көргөн жан жок, эстеликтер сезимде.
Ким болбогун – көрчү өзүңдү текшерип.

Ким болбогун – көрчү өзүңдү текшерип,
Кечмеликке жел кайыксың экчелип.
Көңүлдөгү жазуулардын алиге
Коюла элек барактары беттелип.

Коюла элек барактары беттелип,
Көктө жатат, жерде жатат тепселип...
Көктөн жыйнап, жерден терип күкүмүн
Кынаштырдым ыр тезгиден өткөрүп.

Кынаштырдым ыр тезгиден өткөрүп,
Көрөсүңөр эрте келип, кеч келип...
Жүрөк, сезим тынымы жок сапарда,
Жаштык – дайра, ага сүйүү кечмелик.

## ЫРГА ТҮШТҮ ИЗДЕРИМ

Сагынычты чарк айланса бүт сезим –
Салам берет терезелемден жаш кезим...
Шамдай болуп күүгүмүмө жагылды,
Шуру болуи кириигиме тагылды,
Чагылгандай карегиме чагылды,
Чаман гүлгө безеп койду багымды.

Курчап алды махаббатын жалыны
Күздү көздөй мелүүн тарткан чагымы.
Жылуу сезим үшүн алып салкындын,
Жазды көздөй, жайды көздөй талпындым.
Тосуп чыгып кадыр түнүн жаркындын,
Толкундаган жаш куракка чарпылдым.

Толкун улам көмөт менин изимди,
Тоо шамалы өбөт менин жүзүмдү.
Ыдыратын толкундардын тизмегин,
Ыргагынан ышкы алоосун издедим.
Кадыр түнгө калтырарда күз демин,
Кумга түпшөй, ырга түштү издерим.

## КЕЧЕМ

Шооласы жок, күнү жок
Теңирден кечем.

Ноодасы жок, гүлү жок
Сеңирден кечем.

Кызылы бар, жыты жок
Гүлдөрдөн кечем.

Кыжылы бар, куту жок
Дилдерден кечем.

Жарыгы жок, нуру жок
Күйүүдөн кечем.

Жалыны жок, сыры жок
Сүйүүдөн кечем.

Жалганы көп, чыны жок,
Жакындан кечем.

Жазганы көп, ыры жок
Акындан кечем.

Каалоосу жок, эрки жок
Көңүлдөн кечем.

Алоосу жок, көркү жок
Өмүрдөн кечем.

## КҮНҮМДҮККӨ КӨНГҮМ ЖОК

Керсары болгон сөздөрдү
Керемет бул деп мактабайм.
Кемпирлер кийбес бөздөрдү
Келечек үчүн сактабайм.

Кунары кеткен шооланы
Кутмандуу күндө мактабайм.
Курумшу болгон шоонаны
Күмүшко ороп сактабайм.

Курмушу, бөздү бөктөрүп,
Куптанды таң деп келгим жок.
Күмүш деп күлдү өткөрүп,
Күнүмдүк жемге көнгүм жок.

## УШУЛ ЖОЛГО КЕРБЕНБИЗ

Тагдыр кээде үмүттөрдү агызат,
Тагдыр кээде өчкөн отту тамызат.
Бул тагдырдын кербенибиз биз дагы
Бара жаткан башталыштан ары узап.

Башталыштын башатында баар бар,
Башталыштын башатында наар бар.
Базарынан каалаганы табылган
Багы жашыл жаштык деген шаар бар.

Баарды улан бул базарга жай келет,
Бозой, селки бой түзөтчү ай келет.
Көңүлдөргө сүйүү чачкан ушул кез
Күнгө дагы, гүлгө дагы бай келет.

Башталыштан сапар тарткан төрөлүү
Басып өтүп даражасын көгөрүү
Кубанычты кучагына толтуруп
Күлүндөгөн күзгө келет мөмөлүү.

Сапарды улан ак муруттуу кыш турат,
Сапырылган кар тозоңу бетке урат...
Каарына бурганактын карабай,
Кыялды ээлейт гул кучактуу кыз бурак.

## АЧУУ ТИЙДИ КАМЧЫСЫ

Илхам келип жамгырга окшоп төгүлүп,
Толкундатты жүрөк кандын агымын.
Илхам келип жалынга окшоп көрүнүп,
Багыттады балбылдагап жарыгын.
Жамгырынан сузун алдым бир кашык,
Жалынынан үзүп алдым бир тилим...
Калганы бут учуп кетти кырды ашып,
Кагазыма өстүргөнчө ыр гүлүн.

Илхам келип убакытка карабай,
Уйкумду алды – артты жүрөк туйлоосу.
Жалдыраймын жетим калган баладай,
Көптүк кылып сыйлоосунан кыйноосу.

Илхам деген кайыры жок түш экен,
Учуп кетти сыйлоолорун артынып.
Илхам деген байыркы жок күч экен,.
Учуп кетти кыйноолорун калтырып.

Илхам болуп тынбай жааган нөшөрдөн
Ойдо калды бирин-экин тамчысы.
Мен артынан сая кууп көшөрсөм –
Ошончолук ачуу тийди камчысы.

## КААЛГАМДА ТУРУПТУР

Ар күн сайын эрте туруп, кийинип,
Сыртка чыгам көрүшүүгө Күн менен.
Шоолалары булуттарга чийилип,
Тар шоокуму учурашат дил менен.

Бүгүн дагы чыксам Күндүн жолуна,
Тоо башына тийген экен тунук нур.
Күлүмсүрөп бубак карман колуна
Куз маалы каалгамда туруптур.

Салам бердим.
Чоочунсырап карадым.
Жүрөгүмдү чыйрыктырды шамалы.
Күн нурларын салаам менен тарадым,
Жакындады мага күздүн кадамы...

Кыял күтүп, кыз сыяктуу каткырып,
Колу менен сылап койду башымды.
Билбей калдым боёгонун ак кылып
Бир заматта коодой кара чачымды.

Күздөн качып... Күн нуруна бекиндим.
Кутулбадым. Этегимден кармады...
Ошол күнү күзгө өптүргөн бетимдин
Бырыштары дасмалдасам жанбады.

## АЙТПАСА БОЛДУ

Алыстап жаздын жарыгы,
Арбыды күздүң арымы.
Азайып жаштык гүлдөрү,
Агарды чачтын жарымы.
Акылга коюн тараза,
Аралайт кыроо багымы.
Аз-аздан күүгүм каптоодо
Агарып атчу таңымы.
Антсе да айдан көз албайм,
Азапка салып жанымы...
Алоого карман өзүмдү,

Ардантып асыл сезимди,
Ак куулар мойнун койкойтком
Айтпаса болду карыды.

## КҮТӨ БЕРЕМ

Кечке жуук. Көл боюнда турамын.
Карегиме кызгылт нурлар чагылат.
Бозой чагым – кырчын талдай убагым
Бараткансыйт улам менден арылап.

Булуттардан өрттөй шоола чубалат,
Бир жак чети көл бетине малынып,
Өжөр толкун жаштыгымды кубалап
Өтүп кетти борчук ташка чабылып.

Токтотууга жаштыгымды талпынам,
Толкун жышыйт майда кумду шарпылдап.
Жамалында айдың көлдүн чалкыган
Жаткансыды сан-миң күзгү жаркылдап

Катып алып менин жаштык кезимди
Кырка тоого бекинүүдө жарык нур.
Кыйноолорго салып коюп сезимди,
Кум бетинде изи гана калыптыр.

Кечке жуук. Көл боюнда сакчыдай
Көз ирмебей көп үмүттү кайтарам.
Күтө берем күздү күткөн бакчыдай
Келеби деп жаштык чагым кайтадан...

## УЧКУНДАРЫН ҮНӨМДӨЙМ

Мезгил менен эсептешкен эмесмин,
Жаштык коштоп жалын болуп жүргөндө.
Жатып-туруп кабыргама кеңештим,
Жылдар, айлар жаштыгымды сүргөндө...

Жылдар өттү убакытка чырмалып,
Жашчылыктын жалынына тойбостон.
Жылдар кетти өңүмдөгү нурду алый,
Жалынсам да бир кайрылып койбостон.
Азыр болсо жаштыгымдын кечээги
Азаюуда жашоодогу эсеби.
Оймо-чийме издер каптап чекени,
Орун алды улгаюунун кезеги.

Баштагыдан эми мезгил бат учат,
Басар жолдун баш-аягын карабай;
Алдын тосом гүл көтөрүп бир кучак,
Асыламын этегине баладай...

Убакытты токтото албай жүгөндөп,
Уучумда калгандарын түгөлдөйм.
Урунттуусу кеткен экен түмөндөн,
Учкундарын уйку көрбөй үнөмдөйм.

## КӨҢҮЛҮМ ТОКТОО

Өмүрүм сызат,
Көңүлүм токтоо...
Жүрөктө турат
Жаз гүлүн жоктоо.

Түштүбү дешет
Чачыңа кыроо?
Боорду эзет
Ушундай суроо.

Мен болсом таңдан
Күтөмүн нурду.
От алып андан
Ширетем ырды.

## ЖАШТЫК БАРДА

Жаштык барда карлар эрип гүл чыгат,
Жаштык барда муз да жылуу сезилет.
Жаштык барда жарашыктуу үн чыгат,
Жаштык барда жароокерлер кезигет.

Жаштык барда тоо да жапыз көрүнөт,
Жаштык барда күүгүм дагы жол берет.
Жаштык барда ыраак келет берилеп,
Жаштык барда гүлгүн дагы кол берет.

Жаштык барда кечүү берет дайра да,
Жаштык барда жай аябайт салкынын.
Жаштык барда кол сунасың айга да,
Жаштык барда селки катпайт алкымын.

Жаштык барда таптуу болот жалын да,
Жаштык барда таттуу болот сезим да.
Жаштык менден кетээр замат жалт берип,
Жакпай калды сулууларга,
Жүзү оттой жылууларга, сезим эмес, сөзүм да.

## КАМЧЫЛАН

Ыр жазам деп кыялданып отурам,
Ыргактарын издеп өзөн шарынан.
Жулун кетет уйкаштарын оюман,
Желаргыга жаш балача таарынам.

Анан туруп ары-бери басамын,
Ар кыл ойлор келет жакын санашып.
Жазайын деп дептериме шашамын,
Жеткенчекти калам кайра адашып.
Өкүнөм да бармагымды тиштеймин,
Өзөн шары өзүнчө ырдап жаткансыйт.
Ынтаа коюп илхам сөзүн издеймин,
Ыргактарын тереңине каткансыйт.

Толкун жалы жээктерге чабылат,
Ташка, гүлгө седеп тагат тамчыдан.
Айткансыйт шар: «Иштегенге табылат
Аруу ырлар. Ышкоо болбой, камчылан!»

## БАЛДАРДАН КӨРДҮМ ӨЗҮМДҮ

Балалык күндөр бир кызык!
Балалык күндөр башка да.
Чие издеп ташка тырмышып
Чыкканбыз эчен аскага.

Балалык күндөр эң кымбат!
Кулунчак миндик ат кылып.
Келчүүбүз кээде үйге ыйлан
Арыга бетти чактырып.

Балалык күндөр армансыз!
Көнөлөк куудук талашып.
Балапан уулап барганбыз
Бадалдуу жерге бел ашып.

Көк шибер чөпкө отуруп,
Гүлдөрдү тапнап жыттадык.
Козу-улак менен кошулуп
Короодо далай уктадык.

**2**

Жаз менен бала ынтымак,
Сагынат, күтөт бир-бирин.
Бала да, жаз да – гүл бурак,
Бир кескен белем киндигин.

Уз кен жаз ай тени жок,
Безеген түргө жер бетин.
Жалбырак менен гүлгө ороп
Чыгарат бактын келбетин.

Нурларга булут жол берип,
Аз-аздан көктөн сүрүлөт.
Чиренее терек бой керип,
Ак кайың сылык жүгүнөт.

....Чыкчубуз үйдөн таң ата,
Оюндан оюн жаралат.
Кайтчубуз үйгө күн бата
Коктуну, тоону аралап...

**3**

Акырын жылын жаз кетти
Гүлдөрдү сыйрьш талаадан.

Аңгыча шашып жай жетти
Аптабын жерге кадаган.

Саксайып гүлсүз чачтары
Саргая түштү куурайлар.
Сабагын ийип баштары
Сарытал болду буудайлар.

Саргайган төрдү табалап
Саратан сайрайт тынбастан.
Сары өзөн боюн сагалап
Салкындайт уйлар жылбастан

Кейитет балдар энесин
Кечке ойноп үйгө кирбестен.
Күйгүзөт бетин, денесин
Күн өтүн көзгө илбестен.

Боругуп терден ысыкта
Чыгышат тоонун башына.
Өз атын жазуу кызык да
Асканын жазы ташына.

**4**

Күз келди асыл энедей
Артынын данын, жемишин.
Дасторкон жайды ченебей
Тартуулап жердин бейишин.

Ак төөнүн карды жарылды –
Бардыгы дыйкан дөөлөтү.
Мөмөдөн шуру тагынды –
Бактардын ушул сөөлөтү.

Биз үчүн күздүн белеги –
Бул жерге мектеп курулду.
Желбирейт кызыл желеги,
Коңгуроо үнү угулду.

Биринчи ушул мектепте
Бир айыл бала кошулдук.
Биринчи туруп иретке,
Биринчи тыптынч отурдук.
Биринчи ачып дептерди,
Биринчи «А» деп баштадык.
Баягы тентек кездерди
Билгизбей артка таштадык...

**5**

Энедей күзгө эркелеп,
Эсимде, бир топ жыргадык.
Кыш келди анан желкелеп,
Ызгаары карга чырмалып.

Кыштын да кыштай күчү бар,
Агарган кардан көз таят.
Кышты да сүйгөн киши бар,
Биз үчүн жыргал – жылгаяк!

Кар малтап чийир салабыз,
Мектепке күндө барабыз.
Чыт курсак ойноо балабыз,
Чырдашып кээде калабыз.

Окуду анан чоңдор да,
Окуудан эч ким калбады.
Ойт берип кетип колдор да
Олдоксон жазат тамганы.

**6**

...Жаз келди кайра төрөлүп,
Келбеди мага балалык.
Айланам турса көгөрүп,
Баратат чачым агарып.

Көркүнө чыкты талаа-түз
Кызыл гүл тагып кайрадан.
Коңүлгө түнөп коңур күз
Көп ойго жипсиз байланам...

Көңүлүм менен чырдашып,
Көчөгө чыктым күбүрөп.
Көпөлөк кууп чуркашып
Келатат балдар дүбүрөп!

Ойлотту алар сезимди
Ойлотту өткөн кезимди.
Балдардан албай көзүмдү,
Балдардан көрдүм өзүмдү!..

## САЛАМЫН БҮЛҮК

Жашарып кетем келгенде көктөм,
Балалык кезим тургансыйт күлүп.
Шооласын төгөт күн дагы көктөн,
Көңүлгө чөккөн ызгаарды сүрүп.

Төгүлөт күндүн таасирдүү нуру,
Мемирейт аалам, мемирейт адам.
Көз жаштай тунук шүүдүрүм шуру
Мөлтүрөп турат чөптөрдө арaң.

Көктөмдө баары төрөлөт кайра,
Эл менен чыгат эмгектин шаңы.
Жарыштан калба – жаныңда пайда
Таттуусу дагы, ачуусу дагы...

Жүрөктө турат көктөмдөй жаш чак,
Үмүттү ээрчин гүлдөрдү терет...
Кээ бирөө кетсе жарыкты таштап,
Кээ бирөө жолун уланта берет.
Жашарын кетем келгенде көктөм,
Жигиттик чагым тургансыйт күлүп.
Күч-кубат алын жер менен көктөн,
Карылык, сага саламын бүлүк!

## УУЛУМА АЙТАМ

Кең дүйнөгө келди-кетти адамдар,
Кең дүйнөдө көп алмашты замандар...
Келип мен да... өтөп өмүр убагын
Куруудамын турмуш-жашоо дубалын.
Эмгектенип, ичип мүрөк булагын,
Күндө өмүрдүн бийигине чыгамын.
Аябастан гүлдүн, дилдин бурагын
Ак ниеттүү адамдарга сунамын.
Өчүрөрдө өтмүш дүйнө чырагын...
Уулума айтам:
Калганын сен улагын!

## ЖАРДЫК

Мен көз жумсам алтынымдын бардыгын,
Мен көз жумсам мал-пулумдун бардыгын
Душманыма гүлгө ороп бергиле –
Ушул менин айта турган жардыгым.

Өмүрүмдүн таттуулугун белек деп,
Кара кийген алганыма бергиле.
Өмүрүмдүн бактуулугун серептеп,
Ата сүйгөн балдарыма бергиле.

Калемимди түшпөй келген оң колдон –
Ырга күйгөн баш акынга бергиле.
Дептеримди актай калган бүт бойдон –
Ырды сүйгөн жаш акынга бергиле.

## БААР САЙЫН ГҮЛДӨСҮН

Мен көз жумсам көмгүлө ыйлабастан,
Тирүүлөрдү тирүүлөй кыйнабастан.
Бак түбүнө койгула сөөгүмдү,
Кучактайын тамырын туйлабастан

Кабырыма келгиле сейил куруп,
Күлкүңөрдү жатайын дайым угуп.
Каным менен бул бакты сугарамын,
Отоо чөбүн тирүүлөр коёр жулуп.

Баар сайын гүлдөсүн кабыр багы,
Бирден үзүп жыттасын кыздар аны.
Ырга ышкылуу кыздардын жүрөгүнө
Тарай берсин гүлдөгү акын каны.

## ЖАШОО КУМАРЫ

Жер бетине келсем Күндү сагынып,
Жер бетине келсем нурду жамынып...
Жылдыздарды көк асмандан көчүрүп,
Жамандыкты жамалынан өчүрүп,
Жер жылмайды баар гүлүн тагынып.

Жаз кош колдоп тосуп алды өзүмдү,
Жылуулукка кошуп алды сезимди.
Үн угулду:
Алоо болсун өмүрдө!
Гүл сунулду:
Каалоо болсун көңүлдө!
Суроо бердим:
Алоо деген эмне бул?
Жооп уктум:
Улуулугу өмүрдүн.
Суроо бердим:
Каалоо деген эмне бул?
Жооп уктум:
Сулуулугу көңүлдүн.

Эркелетип эң биринчи таң атты.
Энчиме алдым күрөш деген жаракты.
Тирүүлүктүн сапарына аттандым
Тагып алый жашоо деген канатты.
Күндү көрдүм кирпиктерден баш багып,
Келечегим боло түштү жапжарык.
Өмүр бүрдүү, өмүр гүлдүү аңкыган,
Өмүр сырдуу, өмүр нурдуу жаркыган.
Кумарланып жыпарына, таңына,
Кутман күндүн кучагына тартылам.

Эмнегедир өмүр менен жүрсөм да,
Ээрчийт өлүм калбай менин артыман...
Өмүр мизин кайрап алып нурларга,
Өжөрлөнүп чыга берем кырларга.

Көз алдыман кенен дүйнө жаркырайт
Келечекти безеп гүлгө, ырларга.
Жакшылыкка жетелетип санаамды,
Жерге кошо чарк айланам ааламды.

Издер, издер…
Тирүүлүктүн жолу ушул.
Издер, издер…
Тирүүлүктүн соңу ушул.
Издер, издер…
Таразасы жашоонун.
Издер, издер…
Тогуз жолдун тоому ушул.
Издер менен чыксаң дагы серепе,
Из тереңин жылдар менен ченебе.
Билгиң келсе – издердин да изи бар,
Бул дүйнөдө – жашоо деген кемеде.
Өмүр изин кээде иңирге уткуруп,
Өчүп калат урагансып кемеге.
Өзгөлөргө жашоо соңун өткөрүп,
Өз койнуна тартып алат жер-эне…
Көп жашоону күтсө дагы жүрөгүм,
Бирок, достор, силерге бул айтаарым,
Баар сайын тирүүлүккө кайтамын!
Биротоло жексен болуп калбаймын,.
Бул дүйнөнүн куттуулугун танбаймын.
Кумарына жарык күндүн канбастан,
Курдаштарды кангы отуна салбастан,
Жашоого мен кайрыламын нур болуп,
Жаштар үчүн жан сергиткен ыр болуп;
Ар бир таңда шоола болуп көрүнөм.
Ар бир жазда нөшөр болуп төгүлөм;
Ар бир түндө чакмак болуп чагылам,
Ар бир үйгө чырак болуп жагылам;
Ак ниеттин тилегине кошулам,
Арамзага аска болуп тосулам;
Чаңкаганды башат болуп кандырам,
Чын сүйүүнүн өчкөн отун жандырам;
Жаркыраган көңүлдөргө кубанам,
Жашап турган өмүрлөргө уланам!
Тануу жок да тирүүлүктүн кумарын…

## СЕГИЗ САП ЫРЛАР

### 1

Мейличи, кыш өмүрдүн жалбырагын
Бирден үзүп түшүрсүң жели менен;
Махаббатка катам да чачтын агын,
Жазды карай бет алам сени менен.
Мейличи, түн түнөрүп жолду жапсын,
Чыкпай калсым ай дагы каптай булут.
Маяк кылып шоолагып махаббаттын
Таңды карай сүзөмүн кулач уруп.

### 2

Көкүлүнөн өптү эле күндүн нуру –
Өсүмдүктөр ойгонду сыланышат.
Көкөлөгөн көктөгү торгой ыры
Жарык менен жарышты үн алышып.
Бакта чымчык сайраса чыру-чыру,
Чыт курсактар чуркашты кубанышып.
Айтыла элек жүрөктө барбы сыры –
Шыбырашат гүл кыздар кыналышып…

### 3

Сагынганда сап гүлдөрдү жайнаган –
Сүйүү багын үмүт менен айланам.
Кусалыкты гүл жыттары кандырбай,
Купуя ойдун дайрасына кайра агам.
Көрбөй калсам жамалыңды сагынам,
Көргөн сайын жалыныңа кабылам.
Көкүрөккө алоо толот заматта
Карегиңдин, илебиңдин табынан.

**4**

Билбейсиңби сүйгөндүгүмдү?
Бир сени деп жүргөндүгүмдү?
Сан жетпеген сенин өртүңө
Сезбейсиңби күйгөндүгүмдү?

Уккум келет сайраганыңды,
Убададан тайбаганыңды...
Көргүм келет күндө багымдан
Кызыл гүлдөй жайнаганыңды...

**5**

Тоолор сүйлөйт токтоо гана кобурап:
«Талант деген дайра болот ташыган.
Жорго болбойт камчы менен чобур ат,
Жаратылыш бербеген соң башынан...»

Тоо айткандай акындарда тамтак бар,
Тоңголокту жонуп туруп ыр дегин.
Акыйкаттан алыс калган жалтак бар,
Ак көпшөктү көрүн турун сын деген.

**6**

Таттуу ойду жүргөнсүймүн аралап,
Тартылуунун күчү сенде, көктөмүм.
Тилегимдп, жүрөгүмдү жаралай,
Тагдырыма жактың ышкы өрттөрүн.

Арабызда ашуу да бар, кыр да бар –
Алыстаткан жазды күздүн эркинен.
Айтыла элек арзуу да бар, сыр да бар,
Айрыла элек махаббатым көркүнөн.

**7**

Жаштык сыры жылдырда эмес, көңүлдө,
Жаз жамалын сактай билген өмүрдө.

Жаштык сыры келбетте эмес, эмгекте,
Жамандыкты, арамдыкты жеңмекте.
Жаштык дайым өңүн бурбайт арчадай,
Жаштыгыңды сактай билгин калчабай.

Жаштык сыры ар бир жандын дилинде,
Жаңылыктын, аруулуктун гүлүндө.

**8**

Көл түбүнө жылдыз түшөт түнкүсүн,
Жуунат бейм күндөн каткан жамалын.
Кыздар катат көкүрөккө күлкүсүн –
Каткан сыяк жибек кофта мамагын.

Жалбырактын бактан түшүп жатканы –
Жакшылыкка төшөлүүгө шашканы.
Жаш бозойдуп үзбөй жазган каттары –
Сүйбөгөнү сүйгөнүнөн башканы.

**9**

Кээ бирөөлөр айтат музду жылуу деп,
Кээ бирөөлөр айтат тузду улуу деп.
Кээ бирөөлөр айтат сузду сулуу деп,
Кеп талашып айтам – кызды сулуу деп.

Ошондонбу, ышкы илебин жыялбай,
Ойлой берем от кыздарды кыялбай.

Октосу күч көктөмдөгү кыяндай
Омуроолойм карылыкты уялбай.

**10**

Ар дайым ырыма окшоп жанымдасың,
Кантейин!.. Жазылбайсың ыр сыяктуу.
Ачылган кызыл гүлдөй багымдасың,
Кыялды жарык кылып нур сыяктуу.

Сез катпайм. Сапар улайм – изим жолдо
Дем берип жашоомо жүрөсүң сен.
Калемди, ак кагазды алсам колго –
Кашкайып көз алдымда күлөсүң сен.

**11**

Көрктөнүп өсүп турган гүл кыйрады.
Көкүрөк муңга толду. Түн туйбады.
Каргаша капылеттен пайда болуп,
Кайгынын уусун жутуп дил ыйлады.

Айрылуу – бүт азаптан кыйын экен,
Акылды тозоңдоткон куюн экен;
Ааламын көк жалама муз каптаган,
Аяздуу, айсбергдүү Уюл экен.

**12**

Бирөөлөр басса кыбырап,
Бирөөлөр сүйлөйт шыбырап.
Бирөөлөр жазса тыңыраак,
Бирөөлөр бийлейт тыбырап.

Бирөөлөр карайт көзүңдү,
Бирөөлөр талайт сөзүңдү.
Бирөөлөр санайт бөзүңдү,
Бирөөлөр сабайт сезимди...

**13**

Ырымдан сырымды издеп табар бекен
Ышкынын бойлогондор ыргактарын?..
Алоосун махаббаттыи жагар деген
Ой менен саптарына ыр каткамын.

Ошол сыр, ошол алоо, ошол ыргак
Жаралган жароокердин жаркынынан.
Акырын карап койсо сени кылчак –
Ай чыгып келаткансыйт алкымынан.

**14**

Элүү жылды өткөрдүм,
Элүү жолу жаз көрдүм.
Элүү жолу эскирип,
Элүү жолу өзгөрдүм.

Эчен жолу дос таптым,
Эчен жолу кас таптым.
Эчен жолу гүл эгип,
Эчен жолу таптаттым...

**15**

Өрттөн коюп сезимди илебиңе,
Өзүң кайда кылчайбай баратасың?
Тилегимди кошордо тилегиңе...
Жүрөгүмдү жазыксыз канатасың.

Карап кончу толгонуп, кабак чытпай,
Кадимкидей көңүлүм баар тапсын.
Кара өзгөйдүн кар кошкон сөзүн укпай,
Кайрыл, жаным, сүйүүнүн таңы атсын.

**16**

Эңсеп-эңсеп гүлгүн жаштык курагын,
Эсеп жеткис ой дүкөнүн курамын.
Узун түндөр сапырылат уйкусуз,
Унуталбай ууз сүйүү кумарын!..

Жарк-журк этсе чагылгандуу сагыныч
Жалынына дилди төшөп турамын.
Жаштык, сага окутайын, сабыр кыл,
Жүрөктөгү махаббаттын тумарын.

**17**

Баары уктасын, Сен уктаба, ынагым,
Өчүргөнчө асман жылдыз чырагын.
Баары уктасын, Сен уктаба, жыргалым,
Тыңшан бактан булбул куштун ырларын.

Баары уктасын, Сен уктаба, алтыным,
Тартуулайын таңдын нурун, жаркынын.
Баары уктасын, Сен уктаба, зирегим,
Кошулганча тилегиме тилегиң.

**18**

Түтөктү болбой курумга,
Түрткүнчү болбой бурумда,
Таштанды болбой ырымга,
Тамеки болбой чылымга,

Таскара болбой тынымга,
Таптешик болбой чыгымга
Таңшып өлүү – эр иши!
Таңданып калсын эл ичи…

**19**

Кайгырбачы, жалжалым, кабак бүркөп,
Күрөп ташта карларды сезимдеги.
Кирпигинди көтөрчү ирмеп-ирмеп,
Күн чайкасын күүгүмдү көзүңдөгү.

Капаланба, ынагым, кабак чытып,
Көргүм келбейт кыроону гүлүңдөгү.
Кененирээк дем алчы аба жутуп,
Кермек кетсин түнөгүн дилиңдеги.

**20**

Күндөр өтсө – күндөр келет жаңырыш,
Кээде күлкү, кээде кайгы тагынып.
Көңүлдөрдө жаштык күйүп турса да,
Карылыктын сели катпайт чамынып.

Жылдар кетсе – жыл жаңырат кайрадан,
Жаштык таңын бутагына байлаган.
Жүрөктөргө кызыл гүлдү таксак да,
Жылдар бизди айдаганы айдаган…

**21**

Бир таттуулук жатат дилде жашынып,
Бирок аны айталбайбыз батынып.
Багбан кылчы багыңдагы гүлдөргө,
Баар сүйгөн сыр калбасын катылып.

Кең жайылсын өмүрлөрдүн кулачы,
Көңүлүмө көңүлүңдү улачы?
Жалынына жылынайын ызгаарда
Жүрөгүңө жүрөгүмдү кыначы.

**22**

Мен сагынам, мейли мени сагынба,
Мен жалынам, мейли мага жалынба.
Сересине үмүттөрдүн чыгарда
Сен кабылба – мен кабылган жалынга.

Асыл болсун, аруу болсун өмүрүң,
Ачыл гүлдөй ар бир күндүн таңында.
Махаббаттын булагына чач жууп
Мажрүм талдай өссөң болду багымда.

**23**

Бир кездерде чоң дайра элек күрүлдөп,
Көңүл куунак, оттуу көздөр күлүңдөп.
Бирок эми эмне болду – билбеймин.
Түшкөн чачтай баратабыз бириндеп...

Бир кездерде толкун элек шарпылдан,
Нурлар ага чагылчу эле жаркылдап.
Бирок эми эмне болду – түшүнбөйм,
Мамилелер бара жатат салкындап...

**24**

Өтөсүң күндө кыйгачтай басын,
Жүрөккө сүйүү учкунун чачып.
Өтөсүң күндө кашыңды кагып,
Жүрөккө сүйүү алоосун жагып.

Өтөсүң күндө гүл алып колго,
Өтсө деп күндө эки көз жолдо.
Өтө бер күндө – өткөнүң өмүр,
Өрттөсөң дагы – өзүңдө көңүл.

**25**

Жылдызсыңбы?
Нур кызсыңбы?
Карегиме кайсы күнү чагылдың?
Издеп жүрөм алоосунан жалындын.
Издейм тынбай Кызды нурдай
Кун чыккандан – күн батканча,
Түн сүрүлүп, таң атканча.

## ТӨРТ САП ЫРЛАР

**1**

Сыңар ойду түзөттүм курапштырып,
Сынак сөздү ширеттим кынаштырып–
Пайда болду төрт сап ыр акырында
Бир мааниге жашоосун улаштырып.

**2**

Эртеңимди бүгүн баштадым,
Эмгек менен түндү сыдырып.
Коштоп алды мени жаш чагым
Келечекти жүрдүм кыдырып.

**3**

Жоо келгенде биздин ата конушка,
Жөнөп кеттим курал алып согушка.

Жанды сактап, башты окопко катпадым,
Жаалдапын, каарданыш ок учса.

**4**

Мактануу жок мунумда,
Максатым ушул, чынында:
Жашабай өмүр баянда,
Жашагым келет ырымда.

**5**

Суу тамызат тирүүлөр жалгыз татым
Өлөр кезде оозуна адамзаттын.
Өтүнөрүм силерден: мен өлөрдө
Тамызгыла тамчысын махаббаттын.

**6**

Болбосун дүйнөдө жамандык,
Болбосун бороону согуштун.
Төрөлүп дени соо амандык,
Тынчтыктын ишине болушсун.

**7**

Гүлдүн мага кызылы жок –
Сен аны өстүрбөсөң.
Дилдин мага кызыгы жок –
Назданып өптүрбөсөң.

**8**

Кырка тоонун катарлашкан кырлары –
Кылымдардын өтүп кеткен жылдары.

Мөңгү болуп уюп айда жатпайбы
Мурунку өткөн кыргыздардын муңдары.

**9**

Сөз деген ачкыч – сырдашам десең,
Сөз деген аткыч – чырдашам десең.
Сөз деген тапкыч – ырдашам десең,
Сөз деген баскыч – кырды ашам десең.

**10**

Өткөн чактын көтөрбөймүн чачпагын,
Баскым келбейт артка карап чалыштай.
Келечектин көрүп турам ак таңын
Калың элдип катарынан калышпай.

**11**

Жакшы ырга жазга окшогон,
Жакшы ырга жүрөк козгогон –
Кучагым жайып кубанып,
Кутмандуу таңда дос болом.

**12**

Жемиш гүлдөн төрөлөт,
Гүлдөр бүрдөн төрөлөт.
Бүрлөр болсо жаз сайын
Жылуу күндөн төрөлөт.

**13**

Жакшы көрсөң – андан ашкан сулуу жок,
Тең келе албайт айдын, күндүн жарыгы.

Жаман көрсөң – отто дагы жылуу жок,
Өрттөсө да бүт денеңди жалыны.

**14**

Тоого бардым таш калганга сыр каткан,
Сууну кечтим өмүр менен бирге аккан.
Тоо гүлдөрү суу мөлтүрү коноктоп,
Эстеликке ыр бериште бир саптан.

**15**

Кас караса көзүмө – ичиркенем,
Кычыраган кыш турат ирецинде.
Дос караса жүзүмө – эрип кетем,
Жыпар мончок гүл турат жүрөгүндө.

**16**

Мен силерден жашырбаймын сырымды,
Мен силерге айтып жатам чынымды:
Эртели-кеч ойлонгонум ойлонгон
Эртеңкилер окуйбу деп ырымды?..

**17**

Мен жолугам кээде мындай кишиге,
Салам берет, өзүмө эмес, ишиме.
Кан чыгарбай чайнап салат заматта
Караңгыда илингенди тишиме...

**18**

Кышында келсең сагынып –
Жаз болуп тосуп аламын.

Жайында келсең жагынып –
Кыш болуп тоңуп каламын.

**19**

Сүзө албаса балыкка окшоп көлдөгү,
Жүрө албаса кербенге окшоп чөлдөгү,
Көрө албаса ылдый менен өйдөнү –
Анда акындын тирүү туруп өлгөнү.

**20**

Калп айталбайм, купуячыл кишимин.
Купыясыз жолу ачылбайт ишимин.
Чыдабасты чыйрыктырчу куйкум сөз
Чыгып кетсе арасынан тишимин...

**21**

Денемдеги согуш тагы
Айыга элек азыр дагы.
Угулгансыйт кулагыма
Солдат үнү кабырдагы.

**22**

Гүлдөр уктайт шүүдүрүмдү жамынып,
Гүлдөр уктайт жылдыз мончок тагынып.
Кирпиктеги шүүдүрүмдү сыдырып
Мен уктабайм – бир өзүңдү сагынып.

**23**

Эсимде: эсеби жок кыйнаганың,
Изиңди жашка жууп ыйлаганым...

Арзыбайт ошол жаштын мыскалына,
Азыркы батман-батман сыйлаганың.

**24**

Түгөнбөйт, узун жарыктыи жолу,
Аралай берет ааламды, жерди.
Түгөнбөйт, узун тарыхтын жолу,
Аралай берет заманды, элди.

**25**

Мен өзүмдү акын дебейм анчалык,
Эл сынасын – дүрмөтүм бар канчалык.
Ара жолго токтой калсам кылчактап,
Сабагыла жылан боор камчы алып!

## КОШ САП ЫРЛАР

**1**

Нанда бар – улуулук дөөлөтү.
Таңда бар – сулуулук сөөлөтү.

**2**

Карылыктын өзүндө балалык бар,
Кара түстүн өңүндө тазалык бар.

**3**

Арамды ак деп айталбайм, достор,
Анчарды бак деп кайтарбайм, достор.

**4**

Геолог окуйт кен тарыхын жердеги,
Археолог окуйт эл тарыхын жердеги.

**5**

Айбыгуу бар, кайгыруу бар турмушта,
Айрылуу бар, кайрылуу бар турмушта.

**6**

Гүлүн сыйлап тикенин кыйбайбыз,
Күрүчүн аяп күрмөгүн жулбайбыз.

**7**

Жаштык таңын сүйбөгөн аз, сүйгөн көп,
Жалынына күйбөгөн аз, күйгөн көп.

**8**

Илебине көргөн түштүн тартылып,
Изденемин жанымда сен барсынып...

**9**

Көкүрөктүн өрттөрү
Көлгө салсам өчпөдү.

**10**

Балалык – баар гүлү,
Балалык – булбул үнү.

**11**

Эскирген жип ыдырайт,
Такасыз ат кыбырайт.

**12**

Жоопсуз сөздүн чечени көп,
Жоюлган диндин эшени көп.

**13**

Сырдаш издейм жоголгондо түндөргө,
Курдаш издейм оролгондо гүлдөргө.

**14**

«Ай» деп айтсам – айрыгансыйм табыңан,
«Күн» ден айтсам – салкыныңды сагынам.

**15**

Кызгалдактар гүлдөптүр эринге окшоп,
Жоодар чөптөр жүгүнөт келинге окшоп.

**16**

Чалгандыктан көз отунар ар күнү –
Чачтарымдын ачылыптыр ак гүлү.

**17**

Дүйүм бакка мөмөсү бар, түсү бар,
Түн жамынып таш ыргытат ичи тар.

**18**

Боюн көрүп тон бычкан жакшы,
Коюн көрүп сом бычкан жакшы.

**19**

Жаным, сен деп ышкы отторун жагамын,
Жалынына гүл өстүрүп аламын.

**20**

Мокочонун майдасынан сактан,
Макоонун пайдасынан сактан.

**21**

Тандыр билекти күйдүрөт,
Тагдыр жүрөктү күйдүрөт.

**22**

Акыл сөз менен ченелет,
Арзап бөз менен ченелет.

**23**

Тынчтыктын перзенти – өмүр,
Согуштун перзенти – өлүм.

**24**

Ийкемдүү сөз ийне сантайт.
Илдеттүү сөз элге батпайт.

**25**

Ыр сантары – кан тамыры жүрөктүн,
Ыргактары – таң жарыгы тилектин.

## ПАРИЗАТ

### Кайрылуу

Бул окуя, бул кат-наме, бул дастан –
Бир күкүмү өткөн күндүн дат баскан.
Күкүм эмес, бир мезгилде аскадыр,
Көктү тиреп көөдөнүнө сыр каткан...
Калганы ушул калк дилинде сакталып
Кылымдардып ташкынына акпастан.

## БИРИНЧИ БАП

*Онтобой оору жаталбайт...*

**Барпы.**

Мезгил!.. Мезгил!..
Билбейт эрте-кечиңди.
Эски тозду, курчтун мизи кетилди.
Алай канча аппак көйнөк кийинсе,
Бактар себин дал ошончо чечинди.
Ойногонсуп мезгил менен жашынмак
Тоо суулары муз пардага бекинди.
Ал сууларда чечилбеген сыр жатат,

Ал тоолордо ырдалбаган ыр жатат.
Муз парданын далдоосуна жаштыкты
Ышкы отунун алоосунан ким катат?
Тагдыр кээде үмүттөрдү уласа,
Тагдыр кээде жүрөктөрдү ыйлатат.

Жаткан менен кыш төшөгү жыйылбай,
Чорго муздар ыйлайт жашы тыйылбай.
Күн шооласы үйдүн ичин шыкаалайт
Чоң үзүктүн тешигинен тыйындай.
Мезгил көчү кербен тартып өтүүдө
Же теңирге, же пендеге сыйынбай.
Балдар ойнойт калак менен кар күрөп,
Таргыл мышык күнчубактайт үргүлөп.
Пешайванда чай ичишип олтурган
Беш-алты чал божурашып жыл сүрөт.
Бейтааныштын атын бура бастырбай,
Безеленип Бектургандын ити үрөт…

– Табып келди? Үйдө ким бар? Атын ал.
Тез бол, катын, төргө калың төшөк сал,–
Бакылдады желбегей тон Бектурган:
Эл-журт тынчпы?
Эсен-сообу баш, жан, мал?
– Шүгүрчүлүк. Өзүңүздөн сурасак?..
Эшик ачып таазим кылды Бирмыскал.
Чай ичилди. Аркы-берки кеп өттү.
Туруп жатып Бектур сөзүн жөнөттү:
Кана, табып, кыз үстүнө кирели,
Байла, катын, каңкылдатпай дөбөттү.
Эки ай ашты жатканына… баш катты.
Оозуна албайт кара суудан бөлөктү.

Окубаган молдо, кожо калбады,
Бакшы көрдү – балакет дарт жанбады.

Азиреттин аягына жыгылдым,
Жалгызыма түк тийбеди жардамы.
Ачыла элек он гүлүнүн бир гүлү,
Белимди ийди, бүт түгөттү аргамы...

Акырындап аппак билек түрүлдү.
Паризатка табып көзү үңүлдү.
Оттук чакпай сакалына өрт кетип
Тамырды укпай... карт жүрөгү бүлүндү:
«Сен турганда перилерге жол кайда?
Кандай наадан уйпалаган гүлүңдү?..»

Кыз жамалы бирде гүлгүн, бирде өчөт.
Табып оюу миң токтолуп, миң көчөт...
Кара көздөн кирпик парда тартылса
Карт жүрөктү калтыратат, сүрдөтөт.
Купуя айтат: «Мындай пери, чынында,
Кутсуз үйдү, кумдуу чөлдү гүлдөтөт».

Тамырды укпай табып ойго чөмүлдү...
Кыйнай-кыйнай кыртышы өчкөн көңүлдү.
Бирде көрсө гүл жайнаган өмүрдү,
Бирде көрөт түн чайнаган өлүмдү.
Токтото албай толгон кыял ташкынын
Салаа жаштар сакал ылдый төгүлдү...

Шашты ата:
Кана, сыртка чыгалы,
Болуп калды намаз жума убагы...
Бирмыскалдын, Анаркандын көзүнөн
Бермет жаштар бетти жууп кулады.
Карбаластап күрткү кечкен табыптан
Бектур араң оору абалын сурады:
– Көрүп, табып, каралдымдын тамырын
Ыйлап ийдиң... Жетпедиби сабырың?

Ачык айтып, ак сүйлөчү жашырбай...
Эмне кылам? Бир кем дүйнө жабырын...
Жалгыз кызды теңир ыраа көрбөсө,
Мен да кошо кучактайын кабырын.

Үзүп-үзүп бүткөн кезде бул кепти,
Беттин оту өчө түшүп бүлк этти.
Суроого эмес, кыялга өзүн сүйрөткөн
Кары табып башын чайкап күңк этти:
– Чыдоо кыйын. Чыдоо кыйын.
Жараткан...
Кайгы отуна толгон көңүл дүрт этти.
...Кечикти Анар. Кыз көңүлү зарыкты,
Көргүсү жок көктөн түшкөн жарыкты.
Кайгы дарты ок жыландай оролуп
Күндөн күнгө заманасын тарытты:
«Качан жутат жаалы катуу кара жер
Элге – тирүү, өзүнө – арбак карыпты...»

Бирде кыял дарт муунтуп жоголот,
Бирде кайра ай-жылдыздай тоголот.
Оодарылса онтоо тартып Паризат,
Олоң чачы акырекке оролот.
Көздөн аккан кандуу жашты шыпырат:
«Тирүү туруп өлгөн кайдан оңолот?
Улагадан ажал ачат ааанды.
Күндүз да– түн, түн дагы – түн, караңгы...
«Кайдан билсин табып, кожо, молдолор
Жүрөктөгү, тилектеги жараңды?
Кыш аязын ышкы отуна эритип,
Кыял минип издейм жалгыз адамды...

Күн-түн ыйлайм. Жакшылык жок кудайдан.
Кайгымды арылт кайтып келип, Сулайман!
Тайгак жолдо, тар кыялда кечтиңби

Өмүрү бир, көңүлү бир жубайдан?..
Кайтар жолуң каргашалар кескенби?
Кабарың жок, дарегиң жок кылайган...»
Үмүттү ээрчип үйдүн ичин бүт карай
«Үгх!» дегенде үшкүрүгү таш жарат.
Тунук ойду туман каптап заматта,
Түн койнуна кирип кетет чар-тарап.
Чаян чагып ышкы толгон жүрөгү,
Уулануудa тулку бою күн санап.

Түндүк ачык. Топ көгүчкөн айланат
Көк килемин күн нуруна саймалап.
Көз шооласы кирпиктерден созулуп
Көп канатка бир учунан байланат.
Көкөй кескен кесел жүгү алыстап,
Көңүл толкуйт, кыял толкуйт, чайпалат.

Бир оокумда «чур» дей түшүп кулагы,
Бейтап башы кош жаздыктан кулады.
Буюрбаса ажал албайт турбайбы.
Баш көтөрдү... Кыял жибин улады.
Өбөк кылып жаздыктарды тартты да,
Өзөктөгү дарт түрмөгүн чубады...

## ЭКИНЧИ БАП

*Уулу жоктун – мууну жок...*

**Токтогул.**

Ой жебеси өткөндөргө кайрылды,
Санап чыкты өмүрлөрдү, ай-жылды...
Көөнө дүйнө далайларга тар болсо,
Далайлардын багын ачты, бай кылды.

Күндө үч убак күлүк, жорго мингизип,
Көрөр күнүн көлөкөсүз шай кылды.
Бирок байлык – таалай эмес толтура,
Анын дагы чымчым тузу шор тура.
Максат менен маш келбеген бул дүйнө
Көк эшекке токулбаган чом тура.
Жазмыштагы өжөр тагдыр өкүмү
Байлыгыңдан, бийлигиңден чоң тура.

Карт эмес да эр курагы кырктагы,
Бирок Бектур уттурду ага, утпады.
Кырк көктөмдү көзү менен көрсө да,
Барылдаган гөөдөк үнүн укпады.
Жарыштырып мадыра баш балдарды
Бир перзенттин бут тушоосун кыркпады.
Кар төшөнүп өттү жылдар арадан,
Бектургандын көзү катат баладан.
Бара берип акыбети кайтпастан,
Ыйыктардын далайынан жадаган.
Кызыл тилди жайдак минген имиштер
Эл ичине эчак эле тараган…

Кош аялып коё берди чыдабай,
Дагы алды үч аялды удаалай.
Төрөшпөдү… төркүнүнө айдады.
«Үч талакты» айтчу болду сурабай.
Үйдүн ичи мазарга окшоп көрүнөт,
Үмүт жибин үзө берип улабай.

Бирөө айтса: «Кокуй, байым айнындың…»
Экинчиси: «Төрөйт беле Кайрылың?..»
Кээси ичинен: «Көптү белем Бектурган
Батыра албай төрт түлүгүн, байлыгын».
Ал өкүнөт: «Перзент берсе жараткан
Баабединге берет элем бардыгын…»

Башын мыкчыйт: «Төрөдү апам үч бала,
Апаат жылы тирүү калгам мен гана.
Он бешимде колукту алып беришти.
Өрүштө мал. Өргө чабат ой-санаа.
Кеңешти атам: «Бекен, апаң карыды...
Токол ал деп айтып жатат бүт калаа».

Өкүм киши кепке-сөзгө көнөбү?
(Өкүнгөн жок бир апамдан бөлөгү).
Күз айланып күздүн жүзүн көргөндө
Токол эне уул бала төрөдү.
Теңир өзү экөөн жаздым алды эле,
Теңир өзү бирөөн кайра төлөдү.

Эл чогулду. Той үстүнө той болду.
Үй көтөрдүк айландырып көргөнду.
Эңиш, күрөш, атала баш, төө чечмей...
Эсеп жетпейт – каада-салттар мол болду
Аксакалдар отурушуп ак үйдө
Адылбек деп ымыркайга ат койду.

...Өстү Адылбек. Өстү бейбаш, шок болуп,
Үйдүн ичин үч көтөрөт шоктонуп.
Үмүт узун – бардыгына чыдадык
Бара-бара кетет го деп токтолуп.
Айыл жадап «Кутурган» дейт Адылды,
Аксакалдар койгон ысмы жок болуп.

Мезгил шамал өмүрлөрдү учурган,
Ата дагы, эне дагы көз жумган.
Кадыресе жигит болду жетилип
Отко күйбөй, сууга акпай Кутурган.
Бутагы жок сопол өскөн дарактай
Бала үнүнө муктаж, муктаж Бектурган.

Бир топ киши жума күнү кечки убак,
Отурушуп ар кайсыдан сөз курап:
«Төрөп турган аял алып көр,– дешти,
Теңир колдоп таап берер бир туяк...»
Макул келди Бектурганга бул кеңеш
Үмүттөрдүн үзүлгөнүн кайра улап.

«Мыскал деген төрөп-түшкөн бир келип
Келди деген уктук элдин кептерин...»
Угар замат Бектур жуучу жиберди
Удаа-удаа кургатпастан ат терин,
Көп узабай Анжиянда той берди,
Тамшандырып эчен өзбек бектерин.

Жыл айланбай болду Мыскал экикат,
Сел алгандай тып басылды көп ушак.
Көптөн берки арман жүгү жеңилдеп,
Бектургандын кабагы ачык, көөнү шат.
Көргөн ичип кыял менен айланып
Баскан болот эркек бала кучактап...

– Сүйүнчү бай! Сүйүнчү бай, берешен!
– Бөрү бекен? Түлкү бекен? Эмне экен?..
– Бөрү экенин, түлкү экенин билбедим,
Кырк жылкы деп айткансыды энекем.
– Оозуңа ок!.. Билбей туруп не келдиң...
Оо, шерменде... кырк жылкыны төрөсөң...
Жүрөк дүк-дүк...
Көз канталап тунарат,
Кызыл жүздүн каны качып кубарат.
Кыр мурундун таноолору кыпчылып
Ичке толгон демди араң чыгарат.
Түрдүү ойлор түшө берди башына
Ирети жок бирин бири кубалап...

Бойлуу Бектур кеткенсиди пасайып,
Аң-таң болот алаканын бүт жайып:
«О жараткан, эмне менин жазыгым?
Карыбыңа кайырың жок кашайып...
Бир уулдун өтөлүнө чыкпайбы
Мен сыйынган миң бир эки машайык?..»

Жалгыз турат... Эч ким ага үн кошпойт.
Күздүн күнү бутап койгон талга окшойт.
Кагуу угуп кайра тарткан жаш бала
Арт жагына жүз бурулуп, жүз токтойт.
Адамзаттын кайгысына кайдыгер
Чоң короо кой маңдай жакта жай оттойт.

Төмөнкү үйдөн түтүн булайт түрүлүп,
Шамал айдап көчөт төмөн сүрүлүп...
Бектур болсо кыса кармап сакалын
Үн-сөзү жок жерди тиктейт үңүлүп.
Үй-оокатка аркак сымал чуркаган
Келин-кесек кыйгач өтөт жүгүнүп.

Кең дүйнө анын демин кысып – тарга окшойт,
Дүйүм талаа сел жеп кеткен жарга окшойт.
Керме тоонун кемпир ээк кыркасы
Жүк тартпастан, кайгы тарткан карта окшойт.
Жол боюнда катар өскөн дарактар
Өмүрлөрдү асып койгон дарга окшойт.

Сур булуттар эски сурптай үлдүрөйт,
Күз мыйзамы сыр айта албай күңгүрөйт.
Жай күндөрү жайыт берген койнунан
Алай тоосу кар жамынып үргүлөйт.
Кыз төрөлгөн бай үйүнүн жанында
Тынчтык бузуп азан үнү дүңгүрөйт...

Чоң коргондо үч үй турат катарлаш.
Четкисине кирип-чыккан кары жаш;
«Кызды берген теңир көзү түз болсун,
Уул берет аман болсо алтын баш.,.»
Улам төргө өрүк-мейиз чачылат,
Дасторкондон өксү болбойт тамак-аш.

Бектурганчы?.. Дале турат тунжурап.
Ичи быт-чыт. Көңүл жыртык миң курак...
Кечээки эле үмүттөрдү таптаттуу
Сары санаа түнгө чырмап терс бурат.
«Мээрим берер, теңир пейли кең» дейби
Даабайт эч ким, келбейт эч ким жай сурап.

Көңүлүнөн кабарчы үнү кетпеди,
Кулагына азан үнү жетпеди.
«Кырк жылкынын» дүбүртү эмес, кабары
Көкүрөгүн көмүр жакпай өрттөдү.
Уул бала көрөм деген үмүттүн
Сынып калды күүгө келбей чертмеги...

Үн-сезү жок... Дале жерге үңүлөт.
Кайгы каптап кара жандан түңүлөт.
Таш мылтыкты тарсылдаткан жаш балдар
Чуркайт тынбай тынчтык бузуп дүбүрөп.
...Бир оокумда наристе ыйы угулду
Ата адашкан күүгүмдөрдү күнүлөп...

## ҮЧҮНЧҮ БАП

*Кырк жыл кыргын болсун,*
*Бейажал чымын өлбөйт...*

**Макал.**

Жаз мезгили. Малдар арык тыртайып,
Көктөм себин жамына элек Көк-Жайык,
Кычыроонду минип алый кетти аяз
Арка жагын карабастан кылчайып.
Кыш чилдеси ичегисин жукарткан
Көтөрүмдөр араң басат кынтайып.

Жаз мыйзамы – жердей кеткен бүт үшүк,
Мыкка илинген кыш кийими – берк, ичик.
Бектурган бай чарпаяда чалкалайт
Өрдөк тумшук кек чайнектен чай ичип.
Бир сындырым нан таштайбы дегенсип,
Дасторкондон көзүн албайт сур күчүк...
Бай сөөлөтү – никесинде үч зайып.
(Мунун баары каада-салтка ылайык).
Эки аялдын согончогу канабай,
Өмүр көчү оойт улам кыйшайып...
Паризатын бөлөп коюп бешикке
Пешайванда Мыскал жүрөт кир жайып.

Бирмыскалдын баласы бар, көркү бар.
Күндөштөрдүн баласы жок, өртү бар.
Тескейлердин терең кары кетсе да,
Тиги экөөнүн көңүлүнөн кетпейт кар...
Күүгүм каптап көрөр күндүн эшигин,
Күндөн күнгө дүнүйө тар, өмүр тар.

Эне эшикте... Пешайванда күймөнөт
Чыптаманын топчуларын түймөлөп...
Чарпаяда чардап жалгыз отурган
Бектургандан адеп сактап ийменет.
Четки бакка учуп-конгон кош чымчык
Уя салат саман-чөптөн үймөлөп.

Уктайт бала – жаз каадасы тынч бешик.
Үй эшигин түрүп койгон желдетип.
Кичүү күндөш жалт-жалт карап жан-жагын
Четки үйгө кирип кетти жылт этип...
Ууга малды бала сорчу куйрукту.
Жүрөк дүк-дүк. Кол калтырайт тер кетип.

«Энеси өзү колу менен берер... деп,
Жалгызынын жалп эткенин көрөр...» деп,
Кайра салып пиялага куйрукту
Сыртка чыкты. Мууну калч-калч. Элендеп.
Бүдөмүктөп бай көзүнө чалынды
Үй артынан ак жоолугу серен, деп...

Эшик ачык. Кирди мышык муңайым.
(Мышыктарда болмок беле убайым).
Жакын кылып адамзатка мышыкты
Ырыскысын кошкон тура кудайым.
Качан болсо уурдап-муурдап жеп коёт
Ар бир үйдүн ачык калган эт-майын.

Кирди мышык. Уктайт бала бешикте.
Үйдө эч ким жок. Үйдүн ээси эшикте.
Төргө өттү коомай басып акырын,
Эки көзү пиялада... кешикте...
Пияладан чети чыккан куйрук май
Чычканга окшойт баш кылтыйткан тешикте.

Куйрук май да! Мышык көзү жайнады.
Жакын барып шарт алды да чайнады...
Бүтүн бойдон жута албастан аптыгып
Муруттарын, уурттарын майлады.
Бир аз өтпөй эки көзү чакчайып,
Жер тырмады... Кете түштү шайманы.

Ичи өрттөндү. Тырмактары жазылды.
Коломтонун бир жак чети казылды.
Жүнү үрпөйүп, кетик тиши ырсайып
Бир бакырды... Жалп эле үнү басылды.
Үндү угуп бай жүрөгү селт этти.
Мыскал чочуп үйүн көздөй шашылды...

Уктайт бала – жаз каадасы, тынч бешик,
Кирди Мыскал дем алалбай ал кетип...
«О, жараткан, сактай көргүн жалгызды,
Ушул кызда бүт ырыскы, бүт кешик...»
Күйкөлктөп шашкан эне артынан
Түрүлүү эшик түшүп кетти жалп этип.

Бешикти ачты! Чочуп кетти баласы,
Жарк дей түштү ууз көздүн карасы.
Анан бала ыйга кирди ыңалап,
Бирмыскалдын тына түштү санаасы.
Чайын таштап үйгө кирди Бектурган
Жүрөктү өйүп жакшы-жаман арасы...

Эмне болду? – Төргө Бектур карады.
Мыскал шашат соорото албай баланы.
Бай шашылбай эки жагын каранып
Үтүрөйөт, чыгып көздүн чанагы...
Чулу башка шек жамынып ой келет:
«Ким болду экен?
Ким болду экен жанагы?..»

Удаа кирди эки күндөн муңайып,
Кирпик тоскон кытмыр көздөр кылайып…
Оту өчкөн коломтонун жанында
Мышык жатат муруттары сырайып.
Түрттү Бектур. Кыймылдабайт.
Не болгон?.. Өлгөн тура «май уурусу» тырайып.

– Эмне болгон?
– Өлгөн тура бечара…
– Койчу нары…
– Жесе керек күчала…
– Куйрук кана? Куйрук жеген турбайбы.
– Жазмыш ушул… пендесинде не чара…
Чечише албай сырдуу өлүм түйүнүн.
Кужулдашат, чурулдашат ич ара.

Каарданды камчы бүктөп Бектурган:
– Кана, айткыла?
Куйрукка ким уу салган?
– Коюңузчу кулак уккус кен экен…
Пайгамбар да кутулбаган ажалдан.
Кунун доолап ушул таргыл мышыктын
Сабайсызбы? – Күлүп койду Ажаркан.
– Анткорсунба, арам катын, тим эле!
Азыр эле үйдөн чыккан ким эле?
Ак көйнөккө Кызыл тамчы чачылды.
Камчы менен чапкан кезде имере.
Кичүү зайып не кыларын билбестен
Туруп калды керегеге тиреле.

Бектургандын тултук бети кумсарды,
(Мындай кезде алдын тосчу жан барбы?)
Аялдардын акак таккан мойнуна
Кызыл камчы каршы-терши курчалды
Башын катат кокуйлаган Ажаркан
Керегеден жулуп алып жапсарды.

Кан токтобойт жарааттардан шыркырап,
Кичүү зайып жерде жатат тырпырап.
Тополоңдун толкунуна чыдабай
Идиш-аяк эчак сынган быркырап.
Мыскал ыйлайт бек кучактап бешикти,
Наристе үнү ачуу чыгат чыркырап.
Телти эле бай чай кайнатчу чөгүндү,
Андагы суу коломтого төгүлдү.
Бурулдады күлдү көккө көтөрүп,
Үйдүн ичи будуң-чаңга көмүлдү.
Көз-мурдуна тозоң кирген Бектурган
Ого бетер каарданды-сөгүндү…

…Чыкты сыртка бай камчысын боёктоп.
Ыйлайт тагдыр, ыйлайт баары шолоктоп.
Кан тырмактын каарына ким калса,
Өмүр бою кайгы, азап, шор орток.
Бозо уулап кечээ кеткен Кутурган
Ит үрдүрүп чаап келди сороктоп…

…Бул окуя түшкөн да жок калыска,
Калысташуу Бектурганга намыс да.
Бетин көөлөп эки аялын айдады,
Бай жоругу барча ааламга тааныш да.
Өткөн иштин өчкөн изи аркылуу
Бул дастанда сапар чектим алыска…

Шашма мезгил айды, жылды аттады,
Көп болмушту калк дилине каттады.
Таргыл мышык тамак үчүн өлсө да,
Бир пенденин көрөр күнүн сактады.
Мышык көрсө жини келчү Бектурган
Мышык байты, башка-көзгө чаппады.

Мышык ыйык. Паризатка жанашып
Ойнойт үйдө, тамак ичет талашып.
Кээ бир күнү мышыкеңди көк дөбөт
Ыза кылат «тообосунан адашып...»
Каймак, майын уурдагышкан келиндер
Кыт-кыт күлөт босогодон карашып.

## ТӨРТҮНЧҮ БАП

*Өңүмбү бул, түшүмбү?..*

**«Манастан».**

Коңур күздүн акыркы айы жаңырган,
Тоолор эчак кыш сарпайын жамынган.
Мөңгү суусу күрпүлдөгөн жай бою
Көөдөнүнө муз калканын татынган
Эртели-кеч ызгаар суук ышкырат:
«Оо, каалайык, кышка кандай камылгаң?»

Жөө тумандар ыкшоо жылат жылгалап,
Көчмөн булут көк асманда сурданат.
Талаа-түздөн конуш издеп кез-кезде
Тоо айланат шамал минген бурганак.
Таңкы желге эркин берген камыштар
Шуудурашат шөкүлөсүн булгалап...

Кызыл-Токой – Кара суунун этеги,
Кыргоол, коён, өрдөк, каздын мекени.
Баш-аягы салт атчанга бир күндүк
Камыш... камыш... Санга санак жетеби?..
Сонуркашып туш тараптан келишет
Ит агытып, куш салгандын нечени.

Тапка келген куш талпынса колунда,
Илгир машке кулак түрсө соңунда,
Омуроосун көбүктөнтө ат минсе –
Күз сайраны мүнүшкөргө сонун да.
Кимдин болсун көңүл черин жазбайбы
Илбээсинди камап алса корумга.

...Коңгуроолуу туйгун колдо талпынат,
Кашка аргымак суулук чайнап алкынат.
Тизгин тартып токтой калса тынымга,
Боз топурак туяктарга жанчылат.
Ким болду экен жандан мурда аттаныш
Жолго чыккан зарыл иши барчылап?

Ал – Паризат, мүнүшкөрдөн туз таткан,
Балдар менен ат чабышкан, чүкө аткан...
«Бөрү» болбой, «түлкү» болуп төрөлүп,
Бектургандын сай-сөөгүн сыздаткан.
Бара-бара ата дили арылды
Кайгылардан канча жылы муз жаткан.

Эркекче өстү – ата ушуну жактырды.
Көкүлүнө көз мончокту тактырды.
«Бекзададан менин кызым ашсын» деп,
Мүнүшкөргө кыргый, туйгун бактырды.
«Балдарга окшоп тыкан, чыйрак болсун» деп,
Күндө таптап күлүк атты чаптырды.

Жыл артынан айды, күндү чубатып
Өтө берди закым минген убакыт.
Он үч күздүн жүзүн көрдү Паризат,
Иш кыла элек кыз балага мунасып...
Кыргый менен турумтайга карабай,
Куш кондурду мүнүшкөргө сынатып.

Ышкы оту кыз жүрөгүн таба элек,
Ышкы оту кыз уйкусун ала элек.
Таңга кошо кызгалдактай ачылган
Кыз жамалын кызыл жоолук жаба элек.
Кудалашып короо-короо мал берип,
Кулагына эчким сырга тага элек.

...Ойду-кырды бүт кучактап нурлары,
Аркан бою көтөрүлдү Күн дагы.
Кош аралга жакындады мүнүшкөр
Тепчий өтүп суу жеп кеткен жылганы.
Шарт-шурт этип дабыш чыкса камыштан,
Колду мыкчыйт ак туйгундун тырмагы...

...Кызыл кыргоол беттеп камыш тарапты,
Мойнун созуп түтүн болуп баратты...
Арт жагынан балдак уруп запылдап
Аппак туйгун камчыланат канатты.
Чаап чыкты чыканактай кашатка
Куш ээси алчылантып кара атты.

Кыргоол четки топ камышка сайылды,
Өксүй түшкөн куш куйругу жайылды.
Корголоогон кыргоол эми чыгабы?
Анын сыры мүнүшкөргө дайынбы?..
Туйгун болсо тегеренип камышты
Тыңшайт, аңдыйт токтото албай сабырды.

Жете келип ак туйгунду үндөдү.
Жем тарттырды. Камышка көз күлдү эми.
Аралыгы сормо баткак, кара суу.
Тиги өйүзгө кантип өтөт? Билбеди...
Бура тартса туйгун кылчак каранат
Көзү кайнап, жымырылып жүндөрү.

Бул учурду күткөн өңдүү атайлап,
Жапсарчадан бирөө чыкты ат айдап.
Ай кашкалуу сулуу кара ат ыкыстайт,
Мүнүшкөргө карайт жигит көз кайрап:
Тебетейдин сырты кызыл дукаба,
Беш көкүл чач, маңдайынан нур жайнап.

Түз басыңыз, калды кыргоол корголоп. –
Камыштабы? Айдайм... чыгат жорголоп.
Жарк-журк этет күмүш чапкан үзөңгү,
Көз ирмелбей, ич кымыңдайт: «Жол болот!
Кушбаш ээрдин сол жагына кыйшайып
Куш шилтөөгө даярданат, ондонот.

Типтик учуп кыргоол чыкты атылып,
Шилтенген куш бара жатты качырып.
Көз ирмемде сермеди эле чапа-чуп,
Кыргоол жүнү боло түштү сапырык!..
Кутка, кызга курсант болгон боз улан
Тебетейин көккө ыргытты бакырып!

Бакырды да... оозун басты шашылып
Кыз көзүнөн көзүн тартты жашырып.
Туйгун болсо жүнүн жулат кыргоолдун
Эки жагын карабастан ашыгып.
Куштун, кыздын ышкысынан каймана
Аттар турат суу богонда кашынып...

Жолу болуп кыз мүнүшкөр кубанды,
Бөрк алдынан беш көкүл чач чубалды.
Айкашканы алчактата бастырып
Жөнөп кетти.. Ойго салды уланды.
Башын кармап не кыларын билбестен,
Дөңгө чыкты коомай басып тулаңды.

Купуя ой: «Кайдан келген кыз бала?
Ит агытып, куш салганга уз бала?..»
Миң бир суроо – бирин дагы чече албай,
Кыз карааныН узатууда суз гана.
Акырындап кызды көздөн жашырды
Уч-кыйрына көз жетпеген туз талаа.

Чиеленген кыял чырмап көңүлдү,
Ченеп көрөт чырпык бою өмүрдү:–
«Азыркы эле ак туйгумдуу мүнүшкөр
Кызбы? Уланбы? Көргөндөрүм төгүнбү?..
Кадыр түндөй кайым болду көзүмдөн.
Ким болду экен?.. Түшүмбү бул, өңүмбү?..

## БЕШИНЧИ БАП

*Туурда конуп куш калды...*

**Кошоктон.**

Кыш мезгили. Шыбат жаайт шытырап.
Өзөндөрдү муз кучактайт кычырап.
Ызгаар минген Темир аяз ышкырып
Кар тозоңун калпып көккө учурат.
Жатар кезде суусун төгүп койбосо
Кара кумган тең жарылат чытырап.

Тоолор да ак, түздөр да ак, баары ак,
Ак боёкко чайкалгандай чар тарап.
Булут Жака күмүш тонду жамынып
Алай тоосу көктү тирейт чалкалан.
Алай менен атаандашкан бурганак
Капчыгайдын жолун бөгөйт кар калап.

Тогуз тогоол – Үркөргө Ай жанашат,
Толгон көздөр «тогошту» деп карашат.
Тогоолдордун, аяздардын сыры көп,
Ар кимиси ар кыл жоруп талашат...
Катаалдыктан чыгарышып токсоиду,
Чыкыроондуу Чилде күнүн санашат.

Төрт мезгилдин төрт башкача салты бар.
Ар биринин азабы бар, баркы бар.
Ызгаарына, муздарына карабай,
Кыштын дагы кардары бар, наркы бар.
Үстү бүтүн байга, бекке кыш кеппи.
Жабыр чегет жармач оокат-жартылар.

Кыш – чоң сыноо – жер азыгын кар басат
Чилде менен жыйган камың кармашат.
Миң койлууну көз жаздымга калтырып,
Бир койлууга кылыч алып жармашат.
Чыкыроондо кыш кызыгын сүргөндөр
Жоро болуп бозо ичишип чардашат.

Жоро бийи – эрке бала – Кутурган
Айып издеп чыр чыгарат чукулдан.
Бай баласы эмне десе жарашат,
Эчен шордуу капканына тутулган.
Бий алдынан айын тарткан өтпөсө,
Мыйзам ушул– жон териси тытышган.

Бозокорлор иймек тартып олтурат.
Кесе-кулу ыр аякты толтурат.
Эки-үч ооз бирдемени жамактап,
Ырдагын деп ыкшоорокко чоңсунат.
Эл чуру-чуу. Жоро бийи козголуп
Чууну басып жең учунан кол сунат:

– Ыр аягы кимге келди?.. Сизгеби?
Билесиз го таалим ишин биздеги?..
Ыр болбосо, ысылыкка кой бардыр,
Айыбыңыз мойнуңузга түштү эми...
Кутургандын сөзү эки болбойт да,
Ыкшоо байкуш ээрдин кесе тиштеди.
Бирөо кирди. Салам айтты эңилип.
Алик алды эрке бала керилип:
– Мейман аяк, адеп аяк сунгулан
Кирген жигит тура калды чегинип.
Катарынан эки кесе бозону
Араң жутту, араң ичти демигип.

– Ырдын ээси өзү келген турбайбы!..
Издеп жүрүп табалбайсың мындайды.
– Ал ким экен? – Бозо бийи күңк этти.
– Иткубар да...
– Иткубарың ырдайбы?..
– Иткубардын ырдан башка иши жок.
– Ырдабаса?..
– Анда иттик кылбайбы.

Калың күлкү үйдүн ичин каптады.
Бирөө келип далысына таптады:
– Кана, Итике, отурбастан төгүп кой,
Ырларыңдын жабылбайт го капкагы.
Капшыт жакта каадаланып турбастан,
Иткубар да чү эле ырды баштады:
Ырда десе – ыр айтам,
Ышкы толгон сыр айтам.
Бозокорго миңди айтам,
Боз уланга бирди айтам.
Кызылыкты элге айтам,
Кыздар жанга эмне айтам?..

Ырда десе – ыр төгөм.
Ышкылууга сыр төгөм.
Ыр укканга нур төгөм,
Ыпыласка чыр төгөм.
Керме каш кыздар турганда,
Келиндерди неге өбөм?..

– Жөндөп ырда, ар кайсыны чарпыбай,
Эмне айтмаксың – ошону айт, тантыбай!
Кесе-кулу тура калды керкейип
Азыр эле башын жулуп салчудай.
Иткубарды чыйрыктырды ачуу сөз,
Муз чоргодоп кокус тамган тамчыдай.

...Иткубардын чыныгы аты – Сыргабай,
Балалыгы өткөн анын жыргабай.
Жетим калып көп эшикти кыдырган,
Өксүй-өксүй көздүн жашы кургабай.
Акырында асыраган бир кемппр,
Өзү жарды, көкүрөгү ырга бай.

Байкуш жетим жасап алып пызылдак
Чуркап ойнойт кара жолдо тызылдап.
Чырпык атчан Сыргабайдын артынан
Бейжай иттер кууп жөнөйт ызылдап.
Кээ бирөөлөр иттерине болугушуп,
Сыргабайды каргап-шилейт кыжылдап...

Иттер үрөт – бала аларды ташка алат,
Бир заматта ит жаңжалы башталат.
Аксымдары таяк ала чуркаса,
Келин-кесек босогодон баш багаг.
Чурулдашат: «Тынчын алды иттердин
Бул желмогуз, бул ит кубар кызталак...»

Дал ушинтип Сыргабай ат өчүптүр,
Дал ушинтип Иткубарга көчүптүр
Көпчүлүктүн койгон аты суу кечип,
Өзү дагы чын ысымдан кечиптир…
Көп узабай Иткубарга ыр таштап,
Жоомарт кемпир ал дүйнөгө кетиптир…

…Бозо бийи кармагансып
Чилдени Кесе-кулдун сөзүн угуп кирдеди:
– Заты пас ит, жорону ким башкарат?
Тер ээсин тааныйсыңбы, сен деги?
Кана ырда, Иткубар бай, эл уксун,
Калтыргандыр карт байбиче дүйнөнү…

Чыр бүткөнчө ырчы ордунан жылбады.
Деми кайтып, тери бир аз кургады.
Анан тилин эки-үч жанып алды да,
Санаттардан, термелерден ырдады.
– Бали!
– Өлбө!
Үндөр чыкты иретсиз:
– Эми башта Паризатты, Сырганы.

Очоктогу дөңгөч отун чатырап,
Бирде күчөйт, бирде кайра басылат.
Көптөн бери көкүрөккө каткан сыр,
Көмүскөдө жата бербей ачылат…
Кербез үндү Керме-Тоодой созду эле
Кереге, уук кеткенсиди качырап:
– Ачылышың Акмандын
Козосундай, Паризат ээй.
Мас кылышың Чангеттин
Бозосундай, Паризат ээй.
Паризат ээй, Паризат ээй,
Дарчандан кол узат ээй!

Мүнүшкөргө кошулуп
Куш саласың, Паризат ээй.
Муктаж болгон жүрөккө
Туз саласың, Паризат ээй!
Күйгөнүмдөн айтамын ээй!
Куш бооңдон тартамын ээй!

Эмне деди келжиреген кызталак!..
Карма итти! Каңкылдатпай оозун жап!
Бозо бийи тура калды чыдабай,
Ырчы сөзү кеткен окшойт куйкалап.
Иткубарды эки-үч жигит түрткүлөң
Сыртка алпарып карга басты уйпалап...

Иткубардын айыбы не?.. Айтыңыз?
Урдурбаңыз. бир ачуудан кайтыңыз...
– Жаман десе... жалжактабай жолдон чык!
Таанытайын куш боосу бар кайсы кыз...
Ар кыл ойлор Кутургандын намысын
Сабап жатты... сабап жатты камчысыз.

Бай чакырды. Жакындары жыйылды.
Көп узабай сөз тушоосу кыйылды:
– Бойго, жетти... Үйдө отурсун Паризат,
Токтот, катын, бышаңдабай ыйыңды!..
Бүтүм болду. Туурунда куш калды,
Балалыктын басар жолу тыйылды.

Ата сөзү бүт тагдырды бийледи.
Отурат кыз карыш жылбай үйдө эми.
Ойлор чырмайт, чырмоосунан чыга албайт,
Же түшүнбөйт оомал-төкмөл дүйнөнү...
Акырындап кыз каадасы жол таап,
Куш кондурган колуна алды ийнени.

Кыз тыйылды. Тыйылбады имиш кеп.
Кызыл тилде болбойт сөөк, болбойт чек...
Эл ичине ыр тарады бат эле
Эртели-кеч жаагын кардай себелен.
Каарларга сугарылган зомбулук
Ырдан коркуп ырчыны урду тебелеп...

## АЛТЫНЧЫ БАП

*Упа-эндиги жок туруп*
*Кызы сулуу Керме-Тоо...*

**Эл ыры.**

Көздү уялтат Керме-Тоонун жамалы,
Көкүлүнө Күн шурусун тагабы?!
Кыркалары кыз кашындай чийилет,
Кыйырына жетпейт көздүн танабы.
Чаман гүлдү көпөлөктөн күнүлөп,
Гүл саамайын күндө тарайт шамалы.

Кар жалаган аскалары суйкаят,
Күңгөй жагын күмүш канат нур чаят.
Бүткүл өрөөн жаз сарпайын кийинген,
Сан-миң гүлгө санат жетпейт, көз таят.
Аяр басат кыя жолдо эки кыз
Буттарына оролушкан гүлдү аяп.

Булак суусу сай-сайларда шылдырап,
Жаз жамалыш күүгө салат, ыр кылат.
Гүлдөр жууса нөшөрлөргө жоолугун,
Торгой сайрайт жердин ырын көккө улап.
Кээде гана бейкутчулук бузулат
Кокусунан коомай жаткан таш кулап.

Уктайт үкү Күн нурунан бекинип,
Уйку бербей улам сайрайт кекилик.
Карттарга окшоп Күнгө кактайт аркасын
Боксө тоолор кышкы тонун чечинип.
Он чакты улак тиги айылдын четинде
Ойнойт тынбай катар ташка секирип.

Кыздар күлөт – күлкү гүлгө кошулат.
Чегирткелер жолдон качат чочулап.
Көктү өрдөтө коюн жайган бир койчу
Борчук ташта чоор тартып отурат.
Кулунчакты ат ордуна минишкен
Бир топ бала жол чаңытат топурап.

Кыздар күлөт – күлкү аскага чагылат.
Алп көкүрөк зоолор кошо жаңырат.
Ак чокулар бөртмө булут жоолугун
Бирде сыйрып, бирде кайра жамынат.
Жай да, кыш да жашыл кийген арчалар
Тоо сулууга сырга болуп тагылат.

Көңүлү – Күн, көкүлү – гүл жаз айы
Күтөт аалам, күтөт адам жыл сайын.
Гүл майданга тикен чыккан сыяктуу,
Жаз пейили бирдей болбойт ар дайым.
Көп ушакка төшөнүч кылбай кулакты,
Күндөн сура, гүлдөн сура кыз жайын!

Кыз сезимин, кыз кыялын чымчылап
Түндөгү оюн, түндөгү ыр мынча ынак...
Бейпил убак безди кыздын көзүнөн,
Жал-жал тиктейт бүлбүл күйгөн шам чырак.
Ышкы гүлү тамыр сая баштады,
Какчы жүрөк, какчы жүрөк тынчыраак!..

Иткубарды билбеген аз, билген көп,
Ырын угуп ичин басып күлгөн көп.
«Айылдагы кыз-келиндин баарыныз
Мажнуну» деп тамашалап жүргөн көп.
Эргип ырдап ээрдин жанып алганда
Эч ким аны токтото албайт жүгөндөп:
«Менин дагы жүрөгүм бар өзүнчө,
Менин дагы тилегим бар өзүнчө.
Жардан алыс жалп этерде таянар
Менин дагы тирегим бар өзүнчө.
Баш кесмек бар, ышкы отун кесмек жок,
Ырдай берем, ырдайм элдин көзүнчө.

Ырым менин асманым да, күнүм да,
Ырым менин авазым да, үнүм да:
Ырым менин байлыгым да, үйүм да,
Ырым менин майсабым да, гүлүм да;
Ырым менин өмүрүм да, тилим да,
Башкаларга ыраа көрбөйм бирин да!».

Ырдай берди, күлкү ырды коштоду.
Анын жолун эч кимиси тосподу.
Таазим менен келиндерди имерди,
Бекзаттардын камчысынан коркподу.
Ырды үзүн арт жагына кайрылып
Өөп койду бир селкини топтогу...

...Кыял учкул. Ажайып ой кылт этти.
Ойго кошо кыз жүрөгү зырп этти.
Кечиндеги бейтааныштын ырлары
Кыз ышкына, кыз дилине нур септи.
Кыя жолдо кыз кыялын жетелеп
Тоо булагы токсон кайрып күү чертти.

Гүл ичинен түндөгү ыр күлгөнсүйт,

Бейтааныш да кошо басып жүргөнсүйт...
Жаңырыктын таш калкандуу ээлери
Башын ийип ырга кулак түргөнсүйт.
«Бейтааныш ким?»
Жүрөк сурап, дил сурап,
Суроолорду суроолорго үйгөнсүйт.

Тоо сумсаят кызга жооп айталбай,
Гүл баш чайкайт күндөгүдөй жайкалбай.
Кадыр түндөн келгенсиген бейтааныш
Кыз кыялын уялаптыр байкалбай.
Жакын басса жалжактаган Иткубар
Жолун тосту жомоктогу шайтандай...
Кыя жолдо кыз эсептеп кадамын
Кыял менен издейт кыйбас адамын...

Түнкү оюнду көз алдынан чубатып,
Элестетет бейтааныштын жамалын.
Жыпар сээп өтүп жатса аймалап
Сезбейт мүлдө жаздын элпек шамалын.

Аздан кийин курбусуна карады:
– Көргөн белең? Тааныйсыңбы сен аны?..
– Эмне дедиң? Кимди айтасың, Паризат?
– Ырдады го... мукам үндүү... жанагы...
– Сулайманбы? Ал төмөнкү айылдан,
Санга бөлүп койгон окшойт санааңы...
Кыздар күлдү. Күлкү шыңгыр чыкпады.
Белимчидей жаңырык да укпады.
Тил сүйлөшпөй дил сүйлөшсүн дедиби
– Эки курбу бир-бирине ыктады.
Кабак чытып, кар жамынып сыр тыңшап
Мойнун созот бийик аска сырттагы.

Шамал тынды гүлдүн башын ыргабай,

Торгой тынды толгоп-толгоп ырдабай.
Сербейишет өткөн жылкы куурайлар
Бийлигинен ажыраган мырзадай.
Токтой калды түктүү колун арбайтып
Жөргөмүш да чөпкө торун чырмабай.

Айлана тынч. Бирок жүрөк аптыгат
Тыным бербей көкүрөктү каккылап.
Кыял күлүк... кыз көзүнө көрүнбөй
Бараткансыйт алда кайда чамкылап.
Жалбырагын бетке тутуп сөз тыңшайт
Булак бойлой калың өскөн аткулак.

Көптөн кийин курбусу айтты билгенин:
– Каныяга капаа болуп жүрбөгүн.
Чынын айтсам, ал жигитти таанybaйм,
Элден угам «жакшы» дешип жүргөнүн.
Айтса, жеңең ошо айылдан эмеспи,
Чечер бекен дилдин сырдуу түймөгүн?...

## ЖЕТИНЧИ БАП

*Кылчайып келбейт өмүрүң,*
*Кыз экенде гүлдөп ал...*

**Токтогул**

Көздөн аккан тунук тамчы сыяктуу
Мөлт-мөлт этип таштан кулайт булак суу.
Күндүн нурун, Айдын нурун чагылткан
Күмүш алкак күзгү мисал сымап суу.
Сүйгөн келип, күйгөн келип бет жууйт,
Ырга дагы, ыйга дагы ынак суу.
Булак суудан дарыялар төрөлөт,

Булак суудан жердин бети көгөрөт.
Булак суудан өмүргө өмүр кошулат,
Булак суудан бактар өсөт мөмөлөп.
Коркунучтуу түш көргөндөр таң атпай
Булак сууга түшүн айтат чөгөлөп...
Булак суусу түндү уктатпай шылдырап,
Боору менен майда ташты жылдырат.
Бийик тоолор жыртык булут жамынып
Түн койнунда үргүлөөдө тунжурап.
Кирпигине үмүт тизип ким турат?..
Арчага ыктап булак суудан сыр сурап.

Шоокуму жок кылдат басып кош кадам,
Булак сууга жакындоодо кош караан...
Күткөн жүрөк кең көөдөндөн жай таппай:
«Келдиби?» деп көздөн суран турду араң.
Түн тынчтыгын айланата кабарлайт
Солгун чыккан сүтак үнү жылгадан.

Арча түбү бириктирди үч башты,
Булак ыры алаксытты тоо-ташты.
Жеңе акырын четке чыга берди эле,
Эки ынтызар бир-бирине ыкташты.
Ууз дилдер сөз ачкычын табалбайт...
Мындай кезде парда тарткан түн жакшы.

Айлана тынч. Эки жүрөк сүйлөшөт.
Айлана тынч. Эки тилек үндөшөт.
Сүйүү кызык – дил айтканды тил айтпай,
Уяң тартып бир биринен сүрдөшөт.
Эки ашыктын аягына жыгылып
Табийгат да таазим кылат гүл төшөп.

Өттү убакыт. Ким биринчи сөз баштайт?
Кулак түрүп жеңе аларга көз таштайт...

Ичтен ойлойт: «Убакыт аз, түн кыска,
Неге булар дилди өйүгөн сырды ачпайт?»
Жолоочудай сапарынан кечиккен
Ай асманда булут жиреп кыйгачтайт.

Эстүү жеңе күтүп турган четирээк
Ичи түтпөй калп жөтөлдү эки ирет.
Селт этти да жалт карады Паризат:
«Жаным жеңем, асыл жеңем... кечирет...
Үн катпастан үшкүрүнгөн Сулайман
Эми качан сөзгө келет, чечилет?..»

Айыл жактан иттер үрөт абалап,
Кашат жакка кайдигерди камалап.
Булуттардын жыртыгынан көз кысып
Көк жылдызы карагансыйт сагалап.
Кыздын колун жаагына койду да
Кеп баштоого кылды бозой далалат:
– Гүлүм, Күнүм, өмүрүм,
Бир өзүңдө көңүлүм.

Асман калыс, Ай калыс,
Айтпайм сөздүн төгүнүн.
Жоготомун сөз жайын
Жолукканда ар дайым.
Жаш балача жер карап
Жалооруймун, айдайым.
Көрсөм дейм ышкы багынан,
Көрбөй калсам сагынам.
Жаман көздөн сакта деп,
Жаратканга жалынам.

Көңүлдү ышкы уялап,
Күндө келем кыялап.
Сүлдөрүм калса мейличи,

Сүйүүгө кылбайм кыянат.
Көргөнүмө көп болду,
Көкүрөккө өрт толду.
Көңүлгө сактап жүргөмүн
Гүл бураган бостонду...
Коён жылы күзүндө,
Кош аралдын түзүндө
Күткөнсүп сени атайлап –
Жолуңдан чыккам ат айдап.

Кушуңа кыргоол алдырып,
Куш кумарын кандырып,
Кайып болуп кеткенсиң,
Кыялга милте жандырып...

Кыраан куш эле колуңда,
Карап турдум соңуңда.
Канча күндү кечирдим
Кыйналып ышкы торунда.

Капилеттен гүл көрдүм,
Мындай гүлдү бир көрдүм.
Капилет гүлүм сен элең,
Кан жутуп турган мен элем...

«Бул ким экен?» деп калгам,
Муз чеңгелдеп жеп калгам.
«Кайсы элден?» деп калгам,
Кар чеңгелдеп жеп калгам...

Керме-Тоонун оюнда,
Керимкулдун тоюнда
Кайра көрдүм өзүңдү,
Айталбадым сөзүмдү...

Асылдын баары ташта экен,
Ар алоомат башта экен.
Алтынга, малга карабайт,
Ашыктык иши башка экен.

Сонундун баары ташта экен,
Сооптун иши ашта экен.
Сөөлөткө, даңкка карабайт,
Сүйүүнүн иши башка экен.

Күнөөкөр кылба жарды ден,
Күйүттү басам карды жеп.
Күндө өкчөймүн чүкөмдү,
«Көрүшөөр күнүм барбы?» деп.

Жерибе, перим, жарды деп,
Жалынды басам карды жеп.
Жерге өкчөймүн чүкөмдү
«Жетишер күнүм барбы?» деп.

Чигинен түшсө күйүнөм,
Айкүр консо сүйүнөм.
Айдыңында жүрсөм дейм
Алыс Кетпей үйүңөн.

Тирек болун кудайым,
Тилектер таап жубайын,
Көрө турган күн барбы
Жарык дүйнө убайын?..

Сөз токтоду. Кыз колуна баш койду.
Айталбады «айтам» деген бүт ойду.
Аппак билек жай моюнга оролуп,
Боз уланга жакындатты кыз бойду.
Бой тирешти. Эки жүрөк тең какты.

Жалындарды жанаштыруу оңойбу?!.
Эки жүрөк бир жүрөктөй сезилди.

Эки тилек бир тилектей сезилди.
Эки дене бир денедей ширешип,
Бир таттуулук уялады сезимди.
Кыз оюнда кезек күтүн, жол күтүп
Зорго турган сөз тушоосу кесилди:
– Башыңды салба алсыздай, бозой,
Багынба жокко малсыздай, бозой.
Мойнуңду салба алсыздай, бозой,
Муңайба жокко малсыздай, бозой.

Дилиме салдың кыйноону, бозой.
Унутпа кызды сыйлоону, бозой.

Жаныма салдың жалынды, бозой,
Жалынга жаным багынды, бозой.

Ышкы оту малдын чаңы эмес, бозой,
Ыракат күндүн шаңы змес, бозой.
Ашыглык малга кул эмес, бозой,
Аттерчи тапкан пул эмес, бозой.

Азапка башты байлаймын, бозой,
Ашыглык жолдон тайбаймын, бозой.
Кыйноого башты байлаймын, бозой,
Кызыглык жолдон тайбаймын, бозой.

Торколуу кыздан мен жалгыз, бозой,
Топ айыл элден сен жалгыз, бозой.

Жалгызда жалгыз сүйүү бар, бозой,
Жалгызда жалгыз күйүү бар, бозой.

Жадыңда болсун айтканым, бозой,
Жан алгыч келсе кайтпагын, бозой.
Көчүбүз кетет Алайга, бозой,
Көрө албайм эми далайга, бозой.

Жол тартып кетем Алайга, бозой,
Жолукпайм эми далайга, бозой.

Эгиз тоо көрсөң кырдай жүр, бозой,
Эсиңе түшсөм ырдай жүр, бозой.

Жапыз тоо көрсөң кырдай жүр, бозой,
Жадыңа түшсөм ырдай жүр, бозой.
Бардыгы адам өткөн жол, бозой,
Башыңды көтөр, өктөм бол, бозой».

Кыздын сөзү ышкы чачкан, нур төккөн
Угулду ага бирде назик, бирде өктөм.
Беш көкүлдү артка таштап койду эле,
Тең жарылды булут дагы жай көчкөн.
Жамалына жарашыгын тартуулап
Жарк дей түштү жарты нандай Ай көктөн!

Жазды мактап ырдайт тоонун булагы,
Жел айдаса аңкыйт гүлдүн бурагы.
Укпаса экен эки жаштын сөздөрүн
Айда отурган жез кемпирдин кулагы...
«Убакыт да көп узактап кетти окшойт,
Биз кайталы?» Кыз уруксат сурады.

Анар күлүп арча артынан көрүндү,
Ширелишкен эки жүрөк бөлүндү.
– Кош болуңуз. Дагынкысын буюрсун...
Кексе жеңе кагып койду өңүрдү.
Алар кетти. Бир заматта бийледи
Бир кубаныч, миң сагыныч көңүлдү.

Булак суусу түндү уктатпай шылдырап
Өмгөк менен май да ташты жылдырат.
Арчага ыктап булак сууга сыр айтып,
Кирпигине үмүт тизип ким турат?..
Ал – Сулайман. Кош караандан көз албайт
Ышкы отуна ышкы толгон ырды улап:
«Жылдыз десем – Күндөйсүң,
Жанатта өскөн гүлдөйсүң.
Жардылыктын айынан
Жабыкканым билбейсиң.

Тилиң ширин – бал каймак,
Тигилем сага көз жайнап.
Тилегиме жетпесем,
Тирүүлөй өлөм шор кайнап.

Алайга барсаң – жайлап кел,
Арчага кулун байлап кел.
Ак бетиңе жарашсын,
Ачылган гүлдөй жайнап кел.

Тоого барсаң – толуп кел,
Тоо Жакалай конуп кел.
Тоо гүлүнө жарашсын,
Тоту куштай болуп кел.

Буулуккан үнүм, көз жашым,
Булбулдар кошуп ырдасын.
Курулуп өзүң келгенче
Булак суу болор сырдашым…

Карыккан үнүм, көз жашым,
Каркыра кошуп ырдасын.
Кайрылып өзүң келгенче
Кайгы-зар болор сырдашым…»

## СЕГИЗИНЧИ БАП

*Ардай менен Мөнөктү*
*Мушташтыктардың, Паризат ээси...*

**Эл ыры**

Кыз жетилди. Таш күзгүдөн каранды.
Гүл кыстарып, күндө чачын таранды.
Тал чыбыктай тараз бели ийилет,
Теңир берген теңдеши жок жамалды.
Кокус чыкса айсыз түндө короого
Күгүм тарап, буурул тартат караңгы.

Кундуз чачы далы ортого жабылат,
Күлүп койсо – Күнгө тиши чагылат.
Бүт ааламдын сулуулугун бергенби?
Көргөн киши басар жолдон жаңылат.
Кирпигинен кыз чачына байланып
Дил торуна, ышкы отуна кабылат...

Мындай кызды ар ким көрөт турбайбы.
Мындай кызга жуучу келет турбайбы.
Элдин оозу элеги жок, кулпу жок
Эки аяктуу сөз дүкөнүн курбайбы...
Кыз, чынында, ата үйүнүн коногу,
Кыз бар үйдө – бир кубаныч, миң кайгы.

Бектургандын жалгыз кызы, ырысы –
Паризаттын баага түшкөн кези ушу.
Кымыздуу үй, кыздуу үйгө эл каттайт
Бабалардын таштап кеткен жолу ушу.
Кээ бирөөлөр шыпшынышып күңк этет:
«Кыз баланын жайлуу болсун конушу»...

Бектурганды ой туманы каптады,
Арылтуунун эч айласын таппады.
Өчүгүшкөн бир-бирине жуучулар
Өрмөкчүнүн аркагындай каттады. .
Эс болушат: «Кыз баланы карытуу
Жорук эмес, жосун эмес салттагы».

Шарт ачылды ак желектин жакасы:
«Кандай кылам... жараткандын катасы!
Карыбына уул берсе не болмок,
Коромокпу жарты тыйын чакасы?
Көрсөтөт бейм ал дүйнөнү тирүүдөй
Жуучулардын акыл-эси, батасы.

Дубаа алдым оолуядан, сонудан,
Молдо, кожо күндөп-түндөп окуган...
Кылдай кайыр эч киминен кайткан жок,
Жазмыш менин тагдырымды чокуган.
Ыштаны жок Ырысбайда он уул,
А, мен боздоп куубаш болуп отурам!?

Токол тууган Кутурганга таң калам,
Төрт уулу бар, өлбой-житпей баары аман.
Эл катары кирди-чыкты эси бар,
Балким, итти баба кызыр даарыган...
Малдын көбүн өзүм ага бергемин,
О, Жараткап, коркуп ата каарынан.

Жазмыш кордоп жалгыз кызга мен ата,
Жарым акыл Кутурган да тең ата.
Кечээ күнү кеңеш айтып, кер сүйлөп,
Кемегеге төктү сүттү бир чака.
Ак ургурдун кылган ишин карасаң,
Унчукпадым укпасын деп чет-жака...

Жуучулардын баарын кайра кайтардып,
Каяша айтса каарып мизин майтардым.
Кантин чыдайм жалгызымдан айрылып,
Дагы келсе – дагы жооп айтармын...»
Ой бороондоп, бириндеди сакалы
Чырпыгындай жалгыз өскон сай талдын.

Иттер үрдү. Бир топ атчан көрүндү.
Өз ичинен Бектургап бай сөгүндү:
«Түндө келди он бир киши Ардайдан
Беймаалда тепсеп-басып төрүмдү...»
Алда кайдан аттуу салам айтты эле,
Тааный койду Мөнөк бийи Өмүрдү.

Азыктарга азап берип шордото
Аты чыккан ардай беги Шербото
Шап мурутун эки-уч жанып койду да,
Кеп баштады ар кайсыдан жондото:
– Бектурган бий, күттүрбөңүз көп элди,
Баш кошолу, журт кошолу – олжо ошо...

Сөздү бузуп үйгө бирөө баш бакты,
Бек жигити аны башка бир чапты.
«Өлтүрдү!» деп үйдөн үйгө чуркады,
Атка минди мөнөктүктөр он чакты.
Үндөр чыкты: «Ардай бизди жеп койду
Чакырткыла кан тукуму кышчакты!..»

Ардайлардын конгон үйүн курчады,
Ардайлардын бир да бирөө чыкпады.
Мөнөктүктөр тилдеп жатты ат салып,
Мерт болгонсуп үйдөгүлөр укпады...
Суу баканды сүйрөп алган Жарыкбаш
Каалгага жакын келип ыктады.

Көпчүлүк эл чуркап келди чууну угуп,
Мөнөк бийи ээ-жаа бербейт жулкунуп.
– Оо, калайык, өлүм артык мындайда,
Намыс үчүн аккан канга тумчугуп!
Мөнөктөрдү кул кылайын деген го,
Журтта калган Шерботосу тың чыгып.

Көрүшөбүз, мекиян ким, короз ким?
Көрүшөбүз ата уулу ким, болбос ким?
Көрүшөбүз арыстан ким, топоз ким?
Көрүшөбүз кашеки ким, жолборс ким?
Ардайлардын кашык канын ичпестен,
Арачыга Өмүр баатыр көнбөс тим!..

Бектурган бай үйдөн чыкты сурданып,
Өмүр ага атырылды кырданып:
– Эр жигитти эшигинде урдурдуң,
Бычагыбыз кала элек го кындалып...
Чыксын бери Шербото бек качпастан,
Катын деле атка минет шымданып...

Ачуу менен жулуп алып түймөнү,
Заар чачып Бектур өкүм сүйлөдү:
– Жогол мындан, короолудай койтойбой,
Жалгыз өзүң көтөрсөң да дүйнөнү!
Ошол кезде чий эшикти шарт ачып
Бирөө чыкты ардайлардан үйдөгү.

Басылганча байдын, бийдин чатагы...
Сорок деди Жарыкбаштын баканы.
Үйдөн чыккан ардай «ой!» деп жыгылды.
Дир-дир этет суюк буурул сакалы.
Чекесинен аккан канды шимирет
Калыңдата пахта салган чапаны.

Бирөө барып жылоолоду Өмүрдү,
Көбүк чачат: «Көрсөтөм – деп – көрүңдү!»
Бир заматта айыл ичи бүлүнүп,
Опур-топур, будуң-чаңга көмүлдү.
Чуу... кыйкырык...
Баш көргөндү көз көрбөйт.
Таанып болбойт досту, касты, төгүндү.

Кекчил тилдер кеп бөктөрүп шашууда...
Күндөн күнгө кыз чатагы ашууда.
Мөнөктөрдөн оомат ооп качууда.
Ардайлардын таразасы басууда...
Бектер келди Ханабадга оң, солдон
Адам өлгөн чырдын башын ачууга.

Чынар зарга чарпаялар коюлду,
Чай демделди. Бээлер, койлор союлду.
Ырылдашып бирин бири талаган
Жолбун иттер жылуу канга тоюнду.
Мурут бурап ызырынат Шербото:
«Монок, бугун көрсөтөм деп тоюнду...»

Сөз баштады Коной казы дардайган:
– Кош, жакшылар, эр өлүптүр ардайдан.
Бул чатактын башын бүгүн ачпасак,
Калк ичинде кала берет кан майдан.
Күн албастан башын чүмкөп жата албайт
Ардайлар да калың эл го калдайган.

Шербото бек, ачуу шайтан, акыл дос,
Жашысы жок, жаманы жок эл болбос.
Масилаат бул – бир ачуудан кайтыңыз.
Ынтымакка ысытылган кол тоңбос.
Мөнөк эли кун төлөсүн – айыпкер.
Шариятты бузгандардын иши оңбос.

Чогултулсун эр куну үчүн мал, акча.
Шерботого – мөнөктөрдүн керкашка.
Ар бир элден бул иш үчүн келишкен
Жакшыларга –бычак учу бир башка.
Тең чачылсын бүт мөнөккө бул чыгым,
Айып тартат – ким төлөбөй чырдашса.

Кыз жагдайын айтар болсок, каалайык,
Кудалашуу ардайларга ылайык.
Өмүр мырза каршы болбос бул ишке,
Жакшылардын сөзүн укпоо – чоң айып.
Бектурган бай, мыйзам ушу, шарт ушу,
Батааңды бер, башты салбай муңайып…

Кана бектер, эл башкарган мырзалар,
Баарыңызга макул келсе бул кабар
– Оомин деңер!.. (Батаа кылды бардыгы).
Медет берсин арбагы улук бабалар… …
Асли батаа – бир кудайдын мөөрү,
Кана, энди дасторконго караңар…»

## ТОГУЗУНЧУ БАП

*Көлкүлдөп агат көздөн жаш…*

**А.Токомбаев**

Көздөн аккан тунук тамчы сыяктуу,
Күн-түн дебей эзет ташты булак суу.
Катар таштын калканынын астында
Калк көрө элек жары барбы уяттуу?
Канчалардын кайгы-зарын укту экен
Кылаасына сыр жашырган ынак суу?…

Булак суусу сапар улайт арылап...
Бирде ырдаса, бирде үнү карыгат.
Жол бошотуп ушул суулар өтсүн деп,
Тоолор дагы ортосунан жарылат.
Булактагы жалгыз арча түбүндө
Бир ынтызар түн күзөтүп зарыгат...

Убакыт аз. Күтөт кимди муңайып?
Жалгыз арча кабак бүркөйт чунайып.
Адам менен арча аразы бүткөнчө
Түндү жалмап таң агарды кылайып.
Булак жакка эрте ойгонгон бир келин
Келе жатат ак көйнөгү булайып.

Бетин жууду, олоң чачы чубалды.
Таш булактын дал көзүнөн суу алды.
Маңдайынан көрө коюп уланды
Чочуп кетти! Кош чакасы куланды.
«Кокуй, жеңе! Мен элемин... коркпо» деп,
Колтугунан жөлөп жигит суранды.

– Апий десе...
– Жеңе...
– Кайдан? Жол болсун?
Ээндете торун жайган оңбоссуң.
Кыт-кыт күлүп келин коомай ыктады:
«Экинчи ирет минтип колго конбоссуң...»
Жаштык жеңиш көзү өтөт баладан:
«Жеңеңди эми жөн кетире койбоссуң...»
Көңүл сели каптайт дилди, шаштырат,
Тыным бербсй кылаасына бастырат...
Бир кездеги жигит ыры, авазы
Эске түшүп келин оюн шарт бурат...
Булак суусу жүрөк каны сыяктуу
Кайнап чыгат – тамчылары ташты урат.

Наздуу келин ага кыйгач карады:
«Эми бир сөз айтат го» деп самады.
Салт төркүнүн түшүнбөгөн бозойду
Түпсүз кыял түпкүрүнө камады.
Булак суусу агызгансыйт аз-аздан
Дилди эргиткен үмүттөрдү жанагы...
Шарт сындырып жакын өскөн чырпыкты:
– Жеңе! – деди, кайра дилип курчутту...
Келин колун улам-улам кармалап
Сөз айталбай, сыр ачалбай тумчукту.
Келин ойлойт, ой-түйүнүн чече албайт:
«Эркек змес, кыргый коргон чымчыкпы?..»
– Кокуй, кайним, макулуктай марашып
Турабызбы, бир орунда карашып!..
Кур бекерге дил күзгүсүн сындырбай
Кетсек кантет жайыбызга тарашып?..
– Жеңске-бай, не деп айтсам?.. Оттомун!..
Мен шордууга ким кайрылат жаны ачып...
– Эмне болду? Ким күйгүздү мынчалык?
Келиптирсиз жаталбастан тынч алып...
Башкаларды көрбөй калган экенсиз
Бир перинин ышкы отуна курчалып...
Суу сепкендей сууй түшкөн жаш келин
Каарын  алды ар сөзүнө мурч салып.

– Жеңеке-бай, укчу, айтар кебим бар...
– Жедекеңе дагы эмне дегиң бар?
– Билесиз го ушул калың айылда
Көңүлүмдүн жалгыз гүлү – теңим бар.
Эбин таап бир көрсөтүп ошону –
Бул башымды кул кылып ал дегим бар!

– Кокуй, кайпим, үйгө башың батпайт го,
Бир жазтыкка үч баш катар жатпайт го...
Дүмбүл бала, кадыр-көңүл жан болсун,

Жеңең сырды оңой-олтоң сатпайт го.
Бүгүн жума, эркек аттуу намазда,
Бир кызматты мустар жаным актайт го...

Түш мезгили. Тике тиет аптабы.
Соло түштү жалбырактар бактагы.
Күткөн жигит бадал өскөн коктуда
Үй ордундай жердин чөбүп таптады.
Бир оокумда бодур таштын артынан
Кызыл жоолук баш көрүнө баштады.

Кыз умтулду. Күткөн бозой шашылды.
Кең кучакка кыз денесин жашырды.
Көөдөнүнө көздүн жашы төгүлүп
Көңүл толгон кайгы дартып ашырды.
Кайрып-кайрып үн алышын сайраган
Куштар дагы тык токтотту маашырды.

Каар чырмап үмүттөрдүн илебин,
Карга тыгат кыз-жигиттин тилегин.
Кайгы оронгон кара шамал каптоодо
Кыялдардын кырчын кезде түнөгүн.
Кең дүйнөнүн келер күнү тар болуп,
Кочуш толо таттырбайбы мүрөгүн?..

Ушак тарап кар жаагандай жайында,
Өйдө-төмөн сөздөр болот айылда.
Дилге сыйбай тилге оролгон чырмооктой
Бир жак учу жеткен имиш кайынга...
Ошондуктан кармап алып сойсок деп,
Бир топ киши Сулаймандын пайында.

Көптин бери көзду көздон бөлүштү,
Көптөн бери сөзду сөздөн бөлүштү.
Катаал кездин каарына карабай,

Кайра бүгүн бирин бири көрүштү.
Көкүрөктү көлгө айланткан көз жашты
Кирпиктеги шүүдүрүмдөй төгүштү.

Жеңеликтин каада-салтын аткарып
Сурма акмалайт эки жагын баш багып.
Тиги экөөнүн тынымы жок жүрөгү
Таалайларга жол салгансыйт таш чагып.
Кыял... Кыял... Кырк айланды жер бетин
Бирде Кызыл, бирде кара гүл тагын...

Шамал жүрдү – жолдун чаңын айдады,
Бак ыргалды, чөп ыргалды сайдагы.
Бир кекилик мен мындамын дегенсип
Борчук ташка чыгып алып сайрады.
Кыз ойлонот: «Ышкы бергеп, дил берген
Теңир өзү эми кайра айрабы?..»

Чочуп кетти: – Жок,– деди.
Кызыл өң өчүп беттеги.
Буулугуп сүйлөй баштады
Жүрөктү өйгөн кепти эми:
– Ук, Сулайман, сөзүмдү.
Толтурдум жашка көзүмдү.
Кан жолдун баарын кар басып,
Көрбөйм го дегем өзүңдү.

Ук, Сулайман, зарымды,
Арылтчы дилден карымды.
Укпайт го дегем уу жутуп
Уйпалып калган алымды.

Анархан буту сынганы,
Арылбас болду чыр дагы...

Араны кошчу киши жок,
Азаптар бизди чырмады.

Жолуңа туткам бир башты,
Жошултам сен деп көз жашты.
Жолбун ит каап багымды,
Жолума үйдү куу ташты.
Уккандырсың бүт кепти,
Улуп-уңшуп күн кетти.
Ушу алга мени калтырып,
Уйкумду уурдап түн кетти.

Түгөтүп бүткүл айламды
Төбөмө жору айланды.
Түпөйүл чырмап дилимди,
Түркүккө башым байланды.

Жексендеп бүткүл айламды,
Желкеме жору айланды.
Желмогуз чырман дилимди
Желеге башым байланды.

Эрким жок мении кечээги.
Элден-журттан кечели.
Эрме чөл, ээн талаага
Ээрчишип бирге кетели.

Жарпым жок менин кечээги,
Жакындан-жаттан кечели.
Жараткан өзү жар болор,
Жаканы болуп кетели.

Токтолбой элге барып кел,
Токулуу эки ат алый кел.

Эртелеп элге барып кел,
Ээрдүү эки ат алый кел.

Адашкан экен дебегин,
Алты аркар чыга келемин.
Антташкан жердей таппасам,
Ак шамшаар уруп өлөмүн!

Шашылгап экен дебегин,
Шам өчкөн кезде келемин.
Шерттешкен жердей таппасам,
Шап бычак уруп өлөмүн!..

* * *

Кыйгач тийип батар
Күндүн нурлары
Өрттөнүүдө булуттардын кыргагы.
Күңгүрөнүп жамынгансыйт кара тон
Жалгыз арча күзөтчүдөй кырдагы.

Күүгүм дагы пардаеына ороодо
Акырындан ойду, тоону, жылганы...
Кокусунан жеңс болгон Сурманы
Катаал ойлор каршы-терши чырмады:
«Качып кетсе... кокуй, бетим не болот?..»
Кабыргага батат кайгы тырмагы.
«Кудуреттин кусуруна калам го...»
Көңүлдү өйүн коркунучтар ырбады.

«Оо, жараткан, кечирип кой, тообам бар,
Ансыз деле анча-мынча коогам бар...
Кутургандын купулуна толом деп,
Өз эриме болун жүрөм жооган жар.
Алдын-артын ойлобостон иш кылган.

Ушул менин ак көңүлдүк оомом бар».
Сурма ойлуу... Ой түбүнө жетпеди,
Көңүлдү өйгөн коркунучтар кетпеди...
Бир оокумда калп жөтөлүп Кутурган
Чыккансыды аппак үйдөн четтеги.
Ойлуу келин ыргып туруп ордунан,
Каалгый басып кашат жакты беттеди...
– Ушундай де... Кудай берген турбайбы!
– Кокуй, бекзат, аны эч ким урбайбы?!
– Жиндисиң го.... Кызыл кымкап кийгизип
Урмат менен узатабыз мындайды.
Калган сөздү калтыралы эртеңге...
Үйүңө бар, кеп дүкөнүн курбайлы.

...Сур булутка жашырынды Ай дагы –
Бир шумдукту баштоочудай кайдагы.
Кутурганга кулдук урган жигиттер
Заматта эле ат, жаракты шайлады.
Камындырбай Паризатты камашып,
Кишен салды. Эргелчекти байлады.

Булак суусу таштан ташка чабылат,
Бирде ыйласа, бирде үнү карыгат.
Жалгыз арча айталбастан билгенин,
Жаны түтпөй бетин басып ары ыгат.
Байлап коюп буйгоо жерге кош атты
Бир ынтызар түн күзөтүп зарыгат...

Качан келет ынтызардын күткөнү,
Көөдөй түндү улам-улам тиктеди.
Ороп алган ой түбүнө жете албай.
Отко түшкөн эт жүрөгү түтпөдү...
Жанындагы жапыс өскөн арчанын
Бир чырпыгын мыкчый кармап бүктөдү:
«Күтө берип өзүңдү,

Күүгүмгө кайрайм көзүмдү.
Кудүрдөн башка жан укпайт
Күбүрөп айткан сөзүмдү...

Карай берип айылды,
Кирпигим түнгө сайылды.
Каргашалар капыстан
Кыйбаса болду пайымды...
...Казмуратты барчуларга баш кылды,
Колун кезеп көп иштерди тапшырды.
Анан кийин артын карай Кутурган
«Болгула» деп жигиттерди шаштырды...
Түн койнуна тигилерди түрттү да,
Жутуп ийди кесе толгон ачкылды....

Үлпүлдөтө жибек жоолук салынып,
Узун тиккен кош этекке чалынып,
Булак суугa жакындоодо кош караан:
«Караңгыда калбасак деп жаңылып».
Элеңдеген ал экөөнүн көзүнө
Ээн кокту жоо чапкансыйт аңырып...
– Мен мындамын. Өмүр гүлүм, келдиңбн?
– Ме куржунду, анан сүйлө кебиңди...

Кубанычка койну толгон Сулайман
Кош караанга жар башынан эңилди.
Колдон алып катуу булкуп тартканда
Кулап түштү. Кумга башы көмүлдү.
Чочмор тийди – кетти жигит шайманы.
Жалт бир карап бетин жапты Ай дагы.
Тигил экөө тоо томорго дөөгө окшоп
Жаш бозойдун колун кайрып байлады.
Кокусунан көлгө түшкөн туткунду
Кокту ылдый түрткүлөшүп айдады.

...Кутургандын кыска болду жардыгы:
– Кымкап жаап аткаргыла жардыны.
Беш-алтооңор жол көрсөтүп койгула,
Баёо болот мындайлардын бардыгы.
Бейиш багын кокус көрбөй калбасын...
Баарыңардын кулагыңар чалдыбы?

«Сыйлагын» деп буйрук берсе ноёну,
«Сыр билгилер» аткарбастан коёбу?
Атка таңып алыска алып кетишти:
«Ант ургурду ара жолдо соёлу».
Катар талдын каптоосуна жеткенде
«Кымкап» дешип кызыл канга боёду.

Сабайт алтоо – тынбайт өрмө камчылар.
Салааланып агат кызыл тамчылар.
Ура берсе үстү-үстүнө тепкилеп,
Улукмандан дары ичкен да жанчылар.
Үмүттөрдүн бөрткөн гүлү тепселди,
Үркөр батпай, үп басылар, жан чыгар...

Камчы үйүргөн чотур жигит четтеги:
– Болду го дейм. Иттин жаны кетти эми.
Бейиш багын көрө берсин өзүнчө,
Бери узатчы, жаңы бекен чепкени?..
Таскарадай тарткылашып чепкенди
Төртөө-бешөө төбөлөшө кеткени...

Түндү жарып үн угулду:
– Куруттуң!..
– Бул меники, ээ болууну унуткун...
Бир Казмурат катышпастан талашка,
Башын чайкайт малтасындай куруттун.
Аңдыгансып ач көздөрдүн жоругун
Ай көрүндү жыртыгынан булуттун.

– Калсын эти карга, кузгун чокурга,
Өңөрткүлө чепкен алган Чотурга.
Өзу апарып дарыяга таштасын,
А биз кеттик бозопуруш сокурга.
Буйрук берди бужур сакал Казмурат:
– Жөнө, Чотур, сүкүт тартып отурба.

Иткубардын эч нерсе жок оюнда
Келе жаткан чоң арыктын боюнда...
Чочуп кетти көрө калып бирөөнү
Чаар жылан оролгонсуп моюнга.
Онтойт araң. Кызыл канга боёлгон,
Арык суусу тарталбаптыр коюнга...

Чыдай албай жакын келди... токтоду.
Чала жандуу Сулайманга окшоду...
Каракуштан жылжып шүүшүн кан агат,
Касташкандын  тийсе керек чочмору.
Кыйноолордун кыяматын көргөн го,
Кыл чылбырга кыйылыптыр колдору.

Карай туруп:
Сулайман! – деп жыгылды.
Курдаш үнү алда кайда угулду:
«Кимдер сени кара канга боёгон?
Канкорлордон алам сенин кунуңду!
Калайык эл, каргышыңар качан жейт
Карыптарды кан какшаткан зулумду?..»

Иткубардын шашылганын айтпагын,
Кандуу башка суулап басты калпагын.
Бир оокумда кыңылдады Сулайман:
Жаным... жаным...
Суу бер?.. Суу бер?.. Чаңкадым.

Үндү угуп эсин жыйган Иткубар
Жууйт тынбай дос жүзүнөн кан тагын.

...Бир топ киши келип калды үндү угуп,
Элге Иткубар араң сүйлөйт буулугуп:
– Оо, туугандар, ушундай да болобу?
Жатабызбы бечараны урдуруп?..
– Бул ким экен? Кимдер муну уруптур?
– Сулайман да!
– Сулайманың, кайсы урук?..
– Айым жактан. Уулу эмеспи Араптын,
Дарга асылган чатагында кара аттып.
– Кокуй, балдар жеткирели айылга,
Табыш көрсүн тилин билген жарааттын.
Кайран киши – атасы Арап эр эле,
Жапжаш кетти чагымынан Саматтын...

Күнөөсү жок көп адамды сабаган,
Күчкө салып көп айылды талаган.
Самат бекке, ардайларды башкарган,
Керме-Тоонун төрт тарабы караган.
Ошол кезде шоруң каткан Арап да
Жигит эле ат көкүлүн тараган.

Бир жыйында Арап минген күлүктү,
Көрүп Самат салат мындай бүлүктү:
«Берсин менин Шерботомо мингенин
Сала электе тумшугуна чүлүктү.
Бектин сөзүн эки кылам дегендер
Оз жанынан үзүп койсун үмүттү!..»

Анда Арап: «Кызын берсе – берем» дейт.
(Эне байкуш эч нерседен кебелбейт).
Бек ордунан тура калып буулугуп:
«Кармагыла, төрт аягын керем» дейт.

Арап болсо: «Катылганың өлтүрүп,
Бир кудайдын буйругунап көрөм» дейт.

Ал аңгыча алтоо-жетөө ат салат,
Алдыңкысын Арап башка бир чабат.
Алдуулары алга карай умтулса,
Айрымдары башын катат калкалап.
«Арамыны аңтаргыла аттан!» деп,
Айван жакта Самат турат чалкалап.

Жасакерлер жаалап кирип барышты,
Жалгызды эми жарга камап алышты.
Жан аябай салгылашып жатканда
Жар башынан сыйыртмакты салышты.
Жакшыларга сөз кайрыган сенби деп,
Жалгыз талга бекем чырмап таңышты.

...Шордуу Арапты Самат мырза ошондо
Эл бузар деп айдаттырган Коконго.
Кийинчерээк каңшаар келди айылга:
«Кайран жигит асылды деп Кокондо...»
Андан бери эки тогуз жыл өттү,
Кайтпас беле хан торунан бошонсо...

...Тоолор капаа көктү тиреп заңкайган,
Зоолор капаа көкүрөгүн муң чайган.
Арык бойлоп ирети жок тигилген
Бактар капаа жашыл чачы саксайган.
Сулайманды көтөрүшүн басканда
Ыр угулду, муң угулду капкайдан:
«Малдуулардан малсызды
Кем жараткан замана.
Алдууларга алсызды
Жем жараткан замана...»

## ОНУНЧУ БАП

*Жылуусу болбойт жыландын...*

**Барпы**

Күз ортосу. Анжыянга эл батпайт,
Көчөлөрдү опурулган чаң каптайт.
Сатуучулар тизип коон, мөмөсүн
Көрүнгөнгө: «мендеп ал» деп жалжактайт.

Базарчылар өйдө-төмөн агылып,
Тынымы жок кечке чейин жол таптайт.
Чайханадан орун тийбейт – элге жык.
Кээси умтулат, кээси чыгат сыгылын.
Четте бирөө бөдөнөсүн көрсөтүп
Өз алдынча сүйлөп жатат кыжынып.
Көпчүлүктү көзүнө илбей үргүлөп
Баңги отурат көкнаарисин мыжыгып...

Базар кызык – көрбөгөндү көрөсүң,
Көп нерсеге көңүлүңдү бөлөсүң.
Бир топ киши кумар ойноп отурат
Далдоо кылып хаммамдардын дөлөсүн
Чоторчулар көз артышат тим эле
Сопойтушуп сөлпү баштын төбөсүн.

Бир халендер түркүн ташты тагынып:
«Я, алла!» дейт жаратканга жалынып.
Топу саткан, чарчы саткан аялдар
Соодалашат паранжисин жамынып.
Бир мырзага чарпаяда отурган
Төрт-беш инсан кызмат кылат жагынып.

Кайсы мырза чарпаяда каткырган?
Карап койду Сулайман да астыртан.
Ал – Кутурган. – Паризаттын агасы,
Сулайманга «кызыл кымкап» жантырган.
«Бейиш багын көрсөткүлө буга» деп,
Беш ай мурда жигиттерге тапшырган.

Жакын барып салам айтты жаш жигит,
Мырза араң баш ийкеди киртийип.
Өзүнчө ойлойт: «Кантип өлбөй калган бул
Же арамдар алдаганбы жин тийип?
Бир аздан соң: «Отур!» деди кол шилтеп,
Кабак чытты каарын жутуп үңкүйүп...

Күлкү өчтү. Чайлар гана сунулат.
Жүрөк дүк-дүк көкүрөктө тыбырап.
Чай ташыгыч Кутурганга эңилип
Күлүп койду бирдеме деп шыбырап.
Бопбоз сууну көк чайнектен куюшуп,
Отургандар ичип кирди чынылап.
Сулайманга чыны сунган:
– Ич! – деди.

Колуна алды, бирок аны ичпеди.
Мүсаллага кызып калган Кутурган
Жаш жигитке акырая тиктеди.
Кекээр менен кашты жыйрып сүйлөдү
Токтото албай бүт ачуусун ичтеги:
– Кана, жигит, ичип жибер батыраак,
Ичер замат киргил көөнүң ачылат.
Мындай кезде бекзааттардын ашына
Кесири жок тоюп алгын жакшылап.
Мен бар жерде эшегиңдин башын тарт,
Дайыныңды таппай калба таш кулап!..

Ичип ийип – туруп калды жер карап.
Ичип бүтүн кеткенсиди куйкалап.
Көзүн албай Сулаймандан бардыгы
Сурагансыйт: «Качан жооп кайтарат?..»
Өз ишине курсант болгон Кутурган
Чайдан ууртап борс-борс күлөт кайкалап.

Мүсалланы толо куюп чыныга,
Тизип көрөт көбүн ойдун сыгына:
«Кан кускурду калк алдында жекирип,
Хан базарда киргиздим бейм кынына.
Оозун ачып кың дей албас экинчи,
Каарымды чылап койдум ырына...»

– Кош, Сулайман, ким суурган тилиңди?
Бир тамчы суу байладыбы жиниңди?
– Сууруйм деген – сууруп алар тилимди
Суура албайт сүйүү толгон дилимди.
– Эмне дедиң,?
– Кулак экөө, сөз бирөө...
– Ошондой де... таанытайын пириңди...
– Кутурган бай, теңелбеңиз жаманга...

Карды тойсо келбейт булар саламга.
Эки-үч киши түшө калып ортого
Жаш уланды чалдырбады каманга.
Өз оюнда чечим кылды Кутурган:
«Жайлайын деп алый чыгып жалаңга...»
– Кош, кераяк, «сый» көргөнсүң жайында.
Барасыңбы эми дагы айылга.
Же болбосо кыпчып алый куйругуң
Жаныңды алый качасыңбы Айымга?
– Качпайм! Барам!
– Кара башың соо кайтпас...
– Кара башым бардыгына кайыл да!

Жол аптабы акырындап түрүлдү,
Куп жарыгы көк асмандан сүрүлдү.
Базарчылар жеткен кезде айылга
Баш-аламан үрүп иттер бүлүндү.
– Ат алгыла! – Буйрук берди Кутурган,
Малайлары чебелектеп жүгүрдү.

...Жылчыгы жок түн койнунда айлана,
Четки үйгө кириштi алар жайгана.
Жылдыздары күйүшпөгөн эки жан
Торго чыгып отурушту жайлана.
Дасторконго түрдүү даам коюлду,
Кайнай элек кумгандагы чай гана

Бозо келди. Толтурулду кош аяк.
– Көтөр! – деди үй ээси тик карай.
Ичип ийди. Нандан үзүп жеп койду.
Кайра дагы толтурулду бош аяк:
– Ырдайт дешет. Билгениңди бүт ырда.
– Мейли ырдайын ашыглыктан бир сабак.

...Кара тоонун кары бар,
Караңгы түндүн таңы бар.
Караны, акты ылгаган
Калк ичинде дагы бар.
Кара жанын карч уруп
Какшагандын зары бар.
Кашыңа келген бозойдун
Капесте жаткан жары бар.
Капесте жарым – Паризат!
Күн көрбөйм андан ажырап!

Капканда жатат чыгалбай,
Каркыра үнүн угалбай...
Кайгысын кайгы тебелейт

Каптаган кара тумандай.
Каргыштар үзөт гүлдөрүн
Каражамал ыландай.
Канын бир сорор Шербото
Кара чаар жыландай.
Жыландар чаккан, Паризат,
Жашоо жок менде ажырап!

Чырмооктор ороп күнүңдү,
Чылага тепсейт гүлүңдү.
Чылбырга байлап багыңды,
Чыгарбайт назик үнүңдү.
Чайналат жапжаш өмүрүң,
Чалканга чылайт тилиңди.
Чакырайган Шербото
Чаяндай чыгар дилиңди.
Чаяндар чаккан, Паризат,
Чыгарып алам – кол узат!

Азада өскөн чынарсың,
Аманат жанга мунарсың.
Акыркы түндү жаңырткан
Армандуу үнүм угарсың.
Ашыгым бозой үнү деп,
Алдымдан тосуп чыгарсың.
Атайлап келдим мен бүгүн
Алып бир жанды тынарсың.
Жанымда турам, Паризат,
Жан биргем десең – кол узат!..
Күйгөн бозой улам эргип ырдады,
Муңдуу чыкты, ыйлуу чыкты ыргагы.
Тизилишип кирпиктерден кулаган
Көз жаш менен жуурулушту ырлары.
Былк этпестен ыр тыңшаган бекзаттын
Көңдөй башын ой жиптери чырмады.

Ойго салды: «Ойду, тоону, жылганы…
Отузунда ойнош туткан Сурманы…
Жакшы-жаман, сүйүү-күйүү эмне?» деп,
Өз алдынча өйдө-төмөн ылгады.
Бирде ачык, бирде күңүрт кыялдар
Көчө берди – бир орунда турбады.

Бир оокумда Сулайманга парады,
Көзү чалды ырдан жаткан баланы.
Кылт ойлоду: «Өлтүрөт деп коркпостон,
Ээрчип мында келгенин кар… арамы.
Ыры, сыны, как жалдыгы: капыр ай,
Алып тушат Шербroom жанагы…

Кутулбадым бул жетимден урдуруп…
Таштасамбы иттин башын жулдуруп?..
Же болбосо алды-артына карабай,
Байытсамбы малга, пулга тундуруп?..
Сагырга ушул Паризатты берсемби,
Шерботону эл алдында сындырып?..

Уят, уят! Кантип ага барайын.
Уясына уу таштайын… чагайын.
Ажалдарды аттап өткөн неменин
Амал менен таанытайын тагайын.
Шек алдырбай, шариятка тууралап,
Шерботонун очогуна жагайып»…

Тик жакадан шарт чыгарып түймөнү,
Кесе толо бозону ичип ийди эми:
– Токтот ырды. Тамактан ал жакшылап…
Негедир бек жебегенсип сүйлөдү.
Коңшу турган молдону тез чакырып:
– Шерботого дубай-салам чий,– деди.

«Ушбу кат Кутургандан дубай-салам,
Шербото, жатыпмысыз эсен-аман?
Биз болсок, теңир колдоп тынч жатамыз,
Маңдайга баарын жазган дөөтү калам.

Жараткан башка салса көрмөк болдук,
Араны мындан ары болмок болдук.
Энди бек, батаа бузуп, Паризатты
Айымдык  Сулайманга бермек болдук.

Не берсең – бийге сальш болдуруп ал,
Эр болсоң – кана эми көндүрүп ал.
Атаңдьш акы камса, доосу калса,
Бардыгын бир өзүмдөн өндүрүп ал...»

...Атканадан тандап турун ат минип,
Катты альп жөнөп кетти бир жигит.
Молдо болсо аң-таң болуп отурат
«Не болду?..» деп чырпык менен жер чийип.
Кубангандан ыйлап ийген Сулайман
Тура калды кол куушуруп, башты ийип...

– Бар, Сулайман, бүтүргүн тез камыңды,
Бир мал албайм, төлөйм дебе калыңды.
Кутургандын ким экенин таанытам!
Кудай өзү ачсын, сагыр, багыңды.
Көк экенсиң, бек экенсиң, арамы,
Бир жар үчүн аябадың жаныңды...

## ОН БИРИНЧИ БАП

*Кара деп айтып агыңды,*
*Канкорго сатат жаныңды...*

**Барпы**

Ардай беги окутканда бул катты
– Ар-намысын, бүт сыймыгын түн жапты.
Кутургандын орой, ачуу сөздөрү
Сан сөөгүн муз баскандай сыздатты.
Каар толгон ачуусуна чыдабай,
Капшыттагы куу тайганды бир чапты.

Каңк этти да качып чыкты тайганы,
Көкүрөктө каар уусу кайнады.
Көптөн берки кектин, өчтүн ызгаары
Калчылдагып тишин тишке кайрады.
Калкта болгон бекти, бийди жыйна деп,
Каарып туруп жигиттерин айдады...

...Кат окулду. Сестейишти баарысы.
«Тообо»... дешип жашы менен карысы.
Бирөө айтты:
– Эл башкарган, жакшылар,
Тепселеби Ардайлардын намысы?..
Жамандыкка жамандык бар эзелтен,
Табылбайбы заты пастын дарысы?..

– Дарысы жок дарт болбойт дейт карылар,
Эстүүсүңөр, баштуусуңар баарыңар...
Эл алдында өч алалы абалы,
Узун чачтуу качан болсо табылар.

Шерботонун алтын башы барында
Жылда эмес, күндө төшөк жаңырар.

Масилаат бул: даяр болсун ханга кат
Сулайманды эл бузар деп каралап…
«Ата күнүн кууймун деп кол курап
Жүргөн кезде карман алдык камалап.
Кан кускурду өзүңүзгө жөнөттүк
Калбасын деп калың элге жаман ат…»

Дагы бир иш аткарылбай калбасын,
Төрт-беш жигит ат күлүгүн тандасын.
Керкашканы алып барып мууздашып,
Сулайманды ат ууру деп кармасын.
Аттып башын асып туруп мойнуна
Бектургандын элин көздой айдасын.

Көрсүн баары күйөө болчу немени.
Кутургандын желим болот жегени.
Батаа бузган мына ушундай болмок деп,
Калкы айтсын наалат менен жемени.
Эл алдында этек, жеңи кымтылбай
Эр тандаган эрке кызды көрөлү!..

Көрөт көп эл: ким кубаттуу, ким алсыз.
Көрөт көп эл: ким бадөөлөт, ким малсыз.
Көрөт көп эл: эмне болот акыры
Салтты бузган, калкты бузган ыймансыз.
Шербото бек, касташкандар ошондо
Тизе бүгүп баш ийишет амалсыз…

– Бийдин сөзү туура,– дешип жакташты.
Кимдер барат, кимдер калат – такташты.
Ханга деген кат жазылып бүткөндө
Бийлер, бектер мөөр баса башташты.

Акырында башка сөзгө өтүшүп,
Чаң жугузбай Шерботону макташты...

Күз алыстайт. Акыркы айы жаңырган.
Кыш олпогун тоолор эчак жамынган.
Кашка сууну Күн нурунан калкалап
Кабат-кабат муз каалга жабылган.
Кара тоодон ызгаар тынбай ышкырат:
«О, калайык, кышка кандай камылгаң?»
Сур булуттар көк асманда сүрүлөт.
Улам күздүн көшөгөсү түрүлөт.
Эртели-кеч кыш ызгаары жаланып
Ар бир үйгө кулак түрүп үңүлөт.
Кыштан бетер калтыратып жүрөктү
Капысынан дабыш чыкты дүбүрөп...

Бир сагызган бакка конуп сайрады
Баштачудай балекетти кайдагы.
Анар чочуп кесек алып ыргытып,
Сагызганды сайратпастан айдады.
Бактан учуп жыйган чөпкө конду да
Өчөшкөнсүп кайра тилин кайрады...

Коркунучтар чырмап алып көңүлдү,
Анархандын ою онго бөлүндү.
Бир шордууну эмгектеткен аттарга
Алты киши четки жолдон көрүштү.
Аркы үйдөн келе жаткан Паризат
Туруп калды колуна алып чөгүндү.

Жакындашты. Жөөгө баары ат салат.
Озунганы «ме!» деп башка бир чабат,
Асышыптыр аттын башын мойнуна,
Жарааттардан жерге тып-тып кан тамат:
– Паризатым! Мен – Сулайман!..

Күт мени!..
Ак жеринен сынып калды кош канат!
– Сулайман! – деп, танып калды эсинен,
Бир заматта нуру өчүп бетинен.
Анар аны кучактады чыңырып,
Мыскал байкуш кулап түштү секиден. ...
Тигил алтоо Сулайманды айдашып
Караан үздү бул айылдын четинен...

...Учкан сөздөн кызыл тилди камчылап
Ушак жаайт кулактарга тамчылап.
Кээ бирлери уй тилиндей сыдырса,
Кээ бирлерин угуу кыйын жан чыдап.
Чындыгыңды чырмап алса болгону
– Чындыгынды кесип таштайт кайчылап...

## ОН ЭКИНЧИ БАП

*Ашыглык күчүн адамдар көрдү.*

**Барпы**

Жаткан менен кыш төшөгү жыйылбай,
Чорго муздар ыйлайт жашы тыйылбай.
Мезгил көчү кербен тартып өтүүдө
Же теңирге, же пендеге сыйынбай.
Чындык жолун чырмап алган наадандык
Чарк айлапат чаң санырган куюндай.

Кыш ызгаары жаз келгенче тынчыбайт,
Эртели-кеч колду-бетти чымчылайт.
Тагдыр жолун көчкү басып, сел алып,
Үмүттөрдүн чөйчөгүнө уу чылайт.

Күндөн күнгө жүрөктү ажал козгоодо,
Күйүттөрдүн алоосуна ким чыдайт?..

Керегелер оору дилин кыскансыйт,
Көкүроктөн көңүл куту учкансыйт.
Беймаалда «барса келбес» он тартып
Гүл өмүрдү күндөп жолун жуткансыйт.
Каарларга бүлөп алып тырмагын
Каргайалар кара жанды тыткансыйт.

Өтөт күндөр – токтолуу жок тынымга.
Өксүк тагдыр ышталууда курумга.
Ажал сорот гүлүн узун өмүрдүн
Тамекидей баса салып чылымга.
Үмүт таңын тун каптаган дил ыйлайт
Наалыш айтып, каргыш айтып кылымга...

Жатат оору булут каптан көңүлүн,
Жатат сору кылга байлап өмүрүн...
Бир оокумда уйгө кирди Анархан
Колуна алып чай кайнаткан чогунун.
Кыз жанына жакын келип отурду
Кымтып коюп көк бешманттын өңүрүн.

– Жеңеке-бай, зарыктырдың кечигип,
Баштагыңдай сыр айтпайсьн чечилип?..
Билесиң го менин бүткүл дартымды,
Байкабастан кетирдимби чекилик?..
Жазмыштагы көрөр күнүм ушу экен,
Кутула албайт пендеси андан бекинип...

Билесиң го – бүт азаптын күңүмүн,
Билесиң го – өчкөн оттун күлүмүн.
Билсең – айтчы Сулаймандан бир кабар,
Соңку бүрү күбүлөрдө гүлүмүн...

– Койчу нары... аны-муну көп ойлоп
Башыңа үйбө бүт дүйнөнүн бүлүгүн...

– Жеңеке-бай! Жооткотпо, өрттөмүн!
Балалыктын базарынан өткөмүн.
Бүт үмүттү бороон чырмап, көчкү алып,
Көрө албайм го быйыл жаздын көктөмүн...
Сулаймандын бир кабарын айтып бер,
Көз жашыңды көкүрөккө төкпөгүн.

– Ук, Паризат, жүрөт дебе сыр катып,
Ак дилиңди күмөндөргө чырматып.
Сен ооруга чалдыкканы, садага,
Өзүң менен бирге турам, бир жатып...
Кээ бир сөздү айтканым жок жобурап,
Көңүл дартын койбоюн деп ырбатып...

Бир кабар бар – айтылбаган өзүңө,
Көз жашы жок кулак салсаң сөзүмө...
Оозанганда ал кабарды айтууга
Булак бою... көрүнгөнсүйт көзүмө.
Ушул кезде кобураган үн чыгып
Анархандын жолтоо болду сөзүнө.

Үч-төрт аял Мыскалды ээрчип киришти.
Салт боюнча оору абалын билишти.
«Бүгүн кызьн калыптыр деп өңдөнүп...»
Мыскалга алар каректерин тигишти.
«Жеңил болсун аягыбыз...» дешти да,
Жай турушуп кепичтерин кийишти.

Чыгышты алар. Үй эшиги жабылды.
«Эмне сөз?» деп жерege кыз жалынды.
Анда Анархан оор үшкүрүп деп койду:
– Оп-поо, кыз ай, койбос болдур жанымды...

Өз дартыңды өйдө санап баарынан,
Билбейсиңби кыйноодогу алымды?..

Дилиң күйүп ышкы жаккан жалынга,
Дарттуу болдуң эми гүлдөөр чагында.
Дарт дарысы – Сулаймандан бир кабар
Келген имиш өз айылы Айымга:
Көз ирмебей түнү-күнү өзүңдү
Күтөм дептир гүлдүү бейиш багында...

## ОН ҮЧҮНЧҮ БАП

*Мурутун булкуп карт акын*
*Буркурап ыйлап жиберди...*

**Ж. Бөкөмбаев**

...Жаткан менен кыш төшөгү жыйылбай,
Чорго муздар ыйлайт жашы тыйылбай.
Өмүрлөрдүн соңку гүлү үзүлдү
Үмүттөргө кешик койбой кымындай.
Кардуу дөңдөн жаңы мүрзө көрүнөт
Ак мамыкка конуп турган чымындай...

*1958–1968*

## ПАТРОНДОГУ КАТТАР

### ЫР БАШЫ

Жай мезгили.
Ала булут.
Кеч бешим.
Келдим Брест сеилине сыйынып.
Эске салат бүт корүнүш, бүт сезим:
Өмүрлөрдү калган мында кыйылып.
Октун изи ар кирпичте, даракта.
Кан жыттанат кара кочкул топурак.
Жүрөк түтөп карайм мүрзө тарапка,
Канча үй-бүлө кара кийип отурат.

Көз алдыма өткөн согуш тартылып:
Ок учкансыйт,
окоптон жоо аткансыйт;
Снаряддар кара жерге жанчылып,
Жалын чачат,
ажал чачып жаткансыйт...

Ой артынан ойлор келет чуурулуп
– Жүргөнсүймүн чокту кечип, аралап...
Кадам санып бирден жоокер суурулуп
Чыгат дагы... каректерге кадалат.

Көпко турдум. Көздүн жашы кулады,
Тамчысына кирпигимди чыладым.
Көчөлөрдүн жарк дей түштү чырагы,
Сылтый басып сапарымды уладым,
Түн агууда.
Уктабадым.
Кыйналдым.

Унутулбай баатырлардын элеси.
Эртең мелен дагы жолго жыйналдым,
Мезгил мелей агып өмүр кемеси.

Артка таштап түн кечкирген калааны,
Сыртка чыктым, бастым бир аз өйдөлөп.
Араладым согуш болгон талааны:
Окоптор жок.
Кара буудай көйкөлөт!

Эгин көлү толкуйт жерге жүгүнүп,
Жулдум барып отоо чөптү, куурайды.
Курман болгон бут жоокерлер тирилип,
Буудай болуп өсүп чыккан турбайбы!

Бир дарактын саясына  эсалдым,
Мезгил алып жеген экен сөңгөгүн.
Кемелерин көрөйүн деп көз салдым,
Жөргөмүштөр курган экен өрмөгүн.
Көңдөйүнө таяк салдым чукулап,
Жаткан экен көнө солдат челеги –
Казан, чака, кесе болуп ар убак
Жоокерлерге тийчү эле го кереги.

Каншырылган челек экен калайдан.
Тартып алдым. Обочороок таштадым.
Өзүмчө ойлойм:
«Жатса керек далайдан...»
Жыгач салып ичин ача баштадым.

Андан чыкты: эски-уску, чиринди...
Арт жагынан бир стакан көрүндү.
Чочуп кеттим. Заматта оюм бүлүндү:
«Балакетпи... сактап жаткан өлүмдү?»
Алыс бардым. Урдум аны таш алып.

Жарылуу жок!
Сынды стакан быркырап.
Кыялымда: Көздөрүнө жаш алып
Калай челек ыйлагансыйт буркурап...

Кайра бардым:
Жаткан экен ар жерде
Огу атылган патрондор чачылып.
Мына кызык!
Ойдон чыгып бүт нерсе...
Анын бирин колума алдым шашылып.

Патрондо кат бар экен катылган,
Берки окторду бирден терип жыйнадым.

Окуп катты эки мүчөл жашынган –
Ошол жерде өксүп-өксүп ыйладым.
Окуйм кайра.
Окуйт кошо жарык нур.
Учкул кыял улап жатты аягын...
Окурмандар, кепке кулак салып тур,
Ырга коштум ал каттардын баянын.

## БИРИНЧИ КАТ

### 1

Эстейсиңби?.. Эсиңдеби, Анарым,
Эргип көңүл он жылдыкты бүткөн чак?
Уккум келбей өзгөлөрдүн саламын.
Өрүкзарда бир өзүңдү күткөн чак?
Неге ошондо ыза окторун кададың
Ак жүзүңөн өөп койсом кучактап!..

Четтей бердиң.
Эки бетиң албырат. «Кечир...» дедим,
актанууга сөз таппай.
Кеп үзүлдү.
Жер тиктейбиз жалдырап.

Калгансыды жүрөктөрдө кан акпай...
Шамал менен шыбырашат жалбырак,
Биз сыяктуу көкүрөккө сыр катпай.
Көпкө турдум улай албай сөзүмдү.
Ойго батам: «Орундабы акылым?..»
Таарынычка байлап коюп сезимди,
Кош айтышпай басып кеттиң акырын.
Мен да илкийм сенден албай көзүмдү,
Ар бир кадам көрүнгөнсүйт чакырым...

**2**

Дем алыш күн.
Түш кыңайган.
Үйдөмүн.
Ойго толкуйм:
«Элге арнасам өмүрдү.
Тилегиме тирек болуп сүйгөнүм –
Гүлдөтсө дейм жүрөктөгү чөлүмдү...» ...
Капылеттен, Уктум элден:
Кандуу согуш күйгөнүн!
Жалын каптап кеткенсиди көңүлдү...
Жылан аттап өткөнсүдү төрүмдү...

**3**

Станция – жолдун тоому. Адам көп.
Кырчын жаштар кан майданга жөнөмөк.

Мезгил келди  чоң сыноодон өттүү –
Эл алдында эр карызы төлөнөт.

Узатууга келген экен каалайык:
Кээси ыкчам, кээси үнсүз муңайып...
Ак сакалдуу карыялар жаштарга:
«Аман кайт!» дейт алаканын кен, жайып.
Бир жаш келин сүйгөн жарын кучактап
Ыйлайт тынбай – көздүн жашы буурчактап.
«Эми болду? Эл алдында уят»... деп,
Эки жагын карайт жигит кылчактап.
«Аманат»... деп белек берип колума,
Атам мени бекем кысты бооруна.
Апам келди.
Көкүрөгүн жыттадым –
Сүт даамы келе түштү оозума!

Буйрук болду. Жаштар сапка тизилди.
Ошол кезде көрдүм,
Анар, жүзүңдү...
Вагондорго чыккыла!» деп үн чыкты.
Колдор колдон. издер изден үзүлдү.
Бир карасам турпатына атамын:
Сол колуна арта салып чапанын
Турган экен – эки көзүн мен жакта,
Салаасына кыпчый кармап сакалын.

Апам болсо бүркөп бийик кабагын,
Жашка жууйт эки көздүн чанагын.
Жакасынан чыгып турат дагы эле –
Жашырбаптыр – мен жыттаган мамагын.

Поезд жылды. Бизди узатыш эл калды.
Айыл калды – туулуп-өскөн жер калды.

## ЭКИНЧИ КАТ

### 1

Сагындым сени, Анарым,
Сураба согуш азабын.
Согуштан бир аз тыныксам
– Салам кат сага жазамын.
Каргаша ажал чамьнат,
Катарлата бомба жарылат.
Каардуу согуш өттөрү
Караңгы түнгө чагылат.

Окторду октор кубалап,
Отторго оттор уланат.
Олтуруп кеде калабыз
Окоптун ичин  уялап

Качырап сынса карагай,
Кыйкырат кайың баладай.
Каарын төксө замбирек
Казылат жерлер чарадай.

Бир бүлө болду көп улут,
Бирдикти бузбайт ок улуп.
Берлингс жетүү – ант ушул!
Бири өлсө, бири тик туруп.

Жоокердин жоокер тиреги,
Жоокердин жоокер жүрөгү.
Жергеден жоону жоготуп,
Жеңишке жетүү – тилеги.

Согуштун аты – кап майдан,
Оорулду жерге далай жан.
Сайрандай турган күн келер
Сүрүлүп күүгүм, атып таң.

**2**

Ойлойсуңбу. Анар, мени?
Ойлонуунун жок го чеги...
От жапса да ойлойм сени,
Ок жааса да ойлойм сени!

Жамгыр төгөт. Кирди күүгүм.
Чегинүүгө өттүк бүгүн.
Чабуулубуз майтарылды,
Көтөрө албай согуш жүгүн.

Отко кирип от жоголот,
Отко сиңип ок жоголот.
Кырылууну айта көрбө...
Кызыл канга жер боёлот.

Ар кыштактан кеткен сайын,
Ар башаттан кечкен сайын –
Арт жагындан ажал ээрчип,
Ар-намыстын алат шайын.

Калды калаа корулбастан,
Калды талаа орулбастан.
Кетенчиктеп баратабыз
Кара жерге сорулбастан...

Калды окоптор оозун ачып,
Калды оттор алоо чачып;
Кан түкүрүп баратабыз
Кайда шашып, кайда качып?..

**3**

Каткырат суук, ышкырат,
Кар тозоңу бетке урат.
Калканч кылып токойду,
Кармашты салдык күч курап.

Чабуулга чабуул уланды,
Чердейген танктар куланды.
Чегиндире баштадык
Чекчейген фашист жыланды.

Курчоосун бузуп зым-тордун,
Кылаасын алдык чоң жолдун.
Кар, ызгаар бизге кошулуп,
Кетирди шайын канкордун.

Борошо адам чыдагыс,
Боортоктоп алга жылабыз.
Буйгоо жер кокус туш келсе,
Бир азга токтоп турабыз.

Тыйылбайт үнү өлүмдүн,
Токтобойт сели темирдин.
Түп-күндү согуш ылгабайт,
Түйшөлбөй жатсаң – көмүлдүң.

Токтолбой алга чамдадык,
Тоскоолго токтоп калбадык.
Траншейдин ичинен
Тирүүлөй фашист кармадык.

Жүдөгөн окшойт сууктан,
Жадаган окшойт уруштан.

Жатыптыр башын бекитип,
Жан соога тилеп кылычтан.

Желмогуз тынбайт ДОТтогу,
Жылдырбай жаайт октору.
Жетимиш жоокер жерге ыктап,
Жылгадан өтпөй токтоду.

Жиберди мени: «Баргын,– деп,
Жер дөлөсүн жаргын!» – деп.
Жетпестен ДОТко ок тийди,
Жүрөккө батып калды кек...

**4**

Госпиталь азыр жатканым,
Госпиталь даамы татканым.
Көргүм келет... сагындым
Күнөстүү кыргыз аптабын.
Көңүлдүн ачып ажарын,
Келсеңчи кирип Анарым,
Көтөрүп гүлдүн аппагын.

Сагыныч ырбап дилдеги
– Солдаттык көңүл дегдеди.
«Санарбек кандай алда» деп,
Санадың бекен сен мени?
Саргайтпай келсең не болот
Санаалаш жанды,
Сабакташ жанды көргөнү...

Агарып бизге төгүлгөн
Ай нуру кетпейт эсимен.
Асманда туруп суктанчу
«Алты аркар» менен «Жетиген...»

Аскердик милдет бүтө элек,
Амандык тиле... кечигем.

Күлүңдөп бизге төгүлгөн
Күн нуру кетпейт эсимен.
Күлүп-жайнап түшүмдө
Күнүгө сага кезигем.
Күрөшүм али бүтө элек,
Күдөрүң үзбө... кечигем.
Госпиталь азыр жатканым,
Госпиталь даамы татканым.
Көзүмдү албай асмандан
Күтөмүн таңдын атканын.
Күлкүңө кошуп жөнөтчү
Күнөстүү тоонун аптабын.

## ҮЧҮНЧҮ КАТ

### 1

Кайра кирдим согушка дарыланып,
Көкүрөккө бир медаль тагып алып.
Мен тааныган солдаттын бири да жок,
Өз алдымча тагдырга коём наалып.
Буйрук болду.
Биздин полк алга жылды.
Күтөт эми жаңы чек, жаңы багыт.

Күн-түн дебей жылабыз окту аралап,
Күн-түн дебей жылабыз отту аралап.
Кыйла солдат жыгылат жер кучактап,
Кыйла солдат жолду улайт соо-саламат.
Ажал жетсе арага түшө албайсың,

Адам эмес, кар жер куйкаланат.
Согуш... согуш...
Чечтирбей тонубузду,

Созуп жатат батышка жолубузду.
Карайласак бир азга дем алабыз
Карагайга калкалап жонубузду.
Уйку бербей ок улуйт, бороон улуйт,
Улам-улам үйлөйбүз колубузду.
Согуш... согуш...
Катаал жол өлүмү көп.
Согуш... согуш...
Татаал жол турбайт иргеп...

Кас душмандан бошотсок кадам жерди
– Кубанычтын нурлары жашты сүртөт.
Кас душманга калтырсак кадам жерди
Кара киет көңүлдөр кабак бүркөп.

Алга жылуу – тынымсыз салгылашуу,
Алга жылуу – тынымсыз ажал чачуу.
Алга жылуу – чоң сыноо солдат үчүн,
Алга жылуу – кубануу, ажырашуу.
Күтөт бизди солдаттык жолубузда
Дагы канча кап жууган кечүү, ашуу?..

**2**

Жаңы чекке жеттик да каздык окоп,
Өтпөйт тоңго күрөктөр – калган мокоп.
Кепе курдук беш киши баш калкалар,
Көк балаты бутагын отоп-мотоп.
Жайланыштык.
Кеч кирди.
Улуйт октор.

Жашынганды табам деп учат оттор.
Жалман коёт жаңылыш жакындасаң
Жан алгычтар уялап жаткан ДОТтор.

Чакырышты штабга үч солдатты,
Иш маанисин командир кыскача айтты:
«Азыр бизге «тил» керек! Аткаргыла!»
Жөнөп кеттик асынып автоматты.

Шыбырты жок боортоктоп алга жылып,
Жоо чегине кирдик биз түн жамынып.
Ракета атылса түндү көзөп
Дал төбөңдө калгансыйт от жагылып.
Бир жолдошум Микола Карпат жактан,
Спорт менен өсүптүр бала чактан.
Жетекчибиз Алексей – орус жигит,
Снайпери бир полктун таамай аткан.
Таң агарды. Бир жарга кирдик барып.
Айлананы карайбыз дүрбү салып.
Чоң жол менен кээ кээде өтүп калат
Машиналар эки-үчтөн үстү жабык.
Күттүк кечке.
Жар түбү калканч болду.
Катуу суук какшатат бутту, колду.
Түн киргенде үчөөбүз үч тараптан
Тосмой болдук токойдон өткөн жолду.

Бир оокумда Микола: «Достор! – деди,
Акылыңар, эсиңер барбы деги?
Кырк төртүнчү жыл келип калган тура,
Тосуп жатат... Тосууда элдин көбү...»

Аппак карды стол деп жайдык дагы,
Бир чырпыкты ёлка деп сайдык дагы,
Фляганы какшыган чертип коюп...
Тосуп жаттык биз дагы жылды жаңы.

Билсек дагы курчоону, бардык шартты...
Ордубуздан тик турдук бузбай салтты.
Тост ушул деп оозго таштап койдук
Үчкө бөлүп бармактай чакмак кантты.

Түн бир убак. Акырын жолго чыктык.
Күбүрөнгөн өзүнчө дабыш уктук.
Жылды тосуп келаткан фашист экен,
Жыктык дагы оозуна мата тыктык.

«Тилди» сүйрөп боортоктоп кайттык кайра,
Түн жарымда жакындап келдик сайга... ...
Наалат айтып жатабыз чыга калган
Жыртыгынан булуттун көктөгү Айга.

Жашынат да булутка, кайра чыгат,
Күндүзгүдөй жер бетин жарык кылат.
Жарым саат жол жүрсөк жетет элек,
Өчсө боло жараткан жаккан чырак...

Акырындап сойлойбуз карды жиреп,
Алы кетип шалдырайт эки билек.
Чекке өтүүгө аз калган...
Ошол кезде
Ок атылды! Арсылдап иттер үрөт...

Бизге карап Алексей мындай деди:
«Алып «тилди» ылдамдап кеткиле эми.
Мен душманды тосомун ушул жерден,
Бири дагы алардын өтпөйт бери!»

Биз чуркадык. Алексей бугуп калды.
Бир заматтын ичинде аштык жарды.
Тилге кирди автомат. Ит каңшыды.
Душман жолун ок, кан, жан бөгөп салды!

Кайрылган жок Алексей экинчи ирет...
Унутулбай элеси бирге жүрөт.
Доско берип өмүрдү, өлүмдү алган
Кандай эрдик!
Баатырдык!
Кандай жүрөк!

## ТӨРТҮНЧҮ КАТ

Анар, сага кат жазам – тынган сайын,
Сенден жакын мен үчүн жок бейм киши!
Жибererде негедир кетип шайым
Калтыраймын–жүрөктүн жетпей күчү...

Баратабыз бошотуп талааларды
Күтүп жаткан өзүнүн ырыскысын.
Баратабыз бошотуп калааларды
Күтүп жаткан өзүнүн уулун, кызын.

Бүтүн кыштак калбаптыр – өрттөлүптүр.
Сопол болуп бак-дарак калган экен.
Канча адамдар азапты көп көрүптүр,
Ач чеңгелин фашисттер салган экен.

Тынымы жок жылабыз алга карай,
Тарпы чыгып душмандын – чегинүүдө.
Баштагыдай белсенип кармаша албай,
Бакырыгы басаңдап, жеңилүүдө.

Бирок... Жеңип жатабыз өмүр төшөп,
Ак карларга Кызыл кан тамга басат.
Ок жаңылат майданда темир көзөп,
Ар-намыстын кадамы алга шашат.

Түн сыйрылат.
Таң атат.
Күн кызарат.
Баратабыз кыскартып жол танабын.
Согуш мойну мынчалык неге узарат,
Качан таштайт колунан жоо жарагын?..

Бошоттук биз таң ата чоң кыштакты.
Ээлеп жаткан душманды сүрүп чыгып.
Туш-тараптан күйгөн өрт алоо чачты,
Тим болушат иттер да үрүп чыгып.

Өрттөшүптүр үйлөрдү качкан кезде,
Канча жанды кетиптир дарларга асып.
Каяша айткан элдерди келбей тезге
Тирүү бойдон көөмптүр орлор казып.

Дубалына мектептин колун керип,
Бир аялды кадаптыр жылаңачтап.
Чочуп кеттим кокустан аны көрүп,
Карап турат калайык көзүн жаштап.

Кесилиптир түбүнөн эки эмчеги,
Чачы жаап калыптыр бүт жамалын.
Эстей калдым ошондо энекемди,
Жөнөп жатсам жыттаткан ак мамагын.

Биз жаңылып: нааданды айбан дейбиз,
Айбан кылбайт фашисттин кылган ишин.
Токтотпосок күч менен эбегейсиз,
Чайкаары чын кан менен аалам жүзүн.

...Баратабыз токой, түз артта калып,
Боордошко тартуулап аткан таңды.
Бирден эмес, бир миңден туткунга алып
Бир кездерде мактанган «чагылганды».

Күндөн күнгө Күн көзү көрүнүүдө,
Карлар эрип жердеги, душман качып.
Күндөн күнгө Күн нуру төгүлүүдө
Арасынан октордун жарык чачып.

## БЕШИНЧИ КАТ

### 1

Улануудa атакага атака,
Уруш жолу аккан канга жуулат.
Кирдик Брест сепилине эл жата,
Кирпичтерден качанкы үндөр угулат...

Кырк ай мурда бир ууч жоокер багынбай,
Чеп кылышып бул сепилди,
жүнүн жеген душман менен
атышкан.
Калса дагы ичерге суу табылбай,
Жоону өткөрбөй бөгөөт болуп жатышкан.

Кайра сепил өттү Совет колуна!
Жамгыр тынбайт.
Жамгыр куят көнөктөп.
Жаткан экен кырк ай душман торунда
Урандылар бир-бирине өбөктөп.

Улуу сепил урандыдан ойгонор,
Урпактарга сүйлөп согуш күндөрүн.
Улуу-кичүү бул апаатты ойлонор,
Унутушпай курмандардын үндөрүн...

**2**

Билсең, Анар, түндө жатып түш көрдүм:
Согуш бүтүп, мен айылда жүрөмүн.
Сен таарынган өрүкзардан гүл тердим,
Көкүрөктө ыйлайт байкуш жүрөгүм.
Гүл көтөрүп кирип мектеп ичине,
Четте турган бир партага отурам.
Бир аздан соң бөбөк болуп кичине
Мадыра баш тентектерге кошулам…

Үйгө барам. Апам мага унчукпайт.
Ачпайт… Ачпайт…
Бүркөйт бийик кабагын. Башым сылайт.
Көздөн жашы буурчактайт
Бой таштадым – жыттайын деп мамагын!

Жыттарымда!.. Досум мени ойготту!..
Ал көзүмө кастай болуп көрүндү.
Ошол кезде өжөр душман төктү окту,
Мен түшүмдөн, түшүм менден бөлүндү…

Буйрук алдык: эртең душман чегине
Кадам коюп өтө турган күн жетти!
Каттарымды калтырам да биерге,
Жоо жерине алып кирем: өч-кечти.

**3**

Соо-саламат жүрөсүңбү,
Анарым! Жүрөгүмдө,
Тилегимде:
Сенин сөзүң,
Сенин көзүң,
жамалың.

Болсом аман,
Бир күн барам…
Азырынча Ак кагазга
Арнап сага
жазган ушул саламын.

Кат ээси:
Аскердеги
Сени сүйгөн,
Сен деп жүргөн –
Санарың.

## ЫР СОҢУ

Күн жеткенде узаруунун белине,
Түн жеткенде кыскаруунун чегине
– Кырк бешинчи жылдын өртү дүрт эткен.
Каар жааган каргашалуу төрт жылда,
Кан жыттанган кара түндүү кыргында
Канча адамдар, канча жандар мүрт кеткен.
Отуз жылда канча жараат айыкты,
Ошентсе да көп көрөмүн майыпты
– Кырк биринчи жылдын изи өчө элек.
Эстеликтер… Түн-күн өчпөй от күйөт.
Элдин, бирок, жүрөгүндө ок жүрөт
– Кандуу жылдын карасын калк чече элек.
Анар күтөр бул дүйнөдө Санарын,
Санар күтөт ал дүйнөдө Анарын –
Кырк биринчи жылдап калган сагынуу.
Өтсө дагы жылдар, күндөр агылып,
Бирде күндү, бирде түндү тагынып…
Өчпөйт экен үмүт шамы жагылуу!..

*1966–1971*
*Брест – Фрунзе.*

## МУСА ЖАНГАЗИЕВ

***(1921–1997)***

Кыргыз Эл акыны Муса Жангазиев 1921-жылы Сокулук районунун Кара-Сакал айылында туулган.

1941-жылы Гүлчө РК ЛКЖСда 1-катчы, 1948-жылы «Кыргызстан пионери» гезитинин редактору, 1952-жылы «Жаш ленинчи» журналынын редактору, 1961-жылы «Ала-Тоо» журналынын башкы редактору, 1967-жылы «Кыргызстан маданияты» гезитинин башкы редактору, 1966-жылы Кыргызстан Жазуучулар союзунун башкармалыгынын катчысы, 1985-жылы «Арашан» чыгармачылык үйүнүн директору болгон.

1950-жылы «Балалык» аттуу алгачкы ырлар жыйнагы жарык көргөн. Акын жүзгө жакын ырлар жыйнагынын автору. Анын жыйырмага жакыны орус тилине которулган. Ырларынын көпчүлүгү балдар темасына арналган. 1972-жылы «балдар менин өмүрүм» тандалма ырлар жыйнагы үчүн Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгына ээ болгон.

Акындын көптөгөн чыгармалары 1-класстан 7-класска чейинки окуу программасына хрестоматия катарында киргизилген.

1951-жылы СССР Жазуучулар союзунун мүчөсү, 1981-жылы Кыргыз Эл акыны. «Эмгек Кызыл Туу» эки «Ардак белгиси» ордендери, ССРдин көптөгөн медалдары, Кыргыз ССРинин элге билим берүүсүнүн, СССР басмасынын отличниги.

Акындын алгачкы чыгармачылыгынын башаты 40–50-жылдарга таандык. Адабий чөйрөгө ал алгач турмуш тиричиликтен алынып жазылган публицистика, очерк ошондой эле фельетондору аркылуу аралаша баштайт. Ал эми акындын эң биринчи чыгармалар жыйнагы «Балалык» деген ат менен жарыкка чыгат. Андан бери ал бир нече жыйнактарды окурмандар алдына сунуш кылып кыргыз адабиятынын өнүгүшүнө өз салымын кошуп келди. М. Жангазиев өзүнүн чыгармачыл аракети менен учур талабына ылайык коомдук өзгөрүштөрдү, турмуштун ар кыл окуяларын көз жаздымда калтырбастан, активдүү эмгектенген трибун-публицист катары да кеңири таанымал.

М.Жангазиев 50-жылдардын баш чендеринде «Бүлдүркөн», «Балалык», «Бул эки кыз жакшы кыз» аттуу жыйнактарын тестиер балдарга арнап жарыялаган. Ырлардын тематикалары ар кыл келип, негизинен патриотизмге, көп улуттуу өлкөнүн балдарынын өз ара достугуна, коомдук пайдалуу эмгекке, Ата-Журттун табият кооздугуна, балдардын үй-тиричилигиндеги жана окуп билим алуудагы иш аракеттерине, ошондой эле жаш жеткинчектердин романтикалуу жорук-жосундарын чагылдырууга арналган эле. Акын балдарды турмушка ак ниеттүүлүк менен мамиле кылган чын ыкластуу, адам катары тарбиялоого аракеттенген.

М.Жангазиевдин 60-жылдардын биринчи жарымында жарык көргөн бир катар жыйнактары кенже өспүрүм балдарга арналган. Алардын ичинен эң маанилүүсү «Экинчи күзгү» китеби десек болот. Жазуучу бул чыгармасында маанилүү педагогикалык проблеманы – баланы үй-бүлөдө тарбиялап өстүрүүдөгү чоң адамдардын жоопкерчилигин көркөм баяндоону максат эткен. Ата-энелердин ичинде алиге чейин баланын коомдук талапка ылайык адептүү болуп өсүп жетилишин мектепке гана жүктөп, өздөрү оолак кала берүүчүлөр да аз эмес. М.Жангазиевдин

70-жылдардагы тестиерлер менен өспүрүмдөрдүн көрсөткөн эрдиктерин иликтеген аңгемелеринде канткен менен жазуучунун ошол жылдардагы мектеп тарбиясына арнаган чыгармаларында жылыштар байкалып, көркөм маңызы тараптан купул толорлук даражага көтөрүлө баштады.

М.Жангазиевдин чыгармачылыгында граждандуулук пафоско ширелишкен чыгармалар өзгөчө орунду ээлейт. Ата-журт темасы М. Жангазиевдин балдар үчүн ырларынын негизги маселелеринин бирине кирет. «Баа жетпеген сулуу жер», «Мөмөлүү алма», «Бардык жагы кубаныч», «Орок-балка», «Ысык-Көлдүн боюнда», «Марска мектеп курабыз», «Достук багы», «Кыргыз тоосу», «Өлкөң күтөт», «Тынчтыктын чокусу» ж. б. ырларында Ата Мекенибиздин бүгүнкү жана эртеңки ийгиликтери, аларга болгон кенже өспүрүмдөрдүн жалындуу сүйүүсү, Мекенге жан-дилинен берилүү сезимдери, ой-санаалары менен ишкер аракети, кумары менен түйшүгү бир кыйла чыйрак сүрөттөлгөн. М.Жангазиевдин көпчүлүк ырлары өскөн эл, гүлдөгөн жер, Ала-Тоо аймагы жөнүндө жазылган. Ал ырларды окуганда окуучулардын көз алдына айыл жыты, бак-дарагы жап-жашыл болгон дыйкан менен жумушчунун ырыскысы төгүлгөн эмгек талаасы көз алдыга тартылат. Мына ошол өрүштүү жолдо кичинекейлер чоңдордун салтын ээрчип үйрөнүп, коомдук пайдалуу эмгектин ажарын ачып жатышкандыгын көрөбүз. Дал ушул түшүнүктөн туруп караганда, чоң адамдар менен кенже өспүрүмдөр киндик каны таамп, балалык кыял-жоругу торолгон кыштагына болгон мамилелеринде мына мындай айырманын келип чыгарын акын эсибизге салат. Чоң адамдар туулуп өскөн жерин, анын баа-баркын, сөз жок, өзүнүн күндөлүк турмушу менен байланыштырбай кое алышпайт.

М.Жангазиевдин 70-жылдардын экинчи жарымынан тартып жарык көргөн ырлары тематика жана мазмун жактан көп түркүн. Маселен, балдардын ар кыл турмуш-тиричиликтери ар тараптуу камтылат. «Пионер

үйүн курган ким?», «Кыздар саймасы», «Пионерколу», «Көмөктөшүү», «Авиомоделисттер», «Көркөм ийрим», «Сүрөтчүлөр» аттуу ырлары мезгилдин талаптарына – жаш өспүрүмдөрдү болочок турмушка машыртыруу, кесиптик багыт берүү маселелерине арналган, билим менен турмуш практикасынын гармониясын жаратуу аракети жасалган. Бала жетилүү курагында деле келечекте ким болорун жакшы чече албайт, олку-солку, күмөндөрлүк аларды дээрлик бийлеп турат. Болочок кесип тууралуу кеп-кеңешти мугалимдер менен көркөм адабият гана бере алат, чыгарма балага жол көрсөтөт, бул же тигил кесип тууралуу маанилүү сөз айтып берет, сезимин козгойт. Жетилип келаткан балдарга кесип жагынан туура багыт берүү – бул аны кайрадан жаратуу дегенге барабар, болбосо, жаш өспүрүм капыстан жолуккан кесибине өмүр бою өкүттө калып, өзү үчүн деле, коом үчүн деле алгылыктуу иш жасабайт. Жогортодо аталган акындын ырларынан ушундай жыйынтык келип чыгат.

Акын М.Жангазиев эң кичинекей балдардын кыял-табитине кабылдоо-түшүнүгүнө ылайык жомок мотивиндеги поэмаларын да жазды. Алардын ичинде «Жомогума кулак сал» «Кумурсканын жомогу», «Өгүз», «Бакыткушу» аттуу чыгармалар байыркы уламыш-легендалардын сю-жеттик негизинде жазылган. Алардагы миң кубулуп, жоктон барды, бардан жокту жараткан апыртмалуу көркөм сюжет менен гиперболанын күчү аркылуу кыймылга келген жандуу образдар кичинекей окурмандарды кайдыгер калтырбайт. Балдардын көз алдына макулуктар дүйнөсү өз көшөгөсүн ачкандай болот. Ийнелик менен чиркей күч сынашат, коңуз эмгектен колу бошобой; өз «турмушу» менен алек... Иши кылып, кээде адам кейпин кийинип, кээде ыпыр-сыпыр өз дүйнөлөрүнөн арыла албай, мүшкүлдүн жолун тартышат. Жангазиев жомокторун эки нукта, биринчиден, макулуктардын өз мүшкүлүн, алардын жашоо жана көбөйүү жагдайындагы тиричилигин баян кылат.

Наристе балдардын таанып-билүү ынтызарлыгы үчүн бул маселенин жөнү өзүнчө. Бөбөктөргө жан-жаныбарлардын «жоруктарындагы» каймана мааниси эмес, алар үчүн макулуктардын өз дүйнөсү кызык.

М.Жангазиев ар кыл курактагы балдарга арнап бир далай прозалык чыгармаларды берди. Алардын ичинен басымдуусу повесть жанры болду. «Ажырагыс достор» (1953), «Назарбектин классташтары» (1954), «Жаңы жолдош» (1956), «Жети жылдыктын жеткинчектери» (1963), «Көгүлтур Ысык-Көл» (1965), «Тилектештер» (1966), «Дагы кол чабылды» (1968) повесттери учурунда кыргыз балдар адабиятындагы көзгө толумдуу чыгармалардан болду. Автор анда дээрлик учурдун актуалдуу маселелерине кайрылып, балдарыбыздын башкы мүдөөсүн, кызыгуу чөйрөсүн, келечекке умтулууларын, окуу жана коомдук пайдалуу эмгекти, ошондой эле, алардын жан дүйнөсүнүн күзгүсү оюн-шоокторун, алардын маани, жайын иликтөөнү ниеттенген. Чыгарманын мазмунунан чыгып келүүчү дагы бир ой түйүнү мына мында турат. Өспүрүм балдар жетилүү жана калыптануу учурунда жеңил-желпи романтикага жеңдирип жиберишет. Ушундай кыялдагы балдар башкаларды алдына салууну каалабайт, озуп бараткан өз жолдошторун деле ачыктан-ачык күнөөлөйт, бүтүндөй жаңылыктын автору өзүм болсом деп самайт. Байкап караган окурманга мунун өзү тике мааниде да кыйыр мааниде да жаман сапат эместей туюлат. Бирок анын баары өзүмчүлдүккө ооп кетсе зыяндуу көрүнүш. Коллективдин таасирдүү күчү. Андашты мына ошол опурталдуу жолдон сактап кала алды, көркөм чыгарманын тарбиялык касиети да ошондо болуу керек.

Тестиерлер менен өспүрүмдөр үчүн күн сайын аралашып бирге жүргөн чоң адамдардын акыл-насааты, көп учурда көнүмүш гана бир нерседей сезилет, алар чыныгы үлгү боло турган идеалды керкөм чыгарма менен киноленталардан издешет.

## КҮТТҮМ СЕНИ

Күттүм сени, күн баткандан
Таң сүрүлүп атканча.
Үкү келип уясына
Уйку сурап жатканча.

Күттүм сени, жылдыз тарап
Жалгыз Чолпон калганча.
Жылкычылар үйүн көздөй
Эс алууга барганча.

Күттүм сени, күн шооласын
Ай-ааламга сепкенче
Тоок аңдыган түлкү шашып
Токой жакка кеткенче.

Күттүм сени шүүдүрүмдүн
Тамчылары акканча.
Жеңелерим чака кармап
Сууну көздөй басканча.

Күттүм сени, кайда жүрдүң,
Кимдин колун кармадың.
Эмне мынча жалдыратып,
Эмне мынча алдадың.

Күттүм сени, улам карап
Таң атканча чарчадым.
Эмне мынча так чүкөдөй
Аркы, терки калчадын.

Күттүм сени, сен да бир кез,
Көз ирмебей күтөөрсүң.
Чыдай албай таң атканча,
Ой санаага түшөрсүң.

# «ӨСКӨН ЖЕР» ЖЫЙНАГЫНАН (1957-ЖЫЛ)

## ЫСЫК-КӨЛ СИМФОНИЯСЫ

Асманда булуттарды шамал айдап,
Жер бети ачылган гүл толгон жайнап.
Бак ичи шандуу шайыр баштан аяк
Күкүктөр күүгө кирип, булбул сайрап.
Күмүштөй көбүктөрүн күүгө кошуп
Ысык-Көл, симфония чалды тандап.
Колумда эки калак эп келишкен,
Бараттым толкун менен кайык айдап.

Күлүңдөп шарпылдады Ысык-Көлүм,
Кубанып кабыл алды мендей теңин.
Баратты оң жагымда ырын ырдап
Эки кыз, жалгыз жигит, толмоч келин.
Жыбырап сан жетпеген тамчылары
Кубантып кызыктырат кыргыз жерин.

Көл жээги, кээ бир жери өтө бийик,
Чокусу булуттарга турат тийип.
Толкундар көтөрүлүп урунганда
Өзүнчө синфониядай тилге кирип,
Көл жээги, кээ бир жери токой калың,
Угасың куштар билген күүнүн баарын.
Ысык-Көл симфония күүсүн ойнойт,
Акындар мактагандай сүйгөн жарын.

Бир жагы кенен жайлоо керилгенден,
Сонун жер Сырттын өзү дедиргендей.
Бүлдүркөн, кожокаттар мөмө байлап,
Чырмооктор кыз чачынан өрүлгөндөй,

Айланта көз жүгүртсөң кенен көлгө
Түбөлүк жан досуна берилгендей.

Кээ бир жээк кум шиленген жаны бардай,
Кызарат жүрүп турган каны бардай
Кечинде маяк күйөт кабак ачып
Асманда алоолонгон алтын айдай.
Баратам ошол жээкке чыгайын деп
Жигиттер, келин-кыздан артта калбай.
Көл ырдайт, обон салат толкун ташып
Кыякты же комузду колуна албай.

Ошондо мен ойлонуп жазган ырым,
Билемин сүйгөнүмдөй көлдүн сырын.
Угулат кулагыма барган сайын
Достук дейт симфония айтсам чынын
Чарчабаптыр чалылган көлдүн күүсү
Эсепсиз өтсө дагы нечен кылым.

Көлүмө көз жүгүртсөң, көркү сонун,
Ыр жазсам ал жөнүндө талбайт колум.
Каз катар кагазыма түшө берет,
Түбү жок түгөнбөгөн менин оюм.
Бараткан элим менен көлүм менен
Балбылдап дайым жарык менин жолум.
Талбагын, симфония чала бергин,
Ысык-Көл музыканты далай көлдүн.

## ЛЕНИНГРАД КЫШЫНДА

### 1

Туман баскан айлананы,
Туман баскан Неваны.

Жердин бети теп-тегиз
Жамыныптыр ак карды.

Күн ачылды, кар басылды,
Шаардын ичи жаңырды.
Бак-дарактар күмүш мончок
Чачпак сындуу тагынды.

Суугу күчтүү орус кышы,
Кубат берет өзүңө.
Букет кылып ак кардан
Гүл таккансыйт төшүңө.

**2**

Дворецтер эшик ачты,
Келген элдер толгон жык.
Таңыркашат ушул шаарга,
Көрбөгөндөр сөзүмдү ук:

Эрмитаждын ар залына
Картиналар илинген.
Өнөрүнө улуу орустун
Көргөн адам сүйүнгөн.

Левитандар, Репиндер
Өлбөй тирүү жүргөндөй.
Петр дагы шымаланып,
Кабак ачып күлгөндөй.

Ырын жазып, кошо басып
Пушкин ырдап тургандай,
Суворов да колун берип
Салам айтып сунгандан,

Эл достугу ошол жерде,
Эл достугу кайнаган.
Кытай, кыргыз, негр жүрөт,
Көп улуттан айланам.

Верещагиндин тарткандары:
Көчмөн кыргыз пейзажы.
Кадимкидей Тянь-Шандын
Көз алдымда тоо, ташы.

Шишкин тарткан сулуу токой,
Васильевдии «Волгасы»,
Соколовдун «Сокочусу»
Чистяковдун «Ак Ташы».

**3**

Нева акпайт, тоңгон музу,
Түбү терең көрүнбөйт.
Фонтандардан атырылып
Тунук суулар төгүлбөйт.

Өйүз, бүйүз граниттен,
Таштан көйнөк кийинген.
Көпүрөлөр көркүн ачкан,
Көргөнүмдө сүйүнөм.

Смольныйга киргенимде,
Көз алдымда Ленин.
Жолбашчынын кең бөлмөсүн
Көрүп карап жүрөмүн.

**4**

Пушкин жазган, жез атчан,
Асманды көздөй учкандай.

Кадимки Петр Биринчи,
Тоо башына чыккандай.

Көчөсүндө Шевченко,
Кобзарын ырдап баскандай,
Белинскийдин сындарын,
Дагы эле жазып жаткандай.

Ленин шаарын башкарып,
Киров өзү тургандай.
Көркөмү ашкан үйлөрүн,
Кылымдар бою кургандай.

Ленинград – алтын шаар,
Айта берсе баары бар.
Көргүлө ушул чоң шаарды,
Көрбөгөнүң табылаар.

## МЕНИН ШААРЫМ

Менин шаарым жалаң гүлдөн бүткөндөй,
Күндө шаңдуу, күндө конок күткөндөй,
Көңүл ачып тазаланып күн сайын,
Тунук турган Ысык-Көлгө түшкөндөй.

Менин шаарым кабагы ачык күлүндөп,
Күндө жаңы, күндө өскөн дүрүлдөп.
Ала-Тоонун согуп турган жүрөгү –
Фрунземди ким көрсө да сүйүнмөк!

## ӨЛКӨМ

Кайсы жерде жашасам да,
Өзүм сүйгөн өз өлкөм,
Бардык жерде даңктуу эмгек
Бардык жагы кооз, көркөм.

Өлкөм менин сүйгөн жерим,
Өскөндүгүн караймын
Кандай ишти аткар десе
Күчүм жетет, жараймын.

Өлкөм менин – жүрөгүмдө,
Өлкөм менин байлыгым,
Ырды берген жазганымда
Өлкөм – акыл сандыгым.

Өлкөм менин сүйгөн энем,
Тоскоолдорду бирге жеңем.

## УКРАИНАНЫН ТАЛААСЫ

Тилке болуп буудай бышкан,
Көз жүгүртчү, карачы.
Кандай сонун, кандай көркөм
Украинанын талаасы.

Чертип көрсө дарбыз бышкан,
Бакча жакты карачы.
Коон, бадыраңы ширелүү
Украинанын талаасы.

Жемиш багы, алма-шагы,
Жүзүмдөрүн карачы.

Апелсин да өскөн экен, –
Украинанын» талаасы.

Күлүмсүрөп пахта ачылган
Булут сымак арасы.
Күздө жемиш, толгон көп иш, –
Украинанын талаасы.

**ЗУУРАКАН**

Этек-жеңин түрүнүп,
Эмгек десе сүйүнүп,
Эринбеген киши экен
Эртели-кеч жүгүрүп.
Даңкы кетти алыска
Даанышмандай билинип.

Көркүн ачкан талаанын,
Көркөмүнө карадым.
Көп кызылча өстүргөн
Көрүүгө жылда барамын.
Жардамдашып мен дагы,
Колума кетмен аламын.

Келбети сонун келишкен,
Көргөндү баатыр дегизген.
Зууракан биздин эжебиз
Элине кантын жегизген.
Кызылчасын казганда
Ар түбүн көрсөң эгизден.

Эч кимден артта калбаган,
Алдына киши салбаган.
Артыкча иштейт Зууракан,

Ар дайым карап таңданам.
Ырдаймын эже, ишиңди,
Ыр менен элге жар салам.
Таң менен үйдөн жөнөгөн,
Талааны шаңга бөлөгөн.
Талыкпай иштеп таанылып,
Таалайга өзү төрөлгөн.
Талаасын көр килемдей,
Татынакай көгөргөн.

Кышы менен тынбады,
Кыкты койбой жыйнады.
Кызылчанын аянтын,
Семирткич чачып сыйлады.
Күүгө кошуп эрдигин,
Көпчүлүк эл ырдады.

Сооротуп багып жүргөндөй,
Эмгектеги баланы.
Жаз чыгаар замат таш терип,
Тазалады талааны.
Кызылча кандай өскөнүн,
Кыдырып дайым карады.

Өзү отоп, өзү сугарат,
Өз ишине кубанат.
Коңшулар менен жарашып,
Жыл сайын жеңет, туу алат.
Жыйырма бешке келгендей,
Чыйралат да чыңалат.

Ийгилик ашып жатса да,
Сыймыгы көлдөй ташса да.
Бой көтөрүп керилбейт,
Бактыга күндө батса да.

Өчпөйт аты эч качан,
Жазылган ардак тактага.
Атагы кеткен элине,
Кубанам эже демиңе.
Элүүдөн ашып калса да,
Эмгегин кылат кериле.
Гүл жайнатып койгондой,
Кызылча баккан жерине.

Үйүнө барсаң калың бак,
Алма, өрүгү түйүлгөн.
Улуу, кичүү дебестен,
Конок алып сүйүнгөн.
Колунан бүткөн жемиши,
Дасторкон толо төгүлгөн.

Бакылдап сүйлөп кубанып,
Барктуу сөзүн чыгарып.
Жыл өткөн сайын жашарып,
Бараткансыйт чыңалып.
Кызылчасын барып көр,
Кыздардан бетер сыналып.

Жаштарды көрсө жайна дейт,
Жакшылап жерди айда дейт.
Көбөйсүн эккен кызылчаң,
Башкадан артта калба дейт.
Талаага суу кетпесин,
Кулагын бекем байла дейт.

Билгенден өнөр үйрөн дейт,
Билимиң менен түрлөн дейт.
Колуңдан иш келбесе,
Кокойуп басып жүрбө дейт.
Эпкиндүү болот ук жаштар

Эмгегин жандай сүйгөн дейт.
Кубантып өчпөс өмүрдү,
Эмгектин нуру төгүлдү
Эрдигине эжемдин
Экинчи жылдыз берилди
Шаанилүү шатка бөлөдү
Ордендүү кыргыз элимди

Төшүңүз толду алтынга,
Зууракан эже жаркылда!
Жайнаган төштө кош жылдыз
Жараштгы сүйгөн калкыңа.
Бараткан ушул жолуңдан
Бара бер, алга! Тартынба!
Ойно, күл, иште, жыргай бер,
Эмгегиң менен шаңкылда!

## КЕРИМБҮБҮ

Бала кезден
Таанышпыз Керимбүбү,
Бир айылдын
Жылдыздуу солбос гүлү
Жүрөгүнө сакталган чыкпас болуп,
Дүйшөнкулдан түбөлүк калган сүйүү
Кандай сонуи турмушта элди ардактап
Баш ийдирип
Эмгектин
Сырын билүү.

Жолдошуң,
Мекен үчүн жанын берген,
Фашистти
Чил сыяктуу кырып терген

Биздин эл күчүн жумшап беш жыл бою
Душманды ордосунда камап жеңген
Сен дагы баатыр болдун, тынчтык жылы
Даңк алып
Таалай бүткөн
Кыргыз элден.

Өркүндө!
Өнөрүңдү көрсөт дагы,
Ийгилик,
Жеңиштериң болсун дагы,
Гүлдөсүн жемиштериң быша берсин,
Дүйшөнкул өзү тиккен калың багы.
Түбөлүк күйүп турсун эки жылдыз,
Бактынын,
Өчпөй турган,
Алтын шамы!

## АШУУСУНДА ДОЛОНДУН

Биз чыкканда бийик Долон башына,
Борошолоп кадимкидей кар жаады.
Бирге жүргөн саякатчы жолдошум,
Саратанда кар жааганга таң калды.

Этек жактан тандап гүлдөр тергенбиз,
Катып калган ышкындарын көргөнбүз
Андан бери жарым саатча болгон жок,
Жаңы гана мында чыгып келгенбиз.

Кар басылды, заматта күн ачылды,
Булуттар жок, коктуларга жашынды.
Кар учуруп каарданган шамалы,
Күйгөн отко суу сепкендей басылды.

Сансыз тоолор алаканга салгандай,
Чеп сыяктуу бизди курчап алгандай.
Көз жүгүрттүк, төмөн жакка карадык,
Жай мезгили тиги өрөөндө калгандай.

Тоолор, токой, кырка кырлар көрүндү
Жараткандай жансыз жерге өмүрдү.
Туш тараптан түтөк чыгып турса да,
Жол салынып Долон бизге жеңилди.

Кубангансыйт ырын ырдап Тянь-Шань,
Күнгөй, тескей күлүшкөндөй баары шаң.
Кооздугуна кыргызымдын жерине,
Саякатчы көз жүгүрттү болуп таң.

– Тээтетиги Орто-Токой жерибиз,
Андан ары алтын Ысык-Көлүбүз.
Батышында бак-даракка бөлөнгөн,
Балыкчыны–шаарыбызды көрүңүз.

Тээтетиги карагайлуу жашыл тоо,
Үстү жагы адам өткүс арсак зоо.
Өрөөндөгү өркүндөгөн өзүнчө
Кочкор деген конуш жайлуу жер ошо.

Кыргыз жери – тоо токойлуу малдуу жер,
Асылы көп арбын эгин дандуу жер
Аралагын, Ат-Башысын, Алайын,
Ош, Нарынын, Талас жагын барып көр.

Деп сөзүмдү бүтө электе аяктап,
Аба ырайы өзгөрүлдү, жаңырды
Ала болду алдырбаган мурутум,
Жай ортосу аппак бубак тагынды.

Жолго чыктык, Долон менен коштоштук,
Атагы ашкан Ысык-Көлгө жөнөдүк
Тоо башында Кыргызымдын деңизи,
Баштан аяк кыдыралык, көрөлүк.

## ОРДЕН АЛГАН КОЛХОЗ

Кичинекей кыргыздын бир айылы,
Билип турат күндө болгон жаңыны
Куттуктаймын, майрам экен силерде,
Орден алдың, мактайм өчпөс даңкыңды.

Тоо арасын өзөн бойлоп үйлөрүң,
Эмгек сүйгөн эң бир сонун күндөрүң
Отуз жашка толуп бүгүн бул колхоз,
Той өткөрдү алган сындуу сүйгөнүн.

Даңкы кеткен эмгек менен алыска,
Женип чыктың коңшуларды жарышта
Алды кече ардакталган кабарды
Москвага, көргөзмөгө барышка.

Куттуктаймын ийгиликтүү ишиңди,
Эл сынасын элден бүткөн күчүңдү
Нуруңду чач, жеңиштерге бара бер
Жаркыратып жаш баладай жүзүңдү!

## АНВЕР БИКЧЕНТАЕВГЕ

Көз жүгүртчү кыргызымдын жерине,
Колду берчи адырда өскен элиме
Чыгып көрчү Ала-Тоону аралап,
Кең жайлоомо, кенен жаткан төрүмө.

Чабак уруп, балык кармап көңүл ач,
Конок болуп тунук Ысык-Көлүмө
Бир көргөндө ашыктыгың артылат,
Ар бир гүлүн сүйгөнүңдөй өбүүгө.

Кыргыз жери – берекелүү, бейли кең,
Тянь-Шаным түгөтө алгыс байлык кен
Атагы ашкан Суусамырым, Алайым,
Жазганыңа жардам берет келгин сен!

## ТОКТОГУЛ

Деңиздей терең сырың бар,
Тең келбей турган ырың бар.
Эркелетет, ээрчитет,
Эскерип эчен кылымдар,
Атыңды атап, ардактап,
Арнаган сизге ырым бар.

## БӨЛҮНБӨ

Кемчиликсиз адам болбойт өмүрдө,
Кир болбосун эч убакта көңүлдө.
Иштей бергин, кемчиликти жоё жүр,
Өз элиңден өлмөйүнчө бөлүнбө.

## КЕЛГИН ДЕЙТ

Жердин бети сары тонун жамынып,
Бийик тоолор ак жоолугун салынып,
Отун жыйып, үйүн актап абамдар
Жакын калган кышка азыртан камынып.

Өзгөрдү бак, кайың сакал тагынды,
Курт кумурска күз суугуна багынды.
Үй үйлөргө энчи берип сентябрь,
Кубанычтуу куттуктады айылды.

Баары өзгөрдү, бир калыпта
Ысык-Көл Кыз көзүндөй качан көрсөң
мөлтүрөйт.
«Кеч күзүм жок, ак кар баскан кышым жок,
Дайым менде жаз, жай гана келгин» дейт.

## КЫРМАНДА

Саат менен жарышып,
Иштейт элим кырманда.
Кызык экен кызылдар
Катарлап капта турганда.

Мезгил менен жарышьш,
Иштейт элим кырманда.
Күнү, түнү тыным жок
Күз эмгегин кылганда.

Шамал менен жарышып,
Иштейт элим кырманда.
Тынбайт экен араба
Саман, топон жыйганда.

Байлык, дөөлөт береке,
Баары азыр кырманда.
Эрте бүтсө жумушун
Элибиз үчүн жыргалда.

## ТҮШҮМ ЖЫЙНОО

Токой толгон жаңгагы бар,
Токой толгон алчалар.
Көрбөгөндөр мында келсе,
Көркөмүнө таң калар.

Токой толгон жийдеси бар,
Токой толгон мистелер.
Көрбөгөндөр мында келсе
Көрүп алып күчтөнөр.

Токой толгон өрүгү бар,
Токой толгон алчалар.
Шамал жүрсө жайбаракат
Эчен жемиш чайпалар.

Токой толгон токсон жемиш,
Арсланбобдо эң көп иш.
Күз келгенде бирге барып
Жемиштерин сен териш.

## ӨРҮКТӨР МОНЧОК ТАГЫНДЫ

Жаз келди, кайра жаңырды,
Жер бети гүлдөр жамынды.
Үргүлөп кышта уктаган
Өрүктөр мончок тагынды.

Жаз келди үйгө, короомо,
Ач жолумду торобо.
Бүчүр байлап кубанып
Жаркылдай түштү долоно.

Жаз келди тоомо, кырыма,
Жазып жаткан ырыма.
Жардам берди жол ачты,
Чокуга ойноп чыгууга.

Жаз келди өзөн, сайыма,
Мекениме, багыма.
Жаз келди келин, кыздарга
Жаш жигит, бала, карыга.

Жаз келди Ысык-Көлүмө,
Кар басып жаткан төрүмө.
Эмгекти сүйгөн эринбей
Эпкиндүү кыргыз элиме.

Жаз келди биздей адамга,
Жай жүргөн, желге, шамалга.
Эмгектенгин досторум,
Эл үчүн күчтү аянба.

Жаз келди кайра жаңырды,
Жер бети гүлдөр жамынды.
Үргүлөп кышта уктаган,
Өрүктөр мончок тагынды.

## АЛАЙГА

Келдим кайра өрөнүңө,
Бетегеңде жатамын.
Гүлдөрүңдү кучактап,
Кырларыңды ашамын.

Булагыңдан суу ичип,
Бети-колду жубамын.

Анын назик күүлөрүн
Атайлап мен угамын.

Ашыкмын сага Алайым,
Тоолорумду караймын.
Качан поезд жеткирип,
Жол салууга жараймын!

Эрмениңди, жалбызды,
Эртели-кеч жыттаймын.
Шыраалжынга оронуп,
Гүл кучактап уктаймын.

## АКЫН КЫЗГА

Канатына минип ырдын,
Көтөрүлүп уча бер.
Поэзиянын мол көлүнөн
Чөмүчүң бар, суза бер.

Сөздүн терең тунугун
Гүл сыяктуу тандап тер.
Жазганыңды күндө окуп,
Баа коё бил, ондой бер.

Канатына минип ырдын,
Тизгиндегин, кармагын.
Түшүн, ойлон, турмушту үйрөн,
Көп окугун ар дайым.

Канатына минип ырдын,
Жаңылыкты ача бил.
Окугандар кубанышсын,
Ойдогудай жаза бил!

## КАНА КАЙРА ЫР ЖАЗАЛЫ

Кана кайра ыр жазалы,
Ыр артынан түшөйүн.
Кеңешейин өзүм менен,
Сүйүү сабын түзөйүн.
Акыл болсун жазгандарым,
Арыштайын, күчөйүн.

## ЭЛГЕ ИШТЕСЕҢ КҮН КҮЙСӨ ДА ТААРЫНБА

Элге иштесең күн күйсө да таарынба,
Өткүр өмүр – эмгек менен жалында.
Унутулбас мурас калсын өзүңдөн,
Алкыш айтсын, ардакташсын артыңда.

## КАРЫЗМЫН

Жөө да бастым, атка миндим,
Кыргыз жерин кыдырдым.
Элде болуп эмгегине
Сулуусун тарттым ырымдын.

Ысык-Көлдү сүзүп чыктым,
Балык менен жарыштым.
Жаза элекмин көргөндөрдү,
Кыргызыма карызмын.

Алыскы Алай, Гүлчө жакты
Сарташ, Мады тарапты.
Сопу-Коргон, Кызыл-Кыя
Соңуркатып каратты.

Базар-Коргон, Көк-Жаңгакты
Ырга кошо элекмин.
Жаңы сайган бак ичине
Бүрдөй элек терекмин.

Ашып өттүм Долон менен,
Бардым тоолук Нарынга.
Араладым тааныш болдум
Соң-Көлдөгү айылга.

Манас жүргөн кең Таластын
Жазып жатам өрөнүн.
«Суусамырды» бүтүргөндө
Малчыларга беремин.

Кыргыз жери – менин жерим,
Кыргыз элим – тууганым.
Бир тилектеш биздин элге
Эмгегимди сунамын.

Ысык-Көлдү сүзүп чыктым,
Балык менен жарыштым.
Жаза элекмин эл жеңишин,
Кыргызыма карызмын.

## ЖАЗА БЕРЕМ ЫРЫМДЫ

Ала-Тоодон, Ысык-Көлдөн баштадым,
Өз жеримди, өз элимди мактадым.
Эмгектендим, сөздү тердим ойлонуп
Жаздым ырды, ыр жазуудан качпадым.

Ырдайм дагы таза таңдын атканын,
Жерим гүлдөп, саймаланып жатканын.

Ысык-Көлүм тармалданып күн сайын
Толкундары бийик тоодой ташканын.

Калемим бар, иштей берем кебелбей,
Сүйөм ырды сүтүн берген энемдей.
Сүйүү сырын айтып берген алгачкы –
Жигит кезде эркелеткен жеңемдей.

Жаза берем гүлдөгөн жер– Чүйүмдү,
Бакыт конгон берекелүү үйүмдү.
Бүгүнкүдөн эртең жаңы төрөлгөн
Жаза берем жарашыктуу күнүмдү.

## ЧОЛПОНБАЙ

Күндө көрөм сүрөтүңдү,
Эске салам өзүңдү.
Токтотконсуң душман огун,
Тозо коюп төшүңдү.

Сенин ишиң, кайрат-күчүң,
Элиң менен, биз менен.
Жеңип чыктык душмандарды
Советтик эмгек менен, күч менен.

Өзүң сүйгөн Кыргызстан
Эмгегинен даңктанган.
Беш жылдыктын баатырлары
Алга күндө аттанган.

Атыңды угам Чолпонбай деп,
Ар бир үйдөн, айылдан.
Кой кайтарган жайлоолорун,
Көркөмдөлгөн, жаңырган.

Сени унутпайт кыргыз элиң,
Акындарың ырдаган.
Жалгыз гана кыргыз эмес,
Бардык улут сыйлаган.

Күндө көрөм сүрөтүңдү,
Эске салам өзүңдү.
Токтотконсуң душман огун,
Тосо коюп төшүңдү.

## АЙЫЛДАН

Эртең той боло тургансып,
Көк өрүк топчу тагынган,
Алма-бактар гүл ачып,
Теректер бүрдөп жаңырган.
Ак кайың көйнөк кийинип,
Бөртмөлүү жоолук салынган.
Жаркырап май ай келгендей,
Бак ичин жүрөк сагынган,
Кырмызы кызыл гүлдөрү
Жаралгансып жалындан,
Жаштыктын жашыл аймагы
Кетейин кантип айылдан.

## УНУТУУГА БОЛБОЙТ ЭКЕН...

Ойлобогун унутту деп өзүңдү,
Кантип сени унутайын, жыргалым.
Эске түштүң нечен жылдар өтсө да,
Күүгө кошуп бир өзүңдү ырдадым.

Ойлобогун унутту деп өзүңдү,
Унута албайт назик менин жүрөгүм.
Сен да мени эске салат окшойсуң,
Элесинди күндө көрүп жүрөмүн.

Ойлобогун унутту деп өзүңдү,
Качан болсо дайым эске түшөсүң.
Түшүмдөсүң, кадимкидей бак ичи...
Гүл кучактап күлүмсүрөп күтөсүң.

Унутууга болбойт экен өткөндү,
Эң биринчи кызды сүйүп өпкөндү.

## ЧЫН ЭЛЕ

Гүлчөнүн аркы жагында,
Кең-Жылга деген айылда,
Кеңештеш сулуу бар эле,
Көргөнгө жүрөк зар эле.

Үйүңдүн алды ак кайың,
Өтчү элем карап мен дайым.
Эшигиң алды гүл эле,
Үй ичи сайма түр эле.

Ошол кызды сагынам,
Түшүмдө гүлүн тагынам.
Сүйгөнүм аны чын эле,
Сүйлөгөнү ыр эле.

## СЕНДИКМИН

Бүркөлсө да кабагың,
Таарынсаң да барамын,
Сендикмин
Иштей берем күнү-түн,
Күжүрмөн элим сүйүнсүн
Элдикмин.
Капаланба келди деп,
Өзү колун берди деп,
Сүйөмүн.
Өзгөрбөстөн ар дайым,
Өзүңдүкмүн жалжалым,
Билемин.

## АШЫК БОЛДУ...

Кыз көрдүм сулуулугу күндөн ашкан,
Көргөндө кубангандан жүрөк ташкан.
Жаркырап жаш сулуу кыз жылмайганда,
Жаадырап кошо күлдү ачык асман.

Гүл күлдү, дарыялар, суулар күлдү,
Көлдөгү сүзүп жүргөн куулар күлдү
Сулууга суктангансып, салам айтып,
Ак кайың жапырылып башын ийди.

Кыз дагы көл жээгине күлүп барды,
Кылаңдап тунук суага колун салды
Пейли кең Ысык-Көлүм көпке тиктеп,
Ал кызга ашык сымак тунуп калды.

## ТАПТЫМ

Көптөн бери издеп жүргөн ырысты,
Таптым кече, көрдүм ушул айылдан.
Кырк бир башка бөлөк-бөлөк өрүлүп,
Узун чачы далысына жайылган.

Көптөн бери издеп жүргөн жалжалды,
Таптым кече, көрдүм ушул айылдан
Колду сунчу, кучактачы эркелеп,
Бала энесин көрбөгөндөй сагынгам.

Көптөн бери издеп жүргөн жыргалды,
Таптым кече, көрдүм ушуп айылдан.
Желбиретип кызыл жибек жоолукту
Бир байланып, үлпүлдөтүп салынган.

Көптөн бери издеп жүргөн сүйгөндү,
Таптым кече, көрдүм ушул айылдан.
Өтүп кетсе бак-дарактуу көчөдөн
Айыл ичи кадимкидей жаңырган.

Көптөн бери издеп жүргөн жарымды,
Таптым кече, алып кеттим үйүмө.
Колтукташып бирге жүрөм эми мен,
Сыйлайм аны, эркелетем күнүгө.

## ТАБЫШМАКТУУ КҮҮ

Кыл кыяктын үнү угулуп алыстан,
Жүрөгүмө эмнегедир чок салат.
Уккан сайын кубулжуган бир күүнү,
Түтүнү жок түгөнбөгөн от жанат.

Кыл кыяктын үнү угулат алыстан,
Ойногон ким? Тиктейм, издейм, таба албайм.
Кыл кыяк жок, комузум жок колумда,
Аны туурап жүрөктү эзип чала албайм.

Кыл кыяктын үнү угулат алыстан,
Ырдайт бирөө, уккандарга дем берет.
Билсең бирок – ал ырдаган жүрөгүм,
Бийлейт кыздай сыр билгендей термелет.

## БОЛОР ЭЛЕҢ ТАБЫЛГА

Булак болсоң, мен бетимди тийгизип,
Ырдар элем сен ырдаган чагыңда.
Бутак болсоң, өзүм желди жүргүзүп
Эркелетип сылаар элем багымда.
Арча болсоң өмүр өчпөс көгөргөн,
Бүчүр болуп турар элем шагыңда.
Сени бирөө отун кылам деп айтса,
Күйөөр элем өзүм барып жалынга.
Колду берсең түбөлүккө сендик деп,
Болоор элең жакшы ырымдай табылга.

## КАТ БОЛСОМ

Кайда болсо бара берет,
Сала бер, катка жол ачык,
Жибере бер сүйгөнүңө
Күнү-түнү ыр жазып.

Бийик аска жолтоо кылбайт,
Тереӊ деңиз жол тоспойт.
Жазгандарың колго тиет,
Эч ким ага сөз кошпойт.

Чек арадан өтүп кетет,
Аны сакчы карабайт.
Алыстагы туугандарга
Кат аркалуу салам айт.

Каттай болсом өзүм дагы,
Барсам анын үйүнө.
Тосулбаса менин жолум,
Кол кармашсам күнүгө.

## АШЫКМЫН, АНЫ КӨРБӨ ЖАТ

Ашыкмын, аны көрбө жат
Кулагың менен угуп кой.
Айтканымды ардактап
Жүрөгүңө түйүп кой.

Жообун айтчы билейин,
Сен менен кошо күлөйүн,
Жалкы кылбай өзүмдү,
Болсоңчу секет түгөйүм!

Бала болсоң көтөрөмүн мойнума,
Эмне десең ойдогуңду кыламын.
Жарым болсоң –
Тилегиме тилектеш,
Бир өзүмдү белек кылып сунамын!

## КАЙЫК МИНИП, ТОЛКУНДАРДЫ АРАЛАП

Кайык минип, толкундарды аралап,
Көл үстүндө жолго чыктык аттанып.

Караңгыда көзгө сайса көрүнгүс,
Күлөт, күлөт көктө жылдыз шаттанып.
Акырындап,
Тоо артынан ай чыкты,
Гүл көрүндү ажарланып бетиңден.
Кубандымда,
Эмнегедир уялдым
Көрүнгөндө сөлөкөтүм көзүңдөн.

Сүйгөнүңдү чындап билдим ошондо,
Толкундардан бура тарттым кайыкты.
Факел кылдым,
Караңгыда жолума,
Сенден тийген, өчпөй турган жарыкты!

## ЭРКЕЛЕП КОЙЧУ АЗЫРААК

Ачыла элек гүл сындуу
Ардактоого жараймын.
Эркелеп койчу азыраак,
Эртели-кеч самаймын.

Кир жукпаган айга окшош
Көрүнөсүң көзүмө
Эркелеп койчу азыраак,
Гүл тагайын төшүңө.

Кубантып мени сүйлөйсүң,
Чалыккансып күлбөйсүң.
Эркелеп койчу азыраак,
Эртелеп чыккан күндөйсүң.

Жаңыдан аткан таңдайсың,
Булбулдан бетер сайрайсың.

Эркелеп койчу азыраак,
Эрте гүлдөй жайнайсың.

Ачылып турган пахтадай
Артыкча сенин турушуң.
Эркелеп койчу азыраак,
Аткарып жигит сунушун.

## ЧЫКПАЙСЫҢ

Колго түшпөс куштайсың,
Сүйөмүн десем укпайсың
Көрүнбөй кетип калсаңда,
Көңүлүмдөн чыкпайсың.

## ЧЫНДАП СҮЙӨТ

Сен билбейсиң, жүрөк билет,
Качан болсо, сыйлайт, сүйөт.
Сен от болсоң дайым жанган,
Жалын болуп жигит күйөт.

Айтканыңды акын билет,
Айлыңызга келип жүрөт.
Көтөр, көңүл кубанта бер,
Акын сени чындап сүйөт!

## СҮЙҮКТҮҮМ МЕНИН КАРАЛДЫМ

Сүйүктүүм, менин каралдым,
Меп үчүн өзүң жаралдың.

Эрте туруп төшөктөн
Күн нуру менен тарандың.

Сүйүүнүн күчүн эстесем,
Өлүмдүн күчү жетпеген.
Таамайлап аткан мылтыктын,
Коргошун огу өтпөгөн.

Сүйүүбүз күндүн өзүндөй
Өчпөс болсун түбөлүк.
Күн өткөн сайын үйрөнүп,
Турмуштун сырын билелик.

Сүрүлүп аткан таңыбыз,
Сүйүү – достук багыбыз.

## КОЛ КАРМАШЫП ЭКИ ЖАШ

Карагай кыйып жылгадан,
Сүйгөнүн Каныш ырдаган
Башынан чечип жоолугун
Керимди көздөй булгаган.

Ыр менен ырга жооп берип,
Келатат Керим гүл терип.
«Кыргызда сулуу болбостур
Канышым, жаным сенчилик».

– Ал айтканың ашыкко,
Сулуулар көп кыргызда.
Айчүрөк менен Жаңылдын
Атагы кеткен жылдызга.

Дегенде Керим уялды,
Токтобой сөзүн улантты
«Мен үчүн өзүң сулуусуң»
Деп Канышты кубантты.

Кол кармашып эки жаш,
Токойлуу тоодо баратты.
Сүйүүнүн сыры чечилип,
Күндү өзүнө каратты.

## КЕЛСЕҢЧИ

Ай чыкканда кошо чыгып,
Жолду тозом, келсеңчи.
Таң атканча сени күттүм,
Уйкум келбейт көрсөңчү.

Шүүдүрүмгө жуунат денем,
Шөлбүрөтпөй келсеңчи.
Сыласын дейм жел бетиңди,
Сыйлаган ким, көрсөңчү!

Таң алдында куштар ырдайт,
Таң атканча келсеңчи.
Тамылжыган күн нурунан
Таалайыңды көрсөңчү.

## ЖЫЛМАЙДЫ ЧОЛПОН

Күн батты, жылдыз каптады
Ай чыга элек асманды.
Күн сайын күлүп сайраган
Булбулдар үнсүз шактагы.

Көрүнбөйт кыздын караанын,
Көп карадым талааны.
Олтуруп жалгыз көп күткөн
Жүргөн жел мени аяды.
Сүйгөн кыз азыр келет деп,
Жылмайып Чолпон карады.

## ЧАБАНДЫН КҮЙГӨНҮ

Суу боюнда жекенди,
Сулуу келин эсенби.
Кармай албай колуңду,
Кабарсыз жүрүп кетемби.

Аскадагы ышкынды,
Арнап үзүп берсем дейм.
Ашык болдум аябай,
Айлыңа көчүп келсем дейм.

Асмандан алып жылдызды,
Төшүңө бекем таксам дейм.
Кандай айла болсо да,
Качан да болсо жаксам дейм.

## БЕРИЛДИМ

Темир комуз үнү чыгат акырын,
Ырдагансып бак ичинде жашырын,
Гүл жыттанды беттен сылап жел жүрсө
Сүйгөн сулуу сээп жаткандай атырын.

Жаңы күүгө мен өзүмдү курчадым,
Көпкө олгурдум, комуз үнүн тыңшадым

Обонуна жүрөк менен берилдим,
Таңыркадым өнөрүнө келиндин.

## ЭСКЕ ТҮШҮП

Чымылдак чаап жылаң баш
Керели кечке суу бойлот,
Кайырмак салып курсак ач
Жүргөн элек бирге ойноп.

Карагат терип кашаттан,
Какттанып күнгө жатчуубуз
Ат кулак туурап той берип
Ак ташты кант деп сатчуубуз.

Козулар менен бир жүрүп,
Керели кечке бакчубуз
Балдыркандан, камыштан
Суу мылтык жасап атчуубуз.

Чырылдатып чымчыктын,
Балапанын жыйганбыз
Тал чыбыкты ат кылып
Минебиз деп кыйганбыз.

Эми мына карасаң,
Жигит болдук керилген.
Турмушту аттай жүгөндөп,
Келечекке теминген.

Чачыбызда кубанып,
Бир күнү упа жамынар,
Мурут, сакал өзгөрүп,
Күмүштөн чачпак тагынар,

Ошондо да эринбей,
Абышка экен дедирбей,
Элге иштөөнү сүйөбүз,
Эл менен кошо жүрөбүз.

## БИЛИП КОЙ

Карап алып күмүш бубак чачымды,
Сурап калат Айна келин жашымды.
Көрүп калса бараткада өзүмдү,
Күлүп коюп карап калат көзүмдү.

Жооп айтпадым, унчукпадым, күлбөдүм,
Оюндагы терең сырын билбедим.
Аппак чачтуу жигитмин мен билип кой,
Айна келин, айткан сөздү илип кой!

## ТАТЫНАКАЙ БИР КЫЗГА

Май айы гүлдөп көгөргөн,
Жер бети кайра төрөлгөн
Берилип жүрөк өзүңө
Элесиң келди көзүмө.

Көпөлөк болдуң гүлдөгү,
Көгүчкөн болдуң үйдөгү
Булак болдуң тоодогу,
Барчын болдун зоодогу.

Жомок болдун, айтууга,
Ыр болдуң кызык жазууга
Ичүүгө тунук суу болдуң,
Кармоого көлдө куу болдуң.

Калем сап болдуң колдогу,
Максатым болдуң ойдогу.
Артык баалап өзүңдү,
Арнадым ушул сөзүмдү.

## ЧЫГА АЛАМ

Кубандырат
Желкеңди жаап чачтарың,
Карлыгачтын канатындай каштарың.
Барыктаймын,
Бара албаймын үйүңө
Сен тургандай чокусунда асканын.

Көргөн сайын
Көздөрүңө кубанам,
Сүйөм сени, бирок өзүм уялам
Аскага эмес,
Асманга учуп кетсең да
Амалын таап шатысы жок чыга алам.

## КӨРӨТКО ДЕЙМИН ТҮШҮНДӨ

Кызылдан жоолук салынган,
Кыз ырдады уктуңбу
Кызыгып айткан сөзүнөн
Кумардан бүгүн чыктыңбы?

Бетине бетиң тийгизип,
Жүрөгүң туйлап күлдүңбү?
Солубас гүлдөй жайнаган
Сонуркап кызды сүйдүңбү?

Атың ким деп сурадың,
Айткан сөзүн уктуңбу
Кымызын сунду өзүңө,
Кыйналбай досум жуттуңбу?

Бак аралап, колтуктап
Кыз менен бирге бастыңбы?
Сүйөмүн деген сөзүңдү
Сүрдөнбөй туруп айттыңбы?

– Эмне айтарды билбедим,
Карадым, көздү ирмедим
Атын айтып акырын
Акишжан деп сүйлөдүм

Сүйөмүн деп айта албай,
Арманым калды ичимде
Ашык болуп жүргөндү
Көрөтко деймин түшүндө.

## ТҮН ИЧИНДЕ

Кең талаа, асман ичык, жылдыз толгон,
Көк жээкке көз жүгүртсө жылдыз–коргон.
Кол менен кармап алып ойногондой,
Жайнаган, жымыңдашып жерге колгон.

Адымдап көк жээк көздөй ылдам бассам,
Жылдыздар жан киргендей менден качкан.
Карачы, кандай сонун түн ичинде,
Жылдыздар жымыңдашып жерде жаткан.

Ар бирин кармап алам, деп – жүргөндө
Агарып чыгыш жактан таң да аткан.

## АДАМСЫҢ

Болбогонго таарынып,
Жыя бербе ичиңе.
Зыян кылат капалык
Сымаптай таза кишиге.

Капалыкты жолотпой,
Капшыттан ары айдагын.
Эки колун кишендеп,
Эки бутун байлагын.

Жөнү жок жерден муңканып,
Өзүңдү өзүң кыйнаба.
Бирөөлөр мындай айтты деп
Баладан бетер ыйлаба.

Эпкинденип жүрө бер,
Эмгектен эркин күлө бер.
Өмүрүңдү, чындыкты,
Өз өлкөңдү сүйө бер.

Күлкүң жаанын огундай,
Кайгыга барып кадалсын.
Татыгы жокко таарынба,
Таалайга бүткөн адамсың.

## СУЛУУЛУК

Сүйүү үчүн ичи тарлык болбосо,
Түбөлүгүн акыл менен ойлосо,
Кадимкидей сүйүүнү бек кармаса,
Орто жолдо жерге таштап койбосо.

Сыйды билсе, көңүлүңдү ача алса,
Капа болсоң «абагыңды жаса алса,
Бекеринен өзүн-өзү басынтпай,
Кол кармашып эл ичинде баса алса.

Сөзү сылык, сүйсө өзүңдү жүрөгү,
Бирге чыкса өзүң менен тилеги.
Ошол кыздар аялдардын сулуусу,
Келиндердин келишкен Айчүрөгү.

Токтоо болсо, өмүрдө калп айтпаса,
Достор келсе өзү оюнду баштаса.
Талаш тартыш болуп калса кээ кезде,
Төркүнүнө төшөнчү алып качпаса.

Жалган күлбөй, чын жүрөктөн каткырса,
Капалансаң амалын таап шат кылса.
Кайсы убакта конок келсе үйүңө
Тамак ашына тартынбаса бат, кылса.

Жөнү жоктон коркутпаса күйөөсүн,
Тплде бесе күйөөсү үчүн бүлөөсүн
Дал ошондо, чындык, таза сулуулук,
Сулуулукту жүрөк менен сүйөсүң.

Сулуу деген кебездей ак бетте эмес,
Карагаттай мөлмүлдөгөн көздө эмес,
Көңүл буруп кызыктырган көргөндү,
Ак алмадай көтөрүлгөн төштө эмес.

Мурунда эмес кырдач келген, келишкен,
Чачында эмес желкесинде өрүшкөн.
Колунда эмес өтө назик кармасаң,
Оозунда эмес тартынбаган өбүштөн.

Сулуулукту билсең терең жүрөктө,
Эмгек сүйгөн эринбеген билекте.

## ЖЕҢЕ БИЛ

Турмушуңда кыйынчылык жолукса,
Тизгиндегин, эмгек менен жеңе бил.
Тетиктерин,
Тоскоолдорун,
Сырларын,
Көзүң менен кадимкидей көрө бил
Турмушуңда кыйынчылык жолукса,
Көтөрүп чап, бутуң менен басып өт.
Жол торогон
Душманыңды
Аябай,
Эмгек менен эбин тап да, ашып өт.

Турмушуңда кыйынчылык жолукса,
Дем алдырбай желкесинен ала бил
Ат салышып,
Айбаттанып
Күрөштө,
Кадимкидей кайраттанып чала бил
Эмгегиңден, максатыңдан, колуңдан
Өлкөм үчүн өлбөс нерсе жаралсьн.
Чарчасаңда
Кайраттангын,
Эринбе,
Анткени сен чындык сүйгөн адамсың.

## КӨЛӨКӨ БОЛСУН БАГЫҢДА

Көлөкө болсун багыңда,
Береке болсун жаныңда.
Билбегенге сырыңды
Билбейсиң деп таарынба.

Насип болсун өзүңдө,
Отун болсун көзүңдө
Билсин десең сырыңды
Чындык болсун сөзүңдө

Акыл болсун башыңда,
Балаң болсун кашыңда
Бирдик болсо бүлөөңдө
Душманыңдан жашынба.

## БАЛА БОЙДОН ӨТӨМҮН

Балдар үчүн ыр жазганда бала болом,
Баламын деп мен өзүмчө кубанам.
Төшөгүндө уктап жаткан кызымды
Көргөнүмдө атасымын, сыланам.

Балдар үчүн ыр жазганда бала болом,
Ырым менен топ тебишем, чүкө ойноймн
Көпөлөк кууп, чарчаганда гүл терип
Өз эркимче балык кармайм, суу бойлойм.

Балдар үчүн ыр жазганда бала болом,
Олтургандай бир класста, сабакта.
Кереги жок, көрсөтпөчү күзгүнү,
Картайганды билгизбечи каратпа.

Бул сөзүмө тентек кызым болбоду,
Маңдайыма күзгү койду, тиктедим.
Чачым иппак, чекем бырыш болсо да
Күзгү ичинен бала кезди издедим.

Балдар үчүн ыр жазганда бала болом,
Мен езүмдү ондогудай сеземин.
Жылдар өтүп, сексен бешке чыксам да,
Көңүл сергек, бала бойдон өтөмүн.

## СТОЛУМДА ДАЙЫМ ТУРГАН СЫЯ ЧЕЛЕК

Столумда дайым турган сыя челек,
Жакшы ыр чыкса, кубанып жашын төгөт.
Жазганымда актоочу күбөө болуп,
Чыгармамды өзүмө окуп берет.

Бол калбагын, ырдагын, акын дос деп
Кагаз, калам, сыя да жардам берет.
Баш коштурган баардыгын бир максатка,
Эмгек сүйгөн жөнөкөй адам керек.

## КАРТАЙБАЙМЫН

Күн өткөн сайын жашарып,
Баладай болуп баратам.
Бырышым жок бетимде,
Былтыркыдай карасаң.

Айтканыма күлбөгүн,
Тамаша кылып жүрбөгүн.
Баласың дейт дагы эле
Үйүмдөгү сүйгөнүм.

Баласың дейт балдарым,
Жагоолорун тагышат.
Пионерге өттүң деп,
Каткырып күлүп калышат.

Күн өткөн сайын жашарып,
Баладай болуп баратам.
Картайбаймын, анткеии
Балалыкты жаратам.

## СЫРЫ ТЕРЕҢ

«Ак куу көлүн» угуп жаттым,
Кызым менен үйүмдө.
Эртең майрам–Биринчи Май.
Майдын ачык түнүндө.

Эчен жолу уктум аны,
Москвадан, Киевден.
Уккан сайын жаңыргансыйт,
Толкуп кетем көлдөй мен.

Көрдүм кече Фрунзеден,
Чоң театр өзүнөн, Бийлеп жатты
Бүбүсара оту жанып көзүнөн.

«Ак куу көлү» сыры терең,
Көргөн сайын көнүл бөлөм.

## ЫРДАДЫ КЫЗ БАГЫМДА

Тоо артынан күн чыгат,
Токой жактан үн чыгат

Ак жоолугун булгалап,
Ашыгын күтүп ким турат.

Кат беришкен ак маңдай,
Өзү карап турбасын.
Эгер сүйгөн кыз болсо,
Мени кошуп ырдасын.

Эркелеп кыз багында
Элестеп көзге сүйгөнү,
Барып калсам жанына,
Бакыт сөзүн сүйлөдү.

Күтөм сени күн сайын,
Келип турчу ар дайым!

## БҮГҮН ИЗДЕП

Бүгүн издеп
Кайсы жакка барсаң да,
Шаар,
Айылга
Кыйкырыкты салсан да,
Жер жүзүндө толгон сүйүү гүлдөрүн
Кучагыңа койбой жыйып алсаң да,
Таба албайсың дал ушундай сулууну
Күйүп,
Бышып
Жалын болуп жансаң да
Көрсөң боло
Эң сүйкүмдүү күлүшүн,
Көрсөң боло
Көркөм басып жүрүшүн.
Жашчылыктын жалынына кабылып,

Бир сен үчүн кыз арнаган сүйүүсүн.
Карма колдон,
Кара көздү кубанткын,
Азыр жашсың, жигиттердин гүлүсүң.

## ЖОЛДОШ

Жолдош деген айтканыңда жакшы сөз,
Ойго келет жандай сүйгөн кара көз.
Жолдош жаның, жолдош жүрөк, жолдош күч,
Душманыңдан жан аябай алат өч.
Жолдош – тирек эгер болсо чын жолдош,
Жолдош тууган – кайда болсо бир боордош.
Кемчиликти жаап, жашырып койбостон,
Бетине айтып жолдошуңду сен колдош.

Душман күлүп, тууган күйүп сүйлөөрүн
Өмүрүңдө байкаштырып билип кой.
Жолдош – тууган, жолдош ата-энедей,
Дал ошону жүрөгүңө түйүп кой.

Жаман жолдош эки жүздүү ар дайым,
Ал аянбайт айтууга сөз жалганын.
Колдон келсе кармап берет душманга,
Андайлардан күтпө чындык жардамын.

Жакшы жолдош караңгыда тийген күн,
Жаман жолдош күн чыкса да кара түн.
Бир-бирибиз бир туугандай сыйлашып,
Бир ыр менен бир обондо чыксын үн!

## ТҮН БИР УБАК, МЕН ИШТЕЙМ

Түн бир убак, мен иштейм,
Саатым чык-чык жанымда.
«Таң атты» деп ак короз
Кабар берди айылга.

Түн бир убак, мен жазам,
Жазсам жарык өмүрүм.
Жакшы ыр чыкса жүрөктөн
Көтөрүлөт көңүлүм.

Саатым иштейт, мен да иштейм,
Эмгектене беремин.
Элиме жакшы ыр арнап,
Эрмек болуп келемин.

## КЕТИП КАЛДЫМ

Келдим азыр,
Издеп жүрүп
Таптым сени,
Ушул үйдө жашайт экен жүрөк теңи.
Аччы эшикти көп тургузбай жалдыратып,
Бир азыраак аячы сүйсөң, мени.

Табыш чыкпайт, башка жакка көчкөнбү дейм,
Такыр мага көрүнбөстөн өткөнбү дейм.
Же болбосо мен алыста жүргөн кезде,
Башка бирөө байкатпай өпкөнбү дейм.

Ачып койчу,
Мен кирейин
Үйүңүзгө,
Гүл коёюн окшоштуруп гүлүңүзгө.

Жүрөк сырын өзүңө терең ачып,
Көмөктөшсөм туп-тунук сүйүүбүзгө.

Деп сөзүмдү бүте электе бирөө келди,
Тааныбайм, келген жигит колун берди.
«Кириңиз, ачкыч менде, күткөнүн, ким?
Бул үйдө көптөн бери жашайм» деди

Ал үйдөн
Мен тааныган
Сүрөт көрдүм,
Карадым, кадырладым, көңүл бөлдүм.
Үйүндө үнсүз, сөзсүз олтурганда,
Эшиктен сүрөт ээси кирип келдиң.
Карадың, калтырадың, тиктеп калдың,
От болуп жүрөк тынчсыз, күйүп жандым.
Коштошуп өзүн, менен, жигит менен,
Унчукпай сыр билгизбей кетип калдым.

## КЭЭДЕ КҮЙДҮМ,
## ИЛЕБИ ЫСЫК ОТ БОЛДУМ

Кээде күйдүм, илеби ысык от болдум,
Жалындадым, кырмызыдай чок болдум
Көрдүм көптү, чындык үчүн берилдим,
Билген ишке кадимкидей шок болдум
Эми кара, кечээ эле бала элем,
Акын болдум, элирбедим, токтолдум
Элиң үчүн эртели кеч эмгектен,
Ардактамак артык баалап кең мекен.

## ЭМГЕКТЕНЕМ, ИШТЕЙМИН

Май келгенде күнүм узун болсо да,
Мезгил кандай өткөнүн мен билбеймин
Күн чыгат да, кайра батат кабарсыз,
Аны дагы каранга алып жүрбөймүн.

Токтотууга канча аракет кылсам да,
Баш ийбейсиң, эмнеге сен болбойсуң
Түн киргизбей керегинде бир күндү,
Эмнеге сен эки кылып койбойсуң.

Канча айтсам да баш ийбеди убакыт,
Мындан кийин мен да аны күтпөймүн
Кайсы мезгил мейли күндүз, мейли түн,
Элим үчүн эмгектенем, иштеймин.

## МАРТ

Март күлүңдөп, кар кетип,
Өзгөрдү жердин аймагы.
Көрүнбөй көзгө эриген
Көк кашка суунун каймагы.

Төгүлбөй турат чокуда
Ала-Тоонун айраны.
Өзөн менен өрөнгө
Байчечекей жайнады.
Булбулдар учуп келе элек,

Торгой, чымчык сайрады.
Күн жылыса кубанып,
Ойнойт колхоз балдары.

Оной эмес марттында
Ойлоп көрсөң салмагы.

Мен сендик деп күлүндөйт,
Түн киргенде ай дагы.

## ЖОЛ БЕРБЕДИМ

Каптап келген боппоз чаңды
Жалбырактар жамынды.
Кучагына алам деди
Татынакай айылды.

Шашпастан алдым тосуп мен,
Шамалга жол бербедим.
Чаң жукпаган таза болсоң
Эшик ачам, кел дедим.

## «БЕРМЕТ» ЫРЛАР ЖЫЙНАГЫНАН (1967-ЖЫЛ)

### КЕЛ, ЖАҢЫ ЖЫЛ

Кремлдин куранттары
Жүрөк сымак кагылып,
Мезгил өтөт таза суудай
Учу жоктой агылып.
Мен олтурам
Ыр бешигин терметип,
Издеп күндө жаңылык.
Жаңы жылды,
Жаңы күндү
Бала энесин эңсегендей
Сагынып.

Гүл мекеним,
Улуу-кичүү,
Чоң майрамга камданып,
Ырлар чыгат, Рифмалар
Жорго салып шаңданып.
Мен да акынмын,
Өз доорумдун
Куруучусу – кулуну,
Мен да толкуп кубанамын
Жеңиштерге таңданып!

Чулдурабайт кыз күлкүлүү,
Бала мүнөз булактар,
Кыз саамайы,
Муруттарда, сакалдарда
Бубактар!
Кыш мезгили,

Башкаларга кандайча
Ал мен үчүн
Ыр кешиктүү,
Ыр бешиктүү убактар!

Жаңы жылым эшик какпай
Кошунамдай шак кирип,
Жашаргандай өмүрлөргө
Өркүндөгөн бак кирип,

Жаңы доорум,
Планетам
Гүл ачкандай жаңырар,
Жүрөгүмө,
Тилегиме шат кирип.
Күлүңдөсөң кара чачка
Кабар берип, ак кирип!

Кайгы менен картайбасын,
Кызгылт тарткан жүзүбүз,
Орто жолго токтобосун,
Биз баштаган ишибиз.
Көтөрүлүп көктү көздөй
Канат кагып учалык,
Марста калсын кадамыбыз,
Бадырайган изибиз!

Жаңы жылга, Жакшы күздөй
Берекелүү камыбыз,
Шаттык менен күтүп алып,
Кучактайбыз баарыбыз.
Эмгек менен энчи алышкан
Замандашпыз, досторбуз,

Эмгек бизди эскиртпеген
Курч болоттой жаңыбыз!
Жаңы жылда үй көбөйсүн,
Кыштагымда, калаамда.
Дан батпасын кампаларда,
Эгин эккен талаада.
Аман болсун уул тапкан,
Кызды тапкан энелер,
Аман болсун бешиктеги
Эмчек соргон бала да.

Аман болсун жер бетинде
Тынчтык жолун ачкандар.
Ала-Тоодо жайы-кышы
Малын түгөл баккандар.
Аман болсун
Токтогулдун ГЭСин куруп
Жаткандар.
Достук отун алоолонтуп
Өчпөс кылып жаккандар!
Кел, жаңы жыл,
Кел, жаш бакыт, кана кел,
Жаңы, жакшы,
Ырдан жүктөп ала кел.

Күтөт сени гүл кучактап
Фрунзем,
Күтөт сени
Көп улуттуу тууган эл!

## МЕНИН ҮЙҮМ АЛТЫН ӨРӨӨНДӨ

Менин үйүм алтын өрөөндө,
Курган атам, апам төрөөрдө.
Келсе мейман качан да болсо
Белегим көп ага берээрге.
Жаңгагым бар күндө өсүп жаткан
Араласаң көрүнбөйт асман.
Калың токой, жемиш токой
Бүт байлыгын койнуна аткан.

Өрөөнүмдө өрүктөр арбын,
Керек десең күзүндө баргын.
Тере бер жемиш, тере бер жүзүм,
Көз тойгончо жыйнагын, алгын.

Кызыл, сары кызыктуу жийде,
Бышыгын тер, көгүнө тийбе.
Асылып турат ар түркүн алма
Болгондой ашык ачылган Күнгө.

Жерге батпайт кожогат, гүлүң,
Так ошондо жашаган үйүм?
Жийденин жыты – өрөөндүн куту
Булагы тунук салкындап кирин.

Шабдалысы эзилип бышкан,
Суу жээгине бүлдүркөн чыккан.
Алмуруту андан да сонун,
Чиеси калың, өтө албас чычкан.

Карагайы капталда окен,
Арча, кайыщ айылга кечкөн.
Бир келип кетсең өрөөнүм алтын
Өмүр бою чыкпастыр эстен.

Текейин көрсөң тескейи толгон,
Кымыздык, ышкын аска да коргон.
Чүкүрү, пияз, сарымсак, сабиз
Өстүргөн сымак адамдар колдон.

Аюусу бар абайлап баскан,
Түлкүсү кызыл качуугa шашкан.
Бүркүтү шумкар, жылкысы тулпар,
Качыры күлүк кадимки аттан.

Аркар, кулжа, элиги сулуу,
Өрөөнүмдүн келини сулуу.
Ушунда жашап еткөрген турмуш
Адамдардьш өмүрү сулуу.

Алтын өрөөн ошондо үйүм,
Өтүп жатат балалык күнүм.
Өрөөнүмдү үйрөнүп чыксаң,
Өзүнчө бир кызыктуу илим.

## САРЫ ЧЕЛЕК

Арасында тоолуу токой асканын,
Тарангандай арча, кайын, чачтарын.
Күзгү өңдөнүп жылмайыңкы көл жатат,
Ошол көлдүн көрдүм асыл таштарын

Жылгалардан жылжып булак кошулат,
Жарышкансып бир-биринен озунат.
Табигаттын тамашалуу көлү экен,
Асман сымак чалкаят да, созулат.

Сулуулукту жыпар гүлдөн алгандай,
Толкундары симфония чалгандай.

Күлүп турат каткырыгы угулуп,
Там-тум баскан оюнкарак балдардай.

Майда толкун күн нуруна жыбырап,
Жээкке келип аска ташка урунат,
Бир заматта көзүңдү ачып, жумганча
Көлдүн бети сыйкырчыдай кубулат.

Жел жүргөндө өбүшкөндөй сүйүнүп,
Өйүзүнөн бүйүзүнө түрүлүп.
Келин-кыздар кийиз басып жаткандай
Толкуп жөнөйт Ала-Тоого ийилип.

Ай чыкканда сүттен бетер агарып,
Тармал толкун таасирленип таранып.
Миң сан жылдыз өзүн өзү теңшерип
Жаткан өңдүү таш күзгүдөн каранып.

Тоо токою өстүргөндөй карагай,
Көл мүнөзү тили чыккан баладай.
Сепил сымак табышмактуу аскалар
Бийик үйлүү гүл жыттанган калаадай.

Сары-Челек сылык-сыпаа көл тура,
Жерге батпайт жемиштери көп тура.
Кожогаты, карагаты, жаңгагы
Өзүнчө бир түгөнбөгөн кен тура.

Карап турсам өз көлүмө суктанып,
Көл ичинде тоолор жатат ыкталып.
Сүзүп барам ракета мингендей,
Учуп барат мен олтурган жел кайык.

Сары-Челегим касиеттүү көл экен,
Чаткалдагы эл дем алган төр экен

Барып калсан, кеткиң келбес үйүңө
Ден соолуктун ачкычы бар жер экен.

## МЕНИН АПАМ

Менин апам,
Сенин апаң,
Апаң жаныңда болсо
Болбойт капан,
Менин апам азыр жок,
Түшүмдө гана эркелейм,
Алдында жатам,
Баса элек бала болом,
Көкүрөгүн жыттайм, ачам
Кумарымды жазам,
Мамасына шашам,
Апам,
Көрбөгөндү көрдү,
Согушта санитар эле
Ок тийип өлдү.

## КЫРГЫЗ ТАҢЫ

Күн,
Нур,
Шоола чачырап
Караңгыны качырат.
Жерге,
Көлгө,
Сууга,
Ташка,
Аскага
Күндүн нуру өчпөс болуп жазылат.

Гүл ачылат таажыларын тарып,
Тоо-токойлор тунук суута каранып.
Сулууланып, коноздонуп жаткансыйт,
Бийик ашуу минут сайын агарып.

Күн,
Нур,
Шоола
Бирдик колдо күчөнүп,
Жашылданып карагай да түзөнүп.
Кыймыл кирди туш тарапка, өзүмө
Күн турганда тынчтык суусун ичелик.

## БЕРМЕТ

Күнде келет, айтып берет
Жаңылыктан аз-аздан.
Түшүндүрөт баштан-аяк
Китептерди ким жазган.

Сайма сайып, кийим бычып,
Эмгек кызык көрүнөт.
Кээде далай оюн кызып,
Мончок терлер төгүлөт.

Ыр үйрөтөт обон менен,
Килем салып бийлетет.
Тил өссүн деп жообу белен
Түркүн сөздөр сүйлөтөт.

Күндөй жаркып бебөктөр да
Күлөт ойноп тигине.
Ирет менен оюнчукту
Берет улам бирине.

Ак чоподон там салдырат,
Каалгасын койдурат.
Калай, айнек, мык алдырат,
Терезесин ойдурат.

Кайсы чөптөн кандай пайда
Түшүнтүп гүл тергизет.
Топ тептирип салкын жайда
Көңүл черин сергитет.

Дене чыңап машыктырат,
Зарядка да ойнотот.
Бир туугандай достук чыңап
Бирин-бири колдошот.

Ак кагазга түркүн далай,
Укмуш сүрөт тартылат.
Мыктыларын айтып сынай
Куттуктайт кол чапкылап.

Ийне берип кыз балдарга,
Уздун жайын билдирет.
Бул кайсы жан, кандай адам?
Ойлоп тапчы ким билет.

Ал ак Бермет тарбиячы,
Бакчасында балдардын.
Бөбөктөрдүн эжесине,
Ушул ырды арнадым.

## ЭНЕ ДЕМИНДЕЙ

Жыңайлак кыздай балтыры ак,
Жымъщдап жаш жаз күлүңдөйт!
Жылгаяк теппей балдар сак,
Жылгада эч ким билинбейт.
Илептей муздар саландап,
Чатырга тагып койгондой.
Тамчылар түшөт аландап,
Ичине ыйы толгондой

Капалда жаткан кар эрип
Арманын күнгө айткандай.
Талаадан кыздар гүл терип
Тамашага баткандай.

Таң менен торгой ыр ырдап,
Булакка үнүн кошуптур.
Бир бала калбай бүт жыргап
Биринчи жазды тосуптур.

Жер бети күлүп сүйүнүп,
Жеңилдеп көйнөк кийиптир.
Бак-дарак жеңин түрүнүп
Барыктап күндү сүйүптүр.

Мөңгүлөр чечип ак тонун,
Тоолорго кароол тургандай.
Көтөрүп ой-кыр бүт колун
Куттуктап жазга сунгандай.

Кен, талаа күндө шаңданып
Кеңешип чоң той болгондой.
Кебелбес муз-кар алданып
Бузулуп бүткөн коргондой.

Кырмызы жаздын келиши
Кыз бала жагоо таккандай.
Кылактап жердин жемиши
Кыйкырып гүлүн ачкандай.

## МАМАЛАК КАЙДА?

– Мамалак кайда, чоң эне?
Сарайга байлап койдуңбу?
Көрбөдүм беле түндө эле
Жибиңди ийрип болдуңбу?

– Аны мен кайдан билейин
Кай жакта эле мамалак.
Сага көйнөк тигейин
Турбачы мында сагалап.

– Мамалакты табыңыз
Конфет берип багайын.
Эркелетип баарыбыз
Бөбөк кылып алайын.

– Эмне дейсиң садага,
Түшүнбөдүм сөзүңө.
Уктап жатып түшүмдө
Көрсөткөн элем өзүңө.

Эркелетти чон, эне
Неберссин өпкүлөп.
– Түшүңдө көргөн мамалак
Токойго качып кетти деп.

## ГҮЛЧӨНҮН ГҮЛДӨРҮ

Жыпар жыты буркурап,
Жылдыз окшоп гүл турат.
Таажылары ачылып
Таңыркатып кулпурат.
Эне жыты айланам,
Эсепсиз гүл жайнаган,
Кумарланып булбул куш
Кучакташып сайраган.

Күлгөн сымак гүл бурак,
Булак агат шылдырап.
Бала кезден баарыга
Баркын билсең гүл ынак.

Гүл талаанын эрмеги,
Жылдызы чөптүн жердеги.
Жаз келгенде көп барам
Гүлчөдөн гүл тергени.

## ЖҮЗҮМ ТОО

Түштүктө тоонун түрү көп
Балалуу багбан энедей.
Жапырылса тулаң чөп
Толкунда жүргөн кемедей.

Таштан бүткөн ой-кыр бар
Кол менен жасап койгондой.
Чыга албайсың кыя тар
Чыга албас бийик коргондой.

Кээ бир тоону карасаң,
Капталы толо карагай.
Балатыга жанашам
Эркелеп өскөн баладай.

Ал эми көрдүм мен өзүм
Алкышка бүткөн жүзүм тоо.
Жаштыкка толуп бүт сезим
Ар дайым адам болот соо.

Жүзүм тоонун булагы
Суусундай экен мүрөктүн.
Ал кыргыздын ынагы
Дарысы экен жүрөктүн.

Жүзүм тоо жүзүм мекени,
Жүзүм тоо элдин жыргалы.
Ушундай экен эсеби
Токомдун тоодой ырлары.

## АРКЫТ

Аралап көрдүм Аркытты
Ак кайыңы буралган.
Жамынгандай баркытты
Бүлдүркөнү чубалган.

Жер жайнаган жаңгагы
Атайлап адам тиккендей.
Түгөнбөйт терсең алманы
Түгөлдөп бирөө күткөндөй.

Карагай, четин, долоно,
Карагат, алча мончоктой.

Койгондой жайып короого
Кожогатты боорсоктой.

Жийдеси жыпар жытындай,
Тармал чач арча башкача.
Абасы таза бузулбай
Аркытты билбейт жазбаса.
Дворец сымак аска-зоо
Атайлап куруп койгондой.
Өтө албас бийик кызыл тоо
Илгери сепил болгондой.

Күлкүлүү күмүш булагы
Суулардын таза тунугу.
Талпынып учкан кулаалы
Чымчыктардын улугу.

Аралап көрдүм Аркытты
Көркөмүнө көз жетпейт.
Коштошуп алыс кетсең да
Көз алдыңдан түк кетпейт.

## АТЫ САГЫН ТААНЫП АЛ

Суук өзгөчө, кар калың,
Бороон боздоп үшкүрөт.
Көрсөн, дагы бүт камын
Чилде, аязга күч кирет.

Айдап алат шамалы,
Ызылдатып кулакты.
Тапкан сымак амалды
Титиретет улакты.

Чымчыктар болсо чырылдап
Короого кирип корголойт.
Калган сымак кырылдап
Кара короз жорголойт.

Терезеден көз салган
Сагын муну байкады.
Чымчыктарга боору ачып
Өзүнчө баш чайкады.

Торгойлор жүрөт тоё албай
Калгандай топтон адашып.
Бир жерге бутун коё албай
Жакшына жайды самашып.

Терезеден тиктеп турган
Сагын муну байкады.
Чымчыктарга жардамды
Кылгандарын айталы:

Чатырчалуу жасап тактай
Илип койду иреттеп.
Бул куштардын ашканасы
Айткым келет сүрөттөп.

Төрт бөтөлкө арпа толду
Башын ылдый каратты.
Чардан дагы чачып койду
Илип койду калакты.

Сагын күлүп үйгө кирип,
Терезеден көз салды.
Чымчыктар да муну билип,
Курчап алды бүт тамды.

Чокулашат жарышкандай
Арпа түшкөн тактайды.
Учуп-конуп терезеге
Алкыш айтып жатпайбы.

Ашканасын куштардын
Көрүп алып Сагындан,
Айылдагы кыздардын
Арасына жайылган.

Ар бир үйдө, чатырда,
Ат байланган акырда.
Терезенин түбүндө
Кар түшпөгөн такырда.

Куштар үчүн ашкана
Акшак, арпа, чары бар.
Муну тапкан жаш бала
Аты Сагын таанып ал.

## АРКЫТТА МЕНИН ДОСУМ БАР

Аркытта менин досум бар,
Алтыга азыр чыга элек.
Атайлап угуп кулак сал
Анчалык көп иш кыла элек.

Зоопаркы бар ишенсең,
Соңунан калбайт мамалак.
– Кармап турчу, Үсөн сен,
Качпасын чаарчык талаалап.

Деп сүйлөп коюп Асанбек,
Кекиликке жем чачат.

Айткан сөзгө дайым бек
Окубай жүрүп ыр жазат.

Бытпылдык уруп бөдөнө,
Ышкырып коёт улары.
Күндө оттотот бедеге
Торкашка кулун ынагы.
Кирписи бар кичине,
Таш бакасы тоголок.
Зыяны жок кишиге
Таш менен койгон короолоп.

Тыйын чычкан тынбаган,
Көрүп калсаң бекинип,
Чакчыгайы ырдаган,
Талдан-талга секирип.

Асанбек досум ушундай,
Айбанат баккан асырап.
Азамат болот чоңойсо
Арстанга асылат.

## БУЛАКТЫН ЖООБУ

Тоонун төшүн жарып өтүп,
Булак кайнайт булдурап
Булбул конду долоного
Ал булактан сыр сурап.

– Тыным албай эмне мынча
Чамынасың чаалыкпай?
Таш түбүндө жашырынып
Жылтылдайсың балыктай.

– Жүрөгүмүн улуу тоонун,
Ушул тоонун канымын
Бүр байлаткан, гүл жайнаткан
Кең талаанын жанымын.

Тиги өзөндүн шаркыраган,
Тиктеп турган көзүмүн.
Жарык берген ар бир ГЭСтен,
Дарыянын өзүмүн.

## БЕЛЕК ЭКЕН

Бийик Аркыт аскасында өскөнмүн,
Сары-Челекке кулач уруп жеткенмин.
Жаңгактардын бутактарын конуштайт
Мен өстүргөн тынчтык кушу кептерим.

Өмүр бою бийиктикте жашагам,
Минген атым жоош эмес, качаган.
Тоонун бетин тосуп турган жаңгактар
Белек экен биздин түпкү атадан.

Түнөп жүрөм кырларына, белине.
Кыдырамын жорго салып темине.
Ашык болом, жаш баладай кубанам,
Ашык болом Аркыт гүлдүү жериме.

Аркытымды араласаң жыргайсың,
Акын болуп булбул сымал ырдайсың.
Аба таза акылыңа дем берген,
Тунук булак – жаштыгыңды чыңдайсын.

## АПАМ МЕНЕН

Менин апам кандай жакшы,
Эч нерсени аябайт.
Киймим бүтүн, бардык күчүн
Жумшап тамак даярдайт.

Апам менен пейлим кенен,
Ачык-айкын көңүлүм.
Тилейм мага айткан сөзү
Узун болсун өмүрүң.
Апам кызык ырдап берсе,
Артисттердин өзүндөй.
Айткандары акыл кошкон
Чоң энемдин сөзүндөй.

Апам менен кошо жүрсөм
Көп эл салам беришет.
Чон, апамдар айылдагы
Жолукканда өбүшөт.

Менин апам кандай жакшы
Кийим тиксе жарашкан.
Алтын жылдыз сол төшүндө
Ар ким сүйүп карашкан.
Менин дагы жылдызым бар,
Октябрят атагым.
Небересимин Лениндин –
Баласымын апамдын.

## ӨПКҮМ КЕЛЕТ

Кучактагым,
Өпкүм келет өлкөмдү,
Көргөнүмдө
Көз жүгүртүп картасын.
Ар бир шаарын,
Гүл оронгон айылын,
Магниттей жүрөгүмө тартасың.

Кучактагым,
Өпкүм келет өлкөмдү,
Сүйгөн сындуу эне кенже баласын.
Пионерлер салют берип, ант берип,
Сыйлагандай
Эр комсомол агасын.

Кучактагым,
Өпкүм келет өлкөмдү,
Күн өпкөндөй күндө келип жер бетин.
Жеңиш үчүн командирлер
Ант берип,
Өбүшкөндөй
Кылкылдаган туу четин.

## «ЖЫЛДЫЗДАР» ЖЫЙНАГЫНАН (1951-ЖЫЛ)

### АК БАЛЫК

Шаркырап аккан тоо суусу,
Талааны көздөй чамынат.
Бүлдүркөн, жалбыз, сүттүкөн,
Бутагы суугa малынат.

Коктудан салкын жел келет,
Үлпүлдөп камыш термелет.
Булактан суулар кошулуп,
Дарыяга дем берет.

Жай аккан ийрим жерлерге,
Балдар салат кайрымак.
Сөөлжаның көп болсо,
Балык да сага дос, ынак.

– Сал кайрымак көп балык,
Он-он бештен кармайлык.
Асандар ондон кармаптыр,
Алардан артта калбайлык.

– Деп вожатый олтурду,
Суу жээгинде чоң ташка.
Асман деген балык бар,
Көлдүкүнөн бир башка.

Арадан өтпөй он минут,
Бүлкүлдөдү кайрымак.
Илиниптир бир  балык,
Бүт денеси сүттөй ак.

Чуркашып балдар келишти,
Ак балыкты көрүштү.
Оозун  ачып балыктын,
Сөөлжандан беришти.

Түшкө чейин беш бала,
Отуздай балык алышты.
Ак балыкты абайлап,
Мектепке алып барышты.

Жандуу бурчка төрт балык,
Тапшырып балдар караштты.
Жакшылап багып күн сайын,
Берип турду тамакты,
Ак балыкты көбөйтүп,
Асыл тукум болсун деп,
Айылдарга таратты.

## ЧӨП ЧАБЫКТА

Беде гүлдөп жыт аңкып,
Талаа көркү башкача.
Көрбөгөндөр билишпейт
Көргөн балдар айтпаса.

Көпөлөктөр канат кагып,
Көзгө сонун чөп чабык.
Жардамдаштык тырмоо тартып,
Айылдарга биз барып.

Багынгансып бараткaнда,
Жүгүнгөнсүйт жашыл чөп.
Санак жетпейт, ойдон кетпейт,
Жашыл чөптүн түрү көп.

Үйүлдү чөп аска тоодой,
Катар-катар чөмөлө.
Көз жүгүртсөң алыс жактан,
Окшойт бийик дөбөгө.

Чап чалгыңды ага, эже,
Малга тоют берилсин.
Кышта үшүп, суукта калбай,
Кой-эчкилер семирсин.

Уй-жылкылар оюн салар,
Кулун-музоо кубанар.
Толук болсо тоют бизде,
Төлдөп малдар чубалар.

## КИМ?

Ак шейшепке ороп сени,
Кичинеңден баккан ким?
Уйку көрбөй таң атканча,
Таптап сени жаткан ким?

Сүтүн берип, көңүл бөлүп,
Эркелетип күлгөн ким?
Күнү-түнү көтөрүп,
Эки беттен сүйгөн ким?

Бутту шилтеп талпынганда,
Кол кармашып баскан ким?
Тилиң чыгып сүйлөгөндө,
Мээримдүү сөз айткан ким?

Ыр, табышмак үйрөтүп,
Көңүлүңдү ачкан ким?

Кетсең алыс окууга,
Ардактап кат жазган ким?

Жаңы көйнөк, жаңы шым,
Балага арнап тиккен ким?
Ойноп кетсең көчөгө,
Ойлонуп сени күткөн ким?

Эмгек кылсын элге деп,
Тилеген ким бөбөгүм?
Ак сүтүн актап иштегин,
Ардактуу алтын энеңдин.

## САКТАГЫЛА КУШТАРДЫ

Чыйырчыкты өлтүрбөгүн,
Салмоор менен атпагын.
Көп куштарды жок кылышат,
Уя жаса сактагын.

Чабалекей учуп келсе,
Ал биздин дос тийбегин.
Үй ичине уя салса,
Билбей бузуп жүрбөгүн.

Пайдалуу куш бизде аз эмес,
Баарын таанып билип ал.
Бак башына келишиптир,
Дос куштарга уя сал.

## «БАКЫТ ГҮЛДӨРҮ» ЖЫЙНАГЫНАН (1951-ЖЫЛ)

### ТЕРЕЗЕДЕ ГҮЛҮМ БАР

Кышкы чилде бороон боздойт,
Куштай учат аппак кар.
Кызыл, сары, мала көк,
Терееземде гүлүм бар.

Мектебиме бараарымда,
Узаткансыйт үйүмдөн.
Эгер алсам сабактан беш,
Гүлүм кошо сүйүнгөн.

Жума сайын суу куямын,
Семирткичтен төгөмүн.
Жарым айда канча өскөнүн,
Дайым ченеп көрөмүн.

Ар бир бала, ар бир кыз,
Өстүр гүлдү көңүл сал.
Көрк киргизген үйүмө,
Терееземде гулүм бар.

### КЕКИЛИК

Жорголоогон кекилик,
Күнгөйдө жүрөт секирип.
Көрүп калсак биз сени,
Качасың эмне бекинип.

Биз тийбейбиз качпагын,
Сен жашынып жатпагын.
Карышкырдан, түлкүдөн,
Балдарыңды сактагын.

Эркин өсүп ойной бер,
Адыр, тоону кыдырып.
Кекилик деп ырдайбыз,
Сени мактап ыр кылып.

Күңгөй, тескей мекениң,
Гүлдөр терип кайтабыз.
Өрдөк, казга үйдөгү,
Сенден салам айтабыз.

## МЕКТЕБИМЕ

Чын жүрөктөн чыккан салам,
Айтам сага мектебим.
Тарбиялап киши кылдың,
Эсимден түк кетпедиң.

Ардагымсың ардактадың,
Далайларды өстүрдүң.
Билим берип көңүл бөлүп,
Тилегиме жеткирдиң.

Сенден чыкты тарбия алып,
Тоо кыдырган инженер.
Алтын тапты, элге жакты,
Баатыр болду эми көр.

Асманда учту ат мингендей,
Сен окуткан балдарың.

Сууну буруп гүл жайнатты,
Чөп чыкпаган сайларын.
Акындар бар сөз жакшысын,
Элге арнап тандаган.
Сүрөтчү бар, врачтар көп,
Артистер бар сайраган.

Жазуучулар чыкты окуп,
Эмгектенип ыр жазган.
Ондоп жатат окумуштуу,
Илим менен сырдашкан.

Баарыбызга бакты-таалай,
Нурун чачкан мектеп сен.
Мактайм, ырдай, иштейм, тынбайм,
Эмгектенген балаң мен.

# «ЖАЛЫНДА КОСТЕР ЖАЛЫНДА» ЖЫЙНАГЫНАН (1969-ЖЫЛ)

## ДОСУБУЗ БАР

Досубуз бар эң сонун,
Ар нерсени бүт билет.
Бардык элде, бүткүл жерде,
Саякатта көп жүрөт.

Досубуз бар, сыйлык алар,
Кадырлайбыз, сүйөбүз.
Кээде ырдап, кээде сүйлөп
Кызыгына күлөбүз.

Кеңеш берет көш кишиге,
Пайдалуу ишти үйрөтөт.
Жакшы билсең, сөзгө кирсең,
Акылыңды гүлдөтөт.

Аны менен кең асманга,
Кайда болсо барасың.
Керек экөө издеп аны,
Магазинден табасың.

Сууда сүзүп, тоого чыгып,
Токойдо да жүрөсүң
Терең сырыы үйрөнсөң сен,
Толгон өнөр билесиң.

Сүйлө десең, сүйлөп берет,
Келечекти өткөндү.
Мааниси алтын, билгин баркын,
Айтат кызык сөздөрдү.

Досуңардын аты ким деп.
Билбегендер сурашаар.
Досубуздун аты китеп,
Үйүңүздө дагы бар.

*1949*

## БАЛДАР БАКЧАСЫНДА

Мойтоңдошкон кичинекей,
Күлүмсүрөйт көздөрү.
Таптак чыгат,
Татынакай –
Сүйлөгөндө сөздөрү.

Ойноп жатты, ыр ырдашты
Жашыл бактын ичинде.
Өздөрүнчө кеңеш курган,
Кызыктар көп ишинде.

– Мен мышыкмын, Асан чычкан,
Качкын, сага жетемин.
Өзүм күлүк далай чыккам,
Сөзсүз, сенден өтөмүн.

– Куугун, кана,
Качтым мына –
Жетип алчы секирип.
Мышык чуркап мыёолоду,
Чычкан качты бекинип.
Балдар күлүп каткырышып,
Мышык жетпей жыгылды.
Асан күлүк чычкан эмес,
Учуп жүргөн куюнбу.
– Куюн болсо учпайт беле.

Чуркап жүрөт карасаң.
Жешей ага
Калдың жана,
Канча аиландың санасаң.
– Мен жеңилдим,
Желе албадым.
Чарчап чекем тердеди.
Мен турайын, сен мышык бол,
Чычкан кармап кел деди.

– Мына, менин салчу тамым,
Жети бөлмө карачы.
Терезеси жыйырма жети,
Ишенбесең саначы.

– Тамды жакшы
Болжолдопсуң,
Аны сенден талашпайм.
Же багы жок, же гүлү жок,
Ошонусун жаратпайм.

– Мына менин самолотум,
Канаттары кагаздан
Учуп кетсе аба жиреп,
Көк асманга жарашкан.
Канаттарын боёк менен
Көпкөк кылып боёдум.
Бир жерине кадимкидей
Жылдыз тагып коёмун.
Дал ошондо,

Көгүн жолдо
Көтөрүмүн учканын,
Куш аттууга жеткирбестен
Асман менен сызганын
– Мына менин жемиштерим,

Алмаларын карачы.
Көтөрө албайт бутактары,
Канча алма бар, саначы.
Жүзүмүчү –
Таттуу набат,
Тамшандырган балдарды.
Шабдаалым бар абдан сонун,
Сансыз мөмө байлады
Бул сүрөтүм эң бир жакшы
Жемиштердин баары бар,
Ар бир анар пияладан,
Алмуруту дагы бар
– Тигине топ,
Чурка ылдам,
Элден мурда жетели.
Асанкулдан ылдам-ылдам
Топтон озуп кетели.
– Карма топту,
Бери коздөй ыргыткын.
– Карма, карма!
– Керим, алба,
Айша, сага ыргыттым!

Кайык жасап,
Атын атап,
Сууга балдар барышты.
Көлчө кенен,
Шамал менен
Кайыктары жарышты.
– Меники озду,
Артта калды сеники
Ортодогу жашыл кайык
Озуп кетти, кимдики?
– Меники!
– Сеники!
– Жок, меники!

Күрөк алып,
Кумга барып,
Арыктарды казышты,
Майкаларын чечип коюп.
Ысык кумга жатышты.
Күн түш болду,
Чогулушту.
Тазаланды, жуунушту,
Тартип менен баары белен
Каз катарга турушту.
Мына ашкана,
Байка, кара:
Тамак-ашы жайнаган.
Ак нандары,
Арбын балы,
Сүтү турат кайнаган.
Гүлдөй кызыл
Апорт ушул
Коюлуптур алмадан.
Сары майы,
Таттуу чайы,
Каймагы да камдалган.

Мына ушундай
Бакча көркөм
Бөбөктөргө курулган.
Ыр ырдаса,
Бир обондо
Көчөлөрдө угулган.
Бирге басып,
Көңүл ачып,
Күндө балдар жыйылган.

*1950*

## МОСКВАГА УЧУП БАР

Тетиктериң камыштан,
Учурамын алыстан.
Биринчи бол моделим,
Боло турган жарыштан.

Ала-Тоодон ашып өт,
Ак булутту басып өт.
Москвага учуп бар,
Улам бийик көкөлөп.

## КУБАНАМ

Кылчылдаган кыш келсе,
Сергек болом, чыңалам
Аяз ата күч берсе
Лыжа тээп кубанам.

Тызылдатып кулакты
Тынымы жок чилденин
Кыпкызыл кылып уялтты,
Эмне экенин билбедим.

Ызылдайт ызгаар шамалы,
Күчүңөрдү көрөт деп
Келатсак жолдон камады
Кылычтарын белендеп.

Кол көтөрүп калбадык,
Баш ийбедик шамалга,
Оюн менен алдадык,
Тийбегин деп адамга.

Тоголоктоп ак кардан
Түк үшүбөйт бөбөгүм.
Дубал куруп, там салган
Ойногонун көрөмүн.

Чындыгында кыш кызык,
Киргили жок абасы.
Мектептерде иш кызып
Окуйт балдар, карачы.

Кылчылдаган кыш келсе,
Сергек болом, чыңалам.
Аяз ата күч берсе
Конькини тээп кубанам.

## АПТЕКАБЫЗ АЛА-ТОО

### I

Атагы ашкан Тянь-Шань,
Октябрдан аткан таң.
Жылгасында, өзөндө
Жыргап жаткан эли шаң.

Келиндер жүгүн жыйгандай
Кыналып жатат кырлары.
Кантип калсын ырдалбай
Ала-Тоонун сырлары.

Атайлап жоолук салгандай,
Тоо-тоо башы кырмызы.
Жалындап оту жангандай
Жаркырайт бакыт жылдызы.

Шаркыратма шашылып,
Ашуудан ылдый куюлат.
Жаш төккөн жамгыр басылып,
Жай гана булут суюлат.

Сан жетпеген чөптөрү
Шүүдүрүм шуру тагынып.
Күп нурун чачып көктөгү,
Керме тоо килем жамынып.

Шилби, четин, карагай,
Тоо сөлпөрү тобулгу.
Сүйкүмдүү жери баладай,
Көрөсүң барсаң сонунду.

Адырашман, кекире,
Мен дубана, карандыс.
Мээр чөбү бар секиде
Билбеген адам таба алгыс.

Өрөөнү толгон жаңылык,
Эмгектен байлык жаралып.
Балдары жагоо тагынып,
Бөбөктөр жылдыз каданып.

Учабыз дешет Ай, Күнгө,
Ушул баштан камынып.
Жетебиз дешет бир түндө
Илимге кубат багынып.

Күн өткөн сайын күлүндөп,
Тянь-Шань алга чамынат.
Ийгилик иштен билинмек,
Тянь-Шапь орден тагынат.

Тянь-Шань бай береке,
Издегенди табасың.
Тоолору бийик дебесе
Томкоруп алтын аласың.

Жайлоонун толук убагы,
Жайнатып гүлүн ачкан кез.
Мал жайылып тулаңы
Пайдасы тийип жаткан кез.

**II**

Барганда жайлоо төрүнө,
Байкадым, кызык көрдүм мен.
Чөмүлүп ойдун көлүнө
Чөбүнөн ырдайм, уккун сен.

Аскадан аска кыдырып,
Саякат жасайт карыя.
Мингиде бир аз тыныгып,
Барып калдып жанына.

– Кел, жигит, кайсы тараптан,
Кай жакка бара жатасың?
Энесинен адашкан
Чаарчык сымак басасың.

– Атайын издеп ак сакал,
Айылдан чыгып жөнөдүм.
Бар эмеспи так макал.
«Бил деген көптүн өнөрүн».

– Анда биздин ишти көр,
Чалгынчыбыз чалабыз,

Чөптөн тандап чөп терип,
Керектүүсүн табабыз.

– Ар кайсы чөптүн түрлөрүн
Тандапсыз, эмне кыласыз?
Татынакай гүлдөрүн
Мынчалык эмне жыясыз?

– Аптекабыз Ала-Тоо,
Чөбүнөн дары алабыз.
Уу коргошун ушу го
Уулум, байкап караңыз?

Теребиз койбой чекенди,
Текшерип көрсөк дары экен.
Сүйөбүз Ата мекенди,
Миң сан дары бар экен.

Ич оорунун дарысы
Эрмен экен эзелден
Табылат бизге баарысы
Айыктырган кеселден.

Адырашман адырда
Аябай өскөн чырмоогу.
Карыя жетип кадырга
Түрткү кылды ырдоону.

Эки чатыр тигилген
Шамал тийбес коктуга.
Ак халатын кийинген
Аял жүрөт коктуда.

Сөздөн сөз чыкты уланып,
Карыя айтты далайды.

Халатчан аял кубанып
Билгизди жаңы кабарды.

Аңгыча болбой атчандар
Адырдан чыгып ккслишти.
Көз айнегин таккан бар,
Көңүлдүү салам беришти.

Чемодан, ящик түшүрүп,
Көрсөттү алар чөптөрүн.
Карыя карап түшүнүп
Угуп жатты сөздөрүн.

– Мээр чөптү таптык тескейден,
Мээлиндүү жерде өсүптүр.
Мең дубана сексейген
Мезгилине жетиптир.

– Аюу чөп анда бар экеи,
Араңдан таптык аскадан.
Ар жагы бийик жар экен,
Чочуйсуң ылдам баскандан.

Кырма чөп алдык кыядан,
Кызыл экен учтары.
Безгек чөп алдык уядан
Дегенде аял жыттады.

– Ушул чөп кайда өскөнүн
Чалгындап чалып билгиле.
Эң биринчи жеткениң
Колуңа кол кап кийгиле.

Уусу тийсе колуңа,
Заматта бузат каныңды.

Келтирип зыян бооруна
Начарлантат алыңды.

– Эмки милдет өмүр чөп,
Ошону издеп табалы.
Укканмын, аска ташта көп,
Эртең түнү баралы.

Дем алгыла эмесе,
Конок да келип калыптыр.
Айнагүл өзүң казанга
Аркардын этин салып тур.

## III

Көзгө сайса көрүнгүс,
Айлана түнт караңгы.
Булуттар толду бөлүнгүс,
Көрсөтпөйт көзгө карааңды.

Сыдырым салкын жел жүрүп,
Жаады жамгыр дыбырап.
Андрей турат ат минип,
Акырын булут суюлат.

Келгендер мында тиктешет
Эки жагын карашып.
Эмнедендир издешет
Калгандай бирөө адашып.

– Тигине өмүр чөп турат.
Тизилбей тезден жеткиле.
Табышалы, Бекмурат,
Күңгөй жакка өткүлө.

Адаштырбай ай чыкты,
Алды жак ачык көрүнүп.
Андрей ташка жай чыкты,
Бараткандай теминип.

Кызыл чоктор жаткандай
Кыймылдайт чөптүн учтары.
Табигат атыр чачкандай
Гүлдөрдүн сонун жыттары.

Алышты үзүп жай гана,
Өчкөндөй болду кызыл чок.
Таң атып барат айлана,
Карыянын көңүл ток.

Өмүр деген чөп ошо,
Өзөгүн эзип көрүштү.
Күн чыга элек, таң менен
Күбүлтпөй баарын териштi.

Күн чыкканда өмүр чөп
Жарабайт экен дарыга.
Тянь-Шанда кемирчек
Пайдалуу экен баарына.

Жылтылдап оттой өмүр чөп
Караңгыда табылат.
Күн чыкканда чөптөр көп,
Өмүр чөп парда жамынат.

Табигаттын сырларын
Билбесең дары таппайсың.
Ушулардын эмгегин
Көргөндө сөзсүз мактайсың.

**IV**

Жалама аска бетинде
Баратат Асан тырмышып.
Андрей берки четинде
Арканды кармайт жылгызып.

Чукулук менен из жасап,
Такасын такайт акырын.
Керегинде күч ташат
Табууга чөптүн асылын.

Эми бир кадам калганда
Тайып кете жаздады.
Оңоп, түзөп оң бутун
Абайлап таамай аттады.

Жетти желдүү секиге,
Ушунда кузгун уя бар.
Уяга кузгун салуучу
Улар жей турган мыя бар.

Кылдат чөптүн ашынан
Кузгундар жыйып алат дейт.
Балдарым кыраан болсун деп
Көзүнө аны салат дейт.

Уяны алды колуна,
Этияттап акырын.
Таңып алды бооруна
Тапкандай чөптүн асылып.

Асан жерге түшкөндө,
Ар бир чөбүн караштьі.
Талдап баарын бүткөндө,
Табышалы талашты.

Кылдат чөптүн уругу,
Бекмурат аке, байкаңыз.
– Коё тургун мунуңу
Тунук суугa чайкаңыз.

– Эгер ушул чын болсо,
Сууга тийсе кызарат.
Сабак бүтүп, жан бүтүп,
Жашылданып узарат.

Көз айнегин тагынып,
Карыя көпкө тиктеди.
Уянын чөбү жаңылык
Аяз чөптү издеди.

– Таптык аяз чөп ушу,
Дарысы котур жаранын.
Туура чыкты сунушу
Табышалы аганын.

**V**

Үч ай болдук Ала-Тоодо, төрүмдө,
Аба таза, кубат кошот өмүрүңө
Табигаттын аптекасы Ала-Тоо
Дары-дармек ар бир гүлдө, чөбүндө.

Карыябыз профессор киши экен,
Өсүмдүктүн сырын билүү иши экен.
Үч миң турдүү дары жасап жыл сайын,
Ооруларга жол бербеген түүч экен.

Асан болсо кандидаты илимдин,
Врач экен Андрейге сүйүндүм.

Кызык экен кызматына кубандым,
Талыкпаган Табышалы инимдин.

Көп кыйындык, тоскоолдуктар жеңилди,
Көп дары издеп узартуу үчүн өмүрдү.
Эмгектенип, изденишип жатышат,
Оорулардан сактап сайран элимди.

*1958*

## ЭМГЕК – ДОС

Эмгек – билим, эмгек – дос,
Эмгегине эмгек кош.
Жүгөрүнү отошкун,
Каникул деп жүрбөй бош.

Эмгек – акыл, эмгек – күч,
Эмгек менен жолуң түз
Жалкоолонгон жарабайт,
Жардамдашуу биздин иш.

Эмгек – чындык, эмгек – ак,
Эмгектен соң ишиң так.
Ким эмгекти сүйбөсө
Ооруп калат, болгун сак.

*1958*

## КОЖОМКУЛ МЕНЕН СҮЙЛӨШКӨНДӨ

Кожомкул биздин айылда,
Көргөмүн былтыр жайында.
Алма кагып жүрүптүр,
Өзүнүн калың багында.

Манжалары билектей,
Алакапы күрөктөй.
Чыныдай анын көздөрү,
Сыпаны, сылык сөздөрү,
Кулач жетпей далысы,
Эки метр арышы,

Кожомкулдун муштуму,
Соолук койдун башындай.
Кырдач мурун, кең далы,
Булчуңу сайдын ташындай.

Барпаңдап кызык басканы.
Акырып сүйлөп шашпады.
Башынан өткөн кызыктан
Баяндап мага айтканы.

– Энем бар эле карыган,
Он бешке чыккам жаңыдан.
Отун алып кел деди,–
Суусамырдын сайынан.

Көтөрмөм бар жонумда,
Ак балтам бар колумда.
Бала кезде көргөндү
Эске салган сонун да.

Кыйып жатсам ыргайды,
Балталап чапса сынбайбы.
«Биздин отун тийбе» –деп,
Бир жигит келип турбайбы:

«Бул өрөөн биздин жер болот,
Мында келип эл конот.
Тийбегин, бала, отунга,
Оозуңа бекер кан толот».

Чатагыңды кой дедим,
Көп кыйкырба ой дедим
Мени менен урушпай,
Оройлукту кой дедим.

Алды-артыма карабай,
Жаңыдан көпкөн баладай.
Камчы менен бетиме
Берип калды аябай.

От чыга түштү көзүмөн,
Тийбе, деп андан өтүнөм.
Маспы деп бир аз ойлондум,
Сүйлөп жаткан сөзүнөн.

Байкасам сопсоо көрүнөт,
Минген бир аты элирет.
Үзөңгүсүн чиренип,
Омуроолоп теминет.

Билектен шап кармадым
Колу-бутун байладым.
Минген атын жайдактап,
Ээр-токумсуз айдадым.

Ким экенин билбедим,
Байлап койдум, тийбедим.
Сөгө берди жулкунуп,
Так чаначтай ийледим.

Муруттары кыбырап,
Эки буту тыбырап
– Байкап жүр, жигит,– деп койдум,
Кулагыла шыбырап.

Корс-корс күлүп жөтөлүп,
Отунумду көтөрүп.
Кетип калдым үйүмө
Башкасына өтөлүк…

Он сегизде убагым,
Суусамырда турамын,
Анда-санда айылда
Күрөш болсо чыгамын.

Жүргөн кезим корунуп,
Калган кез арпа орулуп.
Аалыбайдын баласы,
Тилдей берди тоорулуп.

Койсоңчу десе болбоду,
Коркутуп, сөгүп кордоду.
Унчукпай жердө олтурсам,
Колумдан кармап толгоду.

Тийишпе дедим өзүмө,
Кулак салбайт сөзүмө
Көтөрүп туруп жөрге чаап
Минип алдым төшүнө.

Кана эмесе, тур дедим,
Билгениңди кыл дедим.
Колуңдан келсе канакей,
Коё берип, ур дедим.

Жакамды келип кармады,
Тырышты, жыга албады.
Аңгыча болбой ар жактан
Келишти байдын балдары.

Ура турган болушту,
Тондорун чечип коюшту.
– Саба!– деди,– мурутчан,
Какчаңдаган доңузду.

Карабадым жүзүнө,
Келе түштүм күчүмө,
Көтөрүп чаптым бирөөнү
Камынган эле сүзүүгө.

Кандай кызык жашчылык,
Тургандай бирөө шаштырып.
Басып алдым үчөөнү,
Бирине-бирип капшырып.

Койчулар келин калышты,
Ажыратып салыштты.
Болушка барып үчөөбүз,
Айтабыз деди арызды.

Унчукпадым, күлбөдүм,
Тийишпе деп сүйлөдүм.
Иним келип калыптыр,
– Кеттик, үйгө жүр!–дедим...

Беш жылдан кийин бешимде,
Азыр да турат эсимде.
Минип алган атым бар,
Туш келип калдым кечүүгө.

Атым баспайт бышкырып,
Үркүткөндөй ышкырып
Теминсем да болбоду,
Жаткандай мени мыш кылып.

Акырын жерге түштүм да,
Бир азыраак күттүм да,
Астына кирип атымдын
Белимди бекем бүктүм да.

Төрт буту эки колумда,
Байталым менин жонумда.
Кечирип чыктым көчүүдөн,
Бул да өзүнчө сонун да...

Отуздаты чагымда
Суусанырдын сайында.
Казактан балбан келиптир,
Той болуп жаткан айылга.

Басып бардым жыйынга,
Намыс деген кыйын да
Эңиш болуп жатыптыр,
Жерге көмгөн тыйынга.

Казактан келген ак балбан,
Чындыгында сак балбан
Кыргыздан эч ким чыга албай,
Кыйла жерге чуу салган.

– Бизде мындай балбан жок,
Тең кепчүлөр калган жок!
– Деп кыйкырды той башчы,
– Байгени алсын арман жок.

Ак балбан турат кубанып
Жолдоштору чыңалып.
Той берген намыс алдырып,
Турушат күлбөй кубарып.

– Чыгайын анда мен дедим,
Ак балбанды кел дедим.
Ала Тоо күч бергендей,
Алышпай жатып тердедим.

Ак балбан турат үңкүйүп,
Далылары дүңкүйүп.
Көргөн адам чочуган,
Дөө сыяктуу күрсүйүп.

Манжадары барбайып,
Курсагы бир топ дардайын.
Кыргыздын боз үйүндөй,
Бар мүчөзу калдайып.

Басып келди жаныма,
Чаап койду далыга.
– Кабыргаң, бала, сынбасын,
Карагын,– деди,–алыңа.

Унчукнай туруп кармадым,
Бутумду салып чалбадым.
Бир топко чейин алыштык,
Кетпестен болуп дарманым.

Кычыратып тиштерин,
Мен да эрдимди тиштедим.
Ак балбанды жыксам деп,
Ойлонуп амал издедим.

Бир убакта жөтөлдү,
Тырмышып мени көтөрдү.
Ошондо менин оюмда,
Уят болуп кетемби.

Кыса кармап курунан,
Аркы-терки урунам
Өттүм окшойт балбандын
Өлчөмүнөн, сынынан.

Чымырканып чыңалып,
Калган кезим сыналып
Көтөрүп туруп бир чаптым,
Көргөндүн баары кубанып,

Ордунан балбан тура албай,
Арман кылды жыга албай.
Өзүбүз алып байгени,
Ак балбан турат кубанбай.

...Эркиндик элге келген кез,
Бактыны бизге берген кез.
Уюшулуп колхоздор,
Кулактарды жеңген кез.

Кедейлерге жер тийип,
Казылыш жаткан кен тийип
Токой, суу, тоо, кең өрөөн,
Мал жайылган бел тийип.

Күн сайын турмуш оңолуп,
Жакырчылык жоголуп
Суусамыр күлүп турган кез,
Ар түрлүү гүлгө оронуп.

Кырманда эгин басылып.
Кампага эгин ташылып.
Сандык тоонун жонуна,
Жаткан кез жол казылып.

Элибиз элге күч берип,
Бир чоң ашка туш келип.
Чыгара албай жатыптыр,
Он эки жигит тиштешип.

Басып бардым жанына,
Соку таш океп багыма.
Кучактап туруп тартканда
Күч келпп кетти жаныма.

Белги кылып коюуга
Көтөрүп алдым жонума.
Коюп койдум акырын
Сандык тоонун бооруна.

Чөптөрүн жибек чачы дейт,
Сандык тоонун башы дейт,
Ошондон бери биздин эл,
«Кожомкулдун ташы» дейт.

...Күндөрдүн бир күнүндө,
Машина келди айылга.
Көрүлүп жаткан колхоздо
Кош айдоого камылга.

Машина саздан өтө албай,
Жаткан экен тыгылып.
Жалдырайт шофёр кете албай,
Калыптыр балдар жыйылып.

Газ берип шофёр чамынды,
Машинасы болбоду.
Балдар да түртүп камынды,
Бир кыймылдап койбоду.

Арткы эки дөңгөлөк,
Батып калды көрүнбөй.
Калган сындуу өйдөлөп,
Калтырап турат теминбей.

Зым арканды байладым,
Машинанын алдына.
Бар күчүм менен тартты элем,
Секирип чыкты алдыга.

Щофёр жигит кубанып.
Таңданып мага тиктеди.
Эмнегедир уялып,
Бар экен сизде күч деди.

Кабинага олтуруп
Көп берип газын толтуруп
Машинасын кармадым,
Айдарда эки кол сунуп.

Төрт дөңгөлөк дирилдеп,
Бир ордундан жылбады
Мотору боздоп күрүлдөп,
Карап балдар жыргады.

Шофёр чындап түшүндү,
Ошондо менин күчүмө,
Сендей балбан кишилер
Кире элек деди түшүмө.

Колумду коё бергенде,
Машина кетти зымырап.
Түтүлдөткөн гудогу
Дагы эле мага угулат.

...Жаз жадырап келген кез,
Фашистти элим жеңген кез.
Гитлер деген кан ичээр,
Жерге кирип өлгөн кез

Айлыбызда той болду,
Жеңиш күнүн белгилеп.
Айтканымдын бардыгын
Ошондо көргөн эл билет.

Сом темирди колума
Башкарма келип карматты.
Күчүңүздү көрсөт деп,
Келгендин баары жармашты.

Ийдим эле тизеге,
Сом темир болду оroктой.
– Түзөңүз деди таканы,
Күчүңүздү коротпой.

Ат така алып колума,
Эки жакка тартты элем,
Түзөлүп калды бат эле,
Ушунча жумшак зат белең.

Айылдан чыгып бир күнү,
Почтаны көздөй баратсам,
Жолумдан бука жолукту
Бадасынан адашкан.

Жинди эмедей жер сүзүп,
Мени көздөй качырды.
Алдымдагы үч киши
Далдаланып жашынды.

Сынайын деп өзүмдү,
Мен дагы аны качырдым
Өзүмдө болгон күч менен
Мүйүзүнө асылдым.

Бакырып башын басканда,
Чөгөлөп барып жыгылды
Ошондон кийин буканын
Сүзөнөгү тыйылды!

Сөзүн бүтүп күлүңдөп,
Коштошуп колду кармады.
Атагы кеткен алыска,
Кожомкул кыргыз балбаны.

## ӨГҮЗ

*(Жомок)*

Жыламыштын оюнда,
Суунун берки боюнда,
Жалдырайт жалгыз алачык,
Жыртылган үзүк жонунда.
Кемпири менен чал жашайт,
Музоолуу уй бар колунда.

Кошулушкан жашынан,
Балдары болбой башынан.
Кичинекей уйкана
Курулган сайдын ташынан
Кайнатып күндө ичишет
Чай куурайдын ашынан.

Ал кезде буудай болбогон,
Минбеген кедей жоргодон
Тууганы жок экөөнүн
Туш-тараптан колдогон.
Кышында ичип кымыран,
Кызартып согум сойбогон.

Арадан алты ай өткөндө,
Табигат каарын сепкенде.
Ылаңдады музоосу
Ичине суук жеткенде.

Ажал тапты акырын
Чиренип чилде тепкенде.
Бир жыл өттү арадан.
Музоодон колун жууганга.

Кубанышты кемпир-чал
Токол уй кайра тууганда.
Эч нерсе жок эгинден
Капка салып бууганга.

Арыштап музоо желбеди,
Токол уй көп сүт бербеди
Күнүнө үч маал сугарып,
Ушулар чалдын эрмеги.
Жай башынан уланып
Тоют камдап тердеди.

Кайрадан жай баш багып,
Кадырлап жерге гүл тагып.
Өстүргөндөй атайлап,
Өз маалында суу жайып.
Шарп болуп өлдү музоосу,
Чал, кемпир билбейт кимде айып.

Кербен сындуу күн өттү,
Айлуу, айсыз түн өттү.
Жарак-жабдык асынып,
Токсон, чилде жүдөттү.
Токол дагы тууп берди,
Кубандырып жүрөктү.

Тентек музоо телигип,
Бир жыл өтпөй семирип.
Эки мүйүз томпоюп,
Чокусунан көрүнүп.
Канча ичем десе сүтү көп,
Капаны билбейт элирип.

Тартаңдады тай торпок,
Иш кылбаган бир чоркок.
Элеңдеген элейип
Караңгыда ал коркок
Орулган чөптү бирге жеп,
Энесине ал орток.

Кышында жабуу жабышат,
Үйгө байлап салышат.
Тийбесин деп чилде суук.
Күн-түнү от жагышат.
Топон, саман торпокко
Кырмандан издеп табышат.

Жаз чыкканда жайкалып,
Жер бети көркөм байкалыл.
Өгүз болду тай торпок,
Чал чамыньш кайтарып.
Ошондо өгүз сүйлөдү,
Ошону азыр айталык.

– Төөдөй менин күчүм бар,
Төөдөп артык ишим бар.
Буурасынан эмнем кем,
Тилим тикен, тишим бар.
Өгүздөр менен кошулуп,
Болгум келбейт ичим тар.

Өзүмдү-өзүм багамын,
Төөнүкүндөй жүрөгүм.
Төөдөн ашкан пил болуу
Төгүн эмес тилегим
Уйлар менен бир жүрүп,
Унутчаак болуп жүдөдүм.
Кошулам ушул төөлөргө,
Төөлөрдөй болом билемин.

Төөлөр мөнен дос болуп,
Керели-кечке бош болуп.
Кошулбады бадага
Жайылып жүргөн топтолуп.
Чөлгө кетти калың төө
Өгүз да кетти оштонуп.

Төөлөр жесе тикенек,
Өгүз да жейт тикенек
Бир ай өттү арадан,
Чөлдө суу жок, иче элек.
Баягыдай тайраңдап,
Болбой калды сүзөнөк.

Чыдатпайт күндүн ысыгы.
Чөл аябай ысыды.
Чөбү жок бопбоз кең талаа,
От жаккандай ысыгы.
Кара өгүздүн майы эрип,
Жүрөгү туйлап кызыды.

Туяктары кесилди,
Тамандары тешилди.
Такыр болуп төрт тизе,
Кумга жатып жешилди.
Мүйүздөрү саргайып,
Өзүнөн-өзү кетилди.

Чылпак болду көздөрү,
Укпады төөлөр өзгөнү.
Шаркырап аккан суусу жок,
Күн ысыкта кечпеди.
Тартаңдап төөлөр чуркаса,
Талыкшып чартап жетпеди.

Өкүнүп кээде ыйлады,
Төөлөр жардам кылбады.
Акактап, ысып эси ооп,
Алы кетип турбады
Тамчы суу мындан табылбайт,
Таңдайы катып кургады.

Эч нерсе жок көөдөндө,
Кошулам деп төөлөргө.
Бутум бар деп мактанып,
Теңелбегин бээлерге.
Таланып кала таштады
Нечен түнү чөөлөргө.

– Төөлөр менен жүргөнчө,
Жылкыларга барамын.
Чөлдө күнгө күйгөнчө,
Тоодон оюн саламын.
Сөзүмдү укчу жолдошту
Жылкы ичинен табамын.

Деп айтып өгүз жөнөдү,
Калың төөдөн бөлүнүп.
Чөлдө жүрүп өлөмбү,
Кабыргам бекер сөгүлүп.
Жети күн жол жүрдү ал,
Тууган жер кайра көрүнүп.

Жылкыларга кошулду,
– Силер менен жүрөм деп.
Кулунуңду, тайыңды
Эркелетип сүйөм деп,
Торпок кезде чоңойгон
Жеримдин сырын билем деп.

Бир-эки ай өтпөй оңолду,
Бетегеге семирип.
Кадимкидей торолду,
Жылтылдап жону көрүнүп.
Баягы чөлдө жүргөндөй,
Кез жашы акпайт төгүлүп.

Суусунан ичет булактын,
Эмне десе баары бар.
Жүндөрү чыкты кулактын,
Мүйүзү кайра жаңырар,
Ала-Тоодон ар дайым
Ар кыл чөптөр табылар.

Салкын аба, таза жер,
Кол менен жасап койгондой.
Өгүздү сыйлайт салкын жел,
Өз баласы болгондой.
Бардыгы мында жетиштүү,
Жан-жаныбар тойгондой.

Жылкылар менен дос болуп,
Орундалды тилеги
Аркандалбай бош болуп,
Кадимкидей түлөдү.
Ордуна келди оштонуп,
Ооруп жүргөн жүрөгү.

Жылтылдады семирип,
Жыламышта жырады.
Жылкылар менен элирип,
Башкага көңүл бурбады.
Жүрө берди керилип,
Жүдөп эмгек кылбады.

Жүргөндөй күндө сыланып,
Кандай сонун тазалык.
Күчкө кирип чыңалып,
Күжүрмөн өгүз аталып.
Бададан башка бөлүнүп,
Кетирип жүрөт каталык.

Кулундар менен бирге ойноп,
Жаштыгын салат эсине.
Керели кечке суу бойлоп
Гүлдөрдөн тагып төшүнө
Кулак салгын, досторум,
Жомогума, сөзүмө.

Бир күнү катуу күн жаады,
Чагылганы чартылдап,
Элирип эки түн жаады,
Күркүрөп асман шартылдап,
Аябай өгүз үшүдү,
Кыш келгендей калчылдап.

Шамал жүрсө ырылдап,
Өгүз жүрөт кырылдап.
Жалтылдаган жонунан
Жамгырдын суусу шырылдап.
Эки көзү тостоюп,
Таноолору бырылдап.

Мактанчаак эле башынан,
Жалакай өсүп жашынан.
Жактырбай жаман көрүүчү,
Өгүз деп айтсаң атынан
Турганын кара шүмшүйүп,
Чыккансып чүйдүн сазынан.

Үчүнчү күнү токтоду,
Асмандын жааны тыйылып.
Жылкылар коркту окшоду,
Бир жерге калды жыйылып.
Элеңдеп эки карышкыр,
Токойдон чыкты сыгылып.

Күлүктөр кетти алыска,
Көзүңдү ачып жумгунча,
Өгүз калды алыста,
Карышкыр келди турганча.
Тиштемек болду алкымдан,
Эс-учун эптеп жыйганча.

Жайылып жүргөн бадалдан
Жардамга уйлар келишти.
Бөрүлөрдү сүзгүлөп,
Букалар жыга тебишти.
Атайы келген өлүмдөн
Сакташып калды өгүздү.

Бөрүлөр өлдү суналып,
Өгүз турат кубанып.
Ошондо токол кара уйдун
Сүйлөгөнүн угалык
Айтканы анын чын бекен,
Адаштырбай туралык:

– Бөлүнбө десем болбодуң,
Төө, жылкы менен ойнодуң.
Өзү билсин балам деп,
Өз эркиңе койгомун.
Уккула уйлар, сөзүмдү,
Төмөнкүдөй ойдомун.

– Жакшы өгүз бадасына баш болот,
Жаман өгүз тууганына кас болот.
Кыйынмын деп дыңкылдаган эменин
Акылы жок, ой-тилеги пас болот.

– Ар дайым бирге жүрөлүк,
Өмүрдү биргө сүрөлүк.
Той өткөрүп жарышып,
Топтошуп ойноп күлөлүк.
Кошулдум кайра тобума,
Кетпес үчүн түбөлүк.

Эси жок ката кетирет.
Өз элиң гана кечирет.
Элинен чыккан эсирет,
Эсеби жок кетилет
Эли менен бир жүрсө,
Эсен-соо болот, жетилет.

*1958*

## ТҮШҮНБӨДҮК КИМДЕ АЙЫП!

Асан досум мактанды:
– Көлдө сүзөм балыктай,
Досторуна шаттанды,
– Чөкпөйм жаңы кайыктай.

Анда балдар жүр деди,
Көлгө барып түшөлүк
Корконубуз сен элең,
Чабак уруп сүзөлүк.

Асан дырдай чечинди,
Ташка чыгып секирди.
Чөгүп кетти дайын жок,
Көл түбүнө бекинди.

Күтүп турдук азыраак,
Ал көрүнбөй жашынат.
«Кокуй, чөгүп баратам»
Деген кана үн чыгат.

Тамаша деп ойлосок,
Чыны менен көрүнбөйт.
Эгер анда болбосок.
Көл толкуну жеңилбейт.

Сүзүп барды Гүлайым,
Жакшы билет көл жайын.
Кайда кетти, Асан жок,
Эми эмне кылайын?

Мен да сүзүп издедим,
Көлдүн түбүн тиктедим.

Асан жатат дардайып,
Бул эмнеси, күтпөдүм.

Кармап алдым чачынан,
Көл четине чыгардым.
Көзү алайып, кыймыл жок,
Коркконумдан кубардым.

Кармап эми бутунан
Силке бердик аябай.
Бир убакта жылмайды,
Тилге кирген баладай.

– Сен сүзгөндү билбесең,
Эмне көлгө түшөсүң
Карачы, ичиң дардайды,
Мынча эмне сууну ичесиң?

Анда Асан жылмайып,
Бакырайып тиктеди.
Түшүнбөдүк кимде айып,
Шамал сокту, күтпөдү.

## ИШЕНБЕСЕҢ КЕЛ КӨРҮП

Мен билемин Бурулду
Элестетем куюнду.
Эмгек десе талапкер,
Кылган иши жугумдуу.

Кандай окуйт сабагын,
Күндөлүгүн карагын.
Бештен башка баасы жок,
Аткарып көптүн талабын.

Кыркып койгон чачтары,
Өзү чийкил сапсары
Газетке жазып Бурулду,
Кабарчылар мактады.

Мактагандын себеби,
Бурулдун бар өнөрү.
Чимирилтет бийлесе,
Кубандырат энени.

Эки колу шакылдап,
Жел жүргөндөй закымдап.
Кээде көзгө көрүнбөйт,
Ойногонсуп жашынмак.

Көп нерсеге шыктуу кыз,
Өнөрү бар ыктуу кыз.
Күлүп койсо жылмайып
Күлгөн сымак бүт кыргыз.

Фермада иштейт апасы,
Сүт толтура чакасы
Бурулкан кызы турганда
Анын болбойт капасы.

Бал татыган каймагы,
Жуурат менен айраны,
Боёгондой кызыл бет
Бул айылдын балдары.

## КҮН КАРАМА

Күн карама табактай
Картөшкөгө кеп айтты.
Анын сөзүн жаратпай
Бир байкушсуң деп айтты.
– Музоо келсе жеп кетет,
Ыйласаң да карабайт
Улак-козу тепсешет.
Картөшкө деп санабайт.

Балдар келсе казышат
Тамырыңды жулушуп,
Сага боорум ачышат,
Жүдөп кеттиң курушуп.

Картошка күлүп жайдары
– Укпайм,–деди,– сөзүңдү.
Күн чыкканын тиктебей,
Карап көрчү өзүңдү.

Дегенде күн карама,
Чымчык конду көзүнө.
Бир данын койбой жеп кетти,
Эч нерсе койбой өзүнө.

*1960*

## КЫЧАН

Кычанды атам билет, энем билет,
Кычанды агам билет, эжем билет
Көргөндө сүрөтүнө салют берип,
Балдарым барыкташып башын иет.

Анткени, Кычан сүйгөн совет элин,
Ал көргөн эмгекчинин шаңдуу демин.

Колхоздун уюн багып жалгыз өзү,
Аткарган колдон келген иштин көбүн.

Мойнунда кызыл жагоо күйгөн жалын,
Жек көргөн зыянкечти – кулак табын.
Коом мүлккө кол салганга каршы чыгып,
Колхоздун, көпчүлүктүн көргөн камын.

Душмандык кылгандардын бетин ачкан,
Кутурган кулактарга койгон капкан.
Өрт эле барчын бүркүт Кычан баатыр.
Көргөнүн тайманбастан бетине айткан.

Көрө албас суук колул салды душман,
Дүйнөдон он тортүндө Кычан учкан.
Канкорлор жазаны алып эл сотунан
Калтырап  кадам баспай кан, жин кузган.

Өлгөн жок Кычан биздин арабызда,
Айылда. Ала-Тоодо, калаабызда.
Кычанга чын жүрөктөн урмат, алкыш,
Кыргыздан кыраан чыккан балабызга!

Кычанды атам билет, энем билет,
Кычанды агам билет, эжем билет
Көргөндө сүрөтүнө салют берип,
Балдарып барыкташып башын иет.

*1960*

**ПОЕЗД**

Поезд бар биздин айылда,
Кыш көрөт жазга камылга.

Кыдырып аңыз кык ташыйт
Бул өзүнчө табылга.

Поезд бар биздин кыштакта,
Жетип келет бир паста.
Анын күчү тепетең
Эң keминде жүз атка.

Буудай ташып тез жүрөт.
Тегирменге жеткпрет.
Колхоздо ун көбөйүп,
Балдар токоч жеп жүрөт.

Буйрук бер, ишке дайында,
Жашылча ташып жайында
Алма, өрүк ташыйт, аянбайт,
Колкоздун  жемиш багында.

Таңыркап, келсең караба,
Чиркелип сегиз араба.
Паровозу трактор,
Жүрө берет талаада.

Аны Алыйма башкарган,
Ар бир иши такталган.
Темир жолсуз поезд деп
Чогулушта макталган.

Биздин поезд ушундай.
Тоонун өркин кушундай.
Жүрө берет күнү-түн
Жүгүрсө да бузулбай.

*1960*

## АТКА БЕРГИС КҮЧҮ БАР

Ичтиң беле топоздун
Килкилдеген айранын.
Жедиң беле тамшанып,
Сүт үстүнөн каймагын?

Жута албайсың айранын
Жука кесип жебесең.
Балга теңе каймагын,
Набат, шербет дебесең.

Чоң-Алайда топоздун
Касиеттүү сүтү бар.
Артсаң жүктү ташыган
Атка бергис күчү бар.

## ЧАБАЛЕКЕЙ ЧАМ-ЧУМ

Аалыбайдын Дандыбай,
Алымкулдун Малдыбай.
Мен жеңилип калдым ай,
Чабалелей  чам-чум…
Сыргабектин Келдибек,
Сыраалынын Бердибек.
Чабалекой чик-чик,
Ойногондор болот кеп.

Муратбеги Курмандын,
Керимбеги Тургандын.
Жеңилгендер куркалдың,
Чабалекей чам-чум…

Акбай, Токбай,
Ала мерген, кашка тай
Качып кеткен башка тай.
Чабалекей чам-чум...

## ЧОҢ ЭНЕМ

Кичинемден жетелеп,
Эркелеткен эзилип,
Чарчап калсам көтөрөт
Чатагымды кечирип.
Менсиз тамак жебеген,
Кайда жүрсөм чакырып.
Кандай жакшы чоң энем
Ойной берем асылып.

Денеме кир жугузбай,
Күн алыс сууга түшүрүп.
Кийимимди белендейт,
Турарымда күтүнүп.

Чоң энемдин тиштери аз,
Санап көрсөм араң он.
Айтып берем баарын жаз,
Тигип бөрет мага тон.
Мен сегизге келгенде,
Эми таза жүр – деди.
Апам китеп бергенде,
Окуп баарын бил – деди.

Кошо барды мектепке,
Оң колумдан жетелеп.
Жакшы оку дейт кубанып,
Мектепке өзү өтө элек.

Үйгө кайра келгенде,
Сурап калат сабактан
Баарып айтып бергенде.
Жакшы же дейт тамактан.

Эки алып кадсем эсептен,
Чоң энем көрүп уялды.
Турбай жатып төшөктөн,
Ачуусу келип кубарды.

Беш алып калсам кубанат,
Өзүнө беш койгондой.
Күлүмсүрөп сыланат,
Бүгүн майрам болгондой.

Биринчини бүткөндө,
Жигит болдуң деп айтты
Неберем деп күлүңдөп,
Төмөнүдөй кеп аятты.

«Мугалимдин сөзүн ук,
Көңүлүңдөн чыгарба.
Көп нерсени билип чык,
Кыйынмын деп кубанба.

Сылык деген жакшы сөз,
Сыпайы бол ар дайым.
Окуй турган ушул кез,
Ойло, балам, жагдайын»

*1960*

## КЫЗЫЛ ЖАГОО

Октябрда кан төгүлгөн күндөрдө,
Катуу күрөш салгылашкан түндөрдө.
Кызыл туулар кылкылдаган кезинде,
Нурун чачып көчөлөргө, үйлөргө.

Бийликти алып падышаны жеңгенде,
Улуу Ленин эркиндикти бергенде.
«Аврора» дан алп салюттар атылып,
Бүткүл дүйно жеңиштерди көргөндө.

Жаңы доордун жаңы таңы атканда,
Бакыт отун улуу Ленин жакканда.
Кызыл тууну Смольныйдын үстүнө
Желбиретип түбөлүккө такканда.

Кыйган кезде падышанын тамырын,
Өчүргөндө чоң согутгуи жалынын.
Революцлячыл жумушчулар күйгүзгөн
Маркс менен Лениндин жарыгын.

Дал ошондо кызыл жагоо жаралган,
Кубат алган Лениндей адамдан.
Курман болгон баатырлардын канынай
Кызыл өңү өчпөс болуп таралган

Ошондуктан биз тагынып жүрөбүз,
Кызыл туудан – кызыл жагоо билебиз.
Коммунизмдин иши үчүн даярбыз,
Анткени, биз Ленинди сүйөбүз.

*1961*

## УР БАРАБАН, ТАРТ СУРНАЙ

Бүгүн майрам биринчи май,
Гүл жыттанган ушул ай.
Шаңга толду айыл, шаарым
Ур барабан, тарт сурнай!

Бүгүн майрам биринчи май,
Күч сынашкан ушул ай.
Эмгекчилер жеңип чыккан
Ур барабан, тарт сурнай!

Бүгүн майрам биринчи май,
Элге тынчтык сүйгөн ай.
Согуш оту тутанбасын
Ур барабан, тарт сурнай!

Бүгүн майрам, биринчи май,
Бактылуубуз көңүл жай!
Коммунизм курабыз биз
Ур барабан, тарт сурнай!

*1961*

## БАШКАРМАНЫН БАЛАСЫ

Ирет менен гүл сугарып
Иштеп жүргөн жаш бала.
Бурду сууну ал кубанып
Короодогу бакчага.

Дарбыз, коону жаңы чыгып,
Бадыраңы гүл ачып.

Иса бала эмгек кылып
Иштеп жүрөт чер жазып.

Кетмени да жасалыптыр
Өзүнө чак жаратам.
Отоо чөптөн тазарыптыр,
Бакчасында баратам.

Жүгөрүсү өсүп тегиз,
Желге бийлейт кулпунуп
Былкылдаган жери семиз.
Суу да жетти умтулуп.

Иса бала кулак байлайт,
Суунун сырын алгандай.
Жүгөрүсү күлүп жайнайт,
Суусаганы кангандай.

Бул жумушун бүтүрдү да,
Кирип барды үйүнө.
Башка ишке күтүндү да,
Кайра чыкты сүйүнө.

Акиташка сууну куйду,
От жагышбай кайнады
Курт-кумурска түшпөсүн деп,
Бак түптөрүп майлады.

Карап чыкты өрүктөрүн,
Жемиштин көп түрлөрүн.
Кичинекей багбан бала,
Көрчү, ишти билгенин.

Кыйыштырган алмурутка
Шабдаалынын бутагын.

Жүзүмдөрү көр мени деп
Жайып турат кучагын.

Мына ушундай көп жумушу
Эмгек сүйгөн баланын.
Мага жакты иш кылышы,
Өзүң барып карагын.

Бул пионер Ысык-Көлдөн,
Башкарманын баласы
Былтыр барып өзүм көргөм,
Ишинде жок чаласы.

«Жаңы-Жылдыз» колхозунда
Окуп, ойноп жашаган.
Жолдоштору кошуп ырга
Жаш багбан деп атаган.

*1961*

## ЫСЫК-КӨЛДҮН БОЮНДА

Ысык-Көлдүн боюнда,
Тор-Айгырдын оюнда,
Лагерь бар эң кызык,
Барып калсаң сонун да.

Балык баккан көлү бар,
Гүл өстүргөн жери бар
Катар-катар ак чатыр.
Көчөлөрүн көрүп ал.

Оштонуп аккан булагы,
Ошондон күйөт чырагы.

Аскага балдар чыгышкан
Алууга бүркүт уяны.

Көргөзмө бар көрүүгө,
Көргөндөр көңүл бөлүүгө.
Анда койгон буюмдар
Жетип калды элүүгө.

Баяндайт өткөн тарыхты,
Караңгы менен жарыкты
Көлдүн түбүн изилдеп,
Көп нерсе таап алышты.

Көк мончок бар, шуру бар,
Күмүш таккан куру бар.
Ийик, өрмөк, жаргылчак,
Илгеркинин пулу бар.

Сокусу менен сок билек,
Тиги турган таш күрөк.
Мына бу киши сыяктуу
Сөлөкөттү ким билет?

Колунда бар таягы,
Жанында жатат аягы
Тебетешг кара таш,
Келгендин баары карады.

Көргөзмө жакты баарына,
Бапага жапа карыга.
Эми бара жатабыз
Лениндик залына.

Илинип кызыл желектер,
Коюлган түрдүү белектер.

Терезеден шуудурайт
Балдар тиккен теректер.

Портрети Ильичтин
Жүрөгүмдү сүйүнттүң
Эске салып өмүрүн
Акыл – ойду жүгүрттүм.

Бактылуу сонун балалык
Партиядан жаралып.
Кызыктарды көп көрүп,
Ыракмат айтып тарадык.

Ысык-Көлдүн боюнда,
Тор-Айгырдын оюнда,
Лагерь бар эң кызык.
Барып калсаң сонун да.

## АРДАКТАЙЛЫ, СҮЙӨЛҮ

Кызыл жагоо пионердин белгиси,
Ар ким келет, ар баладан көргүсү
Ашым болсо айтмайынча тагынбайт,
Өзүн өзү кайсы күнү кадырлайт.

Кызыл жагоо кызыл туунун бөбөгү,
Октябрдын бизге берген белеги.
Ошондуктан ардактайлы, сүйөлү,
Жаркыратып биз тагынып жүрөлү.

*1961*

## ТАБЫШМАКТУУ ЫР

Жарыгы күндөй,
Тамыры миңдей,
Таң калтырат адамды,
Жалындап күйбөй.

Бул эмне деп сурасам,
Көз деп айтты бөбөгүм.
Башка бирөө сураса
Кантип жообун беремин.

Айта бердим табышмак,
Араласаң жабышмак.
Апаңдан да, агаңдан
Ала албайсың карыздап.

Ушул шообум туурабы
Деп бөбөгүм сурады.
Көргүлөчү ойлонуп
Силерден да угалы.

Ал да айтты табышмак,
Кулак салып уккамын.
Таба албадым жообун так,
Көп ойлодум, уктадым.

Ал табышмак арзан дейт,
Көңүлүңдү салсаң дейт
Топтоголок, көрөсүң,
Космоско учуп барсаң дейт.

## ГҮЛДӨР ТАЗА ЭМНЕГЕ

– Гүлдөр таза эмнеге?
– Гүлдөр жуунат күнүгө.
Эртең менен эрте тур,
Анып сырын билүүгө.

Мончок, мончок шүүдүрүм
Өпкүлөшөт денесин
Байкаштырып тиктесең,
Жуунганын көрөсүң.

*1961*

## СУРМА

### I

Көрүп жүрөм күнүгө,
Барып калам үйүнө.
Кичинекей Сурманын
Ким экенин билүүгө.
Көздөрү чыны карагат,
Көөдөй чачын таранат.
Көңүл койгон көркөмдөп
Көмөктөш ишке, көңүл шат.

Ар нерсеге сергек кыз,
Апасына эрмек кыз.
Айылдагы балдарга
Айта турган өрнөк кыз.

Жумшагандай бар күчүн,
Иреттелүү үй ичин

– Таңыркаткан Сурма кыз
Тазалап аяк-идишин.

Тазалык экен ар иши,
Күмүштөй күзгү чийгени.
Темгили жок, кири жок
Терезенин айнеги.

Тургандай эчен кылымдан,
Тыкандык менен жыйылган.
Жибек жууркан төшөктөр,
Сурма кызга сыйынган.

Ирет менен бардыгы,
Кийим илгич сандыгы
Үй ичинен  көрүнбөйт,
Эскиликтин калдыгы.

Сурма өзү билип тандаган,
Сугарып таза кармаган.
Көрк берип үйгө текчеде,
Көк кызыл гүлдөр жайнаган.

Чыгалы эми үйүнөн,
Жыттайлы чарбак гүлүнөн,
Чындыгын айтсам Сурманын,
Чын ишине сүйүнөм.

**II**

Атайлап Сурма өстүргөн
Ар түрдүү сорт көп турдөн
Алтын көкүл жүгөрү
Ак чачыгын кестирген.
Ар бутакта жайнаган

Алтыдын сото байлаган
Алты жүздөн даны бар
Ар сотодо тандаган.

Күн карама күн карап,
Турган сымак чач тарап.
Ушундай кызык жумушту
Сурма өзү баштаган.

Жүрөбүз гүлүн аралап
Көпөлөк конот сагалап,
Ушул жерден жыпар жыт
Айлыбызга таралат.

Гүл көп экен ар кандай
Сүрөткө тартып салгандай
Таажылары тамылжып,
Таза жүргөн балдардай.

Чарбакта үйдөй тазалык,
Мектепти көздөй басалык.
Кандай окуйт Сурма кыз?
Калтырбай ачык жазалык.

**III**

Текшерип журнал барагын
Бааларын байкап карадым.
Үч төртү жок жалаң беш
Эң жакшы окуйт сабагын.

Көп окуп көптү билген кыз
Көп сабагын сүйгөн кыз
Көпчүлүктүн ишине
Ишенип иштейт күчүнө

Салам айтып улууга
Салам берет күүгө.

Биздин Сурма сылык кыз
Жүрөгү таза тунук кыз.

Ырдап берет майрамда
Бийлеп берет сайранда
Көп кыздарды үйрөттү
Көрктөп сайма сайганга.

Ар ишке адис чебер кыз
Сүйлөсө сөзү терең кыз.

Сурманы балдар сыйлашат
Акыл айтса тыңдашат.
Кыздардан чыккан жомокчу
Кыйлалар угуп ырга шат

Тили таттуу чечен кыз
Сөзгө турган бекем кыз.

Көргөндө комуз чалганын
Ичинде калбайт арманың
«Тогуз кайрык», «Кара өзгөй»
Уга бергин барганың.

Сурма ушундай шайыр кыз
Ар нерсеге кайыр кыз.

Турүп коюп билекти
Жакшы тартат сүрөттү
Пионердик бөлмөдө
Сүрөт менен гүл экти.
Сурма чыны кандай кыз
Коммунисттик шаңдай кыз.

## АРАЛДАГЫ КҮЙГӨН ОТ

Кайык минип кечинде,
Баратканым эсимде.
Жумшак толкун Ысык-Көл
Эне болот сезимге.

Сыдырым сылык жел жүрүп,
Жымыңдайт Ысык-Көл күлүп.
Ак чардактар көрүнбөйт,
Кеткен сымак жоо тийип.

Тоо башынан ай чыкты,
Тоголонуп жай чыкты.
Көп жылдыздар көз кысып,
Көктөн салам айтышты.

Көлгө улам жан кирип,
Толкун күчүн билдирип.
Ала-Тоонун абасын
Жуткан сайын сүйдүрүп.

Алды жакты карасам,
Акырын гана баратам.
Көл ичинен от күйөт,
Көрбөптүрмүн жанатан.

Күйүп жаткан ашыгып,
Жалбырттап жалын шашылып.
Жарык берет алыстан,
Караңгыны качырып.

Жээк калды алыстап,
Ал күйгөн от табышмак.

Желип барат кайыгым,
От алчудай карыздап.

Көл үстүндө от күйөт,
Анын сырын ким билет.
Байлаштырып тиктесем,
Балдар жүрөт, кыз жүрөт.

Мени көрүп калышты,
Колдон тартып алышты.
Бири бийлеп, бири ырдап,
Тамашаны салышты.

Костёр экен күйгөн от,
Пионерлер сүйгөн от.
Караңгыда күн сымак,
Шоола чачып тийген от.

Жалындап күйдү костёру,
Чогулуптур достору.
Комуз чертип Коңурбай,
Ыр менен обон созгону.

– Алоолон костёр, алоолон,
Азамат балдар ырдасын.
Айылдын ар бир адамы,
Ардактап ырын тыңдасын.

Алоолон костёр, алоолон,
Кызыгып кыздар бийлесин.
Асман да ай да шаттанып,
Жылдыздар көзүн ирмесин.

Алоолон костёр, алоолон,
Тынчтыктын күүсү чалынсын.

Толкунга обон кошулуп,
Пионер ыры жаңырсын.

Тар арал кошо шаттанып,
Жаткандай ырлар жатталып.
Өнөрүн көрүп балдардын,
Шарпылдайт көл да мактанып.

Кыягын тартып Николай,
Кызыктар сүйлөйт, сөзгө бай.
Кызыгып тыңшайт курбулар,
Кылкылдап костёр күйөт жай.

– Жигит болом Титовдой
Космоско учуп барам дейт.
Гагариндин сүрөтүн,
Жылдыздарга салам дейт.

Эстелигин орнотуп,
Айга коюп келсем дейт.
Менменсинген Чолпонду,
Мээнет кылып жеңем дейт.

Анда Алыйма күлүңдөп:
– Баатыр болдуң жүргүн деп,
Жылдыз тагам төшүңө,
Жылмая бер, сүйүн деп.

Алыйманын сөзүнө,
Кубанып карайт көзүнө.
Жылдыз, гүлдөн кыстарды,
Николайдын төшүнө.

Шатырап колдор чабылып,
Болгондой зор жаңылык.

Мен өзүмчө кубанам.
Келбөөчүдөй карылык.

Көлгө чатыр тигишкен.
Лагерде жүрүшкөн.
Көңүл ачып мелдешип,
Жарышып кайык минишкен.

Колхозчунун балдары,
Болбойт такыр арманы.
Көл ичинде Тар-Арал,
Көп баланын сайраны.

Бир-бирине окшошуп,
Бир туугандай достошуп.
Кайыгыма олтурдум,
Балдар менен коштошуп.

Жүрөктө күйдү костёрум,
Ырдай берди досторум.
Ошол түнү мен дагы,
Бала болдум, окшодум.

*1961*

## ЖАЗ БЕЛГИСИ

Күн ачылып, муз ыйлайт,
Кечке жашын агызып.
Балдар дагы бир тынбайт,
Ырдап, ойноп, жарышып.

Мышык күнгө кактанат,
Коңуругун кош тартып.
Шаркырап суу мактанат,
Чоң дарыя оп тартып.

Качып кетет каргалар,
Толуп кетет чыйырчык.
Карлар эрип арданаар,
Коштошуп кал, сыртка чык.

Булар жаздын белгиси,
Камдана бер, тосо бер.
Огородго кык төгүп,
Семирткичтен кошо бер.

*1962*

## ЖАЛЫНДА КОСТЁР, ЖАЛЫНДА

*(хор)*

Жалында костёр, жалында,
Жайлоонун толук чагында.
Кыпының салют сыяктуу,
Жарыгын чачсын айылга.

**К а й ы р м а:**
Күйө бер, өчпө костёрум,
Чогулсун мында досторум.
Кызарып турган жылдыздай,
Кызыл тууга окшодуң.

Жалында костёр, жалында,
Колхоздун жемиш багында.
Түшүмүн жыйнап беребиз,
Мурунтан көрүп камылга.

**К а й ы р м а:**
Күйө бер, өчпө костёрум,
Чогулсун мында досторум.

Кызарып турган жылдыздай,
Кызыл тууга окшодуң.

Жалында костёр, жалында,
Ар кимде болсун табылга.
Ата-энебиз сүйүнсүн,
Адымда алга, адымда.

Күйө бер, өчпө костёрум,
Чогулсун мында досторум.
Кызарып турган жылдыздай,
Кызыл тууга окшодуң.

*1962*

**ЖҮРҮШ МАРШЫ**

Ала-Тоонун жылгасынан,
Өзгөн, колот, адырдан.
Ашуулардан, туу белинен,
Жүрүш ыры жаңырган.

**К а й ы р м а:**
Чарчабайбыз, чаңкайбыз,
Жүрүштөрдө бышканбыз.
Куштар учпас чокуларга
Кубалашып чыкканбыз.

Ак чатырды капчыгы айдын
Кашатына тигебиз.
Таштын, чөптүн, минералдын
Жабык сырын билебиз.
**К а й ы р м а:**
Чарчабайбыз, чаңкабайбыз,
Жүрүштөрдө бышканбыз.

Куштар учпас чокуларга
Кубалашып чыкканбыз.

Дене чыңап, күчтү сынап,
Алпинисттен болобуз.
Ала-Тоонун аскасына
Жылдыз тагып коёбуз.

**К а й ы р м а:**
Чарчабайбыз, чаңкабайбыз,
Жүрүштөрдө бышканбыз
Куштар учпас чокуларга
Кубалашып чыкканбыз.

Мектептеги музейиме
Белек алып келебиз.
Жайлоодогу малчыларга
Концерт коюп беребиз.

**К а й ы р м а**
Чарчабайбыз, чаңкабайбыз,
Жүрүштөрдө бышканбыз.
Куштар учпас чокуларга
Кубалашып чыкканбыз.

*1962*

## АШЫМ БАЛА
## ТАШ ДООРУНА БАРГАНДА

Жай келип, жер жашарып,
Айлана гүлдүү тазалык.
Өткөргөн Ашым башынан
Окуя кызык, жазалык.

Сыноо борип тарыхтан
Көп балдар төрт, беш алышкан
Үч араң тийип Ашымга,
Уялат үйгө барыштан.

Колхоздун жайган саманы
Чачылганын карады.
Олтурду күнгө какталып
Оюнан чыкпай талабы.

Үч алып калып үшкүрөт,
Үргүлөп кетет, чүчкүрөт.
Уйкусурап ушунда
Жылкыдан бетер бышкырат.

Көп тийип күндүн илеби,
Балалык кызык билеби.
Уктап калды ушунда
Уланып чыкпай тилеги.

...Калың токой аралап,
Кайгылуу турмуш жаралат
Арстан, аюу, карышкыр,
Аңдыгансып сагалап.

Кыйкырык чыкты алыстан,
Эликтер өттү жарышкан.
Илбирс менен жолборс
Артынан кууп алышкан.

Ашым да карап турган жок,
Шашылат дик-дик жүрөк шок.
Колунда ийри жаасы бар,
Койкоюп туруп атты ок.

Ок кайда тийди билбеди,
Атпа деп бирөө сүйлөдү.
Жанына келди бир киши
Жадырап-жайнап күлбөдү.

– Байкагын, бала, шашпагын,
Баатырсынып атпагын
Айта турган сөзүм бар,
Азапка түшүп качпагын.

Ал кишини караса,
Кийимсиз, жаш балача,
Жолдоштору бар тура
Үчөө экен байкап санаса.

Анда бирөө кеп айтат,
Тыңшагын аны деп айтат.
Суроо берип, суктанып,
Ар нерсе башын көп айтат.

– Адашып кайдан жүрөсүң,
Жалкоодой экен мүнөзүң.
Биздики жакка бара кет.
Билбегенди билесиң.

Аскада биздин үйүбүз,
Асмандан тийген күнүбүз.
Тээтиги тоодо жайнаган
Жыпар жыт биздин гүлүбүз.

Улуусу көзүн ирмеди,
Урматтап, ачык күлбөдү.
Айласы кетип Ашымдын
Эмне айтарын билбеди.

Ойлонуп туруп азыраак,
Жаасын Ашым жашырат.
Токойдогу ызы-чуу
Бир заматта басылат

Жүр эми, жигит, биз менен,
Көп болду сени издегем.
Айтканыма көнбосоң,
Кетебиз алып күч менен.

Барайын анда, барайын,
Гүлдөрдөн жагоо тагайын.
Колумдан келсе, мен дагы
Кошуна болуп алайын.

...Аска бийик, башы кар,
Жалама таш, асты жар
Айласыз Ашым баратат,
Арсак, терсек жолу тар.

– Тээтиги биздин үйдү көр,
Балабызга колду бер.
Ажырашпас дос болуп
Ала-Тоонун гүлүн тер.

Дегенде Ашым карады.
Эки үңкүр турат санады.
Жылаңайлак, жылаңбаш,
Көрбөгөн мындай адамды.

Үңкүргө кирип таңданды,
Үшкүрүп Ашым алданды.
Ар кайсы жерде олтурган
Көрдү өзүндөй балдарды.

Бири тери жамынган,
Бири чөптөн салынган.
Кээ бирөөлөр мойнуна
Кочкор мүйүз тагынган.

Күйбөй от түтүн буркурап,
Эмчекте бала чыркырап.
Өксүп, өксүп ыйлаган
Жаткандай бирөо чымчылап.

Байыркы элдин балдары
Келбегендей дарманы.
Кабыргалар кайышып,
Сөлөкөт кемпир, чалдары.

– Конок келди, балдарым,
Тийишип бүлүк салбагын.
Көрдүңөрбү баштыгын,
Талашып тартып албагын.

Анда Ашым үнүн чыгарып
Айтканын анын угалык.
– Бул менин дептер салгычым,
Китеп көп, окуйм кубанып.

Китеп деген эмне деп
Ошол жерде болду кеп.
Капшыт жакта отурган
Үргүлөйт чийки эттен жеп.

Ачты Ашым китеп барагын:
– Ишенбесең карагын
Бул китепти тарых дейт,
Үч алып бүгүн жададым.

Дегенче болбой ашыгып,
Тердеп алган шашылып,
Кирип келди бир адам,
Жардам сурап бакырып.

Үңкүрдөн чыкты баарысы,
Баласы менен карысы
Жанагы келген кишинин
Жарадар экен далысы.

Ашым да чыкты акырын,
Токтотуп бир аз акылын.
Жарадар киши жар салды,
Чакыргандай жакынын:

– Алгыла балта, балканы,
Ашыдаар жатат, жанчалы.
Оозун ачып оп тартат,
Тирүүлөй жуткан канчаны.

Бүлүк сала бербесин,
Үйүбүзгө келбесин.
Баарыбызды багынтып,
Баш ийдирип жеңбесин.

Бири эликтей секирет,
Бири ташка бекинет.
Мүдүрүлүп жыгылып
Кай бирөөлөр өкүнөт.

Барышты жетип заматта,
Бөлүнүп эки тарапка.
Ажыдаарың көрүнбөйт,
Оп тартып жатат каякта?

Дегенче болбой жылгадан
Ажыдаар жатат жылбаган.
Ышкырыгы таш жарат–
Ыры ушубу ырдаган.

Ашым да барды ашыгып,
Китеп кабын асынып.
Кетсем дейт үйгө амал таап,
Көрүнбөй көзгө жашынып.

Ордупан чыкпай тилеги,
Оозуна келет жүрөгү,
Опузалап ар кими
Омуроолоп тиеби.

Ажыдаарга жеткенде,
Балталап бирөө өткөндө,
Бар күчү менен ышкырды
Баргандар башка тепкенде.

Таш балта менен жанчылып,
Тамчылап далай кан чыгып,
Ажал тапты ажыдаар
Акырындап жан чыгып.

Башын кесип алышты,
Көзүн чукуп салышты.
Ийгиликтүү иш бүтүп,
Үңкүрдү көздөй жарышты.

Ашым да жүрөт кете албай,
Аска, тоо, таштан өтө албай.
Асынган китеп баштыгы
Араң турат эс албай.

Чекеде жалгыз көзү бар,
Түшүнүксүз сөзү бар
Жолунан дөө жолукту,
Чач, сакалы узун чал.

Чыңырды жини келгендей,
Чын душманын көргөндөй.
Үңкүргө чуркап баратат
Түйшүктө калган мергендей.

Таштан ташка секирип,
Тарталаңдап өкүрүп,
Көтөрүп алган Ашымды
Кандай болот чекилик.

Үңкүргө кирип барганда,
Таңданып карап калганда,
Байлап койду Ашымды
Оюнчук кылып балдарга.

Китепти тартып алышты,
Барактап көз салышты.
Жалгыз көздүү жылаңач
Чыгарды катуу дабышты.

Бирдемелер сүйлөдү.
Пикирин айтып күлбөдү.
Бирок анын сөздөрүн
Ашым такыр билбеди.

Бул чалдын тили башка экен,
Келинде сексен жашта экен.
Үңкүрү-үйү ушунда,
Капчыгай бети ташта экен.

Үңкүрдүн ичи толуптур,
Сөөктөр үймөк болуптур.
Ар түрдүү айбан баштарын
Ардактаи илип коюптур.

Түрдүү-түрдүү таяктар,
Таштап-сөөктөн жарактар.
Уй далыдай жасаган
Колго эптүү калак бар.

Үңкүрдө сүрөт чийилген,
Тал чыбык бар ийилген.
Үч адам келди үңкүйүп
Үстүнө тери кийинген.

Ашымды көрүп таңданып,
Калышты тиктеп жарданып.
Араң турат Ашым да
Азапка түшүп алданып.

Кол бош эмес, кете албайт,
Үй алыс калды, жете албайт.
Ашым жалгыз бул жерде,
Ал үчүн эч ким өч албайт.

Сабактан үчтү алганды,
Тарыхтан беттей калганды
Эсине салды бул Ашым,
Классташ, курдаш балдарды.

Эки көзү жымыңдап
Эсенбек келе жаткандай.
Асан, Үсөн ыр ырдап,
Аалыбай сурнай тарткандай.

Омуроолон түрткүлөп
Жумаалы оюн кургандай.
Тентектигин көрсөтүп
Ар кимди муштап ургандай.

Аңгыча болбой жалгыз көз
Булдур, булдур сүйлөдү.
Ашымдын колун чечип тез.
Белги берди, күлбөдү.

Ал сыртка басып чыкканда
Жалгыз көз күрс-күрс жөтөлдү.
Токойдон дабыш укканда,
Ашымды бийик көтөрдү.

Аскадан алыс ыргытып,
Аябай жанчып таштаарда,
Болду окуя бир кызык
Балакетти баштаарда.

Тарыхтан берген Курманбай
Келип калды басып жай.
Жалгыз көзгө кол сунду,
Булдурап-сүйлөп бир далай.

Жалгыз көз сөзгө түшүндү,
Ашымды жерге түшүрдү.
Кол куушуруп бүтүшүп,
Саламын айтып күтүндү.

– Келипсиз, төргө өтүңүз,
Конок болуп кетиңиз.
Урматтайбыз, сыйлайбыз,
Бул жердин анык ээсибиз.

Айткан сөзгө түшүнбөй
Ашым турат бүшүрлөй.
Мугалим:– Бери бас,– деди,
Аягын сөздүн бүтүрбөй.

Анда Ашым карап таңданып,
Айтууга сөзүн камданып:
– Таанышсызбы буларды,
Тиктешет сизди жарданып.

– Таанышат мени башынан,
Үйүр кылгам жашыман.
Тарыхты таза үйрөнүп.
Жалкоолукту качыргам.

Ошондуктан сыйлашат,
Билемин тилин сырдашат.
Келип калсам бул жерге,
Сөзүмдү угуп тыңдашат.

Сен болсо тарых билбейсиң,
Айткан сөзгө кирбейсиң.
«Байыркы адам турмушун»
Кулагыңа илбейсиң.

Урматтап, салам бөрбесем,
Мен мында жетип келбесем.
Аскадан сени ыргытмак,
Абайлап, байкап көрбөсөм.

Кечирим анда сурайын,
Келишсин ызаат кылайын.
Булардын айткан сөздөрүн
Урматтайын, угайын.

Дегенче болбой колунан
Тарткылады атасы.
Ойгонуп кетсе түшү экен,
Келиптир кошо апасы.

*1963*

## МАКТАНЧААК ТАШ

Бир күнү ташка тил бүтүп,
Тоо башынан сүйлөдү:
«Мекеним – чоку эң түзүк»,
Деп мактанып бийледи.

Чөптөрдүн баары чогулуп,
Сөзүнө көңүл бурушту.
Муштумдай таш оолугуп,
Киргизди мындай сунушту:

– Көнгүлө менин тилиме,
Бүгүндөн баштап хан болом.
Тийгизбейм душман бириңе,
Силерге аткан таң болом.

Кой, эчкини жолотпойм,
Келип калса айдаймын.
Уй, жылкыны тоготпойм,
Укурук салып байлаймын.

Төөсү көлсе чөктүрөм,
Карышкырга карматып.
Аябай канын төктүрөм
Эки көзүн жайнатып.

Коён келсе коркутам,
Кашкулак, элик киргизбейм.

Гүл тергизбейм бир тутам,
Башканын колун тийгизбейм.

Аркарлар келсе алыстан,
Үркүтүп айдап таштаймын.
Кондурбайм талга сагызган,
Баарыңарды сактаймын.

Келтирбейм мында шамалды,
Бороондун жолун торгоймун,
Табамын күндө амалды,
Ысык, сууктан коргоймун.

Өрт чыкса өзүм өчүрөм,
Күйгүзбөймүн бириңди.
Каталык кетсе кечирем,
Аласыцар менин тилимди.

Хандык тактым ашууда,
Коктуга, ойго түшпөймүн.
Жол бербеймин шашууга,
Жобом бар бузбай иштеймин.

Шыраалжын колуң көтөрдү
Жапырылып жайкалып.
Тамагын оңдоп жөтөлдү,
Сүйлөгөн сөзүн айталык.

– Мекеним бийик чоку деп,
Мактадың турган жериңди.
Душманым улак-козу деп
Талашып айттың кебиңди.

Козу, улак биздин досубуз,
Кой, эчкини сыйлайбыз.

Келе берсин коендор,
Коркутпайбыз, урбайбыз.

Дегенде таш күпүлдөп
Шыраалжынга чамынды
Кабагын бүркөп дүпүлдөп
Жин тийгендей чаңырды.

– Көрсөтөм азыр күчүмдү,
Күбүймүн койбой бүрүндү.
Бузгуң келет ишимди,
Укпай менин үнүмдү.

Бегеге анда сүйлөдү
Соккоп желге таранып:
– Каарданбай ханым бил,– деди,
Бул кылганың чалалык.

Мал жайылып келбесе,
Жайкалып эмне кыламын.
Аркарлар оттоп көрбөсө
Өчпөйбү күйгөн чырагым.

Бетегемин, белдемин,
Ичи тарлык кылбаймын.
Эчки келсин, уй келсин,
Эшек келсин сыйлаймын.

Шыбак чыкты бир кезде,
Себинип атыр буркурап.
Кулак сал, ташым, бул сөзгө,
Кутура бербей чыркырап.

– Хан болгуң келсе боло бер,
Шагылыңа, кумуңа,

Бир тыйындык акың жок
Биз менен бирге туруугa.

Жинденди таш талпынып,
Мушташуугa камынып.
Күчөдү сүйлөп алп уруп,
Жер тепкилеп таарынып.

Аңгыча болбой аскадан
Аркарлар өттү чубалып.
Туяк тийип макмак таш
Баратты тоодон куланып.

Шагылдар кетти жарышып
Бири миңин кубалап.
Күнгөйгө из салышып,
Чаң-тополоң чыгарат.

Хан таш кошо жөнөдү,
Токтоно албай чамынып.
Мындай кордук көрөбү,
Оозу, мурду жарылып.

Коктуга, сайга барганча
Эс, алдан кетти күйүгүп,
Мактанчаакта ал канча,
Шагылдар басты үйүлүп.

*1966*

## ФРУНЗЕМ

Жашылдан чапан кийинип,
Жашарганы билинип,
Көргөндө көркөм шаарымды
Ырдагым келет сүйүнүп.

Өркүндөп өсүп Фрунзем,
Жаш баладай түрлөндү.
Көчөсүнө жарашкан
Көп катар бийик үйлөрү.

Күн сайып кулак тундурган
Күрүлдөп жаткан үнү жок.
Буркурап чыккан өткөндө,
Чаң баскан жолдун бири жок.

Ала-Тоо менен туташып,
Колтукташты келиндей.
Күн өткөн сайын жаңырган
Бар бекен сулуу жеримдей!

Сүйгөн шаарым Фрунзем,
Борбору биздин кыргыздын.
Ала-Тоонун өзүндө
Коңшусу Чолпон жылдыздын.

*1955*

## КЫРГЫЗЫМДЫ СҮЙӨМҮН

Ошум пахта кең талаасы жайнаган,
Чүйүм таттуу кант кызылча айдаган.
Ысык-Көлүм кампа толгоп эгиним,
Жалал-Абад жибек түргөн келиним.

Чоң Тянь-Шань бубак баскан карыдан,
Таласымды көрбөй калсам сагынам.

Суусамырым кебелбеген казанам,
Малын баккан баатырларды жаза алам.

Ар бир жылга, булактары ырларым,
Өрүшкө чап өркүндөгүн турбагын.

Күч-кубаттуу ала-тоолук кыргызым,
Нурун чачкан коммунисттер жылдызың.

Компартия берген бизге өмүрдү,
Эмгек менен эркин кыргыз көңүлдүү.

Кыргыз күнүм, кыргыз үйүм, айылым,
Жалбырттасын коммунпсттик жалының.

Кең мекеним, кызыл Москва жүрөгүм,
Дал ошондой кыргызымды сүйөмүн!

*1956*

**ЭСИМЕ ТҮШТҮ**

Менин эсиме түштү,
Согуштун оор жылдары,
Таңдайым катып
Тамчы суу жок кургады.
Оң бутума ок тийгенби
Кара кочкул кан агат,
Тынбады.
Кыштын суугу
Жардамын да кылбады.
Бороондо боздоп

Аяз коштоп ыйлады.
Оң бутумдун манжалары
Кычышкансыйт, ачышкансыйт
Бар го дедим
Манжалардын сынганы.
Көтөрө албайм
Оң бутумду, кыйнады.
Сыйпаласам колум менен
Үзүлүптүр тиземден
Кармалаймын, кайсалаймын
Жок бутума ишенбейм.
Жалгыз жатам, түн караңгы
Ай, жылдыздар көрүнбөйт,
Октор учат, көктө сызат,
Кимге тийсе өлүм дейт.
Чымырайт денем
Суук күтөйт, ышкырат,
Качкан сымак денемден
Күч-кубат:
Жата бердим, жыла албадым,
Бир жерден,
Таң атат да
Таарынгансып күн чыгат.
Октор,оттор
Снаряддар атылды,
Учкан чымчык корголоду
Мени көздөй шашылды.
Койнума кирди
Дем бөргенсип жашынды.
Менин оюма түштү,
Согуштун оор жылдары,
Болсо тынчтык түбөлүк
Адамзаттын –
Майрам шаттын
Жашай берсин жыргалы!

## ТАРЖЫМАЛЫМ

Мени эч ким өпкөн эмес,
Өппөй калган энекем.
Өппөй калган атам дагы
Болгон эмес эжекем.

Бала чагым чамбыл ала
Кир бетимди ким өпсүн.
Сөзүмдү ук, мени кара
Жетим жүрүп ким көпсүн.

Окат үчүн чөнтөк кесип
Базарларда жүргөн чак.
Тырмак өсүп, чачым өсүп,
Бычак тийген бетте так.

Кармап алды милиция агай
Алдына айдап жөнөдү.
Ойлономум корктум далай
Көз жашымды төгөбү?

Төгүлдү жаш булак болуп,
Өпкөндө анын аялы.
Ким ыйлабайт, ким кубанбайт,
Өпсө жетим баланы.

*1964*

## ГҮЛДӨРДҮН КОНЦЕРТИ

Аркайган тоо,
Тунук булак, каткырып күлөт,
Кулагым угат,
Гүлгө конуп,
Аарылар ширесин шимирет,
Тоюп алып
Уюгун көздөй чапкылайт.
Уюгу оп тартып алат
Гүлдөр кубанып калат
Сүйүнүп.
Жалбырттаган оттой жанат
Мындайды жолдошум көргон жок,
Мен көрдүм,
Уктум.
Желдин жардамы менен музыка уктум,
Гүлдөрдүп музыкасын,
Күн бою тыңшап чыктым.
Нотага ирети менен жазылбагандай,
Жомокто да айтылбагандай,
Гүлдөрдүн концертин,
Табигаттын табылгыс сахнасынан көрдүм,

Табигаттын тамырына,
Жүрөгүнө,
Акылына,
Асылына
Үстөмдүк кылсам
Гүлдөрдүн концертин сен дагы
Угуп турсаң,
Ошондо түшүнөт элең,
Ырларын акындын
Теңештирип эмгегин,
Эрдигине,
Баатырдын.

Гүлдөрдүн концерти
Жүрөктүн кылдарын чертти,
Кубанып шиберлер
Көз жашын төктү,
Тазалап чаңды
Өткүн жаап өттү.
Каркыра турна канаттарын
Алакандай чапкылап
Концерт угуп
Коштошул
Учуп кетти.

## КӨЗДӨР, КӨЗДӨР

Мени карайт кара көздөр, көк көздөр,
Угуп алып жүрөк сүйгөн көп сөздөр.
Ар бир көздө келечектин сүрөтү
Дүрбү сымак бото көздөр, кой көздөр.

Баары карайт бир чекитке бурулуп,
Жаткан өңдүү жаңы нерсе курулуп.
Бир заматта сахнага жан кирип
Акын ыры ар кыл тилде угулуп.

Ыр жыттанат кыдыр элдин арасын,
Ар кыл көздөр ыр жемишин кагасың.
Жакшы бышып жардам берсе өзүңө
Жүрөгүңдүн түпкүрүнө саласың.

Көздөр, көздор, кары көздөр, жаш көздөр,
Ыр уясы, сыр уясы өзүндө.
Бир карашың акын үчүн миң сөздөр
Тиричилик адамдардын көзүндө.

*1965*

## ЖЕР ТАМЫРЫ

Эгерде сен жерди сүйүп тыңшасаң,
Миң сан тамыр симфония чалгандай.
Өсөт, өнөт туш тарапка жайылат
Гүлдү терип ойноп жүргөн балдардай.

Эгерде сен жерди сүйүп тыңшасаң,
Ар бир тамыр өрүк комуз кылындай.
Жер бетинин жаны ошондо билип кой
Жашай берсин бир да тамыр кыйылбай.

Жер тамыры-жердин көркү ачылган,
Тамыр менен жердин ыры жазылган.
Тамыры бар даңкы кеткен өлкөмдүн
Күн нурундай планетама чачылган.

*1965*

## КИМ УКТАБАЙТ

Ким уктабайт түн киргенде
Өзүмө-өзүм суроо берем.
Жооп издейм,
Издей берем таба албайм.
Оюм менен убарамып
Карайлайм...
Таптым аны жакында
Таптым,
Таптым.
Айтайын тапканымды
Ырымдын сабына каттым.
(Жазганча шаштым)

Түн киргенде уктабайт
Сансыз жылдыз,
Аккан суу,
Көл толкуну,
Адамдардын сыймыты балалуу эне.
Соккон жүрөк,
Убакыт,
Жүргөн сааттар,
Эл уйкусун коргогон
Чек арачы
Азаматтар.

*1965*

## УК БАЛАМ, УШУЛ СӨЗҮМДҮ

Адам жаралгандан бери
Бала жөнүндө болгон кеби,
Айтайын дегеин сөзүмдүн теңи,
Ук, балам, кулак сал эми:
Акылың калтырабасын
Суудан чыккан балыктай,
Акылдуу бол, адамсың
Эмгекти сүй талыкпай,
Күчүң болсун ар дайым
Суусу толо арыктай,
Эмгегиңди эл билсин
Түндө күйгөн жарыктай.

Кемчиликти бетке айтканга сыйынгын,
Ал акылман казна ачып  бергендей,
Кол жетпес гүлдү тергендей,
Адам бол, балам,
Адам бол,
Жалгыз жүрүп сенделбей.

Асканы шамал учура албайт тыбыттай,
Акылдуулар
Кыйкырбастан сүйлөйт жай,
Болбойт бай,
Минбейт тай.

Бир жакшы сөз
Миң сөздөн өтөт,
Жамандыкты жакшылык кечет,
Акылды акылмандар сезет
Айтайын дегеним ушул
Айбек балам
Азырынча жетет.

*1965*

## КҮЛӨ БЕР, БАЛАМ

Күл балам,
Күлө бер, балам.
Күлкүңдөн ырды сузуп алам.
Кыздарга мончок кылып тагам.
Согушта да
Күлүп туруп жан берген
Бир тууган
Өзүңө окшош агаң,
Күл, күлө бер, балам.

*1965*

## ТЕРЕЗЕДЕН КАРАШАТ

Алдей, алдей, алдей балам,
Ак мамаңды аймала.

Жытың жыпар, демиң ууз,
Жүрөгүмдү саймала.
Алдей, алдей, укта балам,
Мен да уктап алайын.
Эрте туруп таза гүлдөн
Бешигиңе тагайын.
Уктай койчу, укта балам,
Ай да уктап баратат.
Уктасын деп жылдыздар да
Терезеден карашат.

Алдей, алдей азаматсың
Бешигиңе жата гой
Күн чыкканда шоола чачып
Күлүп көздү ача гой.

Алдей, алдей ак балам
Ак мамаңды аймала
Жытың жыпар демиң менен
Жүрөгүмдү саймала.

## БИЗ БАЛДАРДЫ КОРГОЙЛУ

Бешик ыры – назик үн,
Мени кошо терметкендей,
Уйкусурап баратам.
Билинбейт мага көөдөй түн;
Жылдыздардан берметтердей,
Нур чачырайт карасам.
Эмчек берип ырдайт эне,

Жылаажындай тим эле.
Тыңшайм, тыңшайм
Тийгендей күн

Эне-бала тамашаң.
Уктай койчу карегим,
Садагаң,
Уктасын деп терезеден
Миң сан жылдыз караган.
Уктай койчу ай да уктап баратат,
Уктайлы деп булут дагы тараган.
Уктай койчу жүрөгүмдүн шериги,
Келечектин гүл бакчалуу өмүрү.
Укта,
Укта, ойгоно кой таң атса,
Жыттап атаң көтөрүлсүн көңүлү.
Эне үнү өзүнчө бир
Сюитаны коштоп алып,
Глинка өзү кыл кыякты тарткандай,
Жердин койбой гүлдөрүн
Бешигине бөбөктүн
Тандап келип,
Арнап келип таккандай,
Ачылды уйку чайыттай,
Жайда булбул
Концерт коюп жаткандай.
Бешик ыры булак суусун
Башка жакка бургандай,
Өтүп жатты бала кезим
Булганбай.
...Энем мени эркелеткен
Бирок билген эмесмин,
Биздин эне,
Улуу күнгө теңештиң,
Бешик ыры кайра ырдалды,
Назик үн
Качты түн.
Күн да чыкты,
Эне менен кеңештим.

Эне күлүп: –
«Бала ысык
Балбылдаган жалындай,
Бала кызык
Жүрүп турган каныңдай.
Бала бакыт
Ата-энеге нур чачкан,
Улуу Ильичтин
Күнүп турган шамындай.
Бул ырды угуп
Мен өзүмчө жыргадым.
Тердеп кеттим көтөргөндөй
Жаңы дындын чымдарып.
Ошол күндөн
Ушул күнгө
Кылган менин кесибим,
Балдар үчүн
Жакшы жазган ырларым.
Турмушумдун ата-теги
Өмүрүмдүн келечеги–

Окуп жүргөн баламда,
Неберемде,
Чөбүрөмдө,
Адамда!
Ошондуктан биз балдарды
Бапестейбиз, ойлойбуз!
Өмүр бою бак-таалайын,
Келечегин коргойбуз!

## «ЫР МАЙРАМЫ» ЖЫЙНАГЫНАН (1974-ЖЫЛ)

### АК-СУУ

Мөңгүлөрдөн мончок тамчы суранып,
Жалгыз тамчы миң тамчыга уланып.
Агып келет атырылып алыстан,
Чоң мелдеште байге алчудай кубанып.

Таштан-ташка секиргендей түйүлүп,
Бала сымак баш аламан жүгүрүп.
Булактарды кошуп алып жонунан,
Адырлардан ак суу келет сүйүнүп.

Кайкалаган капчыгайды аралап,
Арсак-терсек аскаларды жаралап.
Күчүн сынап күзгү кылып ак сууну,
Жээгинде арча, кайың таранат.

Тунуктугу ак ботонун көзүндөй,
Сүйлөгөнсүйт наристенин сөзүндөй.
Ак суу таза, ошондуктан аты ак суу
Бойго жеткен сулуу кыздын өзүндөй.

Чөлгө келип адырандап жайылып,
Күткөндөр көп энесиндей сагынып.
Мажүрүм тал кабак-кашы ачылып,
Турганын көр бутактары малынып.

Буудай күлүп баш көтөрүп буралып,
Күн карама гүлүн тегиз чыгарып.
Бийлешкенсийт бир азыраак жел жүрсө,
Жүгөрүлөр көкүлдөрү сылалып.

Өз жерине өмүр бою берилип,
Керек болсо жамгыр болуп төгүлүп.
Ак суу келет, Ак-Суу агат жайылып,
Жайы-кышы бактысына семирип.

Чокусунан мончок тамчы суранып
Жетим тамчы миң тамчыга уланып.
Агып келет атырылып алыстан,
Байлык алып бакыт алып кубанып.

## ЧАКМАК ТАШТЫН ТҮБҮНӨН

Тунук булак көзүн ачып ойногон,
Төмөн көздөй угу менен сойлогон.
Күнү-түнү уйкусу жок тыным жок,
Ошондо мен бала кезди ойлогом.

Булак чыккан чакмак таштын түбүнөн,
Ошол жерге күндө барам үйүмөн.
Суучга келген кыз-келиндер ийилип,
Салам айтса кабыл алам, сүйүнөм.
Шаракташып күлкү аралаш кайтканда,
Кайран жаштык кеткенине түңүлөм.

Көп жыл болду суусун ичем булактын,
Жете албайм, шаарда турам ыраакмын.
Канча жылдар зымырашып өтсө да,
Жыламышым булагыңа ынакмын.

## «ТАҢ» ЫРЛАР ЖЫЙНАГЫНАН (1970-ЖЫЛ)

### ЫСЫК КӨЛГӨ ЭРКЕЛЕП

### 1. ЖЕРДЕГИ АСМАН

Ала-Тоо чокуларын мөңгү баскан,
Баруута кайда болсом мен да шашкам.
Сергитет, ыр жаздырат келген сайын,
Толкуса буркан-шаркам жердеги асман.

Тазасың космонавттын жүрөгүндөй,
Тунуксуң сулуу кыздын ireңиндей,
Айланаң адыр, талааң аземдүү гүл
Кыздардын кылдат соккон килеминдей.

Жашыл тоо карагайлуу токой, талы,
Айылга кубат берген бакыт шамы.
Күлүндөп эл жашарып, жери шербет
Күлүктөй Ысык-Көлдүн келген табы.

### 2. ШАРКЫРАТМА

Тоо бооруна күмүштөн жол салгандай,
Катар-катар аска курчап алгандай.
Ылдый жагы жалаң аппак майда таш,
Саанчы жеңөм куруттарын жайгандай.

Агат, ташыйт, көбүк чачат аскадан,
Ал жер менен кайберен да баспаган.
Тянь-Шандын тоого бүткөн күзгүсү,
Шаркыратма, шаркырай бер мактанам.

Борошолоп кар жааса да тоңбогон,
Өңү-түсү дайым бирдчи оңбогон.
Көргөн сайын көрөмөнгө батамын,
Ырларымды, жаштыгымды коргогон.

## 3. ТОСОРДО

Көл тынч жатат, күндөгүдөй ташыбайт,
Көлкүлдөгөн эригендей коргошун.
Калакты алдым, кайыкты мен айдадым,
Торду жайып коюп, жатты жолдошум.

Анда-санда пробкалар көрүнөт,
Ак кабүктөр булут сымак бөлүнөт.
Маяк күйдү көлдүн тиги четинен,
Чагылышып нуру бизге төгүлөт.

Торго торду толкунуна койгондо,
Ишибизди жаңы гана болгондо.
Ай да чыкты, ала булут асманда,
Байкаштырсам ай он бешке толгон го.

Кечки салкын, Балыкчыдан жел жүрүп,
Шарпылдады жээкке урунуп, көл күлүп,
Баратабыз көл үстүндө, кайыкта,
Тоодой, тоодой юлкупдарга биз минип.

Кайыгыбыз азоолордой секирет,
Асманга учуп, алыс жакка кетчүдөй,
Калактары канат болуп талпынып,
Алыскы айга азыр эле жетчүдөй.

Жээкке чыктык казыкка бек байладык,
Жем жебеген канаты бар атыбыз.

Байласа да өз ордунда жөн турбай,
Кыйшаңдаган адаты бар атыбыз.

Үйгө жеттик, Тосор толгон бак-дарак,
Кечки желге сүйлөшкөнсүйт шыбырап.
Клуб жактан тааныш сулуу Жанылдын
Ырдаганы кулагыма угудат.

Анда-санда короздор да кыйкырып
Караан көрсө, каадасынча ит үрөт.
Жатып калдык, таң атканча эс алдык
Досум менен бак ичинде бир түнөп

Таңкы желдин татынакай сыры бар
Өзгөчө бир назик чыккан ыры бар,
Ошол кезде ойноктогон Ысык-Көл
Тоодон бийик толкуну бар чыры бар.

Туруп бардык, көлдүн жээгин бойлодук,
Кайык минип толкун менен ойнодук.
Тосуп койгон торубузду чыгарып
Көл жээгинде балык менен тойлодук.

Көл тынч жатат, күндөгүдей ташыбай.
Көлкүлдөгөн эригендей коргошун.
Калакты алдым, кайыкты мен айдадым,
Торду жайып коюп жатты жолдошум.

## 4. ЖЫЛКЫЧЫ ЖИГИТ – БУУДАЙБЕК

Укуругун сүйрөтүп,
Азоолорун үйрөтүп.
Биздин жигит Буудайбек
Өстүрдү күлүк миңдетип.

Сары ала кашка, кер кашка
Экөө тең көрсөң бир жашта
Аламан байге болгондо,
Экөө тең чыккан Сын-Ташка.

Ала туяк тор жорго,
Машина сындуу чоң жолдо
Жорголоп кетсе төгүлбөйт,
Сооруна чөйчөк койгондо.

Жылкычы жигит – Буудайбек,
Убада сөзгө ыкчам бек.
Көлгө келип минип көр,
Буудайбекте күлүк көп.

## 5. САБЫЙРА САЙГАН ТУШ КИЙИЗ

Токсон түстүү жип менен,
Токсон түстүү гүл сайган.
Ортосунда Ысык-Көл
Көл боюна үй сайган.

Асман ачык ай сайган,
Оюн салган тай сайган.
Кой-Сарынын өзүндөй,
Дем алуучу жай сайган

Сабыйра сайган туш кийиз
Көргөн элге жагыптыр
Эң биринчи сыйлычты
Сабыйра жеңем алыптыр.

## 6. ТОРУ-АЙГЫР (ЛЕГЕНДА)

Көлдүн жээги ак кар баскан кышкы убак
Шамал жүрсө, чийдин башы ышкырат.
Сатып алды бир жолоочу тору айгыр,
Издеп жүрүп тула боюн бүт сынап.

Кетти минип Балыкчыны аралап,
Ак-Өлөңгө жете барды сабалап.
Күнгөй бойлоп, өтүп кетти тескейге,
Ээси атты кантип кайдан таба алат!

Кыш да кетип, жаркыраган жаз келет
Күн күркүрөп, жамгыр жаайт себелеп.
Күндөр өтүп, ай айларга кошулат,
Ал тору айгыр бөтөн колго көнө элек.

Бага билбей, жаныбарды кор кылып,
Колдон колго табын таппай тапшырат.
Жер бетинде үч жүз жолу түн жылып,
Үч жүз жолу нурун чачып күн чыгат.

Ысык-Көлдүн түндүгүнөн караса,
Көл үстүндө сүзгөн жандык көрүнөт,
Мойну толгон кулач-кулач жалы бар
Сүзгөн сайын туш тарапка себилет.

Эл чогулду, бул эмне деп карашты,
Күн кызарып күүгүм кирип баратты.
Келе жатты кайык минген немедей,
Карап коюп, эл чогулган тарапты.

Мылтык камдап, огун салып дүрмөттөп,
Кээ бирөөсү атабыз деп камданды.

Көлдү жиреп сүзүп келди аргымак
Чогулган эл «капырай» деп таң калды.

Денедеги аккан суусу силкинип,
Чоң жол менен жорго салып баратат.
Таңданышат тору айгырды тааныбай
Турган элдер элеңдешип карашат.

Акырындап кара алачык жанына
Дүбүрт салып жете келип токтоду.
Эки-үч жолу үн чыгарып кишинеп,
Алачыктан алгачкы ээсин жоктоду.

Үйдөн чыгып аң-тан, калып ат саткан
Тору айгырын эркелетип кармады,
Улам-улам ээсин көрүп кошкуруп,
Кубангандай курсант болот мал дагы.

Көл жээгинде калган эл да келишти,
Тору айгырды эми таанып көрүштү.
Бир топтору аргымакты айланып
Жалын сылап, маңдайынан өбүштү.

Аргымактын тукумдары көбөйдү,
Кулундары куюн жеткис ат болду.
Ал аргымак сүзүп чыккан тарапка
Тоолук кыргыз Тору-Айгыр деп ат койду.

## ТЯНЬ-ШАНДЫК КИШИЛЕР

Эгин жыйнап, комбайнды башкарган,
Күндө күчөп өз нормасын аткарган.
Алтын жылдыз нурун чачкан төшүндө
Баатыр Асан Тянь-Шандык жаштардан.

Жылкылары күлүк чыккан элирген,
Баары аргымак тегиз жорго дедирген.
Атагы ашкан ак жоолукчан Жумагүл
Жылкы баккан Тянь-Шандык келинден.

Көптөн бери көргөзмөгө камданган,
Чабандардын мыктысы деп тандалган.
Бүгүн келди Москванын өзүнө
Алым аке тянь-шандык чалдардан.

Күндөн күнгө колхозубуз жаңырган,
Жарашыктуу жаңы үйлөр салынган.
Көргөзмөнүн кандидаты инженер –
Көрк малы Тянь-Шандык айылдан.

Сулата атып, суурларды тергенден,
Аюу кармап, түлкү, суусар бергенден.
Капкан коюп, ит агытып, куш салган –
Асаналы тянь-шандык мергенден.

Өспөс жерге бүлдүркөндү айдаган,
Алма, өрүктү кыйыштырып тандаган.
Мичуринчи кичинекей Нарина,
Ал да келген тянь-шандык балдардан.

Куттуу болсун кубанычтуу ишиңер,
Ала-Тоодой айбаты бар күчүңөр!
Москвада көргөзмөдө жүрүшөт
Даңкы чыккан тянь-шандык кишилер!

## ДАРЫ БУЛАК

Арашамдан чыккан булак,
Агат күндө тоодон кулап,

Боюндагы кызыл талда,
Обон салып булбул турат.
Айыктырып көп кишини
Ооруларга берет кубат.
Дары болгон дарты барга
Биздин тоодон булак чыгат.

## МЕН АШЫКМЫН, АШЫКМЫН

Түн ортосу төшөгүмдон ойгонсом,
Ай жарыгы терезеңден тийиптир.
Өз эркинче эркелегип кучактап,
Жылмайыптыр, кубаныптыр, күлүптүр.

Ашык болуп жигитти кыз өпкөндөй,
Уктап жатсаң оң бетиңден сүйүптүр.
Ичим күйдү, айды тостум, кызгандым,
Мен ашыкмын, мен ашыкмын билип жүр!

## КӨРҮПТҮРМҮН ТҮШҮМДӨН

Сөлөкөтүң көрүндү
Роза гүлдүн ичинен.
Бир заматта жоготтум
Белгилүү жердин жүзүнөн.

Асманга учуп кеттиңби
Кайдасың, качан түшүнөм!
Ойгонуп кетсем мен чочуп,
Көрүптүрмүн түшүмдөн.

## БАЛА СҮЙДҮМ

Бала кез жашыл дөңгө чыгып алып,
Топ ташты ойночу элек күрмө жайып.
Эркелеткем нечен жолу эсимде
Сөйкө ордуна кулагыңа гүлдөн тагып.

Күн өттү, андан бери жылдар өттү,
Жашыбыз отуз бештен ашып кетти.
Эркелеп сенин кызың жаңы жылда,
Баламды кучактады, беттен өптү.

Январь келген сайын жаштык жаңы,
Шаттыкта коңшуларым ырдайт баары.
Кубанып эки бала өбүшкөндө,
Жаш кезди жадыратып ойго салды.

Ошондо карап коюп мага күлдүң,
Мен дагы унчукпадым, башымды ийдим.
Жигит кез барыктасам, сени сүйсөм
Эми көр эркелетип бала сүйдүм.

## КУЧАКТАГЫМ, ӨПКҮМ КЕЛЕТ ӨЛКӨМДҮ

Кучактагым, өпкүм келет өлкөмдү,
Көз жүгүртүп көргөнүмдө картасын.
Көркөм шаарын, гүл оронгон айылын
Ыр жазгандай жүрөгүмө тартасың!

Кучактагым, өпкүм келет өлкөмдү,
Сүйгөн сымак эне кенже баласын.
Бүт дүйнөгө келечекти көрсөтүп
Жол банлаган коммунисттер – агасың!

Кучактагым, өпкүм келет өлкөмдү,
Күн өпкөндөй күндө келип жер бетин.
Жеңиштерге командирлер ант берип
Өбүшкөндөй кылкылдаган туу четин!

## ЛЕНИН

Бак берген, билим берген, турмуш берген,
Өлкөмө күйүп турган жылдыз берген.
Ильичке, Жолбашчыга,
Атабызга Алкыш, Даңк,
Эмгекчиден Бүткүл элден!
Өмүргө өлбөс кылып өнөр берген,
Тоскоолдордун жолун таап жеңип келген.
Ленинге, генийге, улуу адамга
Апкыш, Даңк,
Эмгекчиден,
Бүткүл элден!
Кыргызга бүткүл улут колун берген,
Достукка, ынтымакка көңүл бөлгөн.
Маркстын жолун чапкан Ленинге
Алкыш, Даңк,
Эмгекчиден,
Бүгкүл элден!

## ЖЫЛДЫЗДУУЛАР

Эмгектин чын маңызын чыгаргандар,
Күжүрмөн эл ишине кубангандар,
Мелдеште жеңип чыгып, эл алдында
Жеңилбес желбиреген туу алгандар.

Рахмат алкыш алган иштериңе!
Күжүрмөн эл ишине кубандырган.

Алтындай жылдыз алган кишилерге
Кыйкырып айтам  даңкын ай-ааламга,
Урмат, даңк Ала-Тоодой күчүңөргө!

Атак-даңк эл сыймыгы жылдыздуулар,
Бурулган колуңардан тентек суулар
Эки жолу баатыр болгонАяля Анарова,
Зууракан, араңарда Хайтахун бар.

Куттуктап бир туугандар колун берген,
Бир жылда кырк беш баатыр биздин элден,
Чыңпилы ийгиликти карап турбай,
Талпынгын канат калып эмгек менен!

## ТОЛКУНДАТАТ

Бийик аска бүркүт учуп жетпеген,
Адам ашып ошол тоодон өтпөгөн,
Жазуу көрдүм жалама аска бетинен
Бороон-чапкын болсо дагы өчпөгөн.

Жазылган сөз «Биздин гений Ленин,
Орундаткан эмгекчи элдин тилегин».
Кандай адам кантип барып жазды экен,
Толкундатат көргөндөрдүн жүрөгүн!

## КҮН ЧЫГЫП НУРУН ЧАЧКАНДА

Күн чыгып нурун чачканда,
Ашуудан бери ашканда,
Түндө ойногон жылдыздар
Түрүлүп күндүз качканда,
Шүүдүрүм шибер аралап

Сулуулар бара жатканда,
Күн күлүңдөйт кубанып
Комбайн буудай чапканда.

Күн чыгып нурун чачканда,
Жигиттер ишке шашканда,
Амалы менен көмкөрүп
Койгондой бийик асман да,
Күч алып тунук булактар
Күү чертип туйлап акканда,
Күн күлүңдөйт кубанып
Ысык-Көл толкуп ташканда.

Күн чыгып нурун чачканда,
Буу чыккансыйт таштан да.
Ачылган гүлдү ардактап
Аарылар даамын татканда,
Абамдар иштеп багында
Аралап жемиш какканда,
Күн күлүңдөйт кубанып
Нур тагып ырлар жазганда.

## ЫСЫК-КӨЛ СИМФОНИЯСЫ

Асманда булуттарды шамал айдап,
Жер бети ачылган гүл толгон жайнап.
Бак ичи шандуу шайыр баштан аяк
Күкүктөр күүгө кирип, булбул сайрап.

Күмүштөй көбүктөрүн күүгө кошуп
Ысык-Көл, симфония чалды тандап.
Колумда эки калак эп келишкен,
Бараттым толкун менен кайык айдап.

Күлүдөнөт шарпылдады Ысык-Көлүм,
Кубанып кабыл алды мендей теңин.
Баратты оң жагымда ырын ырдап
Эки кыз, жалгыз жигит, толмоч келин.

Жыбырап сан жетпеген тамчылары
Кубантып кызыктырат кыргыз жерин.
Көл жээги, кээ бир жери өр бийик,
Чокусу булуттарга турат тийип.

Толкундар көтөрүлүп урунганда
Өзүнчө симфониядай тилге кирип
Көл жээги, кээ бир жери токой калың,
Угасың куштар билген күүнүн баарын.

Ысык-Көл симфония күүсүн ойнойт,
Акындар мактагандай сүйгөн жарын
Бир жагы кенен жайлоо керилгенден,
Сонун жер Сырттын өзү дедиргендей.

Бүлдүркөн, кожокаттар мөмө байлап,
Чырмооктор кыз чачынан өрүлгөндөй,
Айланта көз жүгүртсөң кенен көлгө
Түбөлүк жан досуна берилгендей

Кээ бир жээк кум шиленген жаны бардай,
Кызарат жүрүп турган каны бардай
Кечинде маяк күйөт кабак ачып
Асманда алоолонгон алтын айдай.

Баратам ошол жээкке чыгайын деп
Жигиттер, келин-кыздан артта калбай.
Кел ырдайт, обон салат толкун ташып
Кыякты же комузду колуна албай.

Ошондо мен ойлонуп жазган ырым,
Билемин сүйгөнүмдөй көлдүн сырын
Угулат кулагыма барган сайын
Достук дейт симфония айтсам чынын
Чарчабаптыр чалышган көлдүн күүсү
Эсепсиз өтсө дагы нечен кылым.

Көлүмө көз жүгүртсөң көркү сонун,
Ыр жазсам ал жөнүндө талбайт колум.
Каз катар кагазыма түшө берет,
Түбү жок түгөнбөгөн менин оюм.
Бараткан элим менен көлүм менен
Балбылдап дайым жарык менин жолум.

Талбагын, симфония чала бергин,
Ысык-Көл музыканты далай көлдүн.

## ГҮЛЧӨ МЕНИН СҮЙГӨН ЖЕРИМ

### Биринчи ыр

Адырлары гүлдөн мончок таккандай,
Кол алышып сүйгөн менен баскандай,
Качан барсаң көтөрүлүп көңүлүң,
Ырга кошуп анын толкуп жазгандай.

Аскасын көр, бийиктиги билинбей,
Бактар өсөт барыкталып тигилбей
Жапайы өрүк жайнап турат тоосунда
Шамал жүрсө өзү түшөт күбүлбөй.

Күчкө кирип дарыянын акканы,
Күн нурумдай чагылышып жатканы.

Өтпөс жерден өз эркинче жол салып,
Шаркыратма мекен кылган асканы.

Кубандырат кыздарынын күлгөнү,
Эр жигиттер – күжүрмөндөр сүйгөнү.
Жанга кирди, Гүлчө күлдү күүлөнүп,
Тилге кирди, тиктеп мага сүйлөдү.

Кенен жери Тогуз-Булак, Кең-Жылга,
Заңгыратып ак мектепти салганбыз.
Өскөн жердин өмүр жолун көрүүгө
Өкүнбөстөн өрдөп чыгып барганбыз.

**Экинчи ыр**

Кол булгап кызыл жоолукчан,
Чакырып мени ырдаган.
Бал каймагын аябай,
Кадырлаган сыйлаган.

Суулар барган жеринен,
Кол сунуп мен да көрүнгөм.
Суктанып турган сулууга,
Жүрөгүм менен берилгем.

Тамаша кылып сөз айтып,
Гүлдөрдөн тандап теремин.
Белек кылып өзүңө,
Берекем деп беремин.

Жогору жагы Буудалык,
Кармачы колдон чыгалык.
Кадимкидей ырдачы
Карындаш үнүң угалык

Гүлдөрдөн терет күлүңдөп,
Өрүлгөн чачы бириндеп.
Кубандырып жүрөктү,
Жай баракат айтып кеп.

Келиндери Гүлчөнүн
Керилип  чыккан кызыл тал.
Кыздарын көрсөң бир сонун?
Кыйын болсоң сүйүп кал.

Жигиттери сөзгө бек,
Чечен болот чалдары.
Байбичелер барыктуу,
Элпек болот балдары.

Гүлчөгө барсам жашарам,
Күлүңдөп күндө жыргаймын.
Күнчүлүк алыс жүрсөм да,
Гүлчөнү кошуп ырдаймын.

**Үчүнчү ыр**

Жошолуда Тектир-Таш,
Тебишип ойнойт өрдөк, каз.
Бетегеси теңселет
Берекелүү келсе жаз.

Жер соорусу Там-Башат,
Там-Башаттан суу ташат.
Көтөрүлүп көңүлүм,
Көргөндөрүн бүт жазат.

Гүлчөнүн үстү Ынтымак,
Ынтымактан ыр чыгат.

Барып калсам быйыл жаз
Баарынан артык сыр чып ат.

Ийри-Суу алды капчыгай,
Үйрөнүп сөз айтчуудай.
Кадырлашын ээрчитип
Кадырлап жигит басчудай.

Камыш-Башы, Бүргөндү,
Көргөнбүз анда күлгөндү.
Жигит кезде жүргөнбүз
Колунан кармап сүйгөндү.

Кабылан көл Кара-Көл,
Кайыкка минсең мында кел.
Эртели кеч эркелейт,
Бетинден сылап салкын жел.

Кызыл таштуу бүлөлүм,
Кыйкырып ойноп күлөмүн.
Кызыктуу жер Гүлчөнү,
Кыз сүйгөндөй сүйөмүн.

## ЖАШТАШЫМА

Чач агарып, бетти бырыш басса да,
Бизди мактап ар ким сүйлөп жатса да,
Кыркка келди олтурабыз партада,
Жазуу жазып дубалдагы тактага.

Өзүбүз карт, билимибиз – жаш бала,
Чачы кундуз, бир агы жок капкара.
Окуй биргин, мен да окуйм жан досум,
Он бештеги кезибиздей  шаттана.

Көп окуган турмуш сырын билишет,
Биздин элдер окуганды сүйүшөт,
Терезеден карап коюп бөбөктөр,
Эмнегедир жылмайышат, күлүшөт.

## АШЫК БОЛДУ

Кыз көрдүм сулуулугу күндөн ашкан,
Көргөндө кубангандан жүрөк ташкан.
Жаркырап жаш сулуу кыз жылмайганда,
Жаадырап кошо күлдү ачык асман.

Гүл күлдү, дарыялар, суулар күлдү,
Көлдөгү сүзүп жүргөн куулар күлдү.
Сулууга суктангансып, салам айтып,
Ак кайың жапырылып башын ийди.

Кыз дагы көл жээгине күлүп барды,
Кылаңдап тунук сууга колун салды.
Пейли кең Ысык-Көлүм көпкө тиктеп,
Ал кызга ашык сымак тунуп калды.

## БОЛОР ЭЛЕҢ ТАБЫЛГА

Ырдар элем сен ырдаган чагыңда.
Булак болсоң, мен бетимди тийгизип,
Бутак болсоң, өзүм желди жүргүзүп
Эркелетип сылаар элем багымда.

Арча болсоң өмүр өчпөс көгөргөн,
Бүчүр болуп турар элем шагыңда.
Сени бмрөө отун кылам деп айтса,
Күйөөр элем өзүм барып жалынга.
Колду берсең түбөлүккө сендик деп,
Болоор элең жакшы ырымдай табылга.

* * *

Асмандап учкан ак чардак,
Акактай көлдүн ынагы.
Караңгыда нур чачкан
Көрүнгөн маяк чырагы.
Толкундун күүлүү добушу,
Толгонуп тарткан кыялы,
Сүйүүнүн бийик тоосуна,
Салалы бирге кыяны.
Кол кармашып түбөлүк,
Кыя менен чыгалы.

## ТАТЫНАКАЙ БИР КЫЗГА

Май айы гүлдөп көгөргөн,
Жер бети кайра төрөлгөн,
Берилип оюм өзүңө
Элесиң келди көзүмө

Көпөлөк болдуң гүлдөгү
Көгүчкөн болдуң үйдөгү.
Булак болдуң тоодогу,
Барчын болдуң зоодогу.

Жомок болдуң айтууга,
Ыр болдуң кызык жазууга.
Ичүүгө тунук суу болдуң,
Кармоого көлдө куу болдуң

Калем сап болдуң колдогу,
Максатым болдуң ойдогу.

## ЧЫГА АЛАМ

Кубандырат
Желкеңди жаап чачтарың,
Карлыгачтын канатындай каштарың.
Барыктаймын,
Бара албаймын үйүңө
Сен тургандай чокусунда асканын.
Көргөн сайын
Көздөрүңө кубанам.

Сүйөм сени, бирок өзүм уялам.
Аскага эмес,
Асманга учуп кетсең да
Амалын  таап, шатысы жок чыга алам.

## АР ДАЙЫМ

Куттуктаймын,
Туулган күнүң болуптур,
Телеграмма үйүңүзгө толуптур.
Стол үстү батпай турат тамак-аш,
Каттар менен  гүлдестени коюптур

Чыгыптырсың 25 жашка жалжалым,
Куттуктадым, колуңду бек кармадым.
Көзүң  кандай, өзүң кандай сүйкүмдүү
Бололучу бугүнкүдөй дайым

## СЫЙНАШ

Көптөн бери
Эркелетем, сени Сыйнаш.
Сүйгөнүн
Жактырганын эч ким кыйбас.
Өмүрүбүз кошулбай өтсө дагы,
Сонун го урматташып адам сыйлаш.
Гүлүмсүң,
Ардагымсың, алтын Сыйнаш.
Түбөлүк
Түркүк болуп эч ким турбас.
Өмүрүбүз кошулбай башка өтсө да,
Унутулбайт жаш кезекте жүргөн курдаш.
Бубак басты,
Чачыбыз аппак, Сыйнаш.
Билбеген,
Айткан сөзгө такыр турбас.
Каарылыкка жол бербей жаштай болуп
Жашай бер кыздар менен бирге ырдаш.
Ай элең,
Караңгыда жарык, Сыйнаш,
Түшүнгөм,
Түшүнгөнгө жолтоо кылбас,
Арнагам, ашык болгом, ырлар жазгам,
Окугун, обон салсам кошо тыңдаш.

## ЫР АРАЛАШ ГҮЛ БЕРИП

**(Алля Анаровго)**

Жер ойгонуп жаңыдан таң атканда,
Кыр-кырларга күмүш нурун чачканда,
Түндө көпкө жамгыр жааган шыбырап,
Азыр чымчым сур булут жок асманда.

Талаа бети жашыл сыя төккөндөй,
Абасы атыр жалбыз чачып кеткендей.
Маңдай жакта көлөкөлүү кара тоо,
Килем жапкан кызыл буура чөккөндөй.

Ошол тоонун саймалуу этек жагында,
Чоң колхоздун алмасы бар багында,
Орнотулган ойдогудай эстелик,
Көрк берет ал аравандык айылга.

Эстеликтин өткөн ошол тарыхын,
Баяндайын элдик мурас, салымын.
Ыр кирпичин ирет менен куяйын
Өзгөртпөстөн өлчөм менен калыбын.

Чигит экти, ар бир түбүн санады.
Өнгөн сайын өз жанындай карады.
Аркүн сайын ардактады, сыйлады,
Ата кандай сүйсө жапжаш баланы.

Чөбүн терди, күрүчтөн таш тергендей,
Суу сугарды эне сүтүн бергендей,
Күткөнүндөй чигит чыкты көбөйүп,
Жер алдынан  мейман болуп келгендей.

Жер жумшартып койра дагы сугарды,
Иш аранан иш көбөйүп уланды.
Чанак алды түйүлгөндөй топ жаңгак,
Сврокего бол байланды, кубанды.

Чекан калап ар бир учун пахтанын,
Байкап көрүп чанак толгон шактарын,
Өзү болгон агроном өзүнө,
Карап туруп ыраазы болдум бакканын.

Күз да келди жумуш күчөп кайнады,
Гүлүн ачып тумандады, жайнады.
Ар биринде көңүл тоер сүйүнүч:
«Эх, канчадан болоор экен салмагы?»

«Аракетсиз түшүм өзү келеби,
Чанак койбой пахтаны арбын терели!
План толсун эң railinde жүз элүү,
Ак алтынны өлкөбүзгө берели»

Деди Алля терим ишин улантты,
Айткан сөзү ар адамды кубантты.
Бекер жүргөн уйкуга мас жалкоону,
Бетине айтып эл ичинде уялтты.

Келди Октябрь кызыл туусу кылкылдап,
Эрди сынап эчен түрлүү сыр чыгат,
Аткарылган пахта терүү планы,
Майрам шаңдуу үнү бийик ыр чыгат.

Ар гектардан токсон сегиз центерден,
Мындай түшүм мындан мурда ким көргөн,
Куттукташып, Алля акени ар кими,
Эмгегине сыймыктанып кол берген.

Ошол жылы гүлгө бөлөп айылды,
Күн нурундай жаңы кабар жайылды
Эмгегине экинчи алтын медалды
Алля акебиз ардак менен тагынды.

Орнотулган ошондогу эстелик,
Ырга коштум өзүм барып көз көрүп.
Учурашып, амандашып, өбүштүм,
Алля акеге ыр аралаш гүл берип.

## ЖҮРӨК СЫРЫН ЖҮРӨК БИЛЕТ

Жүрөк күйсө
Жүрөк сүйсө,
Ырдап сүйөт.
Чындап күйөт.
Жүрөк күлсө,
Сындап күлөт.
Жүрөк сырын
Жүрөк билет.

## КРЕМЛЬ КОШО ЫРДАДЫ

**(Фестивалдын лауреаттары – комузчулар ансамблине)**

Он эки жигит, үч келин,
Саймалуу кийим  кийгени.
Ортого чыгып баарысы
Оң жендерин түрдү эми.

Комуздар сүйлөп шаңкылдап,
Кремль кошо ырдады.

Черткен сайын шартылдап,
Назик күү элди сыйлады.

Жарыштырып алыстан,
Жүз жоргону салгандай
Тегиз бөлүп даанышман,
Байгени күлүк алгандай.

Таңданышып көргөндөр,
Таазим кылып угушат.
Бүт дүйнөдон келгендер
Каз-катар карап турушат.

Бирде комуз капталда,
Бирде комуз артында.
Таң кала берсин бүтдүйнө,
Талыкпа, комуз, шартылда.

Кээде аккан суу болуп,
Кээде учкан куу болуп,
Чертилип жатты жарышып,
Кээде талаш, чуу болуп.

## ҮЙЛӨНҮҮ ТОЮНДА

КөргөзмөМосквада сонун жерде,
Кай убак барсаңдагы толгон элге,
Жайлоонун салкын жели жүргөн сымак,
Чыккансып гүл жайнаган бийик белге.

Атылып көктү карай тунук булак,
Күн дагы шоола чачып күлүп турат.
Келиптир жер шарынан шайыр жаштар,
Фестиваль баарыбызга бирдей ынак.

Чайхана эки кабат үстү чатыр,
Коон тоюн өзбектер берип жатыр
Ортодо шаркыратма мөлтүр тунук,
Чачкансып айланага жыпар атыр.

Кыз тоюн берген экен грузиндер,
Бийлешсе кол шакылдап, дүңгүрөп жер,
Таңданып жер шарынын улан, кызы,
Куттуктап кыздын тоюн жатканын көр.

Дасторкон түрдүү жемиш, жүзүм толгон
Анарын, апельсинин арбын койгон
Барганды кыз, күйөөлөр колдон кармап
Ардактап тосуп алат орто жолдон.

Бул жерде орус, кытай, англичан,
Келишкен АКШдан, Индиядан.
Негрлер, ирандыктар күлүңдөшөт,
Кыз, күйөө тойлоруна калышып таң.

Куттуктап японduктар ырдап жатты,
Арабдар көргөнүнө жыргап жатты.
Кара каш, кырдач мурун француз кыз
Күйөөгө тийгендерге гүлдөн такты.

Той башкарган эрке бала берип белги,
Ортого испандык кыз басып келди
«Жаш келин, сүйгөн жигит жашасын» деп,
Жүрөктүн сүрөтү бар желек берди.

Москвалык жигитке келди кезек,
Отургандар кол чабышып, ырда дешет,
Ышкырып ошол жерде күүсүн чалды,
Кыл кыяктай созолонтуп жүрөктү эзет.

Торт жигит үйлөнүшүп той беришти,
Айтышып элимдеги көп жеңишти
Кыргыздар комуз чертти ошол тойдо,
Толкутуп жаткан сындуу көл, деңизди.

Ырдашты аягында тынчтык ырын,
Айткандай кең ааламга достук сырын.
Мындагы бүткүн дүйнө жаштарына
Таңданып карап турду биздин кылым.

* * *

Бубак баскан чачымды,
Шылдыңдап келин асылды.
Картайып калдың аке деп,
Көбөйттү менин жашымды.

Анда мен күлүп сүйлөдүм,
Адашып, келин, жүрбөгүн,
Карылык, жаштык чачта эмес,
Кара көз сулуу, билбедиң.

Карт арча жашыл көрдүңбү,
Мен дагы жапжаш бойдонмун.
Жагалдамган жаштыкты
Жүрөккө  катып койгонмун.

## БИЗДИН ЖАЗГАН ЫРЫБЫЗ

Кайда сенин жаштыгың,
Деп сурады сулуу кыз.
Ошол кызга жооп кылып,
Биздин жазган ырыбыз.

Менин тентек жаштыгым,
Сенин сулуу бетиңде,
Жаркыраган жакшына
Жоодураган көзүңдө.

Менин тентек жаштыгым,
Төшүңдөгү гүлүңдө.
Экиленткен жүрөктү
Эң биринчи сүйүүңдө.
Менин тентек жаштыгым,
Серпилиңки кашыңда,
Ойноп жүрөт жашынмак
Оромол кара чачыңда.

Менин тентек жаштыгым,
Сенин назик колуңда,
Керек болсо издеп тап,
Күндө баскан жолуңда.

## КҮЗ

Күз!
Ош шаары
Бак-дарактардын жалбырактарын карачы
Өрт жалбырттап баратакдай,
Күн болуп арачы
Жел талашат,
Түшүрүп жалбыракты
Жалбырактар учат, сызат, конот.

Жөнү жок, максаты жок шашты.
Жел токтоду.
Жалбырактар кыймылсыз кучакташып жатты.
Тигине терек

Тагынгандай күндүн нурун өзүнө.
Тоскон сымак айды кармап бетине,
Көтөрүлүп көңүл салып карачы,
Жалбыракка түшкөн жолдун четине,
Тамырлары сансыз эсеп жетпестей,
Какпайт эми Жалбырактар жаны жок,
Тамак берген ак мөлтүрөк каны жок,
Төкпөйт жашын Аны эч ким эстешпейт,
Күз келди.
Гүлдөр турат теңселип
Бирин-бири карашат.
Тиктешет,
Издешет,
Бүкүрөйүшөт бараткандай эңкейип,
Гүлчө,
Ким болбосун ашык,
Булбул да сайрабайт жашып,
Тили каткан,
Ыйлабайт жамгыр жашык.
Гүлгө ашык,
Күз жыргатат берекесин чачып.
Күз
Табыйгаттын тамашалуу айы,
Жемиш жаны,
Түшүм жаңы,
Ак төөнүн карды жарылып
Аккан майы.
Башкача
Эмгектин жытындай наны,
Күздүн ширесиндей даамы,
Тигине гүл,
Жайнап турат короодо,
Ал гүлгө баш ийген жок кулпунат,
Шамал аралап
Тартипти бузат жулкунат,
Гүлдөр баш ийбейт,

Өмүрү узун алардын
Алга,
Алыска,
Айга жашоого умтулат.
Ал гүл,
Кыз естүргөн гүл
Жүрөктөрдү тыңшайт,
Бузулгусу жок,
Таптаза,
Көр,
Арала ушундай
Турат бузулбай,
Кышында көрсөң да жыргатат
Жүрөгүңдү эзгилеп.
Туйлатат.
Кыз өстүргөн гүл
Аяз да,
Чилде да,
Токсон да
Мактап ырдашат.
Күз,
Кыш,
Жаз,
Жай.
Турмуш,
Турмуш кызык!
Түшүнсөң, башкара билсең жыргатат
Күз,
Түшүнсөң, түшүнсөң күз,
Түшүнбөсөн, түз!
Турмуштун көлүндө чабак ур,
Бирде тумчук, бирде чык,
Балыктай сүзбө
Адамдай, адамдай сүз!
Ошондо жеңилбес, көрүнбөс,
Бөлүнбөс, Төгүлбөс күч!!!

## ЭСИМЕ ТҮШТҮ

Менин эсиме түштү,
Согуштун оор жылдары,
Таңдайым катып
Тамчы суу жок кургады.
Оң бутума ок тийгенби
Кара кочкул кан агат.
Тынбады,
Кыштын суугу
Бороон боздоп
Аяз кошо ыйлады.
Оң бутумдун манжалары
Кычышкансыйт, ачышкансыйт
Бар го дедим
Манжалардын сынганы.

Көтөрө албайм
Оң бутумду, кыйнады.
Сыйпаласам колум менен
Үзүлүптүр тиземден
Кармалаймын, кайсалаймын
Жок бутума ишенбейм.
Жалгыз жатам, түн караңгы
Ай, жылдыздар көрүнбөйт,
Октор учат, көктө сызат,
Суук күчөйт, ышкырат,
Качкан сымак денемден
Күч-кубат,
Жата бердим, жыла албадым,
Бир жерден,
Таң атат да
Таарынгансып күн чыгат.
Октор, оттор,

Снаряддар атылды,
Учкан чымчык корголоду
Мени көздөй шашылды.
Койнума кирди
Дем бергенсип жашымды
Менин оюма түштү,
Согуштун оор жылдары,
Болсо тынчтык түбөлүк
Адамзаттын –
Майрам шаттын
Жашай берсин жыргалы!

**ИЗИБИЗ**

Биздин изибиз жерге батып кала берет,
Аны неберебиз,
Чөбүрөбүз көрөт.
Аталардын, энелердин эмгегине
Көңүл бөлөт,
Өбөт.
Изилдешет изибизди тарыхтан,
Биздин изибиз
Эмгектин, күрөштүн изи –
Курч соко жерди тилгендей,
Чагылган тешип киргендей.
Изибизди үйрөнбөй
Ишибизди билбейт,
Биздин изибиз жөнүндө
Тары өзү сүйлөйт.
Биздин изибиз уюлда,
Бороон-чапкын боздогон куюнда.
Октябрдагы күрөштө,
Партия баштаган жыйында.
Дыңды бузган талаада,

Өз колубуздан бүткөн калаада
Биздин изибиз
Котмспдосеи, да кетпейт,
Аны өчүрүүгө күч-кубат жетпейт.
Биздин изибиз
Коммунизмге бараткан жолдо,
Жумушчу-дыйкан орок-балканы
Бекем кармаган колдо!

## КҮНСТАН

*(поэма)*

Кыргызым өзүнчө бир кызык китеп,
Барагын ачкан сайын көзүм түшөт.
Билгенди дастан кылып баяндайын,
Достукка ырдан белек даярдайын,
Эмгектеш эриш-аркак, элим күтөт.

* * *

Ата-журт мен төрөлүп учкан уям,
Адыры ырдан бүткөн, сансыз кыяң.
Асман тиреп Алайым, Тянь-Шаным,
Киндиктеш сени менен «аным, жаным,
Сагынсам саякаттап күндө чыгам.

Нур төккөн бакыт көлү Ысык-Көлүм,
Пейли кең мал чардаган жайлоо, төрүм,
Кышымдар ата-журту кыргызымдын,
Ала-Тоо бак таалайы уул, кызымдын,
Кучактап өпкүм келет алтын жерин.

– Ала-Тоо кайсыл жер,–дейт билген баркын
Асты-үстү, кокту-колот толгон алтын.
Кышында кылчылдаткан суугу болбойт,
Ысык-Көл өмүр бою муздап тоңбойт,
Аптаптуу саратанда аба салкын.

Кенен Чүй, Кең-Кол, Талас өрөндөрүң,
Ош, Алай, Ак-Сай, Арпа кенен жериң.
Жоо колун жолотпостон айдап чыккан
Жортуулдап душман тийсе туусун жыккан
Эр Манас, дал өзүңдөн менин демим.

Ала-Тоо акыйкат тоо баркың бийик,
Ардактайт кыргыз эли сени сүйүп.
Чер токой, жаңгак токой, жашыл токой.
Кыргызым кымкап кийди чечип чочой,
Жыргады октябрдын нуру тийип.

Ата-журт кадырыңды билем, билөм,
Энемдей эркелеймин, сени сүйөм.
Талааңа тандап сөздөн сайма сайып,
Талантым тоолоруңа сөйкө тагып,
Чөлүңө жалаң ырдан соктум килем.

Ата-журт берекенин кениндейсиң,
Энемдин ак пейилдүү демишдейсиң,
Атанын ардактаган баркындайсың,
Балаңдан эч нерсени тартынбайсың,
Орустун улуу көсөм элиндейсиң.

Ата-журт көркөмүнө жетпейт ченем,
Момунтип кичинемде айткан энем:
«Ук балам, жүрөккө түй болсун эсте,
Эмгектен элден чыкпа, жерден кетпе,
Ата-журт күзгү тунук сүйүү» – деген.

**II**

Кыргызым эмне көрбөдү,
Көзүнүн жашы көлдөдү.
Жокчулук минип жонуна,
Эркиндик тийбей колуна
Бак-таалай эч ким бербеди.
Багы ачылбас эл болуп,
Бай-манапка жем болуп,
Эсеби жок эзилди,
Жокчулук алын кетирди
Кол сунган эл жок бел болуп.

Ар кайсы жердс адашып,
Мал жайып таман канатып,
Башка түшүп кыйындык,
Пайдаң жок элге тыйындык
Эркиндик келбей таң атып.

Өйдөлөбөй жүдөдүк,
Өксүчүдөй түбөлүк.
Окуп билим ала албай,
Ойдогуну таба албай,
Өмүрү өңү түнөрүп.

Кыргызды кимдер эзбеди,
Кыдырып жерин тепседи.
Эр Табылды аттанып,
Аялдан Жаңыл мактальп,
«Ала-Тоо биздин чеп»,– деди.

Көпөлөкчө санабай,
Көп болгон бизди таламай.
Калмактар басты качырып,

Көбүбүз жүрдүк жашынып,
Көп күнөөлүү баладай.

Кудаяркан кутурду,
Чаап элимди жутунду,
Пишпек, Ошко чеп куруп,
Менин жерим деп куруп,
Ач көздөндү жутунду.

Кыйналды кыргыз, талыкты,
Көбөйттү хандар салыкты,
Малы жок болсо кыз алып,
Айылды өрттөп, чуу салып,
Аябады карыпты.

Тентиди кыргыз топтолуп,
Токтогул кетти соттолуп.
Көзүнө ажал көрүнүп,
Кабыргасы сөгүлүп,
Ар кимдер тийди шоктонуп

Анда Током муңданып,
Комуз чертип үн салып:
– «Айланган тоонун бүркүтү,
Ак жерден торго чалындым.
Комузду күүгө келтирген
Колума кишен салындым.

Ойлонуп түшкө кирбеген
Көркоолорго багындым
Айланайын тийбе деп
Айласыздан жалындым,
Кысталгандан өлсөм дейм
Кымбатын кыйбай жанымдын

Зарлантып койгон күнөөсүз
Заманага таарындым».

Ушинтип Током ырдаган,
Өз элин өзү кыйбаган,
Колуна кишен салынып,
Ансайын үнү жаңырып
Замананы сындаган.

Кейпи кетип элимдин,
Гүлү чыкпай жеримдин,
Капаска салып жокчулук,
Карматпай качты токчулук,
Бүткөнсүп суусу өмүрдүн.

Ушундай кыйын турмушта,
Эркиндик келди кыргызга,
Бак-таалай берип Ленин
Кубантты кедей жүрөгүн,
Курдуруп мектеп уул-кызга.

**III**

Айдалып азап-тозок алыс кетти,
Кыргызым кызыл туулуу күнгө жетти.
Ленин таалай жолун өзү баштап,
Партия эмгекчини, бизди жактап,
Эркиндик эзилгенге нурун септи.

Анда биз кыр-кырларда жүргөн элек,
Кабарын жаңы доордун билген элек
Биригип-биргелешип айыл конбой
Башынан акыл айткан адам болбой,
Таар чапан, жаргак шымды кийген элек.

Ошондо Жукеев чыккан бизден,
Большевниктер тобунда тайбай изден.
Ленининдин Смольныйда сөзүн угуп,
Түшкөн экен сүрөткө бирге туруп,
Орустан таалим алып акыл түзгөн.

Жукеев Ленинден тапшырма алып,
Ишинен илгерилеп элге жагып.
Кымбаты кыргызына өзү келди,
Элине эңсеп жүргөн кабар берди,
Айылга албырттатып тууну тагып.

Кыргыздар орус менен алга басты,
Достошту, улуу эл менен саламдашты.
Жер, суугa кедей-дыйкан бийлик кылып,
Эмгекке эркек-аял бирге чыгып,
Күчтөрүн жаңы доорго даярдашты.

Айылга заңгыраган мектеп салды,
Окуугa кары-жашы баары барды.
«Эркин-Тоо» миң нускалап элге тарап,
Билимдин өчпөс оту күндө жанат.
Жар салып Октябрда аткан таңды.

Баш ийбей басмачылар колун топтоп,
Бийликке каршы чыгып мылтык октоп.
Кол салды Алай, Гүлчө, Араванга,
Ноокатка, Баткен, Өзгөн, Караванга,
Жети баш жерден чыккан каракчы окшоп.

Фрунзе басмачыны жексен кылып,
Аттанды Логвиненко, Кутан чыгып.
Саякбай, Барманастар жоокер болуп,
Кыргыздын эр Манастай күчү толук,
Коргошту жерибизди чепте туруп.

Жеңишти Токтогулдар ырга салып,
Комузун шаңкылдатты акын Калык.
Осмонкул, Алымкулдар тилин безеп,
Ырдашты эл ичинде келип кезек.
Таң калды кыргыздарга кары тарых.

**IV**

Күндөр өттү мегил элге багынып,
Тоо этектеп толгон кыштак салынып.
Кыргыз кылдат колхоздорго биригип,
Кары-жашы сыймыктанып сүйүнүп,
Чындык – достук элибизде жаңылык.

Бакыт күлүп жаңы кыштак конуштан,
Бөбөктөргө бакча куруп коюшкан.
Ак дасторкон достор келсе жайылып,
Учурашып бирин-бири сагынып,
Тууган тапты жаңы кыргыз, орустан.

Кыргыз жери аябады байлыгын,
Ачып койду берекелүү сандыгын.
Кампа толуп, ороо толуп эгинге,
Айыл ичи той-тамаша кээ күндө,
Дайыны жок жылаңайлак жарданып.

Кызылчадан алгандар көп мол түшүм,
Шайырбүбү жумшап жатты бар күчүн,
Бүт дүйнөгө атак-даңкы тарады,
Тезекбайдын тегерек бет жамалы,
Эмгек менен таң калтырып жер жүзүн.

Жылкы багып Соркобоов Аалыбай,
Жылда күчөп жүрөк күчү арыбай.
Бакыт татып балбылдаган доорунан,

Орден алып Калининдин колунан.
Кайсы кыргыз калды аны таанытбай.

Түштүк жакта арбын-арбын пахта өсүп,
Алма, өрүгү кырка катар шакта өсүп.
Себет толо мөлтүрөгөн жүзүмдөр,
Элибиздин албан-албан күчүн көр,
Отурукташып жаңы айылга бүт көчүп.

Шаар курулду тоо ичинде шаң менен,
Гудогу да кабар берип таң менен,
Өздөштүрүп техниканы, билимди,
Биздин колдон машиналар жүгүрдү,
Кайсы өнөрдү өздөштүрсөң жол кенен.

Фрунзеде басмакана ачылып,
«Кең-суу», «Темир» романдар басылып.
Том-том болуп Лениндин сөздөрү
Кыргызымда кылым билбес өзгөрүү,
«Кандуу жылдар» жаткан кези жазылып.

Чыгып жатты Токтогулдун ырлары,
Жоомарт, Жусуп, Мукайлардын жыйнагы.
Кубанычбек, Темиркулдар сүйүнүп,
Газетага ыр беришип жүгүрүп,
Жаңы турмуш, жаңы доорду ырдады.

«Ажар» кетти батыш, чыгыш тарапка,
Мындай мезгил болгон эмес адатта.
Касыкемдин чебердигин баяндап,
Абдырасул «Какшаалдан кат» даярдап,
Жакшы жазсаң жалпы элге жагат да.

Анда жигит биздин артист Муратбек,
Театрда оюн коюп курат кеп.

Беш көкүл кыз Бүбүсайра,
Сайралар Мыктылары өз ишинен тандалаар.
Таланттуулар кыргызымда өсөт көп.

Муратаалы кыл кыягын сүйлөтүп,
Шаршен куудул эл арасын гүлдөтүп,
Жаш таланттар өнөр үчүн чамынып,
Артист келсе айыл ичи жаңырык,
Ар бир үйдө патефонду сүйлөтүп.

Өсүп жатты кыргыз туш-туш тараптан,
Өнөрү бар, өлкөсү бар канатчан.
Жеңиштердин кызыл туусу желбиреп,
Он беш жылдык тоюн кыргыз белгилеп,
Лениндин жолу менен бараткан.

**V**

Согуш чыкты кара кейнөк кийинип,
Жердин бети өзүнчө бир чимирик.
Күрүлдөгөн танка миндик ат кылып,
Күндө күчөп ажал учат каткырып,
Жоого чыктык куралданып түрүнүп.

Чагылгандай октор учат жарышып,
Күн ыйлады коздөн жашын агызып.
Алай-дүлөй Европа чаң тополоң,
Гитлер чыкты желмогузга окшогон,
Самолеттор жин тийгендей кагышып.

Эки жак тең бирин-бири аябай,
Өлгөнүнө – көмгөнүнө карабай,
Орус менен бир катарда туруштук,
Жан талашып, күч талашып уруштук.
Өмүрлөргө болуп жаңы таламай.

Бомба түштү адыр-тоолор дүңгүрөп,
Жер ыйлады капа чегип күңгүрөп.
Суукта калып чыйрыккандай кайың, тал,
Табыйгат да бул согушка калып дал,
Москвадан жаңы кабар билдирет:
Баатыры көп күч сынашкан турмуштун,
Чабан жигит Чолпонбайы кыргыздын.
ДЗОТту жапты калкан кылып денесин,
Ата-журтту сүйгөндүгүн көрөсүң.
Душман чебин күчүң менен ыргыттың.

Чабуул коюп Москвага туш-туштан,
Талкалайм деп кара ниеттүү күч кыскан.
Жыйырма сегиз баатыр уулу кыргыздын
Намысы үчүн ата-эненин, уул-кыздын,
Күчтү тороп, ажал бүркүп окко учкан.

Мындай укмуш болгон эмес адатта,
Кандуу майдан Сталинград тарапта.
Күнү-түнү атышкандан тыным жок,
Мөндүр сымак  жаап жатты аткан ок,
Сынайт экен, чыдайт экен жаракта.

Орус менен кыргыз кошо куралдаш,
Орус күчүн эч кандай күч жыга албас,
Жеңишке деп партия ураан чакырды,
Жер дүңгүрөп катюшалар атылды.
Чындык-достук биз менен бир ураандаш.

Кан кечирген жыйырманчы кылымды,
Желдет туусу баш көтөрбөй жыгылды.
Кол куушуруп Павлюсу баш болуп,
Ой-тилеги жансыз кара таш болуп,
Дары сепкен чегирткедей кырылды.
Бул жерде да кыргыз жүрдү кыналып,

Баатырдыгы, балбандыгы сыналып.
Жаркынбаев он танканы талкалап,
«Кол көтөр» деп фрицтерге жар салат.
Семетейдей күч-кайраты чыңалып.

Ленинград от ичинде кан кечип,
Кайраттанат баратса да ал кетип.
Ачарчылык, албуут аяз кычырап,
Бала-чака чоң кырсыкка учурап,
Араң-араң бир үзүмдөн нан жетип.

Ошол кезде текмө Алымкул баш болуп,
Барган эле өз ишине маш болуп.
Азык-түлүк жүктөп алып, туу алып,
Ленинград тосуп алды кубанып,
Кыргыз наны кыйлаларга аш болуп.

Тылда тынбай кайраттуу эмгек майданы,
Бала дагы, кемпир, келин, чал дагы.
Фронт үчүн керектүүнү бүтүрүп,
Чоң жеңишке эмгек менен күтүнүп,
Болгон күчтүболочокко арнады.

Эжем, энем, карындашым, келиним,
Намыс үчүн арнап койду өмүрүн,
Жылуу кийим азык-түлүк чогултту
Кубат кылып бир тууганы орусту,
Урматташып фронттогу шеригин.

Көтөрүлдү бир кишидей биздин эл,
Дүңгүрөдү күч борондой мекен жер.
Кызыл кыргын кара сүргүн бырча-бырч,
Душмандардын сөөгү жатты болуп жыш,
Акты каны кыян сымак болуп сел.

VI

Жеңиш туусу желбиреди жеримде,
Тынчтык турмуш, тынчтык, эмгек элимде,
Айыктырып азап согуш жарасын,
Өзгөрдү эми кыргызымды карагын,
Лениндик кайрат-кубат деминде.

Ата-журтум бекем кармап намысын,
Алга шилтеп Кыргызстан арышын.
Чоң жардамы тийип улуу орустун,
Коммунизм кирпичтерин коюштуң,
Ырга кошом эмгектеги жарышын.

Памир, Алай, боюн керип Тянь-Шань,
Айта берели жеңиштерин сурасаң,
Шаттык бүркүп аиырылып Нарыным,
Жалбырттаган коммунисттик жалының,
Эзелтеден эпкиндеген иши шаң.

Орто-Токой мөлтүр деңиз мелмилдеп,
Чөлгө келип какыраган жер гүлдөп,
Кубат алды кыргыз, казак талаасы,
Көз кубанта көгөргөнүн карачы,
Жанга кирди жашылданып сай сүйлөп.

Ошум пахта берекеси жайнаган,
Чүйүм шекер кант кызылча айдаган.
Тамекилүү, дандуу, малдуу Таласым,
Ата-журттан алтынын ким аясын,
Эмгек туусун көкөлөтүп кармаган.

Ысык-Көлүм– кампа толо эгиним,
Жалал-Абад – жибек түргөн шеригим,
Күч-кубаттуу Ала-Тоолук кыргызым,

Өркүндөгөн өнөрү өсүп уул-кызым,
Орус менен узун болду өмүрүң.

Ар бир жылга, булактары ырларым,
Ачып жатат бийик Памир сырларын.
Менделеев тизген тизме ушунда,
Көрүп алгын коммунизм тушунда,
Ыр кени бар сүзүп алып жыргагын.

Жеңиштериң кантип кетсин эсимден,
Бүт дүйнөгө кыргыз күчү сезилген,
Кыргыз сындуу чебер сөздүү балдары,
Улуу орустун күндө тийип жардамы,
Коммунизм оту күйөт көзүндөн.

Таалай ээси орус кошо сүйүнгөн,
Даам сыза кет татынакай үйүмдөн,
Акын Аалы, жазуучубуз Түгөлбай,
Экөө бирдей академик ишке шай,
Кубат алган Лениндик күнүмдөн.

Кышта, жазда көчөмө гүл жайнаган,
Республикам эркин эмгек кайнаган.
Ленин орден туубузга тагылып,
Кыргыз комуз үнү бийик чалынып,
Шаңга толуп той-тамаша айланам.

Бүт кыргыздар эмгегинен макталып,
Мал өстүрүп, миң тонналап пахта алып,
Алга кетти өнөр жайы кыргыздын,
Нечен завод-фабриканы тургуздуң
Партиянын ишеничин аткарып.

Тагып алып коммунизм жылдызын,
Алгалады эмгек сүйгөн кыргызым.

Нарын ГЭСин куруп койду күлүндөп.
Өзбек, тажик боордошторум сүйүн деп,
Колдоп орус жыргал күндө турмушум.

## VII

Ош-Фрунзе жолун байкап баратам,
Асман менен атаандашат карасам.
Төбөм тийип ак пахтадай булутка,
Бул чоң жеңиш орус берген унутпа,
Оргуп кайнайт булагынан арашан.

Тешип коюп эр жумушчу асканы,
Жаңы туннель көпүрөнү баштады.
Жалаң таштан жалтылдаган кийими,
Дүйнөдө жол ушул жолдон бийиги,
Токтобостой машинанын таскагы.

Башын ийди дарыянын тентеги,
Беттен сылайт салкын желдин элпеги,
Фрунзеден Ошту көздөй жөнөсөм,
Кыргыз жери өзүнчө кенч берешен,
Колдон бүткөн Ала-Тоонун көркөмү.

Кетмен-Төбө, Шамалдуу-Суу, Токтогул,
Атагы ашкан ГЭС курулат токто бул:
Ушул жерде толкуп ташкан көл болот,
Ак куу, өрдөк, тыбыты көп каз болот,
Мындай укмуш келе турган жакьш жыл.

Андан ары Кочкор-Ата, Майлы-Сай,
Сары-Челек, Көк-Жаңгагы кара алтын,
Даңкы кеткен далай жерге бил баркын,
Базар-Коргон, Жаңы-Жолу малга бай.

Алля чыккан ак пахталуу Араван,
Мариямды жолуктурдум талаадан,
Алтын жылдыз тагынышкан кыздары,
Техниканы башкарышкан шык жаңы,
Эли мактап ийгилигин самаган.
Көмүрү көп Кызыл-Кыя, Сүлүктү,
Баткен жатат берип азык-түлүктү.
Андан ары Ноокат, Өзген, Алай бар,
Малчылардан жылдыз таккан далай бар,
Бала кезде чапкан минип күлүктү.

Кыргызстан берекелүү түштүгүм,
Орус берген илим менен күчтүүмүн.
Кезек келди Тянь-Шанга өтөмүн,
Толкуп-ташкан Ысык-Көлгө жетемин,
Ырга кошуп Талас, Чүйдүн түздүгүн.

## VIII

Аалы ырдаган: «Турагы кең Тянь-Шань,
Аскар сындуу эпкиндеген эли шаң,
Эли да шаң, жери да шаң, иши шаң,
Алгалаган томпи монен күчү шаң».
Ленинимзден Октябрда аткан таң.

Байкап көрсөм күрпүлдөгөн Нарынды,
Укkансыймын эч ким билбес жаңы ырды,
Ээрчип алып бирге окуган досторду
Араладым жаңы шаарым Кочкорду,
Аба салкын, кымызы мол жагымдуу.
Жогор жагы Аксай, Арпа, Ат-Башы,
Алтын экен тоодо толгон ак ташы,
Ак-Талаасы, Чолпон, Кабак, Жумгалы,
Ушунда экен Калык, Мидин ырлары,
Бозой жигит, бото көздөр жаттачу.

Ракмата аны элдин сүйгөн баласы,
Төшүндөгү ордендерин карачы,
Айткандары жети жылдык планын,
Райкомдуп катчысынан сурадым,
Ашып ишке эл тилеген санаасы.

Кочкордо экен көп балалуу Телегей,
Пейли кенен Тянь-Шанга энедей.
Мектепте окуп билим алып балдары,
Өзү чабан ат үстүндө жайдары,
Иштеп жүрөт карылыгын кенебей.

Тоо башында Чатыр-Көлү, Соң-Көлү,
Малга бейиш бетегелүү көк төрү,
Бекбекейи безеленип кирсе түн,
Күндүз үйүп күмүш түстүү жибек жүн,
Түшүргөнсүйт ак булутту көктөгү.

Кең Тянь-Шань Байымбетим өскөм жер,
Жүз жылдыгы чоң той болуп өткөн жер.
Молдобасан ошол жакта төрөлүп,
Муса чыккан артист болуп көгөрүп,
Таланттуунун чоң айылы дешкен жер.

Кара-Кумга Нарын суусун берген жер,
Тяншанский, Мушкетовдор келген жер
Пржевальский, казак Чокон кыдырып,
Жазгандары жер жүзүнө угулуп,
Окумуштуу, саякатчы көргөн жер.

**IX**

Бүтөдүңөр кемчиличтин жылчыгын,
Ленинизм илиминен курчудуң.
Коммунизм куруп жаткан үйүңөр

Небереңер, чөбүрөңөр сүйүнөр,
Чоң Тянь-Шань, толо берсин булчуңуң.

Мен ырдаймын Ысык-Көлдүн өрөнүн,
Досторго айтып ушул жердин керегин.
Күндө кирет сексен суунун агымы,
Өзүнчө бир түбү жоктой тарыхы,
Ашпайт, ташпайт билбей койдум себебин.

Көл өрөнү жайда көрсөң толгон гүл,
Жагалданган жаш келиндей сырын бил.
Ал өзүнчө түгөнбөгөн сары алтын,
Чөбү дары, тула бою баары алтын,
Апийимин мактайт элем жетпейт тил.

Сөз түгөнбөйт Ысык-Көлдү мактасам,
Акын болбойм койлуу Тоңду айптасам.
Ар колхоздо элүү миңден, жүз миңден,
Жибек жүндүү мериностон биз билген,
Чыга берет акылдан ыр шашпасам

Ушул көлдүн булуңунда, боюнда,
Дем алганга эсалганга сонун да,
Чолпон-Ата, Тамга, Тосор, Жети-Өгүз,
Колео конок биз аралап өтөбүз,
Ак дасторкон даяр турат жолунда.

Түп, Балыкчы кенен дайым пейили,
Сылык, сыпаа жигит менен келини,
Ошол жакта атагы ашкан Төлөсүн,
Кубанганын качан барсаң көрөсүң,
Мактайм аны, мактайм Сыйнаш жеңени,

Бул экөө тен, малчылардын маягы,
Май тамбаса маяк өзү жанабы,
Койлор төлдөйт жалкысы аз, эгизден,

Малга жайлуу Сырт, Каркыра келишкен,
Иштебесе төшкө жылдыз тагабы.

Келсем кээде Каракол шаарына,
Сыймыктанам сылангандай багына,
Кубангандай курулуштун көркөмү,
Жаңыргандай бүгүнкүдөн эртеңи,
Басып бардым чоң эстелик жанына.

Аска таштан кыргыз тоосу элестеп,
Айланасы арча, кайың терек көп.
Саякатчы орус уулу илимпоз,
Пржевальский жүз жыл бою бизге дос,
Музейине орус, кыргыз келет көп.

Ошол жерден оргуп агып Жыргалаң,
Жаңы заман ырларынан ырдаган.
Көл үстүнде эмгек кайнап пристань,
Келип-кетип пароходдор турушкан,
Кайык минип кары-жашы жыргаган.

Андан ары кереметтүү «Кең суунун»
Булагына суусун канып бет жуудум.
Бала кезде ойноп өсүп Түгөлбай
Башат кечип, балдыркан жеп минип тай,
Ой жүгүртүп учканына ак куунун.

Тоосу токой, айыл ичи кара бак,
Барып калсам сергий түшөм аралап,
Темировка гүл оронгон кыштагы,
Турмуш жаңы, коммунисттик иш жаңы,
Эмгекчи эли таалай менен таранат.

Чолпон-Ата ошол жерде көп күлүк,
Даңазалап айтып жүрөт көпчүлүк.

Жарыштарда чыгып жанды жыргаткан,
– Ат адамдын канаты,– деп ырдаткан,
Чапкан кыргыз маарасына туу тигип.

Долинкада бизге тааныш «Новый-Путь»,
Ушул жерге түгөнбөгөн түшкөн кут.
Он эки улут бир колхозго биригип,
Бир туугандай тосуп алат сүйүнүп,
Сабаа ташыйт каалашынча кымыз жут.

Бак тигишкен бөбөк кезден балдары,
Өстүрүшөт апорт деген алманы,
Жалкоолонуп иштебеген киши жок,
Ачык колдуу бар адамдын көңүл ток,
Сүт көл, май көл түгөнбөгөн каймагы.

Ысык-Көлүм планетама таанылсын,
Маданият өсө берсин, жаңырсын.
Коммунисттик сыймыктуу эмгек гүлдөсүн
Мейман келсе мактап, жактап сүйлөсүн,
Бала энесин сагынгандай сагынсын.

Ысык-Көлдүн берекеси жеринде,
Сулуулугу суктандырган көлүндө,
Кыргызымдын Ленинден билими,
Күндө шаттык эмгек менен сүйүүнү,
Күлүңдөгөн кубат кошкон өмүргө.

**X**

Калем учун дептериңди баракта,
Учуп бардым Ысык-Көлдөн Таласка,
Манас баштап, Бакай, Кошой жүргөн жер,
Эр Семетей, Айчүрөктү сүйген жер,

Ата-журтум кошчу кубат талантка.
Манас тиккен бай теректүү багында,
Барган элем өткөн жылы жайында.
Аткаруу үчүн элдик жети жылдыкты,
Алабыз деп тамекиден сыйлыкты,
Мелдешиптир эпкиндүүлөр айылда.

Төш жагында адыры көп Үч-Эмчек,
Капчыгайын бузган экен суу тентек.
Комуз кылын тили бардай сайраткан,
Конок барса колдо барды жайнаткан
Жаштар шайыр, келин менен кызы элпек.

Лираларын жүрөгүндө кайнатып,
«Ой тобосун», «Гүл», «Булбулун» сайратып
Атай жетим адам болгон жетилип,
Жеңи жок да өткөн экен эзилип,
Эски заман эл арасын чаңдатып.

Ушул жердин сый кишиси кулуну,
Акындардын төкмө аталган улугу.
Алымкулдун Кара-Арчалуу айылы,
Өздөштүрүп, өркүндөтүп жаңыны,
Ырга толгон, бийге толгон клубу.

Талас суусу таштак жердин каны экен,
Бойлоп чыккан, калың токой тал экен,
Булагынан ак койлору кана ичип,
Даңк чыгарган эмгек кылып, иш бүтүп,
Досбергендей баатыр чабан бар экен.

Манас жүрөк Чолпонбайдан баласы,
Тирүүсүндөй эстелигин карачы
Пионерлер гүл өстүрүп кештелеп,
Укум-тукум баатыр уулун эстемек,

Обон созуп ырга кошкон Таласы.
Театрда Чыңгыз жазган «Бетме-бет»,
Дүйшөн тиккен кош теректи көрүп өт.
Кызыл үйдө «Обон» менен «Жамыйла»
Жеткен кези дүйнөлүк кадырга,
Тамшандырып далай тилде болуп кеп.

**XI**

Батыш жагы Карабалта, Кайыңды,
Эске салат ойноо бала чагымды,
Поезд минин кыргыз анда биринчи,
Анда-санда пальто, костюм кийинчү,
Маданият жаңы өзгөртүп айылды.

Орус менен кыргыз элге теңелип,
Чүйдүн боорун тандап келип ээледик.
Кыштак күлүп коңшу конуп туруктуу,
Жерди айдап сээп салдык урукту,
Анар  кадимкидей көгөрүп.

Андан бери жылдар өттү зымырап,
Айланабыз ар жыл сайын кубулат.
Калининдон, Канттан, Ак-Суу тараптан
Токмок дагы өзүнчө шаар жарашкан,
Күч көрсөтүп гудок үнү угулат.

Эми көрчү Ленинизмден чыңалып,
Өсүп чыкты күрөштөрдөн сыналып,
Орус менен кыргыз кыйын эл болдук,
Тууган болдук, көп улутка тең болдук,
Келечекке баратабыз туу алып.

Атагы ашкан асыл Чүйдүн өрөөнү,
Көркөм, сулуу, далай жердин кенени,

Поезд жүрүп жакын кылды араны,
Шаарга айлантты какыраган талааны,
Бул да болсо октябрдын белеги.

Элден эстү эмгегинен жаккандар,
Зуураkандай эки жылдыз таккан бар,
Керимбүбү Дүйшөнкулдун зайыбы,
Кенедей жок иштеринде айыбы,
Баласындай кызылчаны баккан бар.

Ушул Чүйдөн саанчы жеңем Мария,
Сааган сүтү өзүнчө бир дарыя.
Элибизге сиңген анын эмгеги,
Кырк жыл бою талбай иштеп тердеди,
Кеңешмеде! Баатыр Ысак карыя.

Бүгүн жаңы тиги турган Кум-Арык,
Атыр гүлдөр тосуп алды кубанып.
Розалар күн күлгөндө ачылып,
Шалфей жатат тажылары чачылып,
Тоо суусунан тамырлары  чыңалып.

Чүйүм мурда көргөн эмес мындайды,
Эфир майын чыгарышат турбайбы.
Он килодон бир тамчы араң төрөлүп,
Атыр болуп, дары болуп көбөйүп,
Кызык эмгек кыйын экен чындайлы.

Чүйдө өспөгөн жер бетинде жемиш аз,
Кургатылган көп камыштуу Кара-Саз,
Дарбыз, коону, ак ашкабак, анделек,
Барып калсаң аралатат танда деп,
Коон жытына көпөлөктөр болуп мас.

Көз жүгүртчү Жыламыштын чатына,
Жүзүм өскөн Ак-Күчүктүн башына.

Мичуриндик сорту сонун алмалар,
Түштүктө өскөн лимон да бар, пальма бар,
Гүл өскөндөй Чүйдүн ар бир ташына.
Суу келбесе жерлер кайдан гүлдөсүн,
Багбан болбой жемиш кайдай бүрдөсүн,
Достук болбой ырлар кайдан жаңырсын,
Акын болбой ырлар кайдан табылсын,
Жаз, жаза бер кең Чүйүмдүн дүйнөсүн.

«Ала-Тоо» дейт асыл тукум уйларын,
Баарыбызды каймак мснен сыйладың
Саанчы жеңем өздөштүрүп карусель,
Көбүктөнөт жасагандай сүттөн көл,
Дыйкан билди техниканын жыргалын.

Чүй боору жакшы адамдай дайым кенен,
Жеримдин байлыгына жетпейт ченем.
Көргөндөр курорттой дейт аймагыңды,
Барыңды дасторконго жайбадыңбы,
Пайдасын элим менен бирге көрөм.

Ушинтип Чүй өзгөрдү кайра баштан,
Жарыгы Лениндин нурун чачкан,
Түбөлүк канга сиңип маданият,
Түрлөнүп – өсүп-онүп адабият,
Кең пейил кенен Чүйүм чалкып жаткан.

**XII**

Келди кезек Фрунземе – борборума,
Кыргыздын жүрөгүнө чордонуна,
Жөө басып көчөлөрүн аралайын,
Акынмын акылыма сагалайын,
Кайрылып жазыла элек томдоруңа.

Вокзалдын тепкичине чыгып алып,
Кеч курун чоң көчөмө көзүм салдым.
Жарашып Ленинден күйгөн чырак,
Нур чачып күндүзгүдөй жарык кылат,
Айтайын бул шаарымдын жеңиши арбын.

Бул көчө так борбору Фрунземдин,
Сыймыгы ак калпактуу кыргыз элдин.
Бой керип көңүл ачат кара жыгач,
Терентьев багбандан калган мурас,
Орустун уулдарынан бүткөн белгим.

Көрө бер көз тойгончо ошол багын,
Санасам туура см алты катар сабын.
Тастайып чаңды жерип асфальт жолу,
Буга да тийген экен орус колу,
Кыргызды бапестеген туугандарым.

Шылбырап ырын ырдайт тунук булак,
Жаткандай жаштар күлсө үнүн улап.
Булбулу күнү-түнү тилин безеп,
Гүлдөрү оймо-чийме шырдак төшөп,
Шаарымды көргөндердүн баары ынак.

Ушул көчө Дзержинский бульвары,
Далай акын күүгө салып ырдады.
Гүлдүү бульвар жубайлардын сүйгөнү,
Тамашалуу уландардын күлгөнү,
Бойго жеткен жаштыгымдай жыргалы.
Ушул көчө Атай, Муса обону,
Неберемдин келечеги, жомогу,
Булут түртүп чынарлардын төбөсү,
Арча, кайын, гүлдөн бүткөн денеси,
Сүйүп келген, күлүп келген коногу.

Академия илимдердин булагы,
Университет – жаш муундардын ынагы.
Тарбия алып Ала-Тоолук кыз-улан,
Өсүп жатат жаштарыбыз, эл кубан,
Ким сүйбөсүн канат берген уяны.

Өсүп чыккан Ленининдик билимден,
Булар биздин маягыбыз илимден.
Эмгек менен эл талабын аткарып,
Илгерилеп илим өсүп такталып,
Ийгилигин көрүп кыргыз сүйүнгөн.

* * *

Кыргызым өзүнчө бир кызык китеп,
Барагын ачкан сайын көзүм түшөт.
Билгенди дастан кылып баяндаймын,
Достукка ушул ырды даярдадым.
Өсө бер орус, кыргыз баары гүлдөп!

## ӨТКӨНДӨРДҮ ЭСКЕРИП

Бухенвальдга келдим түштө,
Айтып жатты бир кыз бизге
Сөздорүнөн кан чыгып,
Айтканынан жан чыгып,
Өткөндү эстейт, Аба жетпейт
Жер жаткандай жанчылып.
Топурагы ушул жердин
Сапырылып күл сымак,
Сөзүн угуп немка кыздын
Тура албаймын мен чыдап,
Тура албаймын,
Кыйналамын,

Кыйналгандай менин агам ушунда,
Жып-жылаңач кышында
Таманын кесип туз салып
Жанын берген кысталып.
Чыдабаймын
Өткөн күндү эске салсам,
Өмүрлөргө түңүлгөм,
Кан жыттанат
Өсүп турган гүлүнөн.
Аянычтуу ыр угулат
Кресть таккан мүрзөлөрдөн
Жел жүргөндө,
Эстеликтен от күйгөндө
Араң басам кыбырап.

Жер алдынан шыбырап
Элүү алты миң,
Элүү алты мин,
Орус, кыргыз, еврей,
Калмак, казак Толгон улут...
Жан талашып колун сунуп,
Кан соргучтун
Каатынан кырылат.
Кыздын сөзү, немка көзү
Болгондорду улантып,
Кошо жүргөн немецтерди уялтып,
Эстеликке
– Өчпөс отко сыйынат.
Сөзүн улайт
Көздөн жашы кылгырып,
Аба жетпей,
Өпкөгө өтпөй
Калган сымак кыйналат.
Бизди сыйлайт чыйралат,
Сөзүн сүйлөп:

– Отко жагып адамдарды
Тирүү бойдон күйгүзүп,
Көзүн чукуп,
Кээсин бычып
Денесине «кызыл жылдыз»,
«Сталин» – деп чийгизип
Фанерага сүрөт салып
Күйгүзгөндөй
Денелерин күйгүзүп,
Ысык жалын
Темир менен тамга салып,
Көзгө ийне тийгизип.
Тирүү бойдон
Адам соргон
Завод салып атайын,
Муну тарых билген эмес
Жер бетинде эч качан,
Билген эмес мындайды,
Бухенвальдда азыр деле
Кете электей муң-кайгы.
Кете электей –
Кыздын кылдат сөзүнөн,
Адамдардын көздөрүнөн
Немецтердин өзүнөн,
Энелерден, балдардан,
Эстеликти тиктеп турган чалдардан,
Кете электей муң-кайгы,
Билген эмес эл тарыхы
Өмүрлөрдө мындайды,
Айла канча өткөн турмуш,
Өткөн күндөр
Тартып адам азапты,
Эттээбердин тоосуна
Эстеликти жасашты
Эстелитин кереги эмне?!

Адам эмес эстелик,
Элүү алты миң –
Адам эмес эстелик!
Ыйлайт, кыйнайт
Жүрөк гана эскерип,
Аргасыздан араң эле турбайбы,
Адамдыктан чыдайсың
Бухенвальдда
Ата Мекен согушта
Болгондорду көз көрүп,
Жүрүп турган каны жок,
Сүйлөшүүгө жаны жок,
Тийген окшоп ууланган ок
Күн нурунан шоола сурап,
Ушул жерде араң чыдап,
Айласыздан араң турган,
Айласыздан араң турат,
Эстелик!
Өткөндөрдү келгендерге
Көргөндөргө эскерип.

## КЫЛ КӨПҮРӨ

Жаштык менен карылыктын
Ортосунда көпүрө
Бырыш кетти билдирбестен басканын,
Көпүрөдөн өтүп кетти чачтарым,
Жүрөк гана көпүрөдөн өтпөстөн,
Угуп жатты көңүлүмдүн айтканын.
Чабалекей уясына конгондой
Чуркап бардым өңү-түсүм ойлонбой.
Иштей берди көңүл бурбай колдорум,
Жаш кезиндей карылыкты жойгондой,
Кыш көпүрө,

Кыл көпүрө өткөнүм,
Жаштык менен карылыктын
Ортосунда көпүрө,
Тепседим.
Жаштык келди
Кайра кетти көрүнбөй.
Ракета минип куудум, жетпедим.
Жаштыгыма жетпедим!
Жаштыгымды уйпаладым,
Гүл сыяктуу тепседим.
Кыл көпүрө,
Көпүрөнүн болгонуна шүгүрмүн,
Түк көзүмө
Көрүнбөгөн көпүрө,
Кала бердим
Жолоочудай өкүнө.

## УЛУУ КҮН

Көтөрүлүп көзүн ачты улуу күн,
Жердин бетин уйкусунан ойготту.
Бөбөгүмдү эркелетип күлдүрүп,
Ыйлаганды нуру менен сооротту.
Майрам жасап адам менен табийгат
Улуу күндү урматташып колдошту.

Кыш арстан азуусунан айрылып,
Түндүк жакты түбөлүккө жай кылып.
Бороон коштоп, чилде токсон кайгырып.
Качып кетти ууру кылган эмедей,
Кырчын кыштын үстөмдүгү үйдө жок,
Жаз келгенде жатып калды айбыгып.

Жерде жылдыз байчечекей ачылып,
Терек, кайың боюн керип жазылып.
Боюн керди карагай да камданып.
Булак акты дарыяга шашылып.
Трактордун шаңдуу чыккан обону,
Жер бетинен нота болуп жазылып.
Үрөн жатты өз уясын урматтап
Ирет менен изин катты жашырып.

Улуу Күндүн алтын жиптүү нурлары,
Жердин бетин жакынындай сыйлады.
Көпөлөктөр көзүн ачып көңүлдүү
Булак булбул үнүн кошуп ырдады.

Жаш кезиндей айланага карасам
Жаш келиндей табигаттын жыргалы
Жаз жадырап төктү мөндүр жамгырын,
Көктө булут көзөп алган калбырын
Нан бышырып иштеп жатты айдоолор
Жазда байлык, жерде байлык береке,
Алтын толо ачыла элек сандыгым.

Көтөрүлүп көзүн ачты улуу күн,
Ар тараптан шаттуу, шайыр чыгат үн.
Жагалданган жаз майрамы башталып,
Болбогондой кеч кирсе да көөлүү түн
Жер бетинин берекеси кудайы.

## ЖЕРИМ

Гүл аралап гүл ичинен кетпедим,
Белден чыккан бетегесин тепседим.
Сагынычым канча жүрсөм канган жок,
Бала кезде, ойноок кезди эстедим.

Баа бербегем тоонун жашыл көлүнө,
Чыккам далай сарымсактуу төрүнө.
Эми болсо келип калсам кечигип,
Кызыл кошот кызгалдактар өңүмө.
Кыя жолдор нота болуп жазылат,
Кызыл таштан тунук булак атылат.
Токой толгон тойлоп жаткан шүүдүрүм
Атыр себет жел жүргөндө чачырап.

## БУЛАКТЫН СӨЗҮ

Жер түбүндө көп жаттым,
Жарык көрбөй тил каттым,
Жер үстүнө чыгууга
Желден сурап жол таптым.

Өз ырымды ырдадым,
Күндү көрүп жыргадым.
Жаш кулунга суу бердим,
Жаш козуну сыйладым.

Жаа огундай атылдым,
Суусаганды чакырдым.
Жер үстүндө күн менен
Желдей соккон баатырмын.

Балдар келип жуунду,
Кыздар алды суумду.
Көкөлөтүп көтөрөм,
Жер үстүнө туумду.

Менин туум алма, өрүк,
Аянбаймын суу берип.

Балдар менен бирге ойноп,
Жүрө берем гүл терип.

Жерден чыккан булакмын,
Жандууларга ынакмын.
Кубат берген үйлөргө,
Жарык чачкан чыракмын.

## ТАҢ АЛДЫНДА

Таң алдында
Турганда бала болом,
Балалыгым ойноп келет жаныма,
Бутумдагы ботинкамды чечип коюп
Чуркап кетем гүл аралап багыма.

Жаңы чыккан
Күн нуру да баладай,
Жер бетине жемиш төгүп бергендей.
Тоого, суугa, чоң кичүүгө карабай
Телегейин тегиз кылып бөлгендөй.

Чынар терек
Бала болуп сезилет,
Жалт карасам жашаргандай көзүмө.
Жарык чачкан
Түшкө чейин уктагандар кечирээр
Жаман жорук баштагандай өзүнө.

Уктагандар
Уктай берсин ишим жок,
Айткан менен так, алдына түшүнбөйт,
Гүлдөр күлөт кулпунушса болуп чок
Акындарга ыр кошулуп бүчүрлөйт.

## КОЛ КӨТӨРҮП ЖҮРӨСҮҢ

Эмнеге жакпайт өз жериң,
Аныгын, жообун билип ал.
Таң калтырды бул кебиң
Тантырабай тилими ал.

Башка жерди барып көр,
Эрикпей эл арала.
Башка өлкөнүн гүлүн тер
Сувенир алып балаңа.

Башка жердин суусун ич,
Тамагынын даамын тат.
Ошондо чыгат сүйүү күч
Өз жериңе болбой жат.

Өпкүң келет жериңди,
Топурагын сагынып.
Жан дилиң менен сүйөсүң
Кол көтөрүп багынып.

## МАЗМУНУ

**ТҮМӨНБАЙ БАЙЗАКОВ** ............................................................................ **3**

КЫРГЫЗ ЖЕРИ .............................................................................7

**«ОТТУУ КУРАК» ЖЫЙНАГЫНАН (1975-ЖЫЛ)**
ЭНЕ ..............................................................................................8
БАЛА ............................................................................................9
УМТУЛУУ .....................................................................................9
АЛА-ТОО .....................................................................................10
ЖЕРГЕСИНДЕ АКЫНДЫН .........................................................10
КУБАНЫЧКА БАЙЫДЫМ ..........................................................12
КӨГАРТ-САЙ ...............................................................................13
БААР ДААМЫ ..............................................................................14
КҮЗ ДААМЫ ................................................................................15
БИЗДИН ААЛЫ ............................................................................16
ОТТУУ КУРАК .............................................................................17
КУМДА ДАЙРА ТОКТОДУ ..........................................................17
НАРЫН ШАМЫ ............................................................................18
ЖАЗ КЕЛГЕНДЕ – КАР КЕТЕТ ...................................................19
СОГУШ .........................................................................................20
ЛЕНИНГРАД ................................................................................20
ДҮЙШӨНКУЛДАР .......................................................................21
ЧОЛПОНБАЙГА ...........................................................................22
БААТЫР СЕПИЛ ..........................................................................22
БИР БУТ МЕНЕН БАСАБЫ? .......................................................23
СОГУШ ИЗИ ................................................................................24
КҮНДҮ КҮБӨ ТАРТАМ ...............................................................25
ЖАТА БЕРСИН .............................................................................26
ЫШКЫ АРЗУУЛАРЫ ...................................................................28
ТҮНКҮ ЭЛЕС ...............................................................................31
ЖАШОО КУМАРЫ .......................................................................32
САПАР ЧЕКТИ КЫЯЛЫМ ...........................................................34
МЕЗГИЛ – ДАЙРА .......................................................................35
АКЫНГА ......................................................................................35
ЫРААЗЫ ЭЛЕМ ...........................................................................35
ЖАШАГЫМ КЕЛЕТ ЫРЫМДА ....................................................36
КЫЯЛ ЧАБЫТТАРЫ ...................................................................37
ЖАШООБУЗДА ЖАҢЫ КӨП .......................................................48

**«ТАНДАЛМАЛАР» ЖЫЙНАГЫНАН (1983-ЖЫЛ)**

ЖАШОО ШАРЫ ..... 52
МЕЗГИЛ УЧАТ ..... 52
ЖОЛДОР ..... 53
ТООЛОР – ЭНЕМ ..... 54
МЕНИН ЭЛИМ – ЗАЛКАР ДАРАК ..... 55
ДАРКАН ЖЕРИМ ..... 56
ТАРТАМ ДЕСЕҢ СҮРӨТҮН АЛА-ТООНУН ..... 56
ЫСЫК-КӨЛ ..... 57
АРСТАНБАП КӨКТӨМҮ ..... 59
КҮЙДҮ ЭЛЕ КҮН ОЧОГУ ..... 60
КӨРӨСҮҢӨР АР ДАЙЫМ ..... 61
ТОО ТАҢЫ ..... 61
ТАБАЛБАЙСЫҢ МЫНДАЙДЫ ..... 63
КЫЗЫЛ ЖЕЛЕК ..... 63
БИР ЭНЕ ТАПКАНДАЙ ..... 64
КУБАНАМ ..... 65
КАРЫЗДАРМЫН ТУРМУШКА ..... 65
ЫРЛАРЫМА ..... 66
БАШ БАКТЫ АК ТАҢ ..... 67
БАРА ЖАТАМ ..... 68
БҮРКҮТ ЧИЛДЕДЕ ЖУМУРТКАЛАЙТ ..... 69
ЧАКЫРАТ АПТАП ..... 69
ЖАЗ КАБАРЫ ..... 70
ЖАЗ ..... 71
ТОО СУУСУ ..... 72
ДАН КӨБӨЙӨТ ЖАМГЫРДАН ..... 73
МАКСАТЫМ ..... 73
КӨЛ ТОЛКУДУ ..... 74
БИЗ ЖАКТА ..... 75
АТА КОНУШКА ..... 76
КЕЛИП ТУРЧУ СУУ АЛЫП ..... 77
МАЙ АЙЫ ..... 78
ДАЙРА ЖӨНҮНДӨ ..... 79
ЭНЕ ТИЛ ..... 80
ЖАГААР БЕКЕН? ..... 81
ЖҮЗҮН ЖУУДУ ЖАЛБЫРАК ..... 82
ПАХТАЧЫ КЫЗ СЫР ЧЕЧЕТ ..... 82
ТОЛКУН ..... 83
АЙЫЛ ЧЕТИНДЕ ..... 84
БУЛУТ ..... 85
БАДАЛДЫН ЖООБУ ..... 86

КОНОК БОЛДУМ ........................................87
МӨНДҮР ........................................88
ДЫЙКАН МЕНЕН АКЫН ........................................89
НАН СУНДУ ........................................89
ЧӨП ЧАБЫК ........................................90
НАН – ЫРЫСКЫ ........................................91
ТЕГИМ ҮЧҮН КУБАНАМ ........................................92
АТА МЭЭРИ ........................................93
УУЛУМА ........................................94
КӨЛ ЭТЮДУ ........................................94
ТОО МЕНЕН КӨЛ ........................................95
КӨРҮНӨТ ДАЙЫМ ЖАШ БОЛУП ........................................96
СУУГА ТААЗИМ ........................................97
ЧЕКСИЗДИК ........................................98
УНИВЕРСИТЕТ ........................................98
ТАҢ АГАРДЫ ........................................99
АК КАГАЗЫМ ДАСТОРКОН ........................................100
ТООДОГУ БИР ЭЛЕС ........................................100
ЖАЙЛООДОГУ БИР ЭЛЕС ........................................101
БУЛАК СУУСУ ........................................102
КӨТӨРӨЙҮН МАЙЫШПАЙ ........................................102
КҮЗ ЭТЮДУ ........................................103
ИЗ КАЛСЫН ........................................103
КАР ТҮШӨТ ........................................104
ЖАКШЫЛЫКТЫН ЖЫЛЫ БОЛ ........................................105
ЖЕР ДЕМИ ........................................106
КЫШТАГЫ БИР ЭЛЕС ........................................107
КАР СЕБЕЛЕЙТ ........................................108
ӨТҮНҮҮ ........................................109
КЫЯЛ ЭТЮДУ ........................................110
КЫШ КЕЛСЕ ДА ........................................110
КЫШ ЭТЮДУ ........................................111
КӨКТӨМ ЖЫШААНАСЫ ........................................112
ЖАЗ ЭТЮДУ ........................................112
ТОО КЕЧИ ........................................113
КӨЛДӨ ........................................114
ЖАМГЫРДАГЫ СҮРӨТ ........................................114
ЖАДЫМА ТҮШТҮ ........................................115
ТҮНКҮ БИР ОЙ ........................................116
ӨЖӨРЛҮКТҮН ЖЕҢГЕНИ ........................................117
ТӨРТ ЖҮРӨК ........................................118
ЖҮРӨКТҮ ЭМНЕ ООРУТАТ? ........................................119

КӨКТӨМ ЖЫТЫ ........................................ 120
ЧЫЙЫР САЛЫП КЕЛЕМИН ........................................ 121
КАЙРА КЕЛЕМ ЫР ӨСТҮРҮП ........................................ 122
ЭЛ ТИЛЕГИ ОРУНДАЙТ ........................................ 123
ЖООКЕР ЫРЫ ........................................ 123
КАТ ........................................ 124
ЖЕР МЭЭРИМИ ........................................ 125
КЕЗЕДИМ АЙГА КОЛУМДУ ........................................ 125
БИЗ ТУРГАН ЖЕРДИ АТКЫЛА ........................................ 126
ЖАМГЫР ........................................ 127
КЕЛИНДИН ЫРЫ ........................................ 127
ЧОЛПОНБАЙГА ........................................ 128
ЖЕҢИШ ........................................ 129
ДЕНЕМДЕ ЖАТАТ КОРГОШУН ........................................ 130
СОГУШ ЭМНЕ? ........................................ 131
СОКМОК ЖОЛ ........................................ 132
ЭЛЕСИНЕ СЫЙЫНАМ ........................................ 133
ОН СЕГИЗ ЖАШ ........................................ 134
ЫРЫМ – КОЙГОН ГҮЛҮМ ........................................ 134
ЭСТЕЛИК СҮЙЛӨЙТ ........................................ 135
НӨШӨРДӨ ........................................ 135
ЖОЛ КАРАЙТ ЭНЕ ........................................ 137
БЕЛГИСИЗ СОЛДАТ МҮРЗӨСҮ ........................................ 139
САЛАСПИЛС ........................................ 139
АДАМ ҮЧҮН ........................................ 141
БЕТ АЛДЫМДАН ЖОЛУКТУҢ ........................................ 141
ТЫНЧТЫК ДАНЫ СЕБИЛДИ ........................................ 142
КАЛЕМГЕ ........................................ 143
ЖОЛУГУШУУ ........................................ 144
СҮЙҮҮ ТАБЫ ........................................ 145
ГҮЛДӨЙҮНЧҮ КӨКТӨМДӨЙ ........................................ 146
ГҮЛДӨР БИЗГЕ КАРАШТЫ ........................................ 146
ЭКИ ЖҮРӨК УГУУДА ........................................ 147
САГА СУНДУМ ГҮЛҮМДҮ ........................................ 148
ЫРЫМДЫ ЭЭРЧИП ЖОЛ ТАРТТЫМ ........................................ 149
КАРМАП КАЛДЫМ ЖАЛЫНДЫ ........................................ 150
КЫЗ ЖАНА ГҮЛ ........................................ 150
АРЗЫП КҮТӨМ ........................................ 151
ИЗДЕЙМ СЕНИ ........................................ 151
ВРАЧ КЫЗДЫН ЖООЛУГУ ........................................ 152
СЕНИ КӨРДҮМ ТҮШҮМДӨ ........................................ 153
КАЛП ДЕЙ АЛБАЙМ ........................................ 153

ТАТТУУ ........................................................ 154
ПАХТАЧЫ СЕЛКИГЕ ........................................................ 154
СОҢ-КӨЛ ЫРГАГЫ ........................................................ 155
БИР ӨЗҮҢ ........................................................ 157
ТҮШ ........................................................ 157
АНЫКПЫ? ........................................................ 159
КҮТҮҮ ........................................................ 159
КӨБҮ КАЛДЫ ЫШКЫМДЫН ........................................................ 160
МЕЗГИЛДЕРДИН ЖЫЛЧЫГЫНАН БАШ БАГЫП ........................................................ 161
ЖАМАЛЫҢДЫ БИР КӨРҮП ........................................................ 161
СЫЙДЫРЫП АЛ ДИЛИҢЕ ........................................................ 162
ТАҢ АГАРЫП КЕТКЕНИ ........................................................ 163
ЖӨНӨТҮЛБӨГӨН КАТ ........................................................ 164
КӨРӨӨР ЭЛЕҢ ........................................................ 165
ҮМҮТ ........................................................ 165
МАРИЯ ........................................................ 166
ИЙИП КЕТЕР ........................................................ 167
АКЫН МЕНЕН БУЛАК ........................................................ 167
МЕН ТҮШҮМДҮ САГЫНДЫМ ........................................................ 168
ТЕРЕЗЕМДИ КҮЛКҮ ЧЕРТТИ ........................................................ 170
УУЗ СҮЙҮҮ ........................................................ 170
АЙТПАЙБЫ? ........................................................ 171
КҮТӨР БЕКЕН БАГЫНДА? ........................................................ 172
КЫШТЫ ТОСЧУ БИР АЗГА ........................................................ 173
КАЙРА ЧӨГҮП БАРАТАМ ........................................................ 174
ЖҮРӨК ОТУН АЯБА ........................................................ 175
БИР КЫЗГА ........................................................ 175
ТҮШҮМДӨ КУБАНДЫМ ........................................................ 176
ТИЛИН АЛАМ ОШОНУ ........................................................ 177
БАРА ЖАТТЫ... ........................................................ 178
ҮНДӨЧҮ ........................................................ 178
ЖҮРӨГҮҢӨ КАТЫП КОЙ ........................................................ 179
СЕН ӨСТҮРГӨН БАКТАМЫН ........................................................ 180
САГЫНЫЧТЫ АЙЛАНАМ ........................................................ 181
ЖАТСАМ ДАГЫ УУ ЖУТУП ........................................................ 181
БУТА ОРДУНА КАРМАЙЫН ........................................................ 182
ЭМНЕ БОЛДУ? ........................................................ 183
КАР БЕТИНЕ ЖАЗДЫМ КАТ ........................................................ 183
ЖАЛЫН КҮБӨ ........................................................ 184
ЧЫДААР БЕКЕН ЖҮРӨГҮҢ? ........................................................ 185
КАРАЧЫ ........................................................ 186
ИЛЕБИҢДЕН НУР АЛЫП ........................................................ 186

СЫЙЫМ МЕНИН ........................................ 187
ЫШКЫ ОТТОРУН КИМ КӨРӨТ? ........................................ 187
ӨЧҮРБӨ ........................................ 188
ИЗДЕП БАРДЫМ ........................................ 189
КҮЛҮП КОЙ ........................................ 189
ИШЕНГИН, ЖАНЫМ ........................................ 190
ЫР УКТУМ ТҮНДӨ ........................................ 191
АЛИ СҮЙҮҮМ ЖАПЖАҢЫ ........................................ 192
БААР САЙЫН ........................................ 193
СЕЗЭЭР БЕКЕН ........................................ 193
АЙ БОЛУП ЧЫК ........................................ 194
СЕН ДҮЙНӨГӨ КЕЛГЕН КЕЗДЕ ........................................ 195
ГҮЛ БОЛУП ЧЫКСЫН ........................................ 196
КАЙРЫЛГАНСЫЙТ ЖАШ ЧАГЫМ ........................................ 196
КӨҢҮЛДӨРДӨН ТАБАЛЫК ........................................ 197
ШАЙЫ ДЕБЕ БӨЗҮҢДҮ ........................................ 198
СЕЗИМ КУРЧУ КЕТЕ ЭЛЕК ........................................ 198
ЖҮРӨГҮНДӨН СУРАЧЫ ........................................ 199
ЫРЫН ОКУП ЖҮРБӨГҮН ........................................ 200
КАР БАСТЫ ДЕБЕСМИН ........................................ 200
УУРДАЛГАН КЫЗГА КАТ ........................................ 201
ӨМҮР СҮРГҮН ЫРЫМДА ........................................ 202
АЛГАЧКЫ ДЕПТЕРДЕН ........................................ 203
КЫЯЛ ШАГЫ ........................................ 205
МЕНИН СЫРЫМ ........................................ 205
ГҮЛ ........................................ 206
БИЛСЕ БОЛДУ СЫРЫМДЫ ........................................ 207
КЕЧМЕЛИК ........................................ 208
ЫРГА ТҮШТҮ ИЗДЕРИМ ........................................ 209
КЕЧЕМ ........................................ 209
КҮНҮМДҮККӨ КӨНГҮМ ЖОК ........................................ 210
УШУЛ ЖОЛГО КЕРБЕНБИЗ ........................................ 211
АЧУУ ТИЙДИ КАМЧЫСЫ ........................................ 212
КААЛГАМДА ТУРУПТУР ........................................ 212
АЙТПАСА БОЛДУ ........................................ 213
КҮТӨ БЕРЕМ ........................................ 214
УЧКУНДАРЫН ҮНӨМДӨЙМ ........................................ 215
КӨҢҮЛҮМ ТОКТОО ........................................ 215
ЖАШТЫК БАРДА ........................................ 216
КАМЧЫЛАН ........................................ 217
БАЛДАРДАН КӨРДҮМ ӨЗҮМДҮ ........................................ 217
САЛАМЫН БҮЛҮК ........................................ 221

УУЛУМА АЙТАМ ........................................ 222
ЖАРДЫК ........................................ 222
БААР САЙЫН ГҮЛДӨСҮН ........................................ 223
ЖАШОО КУМАРЫ ........................................ 223
СЕГИЗ САП ЫРЛАР ........................................ 226
ТӨРТ САП ЫРЛАР ........................................ 234
КОШ САП ЫРЛАР ........................................ 239
ПАРИЗАТ ........................................ 243
ПАТРОНДОГУ КАТТАР ........................................ 312
ЫР БАШЫ ........................................ 312
БИРИНЧИ КАТ ........................................ 314
ЭКИНЧИ КАТ ........................................ 317
ҮЧҮНЧҮ КАТ ........................................ 321
ТӨРТҮНЧҮ КАТ ........................................ 325
БЕШИНЧИ КАТ ........................................ 327
ЫР СОҢУ ........................................ 329

**МУСА ЖАНГАЗИЕВ ........................................ 331**

КҮТТҮМ СЕНИ ........................................ 336

**«ӨСКӨН ЖЕР» ЖЫЙНАГЫНАН (1957-ЖЫЛ)**
ЫСЫК-КӨЛ СИМФОНИЯСЫ ........................................ 337
ЛЕНИНГРАД КЫШЫНДА ........................................ 338
МЕНИН ШААРЫМ ........................................ 341
ӨЛКӨМ ........................................ 342
УКРАИНАНЫН ТАЛААСЫ ........................................ 342
ЗУУРАКАН ........................................ 343
КЕРИМБҮБҮ ........................................ 346
АШУУСУНДА ДОЛОНДУН ........................................ 347
ОРДЕН АЛГАН КОЛХОЗ ........................................ 349
АНВЕР БИКЧЕНТАЕВГЕ ........................................ 349
ТОКТОГУЛ ........................................ 350
БӨЛҮНБӨ ........................................ 350
КЕЛГИН ДЕЙТ ........................................ 350
КЫРМАНДА ........................................ 351
ТҮШҮМ ЖЫЙНОО ........................................ 352
ӨРҮКТӨР МОНЧОК ТАГЫНДЫ ........................................ 352
АЛАЙГА ........................................ 353
АКЫН КЫЗГА ........................................ 354
КАНА КАЙРА ЫР ЖАЗАЛЫ ........................................ 355
ЭЛГЕ ИШТЕСЕҢ КҮН КҮЙСӨ ........................................ 355

ДА ТААРЫНБА ........................................ 355
КАРЫЗМЫН ........................................ 355
ЖАЗА БЕРЕМ ЫРЫМДЫ ........................................ 356
ЧОЛПОНБАЙ ........................................ 357
АЙЫЛДАН ........................................ 358
УНУТУУГА БОЛБОЙТ ЭКЕН... ........................................ 358
ЧЫН ЭЛЕ ........................................ 359
СЕНДИКМИН ........................................ 360
АШЫК БОЛДУ... ........................................ 360
ТАПТЫМ ........................................ 361
ТАБЫШМАКТУУ КҮҮ ........................................ 361
БОЛОР ЭЛЕҢ ТАБЫЛГА ........................................ 362
КАТ БОЛСОМ ........................................ 362
АШЫКМЫН, АНЫ КӨРБӨ ЖАТ ........................................ 363
КАЙЫК МИНИП, ........................................ 363
ТОЛКУНДАРДЫ АРАЛАП ........................................ 363
ЭРКЕЛЕП КОЙЧУ АЗЫРААК ........................................ 364
ЧЫКПАЙСЫҢ ........................................ 365
ЧЫНДАП СҮЙӨТ ........................................ 365
СҮЙҮКТҮҮМ МЕНИН КАРАЛДЫМ ........................................ 365
КОЛ КАРМАШЫП ЭКИ ЖАШ ........................................ 366
КЕЛСЕҢЧИ ........................................ 367
ЖЫЛМАЙДЫ ЧОЛПОН ........................................ 367
ЧАБАНДЫН КҮЙГӨНҮ ........................................ 368
БЕРИЛДИМ ........................................ 368
ЭСКЕ ТҮШҮП ........................................ 369
БИЛИП КОЙ ........................................ 370
ТАТЫНАКАЙ БИР КЫЗГА ........................................ 370
ЧЫГА АЛАМ ........................................ 371
КӨРӨТКО ДЕЙМИН ТҮШҮНДӨ ........................................ 371
ТҮН ИЧИНДЕ ........................................ 372
АДАМСЫҢ ........................................ 373
СУЛУУЛУК ........................................ 373
ЖЕҢЕ БИЛ ........................................ 375
КӨЛӨКӨ БОЛСУН БАГЫҢДА ........................................ 376
БАЛА БОЙДОН ӨТӨМҮН ........................................ 376
СТОЛУМДА ДАЙЫМ ТУРГАН СЫЯ ЧЕЛЕК ........................................ 377
КАРТАЙБАЙМЫН ........................................ 377
СЫРЫ ТЕРЕҢ ........................................ 378
ЫРДАДЫ КЫЗ БАГЫМДА ........................................ 378
БҮГҮН ИЗДЕП ........................................ 379
ЖОЛДОШ ........................................ 380

ТҮН БИР УБАК, МЕН ИШТЕЙМ ........................................ 381
КЕТИП КАЛДЫМ ........................................ 381
КЭЭДЕ КҮЙДҮМ, ........................................ 382
ИЛЕБИ ЫСЫК ОТ БОЛДУМ ........................................ 382
ЭМГЕКТЕНЕМ, ИШТЕЙМИН ........................................ 383
МАРТ ........................................ 383
ЖОЛ БЕРБЕДИМ ........................................ 384

**«БЕРМЕТ» ЫРЛАР ЖЫЙНАГЫНАН (1967-ЖЫЛ)**
КЕЛ, ЖАҢЫ ЖЫЛ ........................................ 385
МЕНИН ҮЙҮМ АЛТЫН ӨРӨӨНДӨ ........................................ 388
САРЫ ЧЕЛЕК ........................................ 389
МЕНИН АПАМ ........................................ 391
КЫРГЫЗ ТАҢЫ ........................................ 391
БЕРМЕТ ........................................ 392
ЭНЕ ДЕМИНДЕЙ ........................................ 394
МАМАЛАК КАЙДА? ........................................ 395
ГҮЛЧӨНҮН ГҮЛДӨРҮ ........................................ 396
ЖҮЗҮМ ТОО ........................................ 396
АРКЫТ ........................................ 397
АТЫ САГЫН ТААНЫП АЛ ........................................ 398
АРКЫТТА МЕНИН ДОСУМ БАР ........................................ 400
БУЛАКТЫН ЖООБУ ........................................ 401
БЕЛЕК ЭКЕН ........................................ 402
АПАМ МЕНЕН ........................................ 403
ӨПКҮМ КЕЛЕТ ........................................ 404

**«ЖЫЛДЫЗДАР» ЖЫЙНАГЫНАН (1951-ЖЫЛ)**
АК БАЛЫК ........................................ 405
ЧӨП ЧАБЫКТА ........................................ 406
КИМ? ........................................ 407
САКТАГЫЛА КУШТАРДЫ ........................................ 408

**«БАКЫТ ГҮЛДӨРҮ» ЖЫЙНАГЫНАН (1951-ЖЫЛ)**
ТЕРЕЗЕДЕ ГҮЛҮМ БАР ........................................ 409
КЕКИЛИК ........................................ 409
МЕКТЕБИМЕ ........................................ 410

**«ЖАЛЫНДА КОСТЕР ЖАЛЫНДА» ЖЫЙНАГЫНАН (1969-ЖЫЛ)**
ДОСУБУЗ БАР ........................................ 412
БАЛДАР БАКЧАСЫНДА ........................................ 413
МОСКВАГА УЧУП БАР ........................................ 417

КУБАНАМ .......................................................... 417
АПТЕКАБЫЗ АЛА-ТОО .......................................... 418
ЭМГЕК – ДОС .................................................... 427
КОЖОМКУЛ МЕНЕН СҮЙЛӨШКӨНДӨ ..................... 427
ӨГҮЗ ............................................................... 438
ТҮШҮНБӨДҮК КИМДЕ АЙЫП! ................................ 447
ИШЕНБЕСЕҢ КЕЛ КӨРҮП ...................................... 448
КҮН КАРАМА .................................................... 450
КЫЧАН ............................................................ 450
ПОЕЗД ............................................................. 451
АТКА БЕРГИС КҮЧҮ БАР ...................................... 453
ЧАБАЛЕКЕЙ ЧАМ-ЧУМ ......................................... 453
ЧОҢ ЭНЕМ ....................................................... 454
КЫЗЫЛ ЖАГОО .................................................. 456
УР БАРАБАН, ТАРТ СУРНАЙ ................................. 457
БАШКАРМАНЫН БАЛАСЫ ................................... 457
ЫСЫК-КӨЛДҮН БОЮНДА ...................................... 459
АРДАКТАЙЛЫ, СҮЙӨЛҮ ....................................... 461
ТАБЫШМАКТУУ ЫР ............................................ 462
ГҮЛДӨР ТАЗА ЭМНЕГЕ ........................................ 463
СУРМА ............................................................. 463
АРАЛДАГЫ КҮЙГӨН ОТ ....................................... 467
ЖАЗ БЕЛГИСИ ................................................... 470
ЖАЛЫНДА КОСТЁР, ЖАЛЫНДА .............................. 471
ЖҮРҮШ МАРШЫ ................................................ 472
АШЫМ БАЛА ..................................................... 473
ТАШ ДООРУНА БАРГАНДА .................................. 473
МАКТАНЧААК ТАШ ............................................. 484
ФРУНЗЕМ ......................................................... 488
КЫРГЫЗЫМДЫ СҮЙӨМҮН .................................. 488
ЭСИМЕ ТҮШТҮ ................................................... 489
ТАРЖЫМАЛЫМ .................................................. 491
ГҮЛДӨРДҮН КОНЦЕРТИ ....................................... 492
КӨЗДӨР, КӨЗДӨР ............................................... 493
ЖЕР ТАМЫРЫ .................................................... 494
КИМ УКТАБАЙТ ................................................. 494
УК БАЛАМ, УШУЛ СӨЗҮМДҮ ................................ 495
КҮЛӨ БЕР, БАЛАМ ............................................. 496
ТЕРЕЗЕДЕН КАРАШАТ ........................................ 496
БИЗ БАЛДАРДЫ КОРГОЙЛУ ................................ 497

**«ЫР МАЙРАМЫ» ЖЫЙНАГЫНАН (1974-ЖЫЛ)**

АК-СУУ ........ 500
ЧАКМАК ТАШТЫН ТҮБҮНӨН ........ 501

**«ТАҢ» ЫРЛАР ЖЫЙНАГЫНАН (1970-ЖЫЛ)**

ЫСЫК КӨЛГӨ ЭРКЕЛЕП ........ 502
ТЯНЬ-ШАНДЫК КИШИЛЕР ........ 507
ДАРЫ БУЛАК ........ 508
МЕН АШЫКМЫН, АШЫКМЫН ........ 509
КӨРҮПТҮРМҮН ТҮШҮМДӨН ........ 509
БАЛА СҮЙДҮМ ........ 510
КУЧАКТАГЫМ, ӨПКҮМ КЕЛЕТ ӨЛКӨМДҮ ........ 510
ЛЕНИН ........ 511
ЖЫЛДЫЗДУУЛАР ........ 511
ТОЛКУНДАТАТ ........ 512
КҮН ЧЫГЫП НУРУН ЧАЧКАНДА ........ 512
ЫСЫК-КӨЛ СИМФОНИЯСЫ ........ 513
ГҮЛЧӨ МЕНИН СҮЙГӨН ЖЕРИМ ........ 515
ЖАШТАШЫМА ........ 518
АШЫК БОЛДУ ........ 519
БОЛОР ЭЛЕҢ ТАБЫЛГА ........ 519
ТАТЫНАКАЙ БИР КЫЗГА ........ 520
ЧЫГА АЛАМ ........ 521
АР ДАЙЫМ ........ 521
СЫЙНАШ ........ 522
ЫР АРАЛАШ ГҮЛ БЕРИП ........ 523
ЖҮРӨК СЫРЫН ЖҮРӨК БИЛЕТ ........ 525
КРЕМЛЬ КОШО ЫРДАДЫ ........ 525
ҮЙЛӨНҮҮ ТОЮНДА ........ 526
БИЗДИН ЖАЗГАН ЫРЫБЫЗ ........ 528
КҮЗ ........ 529
ЭСИМЕ ТҮШТҮ ........ 532
ИЗИБИЗ ........ 533
КҮНСТАН ........ 534
ӨТКӨНДӨРДҮ ЭСКЕРИП ........ 558
КЫЛ КӨПҮРӨ ........ 561
УЛУУ КҮН ........ 562
ЖЕРИМ ........ 563
БУЛАКТЫН СӨЗҮ ........ 564
ТАҢ АЛДЫНДА ........ 565
КОЛ КӨТӨРҮП ЖҮРӨСҮҢ ........ 566

*Адабий-көркөм басылма*

«Окурмандын китеп текчеси» сериясы

32-том

# ТҮМӨНБАЙ БАЙЗАКОВ

# МУСА ЖАНГАЗИЕВ

*Тандалган чыгармалар*

Түзгөндөр: *Тургунбаева Ж., Жапаракунов У.*
Тех. редактор: *Өмуров Б.*
Корректорлору: *Тургунбаева Ж., Жапаракунов У.*
Компьютердик калыпка салган: *Тилекматова Н.*

Теруүгө 06.06.2018. берилди. Басууга 17.07.2018. кол коюлду.
Кагаздын форматы $60x84^1/_{16}$.
Көлөмү 36 б.т. Нускасы 500. Заказ № _____.

**«Турар» басмасында басылды.**